Жаңы Ала-Тоо
2010, №3 (11)

ЭЛ АРАЛЫК АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ

**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

**СУЛТАНОВ Омор** – редакциялык кеңештин төрагасы, **АБДУЛЛАЕВ Чингиз** (Азербайжан), **ДЕЛИӨМЕРОГЛУ Якуп** (Түркия), **ОРОЗАЛИН Нурлан** (Казакстан), **МАРКИШ Давид** (Израиль), **МЕХМОН Бахти** (Тажикстан), **КОВСКИЙ Вадим** (Россия) Кыргызстан: **АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан, АКМАТБЕКОВА Сагын**, **ДАУТОВ Кадыркул, ЖАКШЫЛЫКОВ Асан, ЖЕТИМИШЕВ Сейит, КУЛТЕГИН Кожогелди, ПАЗЫЛОВ Абибилла, РЫСКУЛОВ Акбар, САРМАНБЕТОВ Айдарбек** – төраганын орун басары, **СУСЛОВА Светлана, ШАПОВАЛОВ Вячеслав**

## Бул санда:

**Абдыманап КӨЛБАЕВ**
Каркыралар кайтканда.............................3

**Турар КОЖОМБЕРДИЕВ**
Кызыл гүл...............................................26

**Токтош АБДИЕВА**
Ача жол..................................................33

**Бектуруш САЛГАМАНИ**
Күтүү......................................................76

**Эрнис ТУРСУНОВ**
Хан Теңир..............................................84

**Эдигей БОРОНЛЫ**
Мени ушул жол өмүр бою апкелетат
ээрчитип, өмүр бою... ..........................111

**Маматбек СЫДЫКОВ**
Жоокер................................................117

**Александр СУПРУН**
Кодекс для обезьяны...........................127

Барпы менен
Калмырзанын кармашы........................157

**Адил ХИКМЕТ**
Азияда беш түрк.................................165

**Лоик ШЕРАЛИ**
Тажик поэзиясынын каймагы................177

**Мумин КАНОАТ**
Жер............................................................179

Шырдакбек...........................................182

**Г.ФИГЕЙРЕДО**
Түлкү менен жүзүм...............................206

Редакция:

**Жылкычы ЖАПИЕВ –**
редактор
**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ** –
жооптуу катчы
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** –
корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

Редакциянын дареги:

720054, Бишкек шаары,
Жибек жолу пр. – 466
Тел: 34-55-86

Терүүгө 10.02.2010. берилди
Басууга 16.03.2010. кол коюлду.
Форматы 70x100$^1/_{16}$
Көлөмү 14 б.т.
Заказ № 437
Нускасы 2000

«Турар» басмасынын
басмаканасында басылды.
Бишкек ш. 720054,
Жибек жолу пр. 466
Телефону: 34-49-90;
Факс: 34-45-04
Электрондук дареги:
turar@infotel.kg

Күбөлүк: № 1510

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!
«Жаңы Ала-Тоо» журналына 2010-жылдын
I жарым жылдыгынын 3 айына «Кыргыз почтасы» мамлекеттик мекемесинин бардык түйүндөрүндө жазылуу жүрүп жатат.
Жазылуу индекси – 77324
3 айга – 240 сом (редакциялык баа)
«Жаңы Ала-Тоо» журналын 1-санынан баштап окуйм деген окурмандар редакциядан алышса болот.

*Проза*



**Абдыманап**
**КӨЛБАЕВ**

# КАРКЫРАЛАР КАЙТКАНДА

**(Аңгеме)**

Жаз түздүктөн чыкты. Кар эрип, жер тоборсуп, жаздын жумшак желикаңылжарды өрдөп, жаз жытын, көктөмдүн назик жытын жеткирет. Суналган Кара жер магдырап, жол боюндагы шылдыраган киргилт суулар кулакка жагым, күңгөйчөлөрдөн байчечекей бажыраят... Торгойлор тилин безеп, булутсуз көктө. Биз унчукпай атчан баратабыз. Алдыда учкыйырсыз жаткан кан жол, төгөрөктүн төрт бурчуна алпарар узак жол. «Кызык, – дейм ичимен, – бул жолдордун учу каякта? Кайсыл жерден башталат болду экен?» Менин оюм үзүлөт... Ушул жерден бөлүнмөкпүз. Мени кыялбай ушул жолдон узатканы келген атам кыштакка кайра тартмак.

Мындайда убактың кандай тар, алыстан автобус көрүндү. Биз аттардан түштүк. Атам акыркы кеңештерин айтат:

– Жакшы бар, уулум. Эрезеге жеттиң, эл көр, жер көр, адам бол. Анан, – дейт үнү каргылданып, – кемпир-чалды унутпа, кат жаз...

Автобуска чыгып баратып кылчайып атамды караймын, анын шамалга тотуккан жүзүндө жаш, көзүн ала качат. Автобус жүрө берди.

– Жакшы калыңыз, ата! – деп кыйкырам айнектен башымды чыгарып, ичим ачышып, заматта ойлордун кучагында калам, жалгызсырайм.

* * *

Быйылкы менен төрт жыл алыстамын, окуп, көп нерселерди түшүндүм, көрдүм, үйрөндүм, көз караштарым кеңейди, эми мен башка адаммын.

Шаарда жашоого да көнүп калдым. Бирок атамдын айткан сөздөрүн унутканым жок, мен үчүн өтө салмактуу, өтө кымбат болуп чыга келди. Алыстагы тоо түбүндөгү кичинекей кыштакка бүткүл жандүйнөм менен тартылам, эртерээк баргым келет. Кусаланам, жазды эңсеймин.

Айылдагы кээ бир жаштар карыларга корсулдап моюн толгоп жүрүшкөндүр дейм. Ичим ачышат, алар мендеги болуп жаткан ойлорду, сезимдерди кайдан түшүнүшмөк эле, айылынан алыстап чыгышса мээнеткеч, мээрбан адамдардын арасында жашап жүргөнүн билишмек. Анткени аралык менен убакыт өзгөрткөн турмуштун агымы аларды да сөзсүз кайра жаратмак.

Мен да кээ бир убактарда калың туман жиреп, океандын үстүндө бараткан канаттуулардай, зор турмуш мухитинен багытымды издеймин. Артыма кылчаям, өткөн мезгилдерге аралашам. Мен үчүн жолсуз келечек жок, а баскан жолуң артыңда калат эмеспи, келечек – бул артыңа кайрылууң: келечек чексиз, жашап өткөн мезгил да чексиз.

...Мына заматта муюп, улуу сүрөткердин тарткан шедевр полотнолоруна карап, биринен бирине өткөн, укмуш чеберчиликке, ажайып көрүнүшкө урматтоо менен таң кала тиктеймин, булар мен үчүн өтө кымбат, ыйык. Муну жараткан улуу сүрөткер табияты. Анын сүрткөн ар бир боёктору, эмгек, бийиктик, ак көңүлдүүлүк, чексиздик, эрктүүлүк, адамды сүйүү. Булар шедевр полотнолор. Мен бул чыгармалардан көзүмдү тарта албаймын.

...Атам дайыма эртең менен эрте кетип жүрдү. Өзү менен кошо оор лом, күрөк, чукулук, анан бош чанач алат да узун карала аргамжыга сал кылып байлап, ээрине арта салынып, атын минип бастырып кетет. Ат-Жайлоодогу кыя жолго түшүп, жылкычылардын айылына баратышкан башка атчандарга аралашканча артынан тиктейм. Күнүгө ушундай, атамдын эмне иш кылып жүргөнүн билгим келет. Эрте менен эрте атам күндөгүсүндөй атын токуп, жарак-жабдыктарын байлаштырып жатканда ээрчигим келет. Бирок батынып айта албаймын, тилдеп коёбу деп корком. Бүгүн да ошондой, атамдын карааны тээ жылкычылардын айылына жакындап бараткан топ атчандарга кошулгуча карап турдум да үйгө кирдим. Апам ийик ийрип олтуруптур.

– Апа, атам эмне кылып жүрөт? Каякка кетти? – дедим.

Апам колундагы ийигин чимирилтип атып жооп берди:

– Тилазар, жок азапты тарткан бир пенде да балам, жол салуучумун деп кетип жүрөт.

– Кайсы жерге жол салат, апа?

Апам ийик ийригенин токтото калып сүйлөйт:

– Самын-Ташты билесиңби? Баягычы?

– Ий, эстедим апа, ошол жерге жол салып жатабы? Ал жерде аска бойлоп чоң суу агат ко?

– Билбейм, балам, кудайдын кур убарасын тарткан пенде да атаң.

Апам кайрадан чимирилтип ийик ийрип кирет, а мен болсом унчукпай Самын-Ташты көз алдыма келтирем:

... Биз көчүп баратабыз, суусу күрпүлдөп кирген өзөн өрдөдүк, аттардын такалары таштарга тийип чакылдап, таноолору дердейип оор дем алышат, дембе-дем бышкырышат.

Апам кичинекей үкөмдү өңөрүп, мени учкаштырып, белимен өзүнө жоолук менен таңып алган. Бир өзөндү өрдөп барып токтоп калдык. Апам мага: «Самын-Ташка келдик. Бекем карма, жыгылып каласың» – деп айтты. Мен апамды бек кучактап, жан-жагыма кызыгып карайм. Жол ушул жерден жалама асканын асты менен аккан өзөн сууну кечиптир. Күпүлдөгөн өзөн суунун чоң бөлүгү нары жээкке ооп, бул жээкте аттардын тизесинен экен.

Атам, дагы эки-үч киши болуп жүк артылган унааларды жетелеп өткөрүп жүрүштү. Суу ичинде балыр оролгон, сыйдам самын таштардан унаалардын туяктары тайып, зорго өтүп жатышты. Арт жактагы жүк артылган сары тору ат таш арасында кыпчылып калган арткы аягын тарта албай очорула так суу ортосуна итчесинен чокчоё түшүп, артылган жүгү менен сууга кулады. Биздин жаныбызда турган Ырысбү таенем чарк этти: – О, бабедин! Сактай көр, сактай көр!

Көч коштогон эркектер аттарынан өтүкчөн сууга секиришти, жыгылып сууда тура албай онтолоп жаткан аттын башын сүйөй кармап, кулагына, мурдуна суу киргизбей, чалпылдата суу кечишип, жүк таңылган аргамжыны чечип жиберишип, суусу шорголоогон таңылчактарды көтөрүп алышкан... Ошол жерге жол салып жаткан тура.

Атам кечинде чарчап-чаалыгып кайтып келди.

– Бүтөйүн деп калдым, – деди ал, – дагы азыраак каза түшсөм, ташын терип, кечүү кылып койсом жол даяр. Өтө берсе болчудай.

Апам жактырбай сүйлөдү:

– Бүтөйүн деп калдым деген сөзүңдү бүгүн айтып олтурасыңбы, э пенде? Эмне эле кыйналасың деймин да? Сени бирөө казып жол сал дебесе, же чоңдор айтпаса, эмне кудайдын азабы, элге кеп болуп. Баягы ак жүрөк Нур эми жол казганды чыгарган имиш деп айтышса, өгүнү жылкычылардыкында эки бетим чоктой кызарып сүйлөй албай калдым.

Атам апамдын сөзүн бөлдү:

– Түшүнбөсөң сүйлөбө! Ошол кеп кылгандын сөзүнө ишенген сен да болуптурсуң... Жылыга нары-бери көчкөндө жууркан-төшөктөрүң сууга чыланып, алда кудай менен өткөнүңдү унутуп койдуңбу? Ошол жол менен өзүң өтөсүң куда каалаcа, эл өтөт куда каалаcа.

Атам казып бүткөн жол кандай болду экен деп ойлойм. Барып көрсөм деп эч оңтоюн келтире албай жүрдүм. Узабай август аяктап, эл жайлоодон кайта баштады. Ошондо Самын-Таштагы атамдын жолу менен көчүп

өткөндөр өтө ыраазы болушуп: «Нурдун жолу! Нурдун жолу!» дегендери айыл арасына бат тарады... Айыл жип-шуруларын камдап көчүп калды. Самын-Таш менен өтмөкпүз. Баягыдай эле чубалжыган көч, мени апам учкаштырып, белимен таңып алган. Мен эс тарткандан бери ушинтип жалгыз аяк тоо жолдорунда чубалжыган көчкө кошулуп, атка учкашып, апама таңылып келаткансыдым. Мага ушундай сезилип кетти. Кылкылдаган көчтүн баш-аягы көрүнбөйт, кулагыма тааныш кой-эчкилердин маараганы, жылкылардын кишенегени, уйлардын мөөрөгөнү, аларды айдаган адамдардын үндөрү угулат. Астыда бийик карагайларды аралап өткөн чоң жол эңкейиштеп, Самын-Ташка жакындап баратты.

Мен атамдын жолун көрөмүн деп ичимен кубанып кыңылдап ырдамыш болом... Жолду көз алдыма элестетем. Бирде аскаларды тең жара чаап өткөн жол көрүнсө, бирде таманынан ташы терилбей күрпүлдөп кирген өзөн суусунун боюнда ийри-буйру кичинекей сокмо чыйыр жатты...

Биз Самын-Ташка жетпей өзөнгө бурулуп, тайыз кечмеликтен өтүп, боордоп барып чоң жолго түштүк. Атамдын жолу ушул болсо керек деп ойлодум ичимен. Миңдеген малдын туяктары тийип, бул деле эски жолдордон айырмасы жоктой, апамдан сурайын дедим. Атамдын бул ишин жактырбаганы эсимде, кайра унчукпайм.

Бир маалда Самын-Таштагы асканын тушуна келдик. Арт жагыбызда келе жаткан Ырысбү таенемдин ыраазы болуп сүйлөгөнүн уктум:

– Атаны балдарыңдын убайын көргүр, дегеле ырас кылган тура. Машина жолдон айырмасы жок.

Атамдын жолу чын эле ушул экенин билип сүйүнүп кеттим. Апам гана атама бекерден тил тийгизип койгон күнөөсүн сезгендей унчукпайт. Биз боор менен кыялай жүрүп олтуруп, сайга түштүк. Сайда баратып артыма кылчайсам атамдын жолунан өтүп келаткан көчтүн арты көрүнбөйт...

* * *

Күзгө маал колхоздун жылкыларына тамга басып калышты. Чоң коргонго камалган жайы менен жайлоодо семирген азоо кунан-быштылар кошкуруп, жанына адам жолотор эмес. Укурук салынган боз бышты чаңыра кош аяктап тура калып мөңкүп жатты. Анын кан толуп чекчейген көзү чанагынан чыга жаздап, оозунан кан аралаш ак көбүк чачылат... Укурукка чап жабышкан, күзгү кымыздын жүздөрү кызарып чыккан беш-алты жылкычы жанына бара алышпай, тамгалоону чыгарышкан активдерге наразы. Бирин бири түрткүлөшөт:

– А, бери тарт! Тарт, карма!

– Жалдан карма, жалдан! – дешип акыры жакындаша баштады. Укуруктун жибине муунуп кыйылдаган бышты чаңырып, тик тура калды. Алдыңкы буттары менен чапчып жиберди. Курч туяк тийген бир жылкычынын бетинен кан жоошо берди... Жыгылып калганда берки жылкычылардын колдорунан укурук суурулду. Алар орундарынан тура канды көрүшүп, активдерди ашатып коё беришти. Укурукту сүйрөгөн боз бышты коргондогу жылкыларга кошулду. Белги темирлерин кызытып, эки жардамчысы менен турган жаш зоотехник эмне кыларын билбей айласы кетти. Жабыркаган жылкычынын бетине йод сүйкөп кобурай берди:

– Эч нерсе болбоптур. Кичине териси гана... Ыргып кетпедиби касам ургур, ыргып кетпедиби...

Балким, тамга салуу ушуну менен бүтөр беле, билбеймин. Ушул маалда атам келип калды. Анда атам кой фермасынын башчысы болчу. Зоотехник жигит сүйүнүп кетти:

– Нурбай аке, жардамдашпасаңыз болбой калды. Бул касам ургурлар жапайы болуп кетиптир...

Иштин жөн-жайына түшүнүп, атам башын чайкады.

– Жашсыңар да, ызы-чуусуз, чочутпай кармайт да малды. «И сенин кыйратканыңды көрөбүз» – дегенчилик кылып жактырбай турушкан жылкычыларга карап койду.

– Мен кармаганда бириңер барып көзүн жапкыла, анан тамга сала берсеңер болот.

Кызыкка батып, дубал кырында бир топ балдар менен олтурган менин эсим чыкты. Жаш жигиттердин алы жетпеген азоолор атамды да жанагы жылкычыдай чапчып салабы деп кыпылдап коркуп турдум. Мына, атам жанагы боз быштынын мойнундагы укурукту кармады. Чочуп калган бышты атырылып жөнөй берди эле токтоткон жок. Тек гана шыкшыктап сүйөй тартып жоошутуп баратты, анан жакындаша түшүп сол колу менен чап тумшугунан аткый кармап, оң колу менен кулактан алды. Баарыбызды, айрыкча мени таң калтырып, боз бышты мөңкүп оңко-чоңко түшпөдү. Титиреп туруп берди. Жылкычылардын бири келип быштынын көзүн эки алаканы менен далдалады, ага удаа зоотехник кызытылган белги темирин быштынын оң санына басып өттү. Мына ушундан кийин иш узап, мурункудай «Карма эле карма! Тарт бери!» деген үндөр угулбай белги баса баштады.

Мен ушул жерден атамдын тиги кишилерден башкача экенин ачык көрүп, буга кубанып калдым... Ошондон көп узабай атамдын үйдө олтуруп, нааразылана айткан сөздөрү күнү бүгүнкүдөй эсимде:

«Мен караңгы имишмин, менин билимим жетпейт экен, булардын оюна койсо буудалагысы бар. Мен өлөрүмдөн башканы бүт билемин. Бир гана өлөрүмдү билбеймин, кой, мен ушул атка минерлигин бере-

йин, кетмен чаап, же катардагы малчы болоюн» – деген. Эмнеге ачууланат, атына минип жүрө бербейби деп ойлогом. Анда мага буларды түшүнүш кайда. Эми көптөгөн жылдардын аркасынан өз башыма келгенде атамды кандай ойлор кыжаалат кылганын билип жатпаймынбы.

***

Биз жайлоого көчүп келгенбиз. Конгон жерибиз тоо арасындагы анчалык чоң эмес көлдүн босогосу. Көлдөн алысыраак корум таштардын арасына арча, чие, табылгылар өсүп, көлгө жакындаган сайын ак кайың аралашкан чатырман сай талдар ээлептир, көлдөгү каз, өрдөктөр, ак чардактарга сан жоктой, бизден алыс, адамдар барбаган жээкте ак куулар калкыйт.

Бирок айылдын балдарын көбүрөөк кызыктырган көлдүн балыктары, кайырмак салып, же балык жутуп алган жеңдей кара чаар жыландарды кууп өлтүрүүгө аракет кылып, керели-кечке көл боюндабыз. Таш тийип, эки-үч бөлүнгөн жыландардын денесинен али өлө элек балыктар бултуюп чыгып, оозун анда-санда бир ачса аяп тегеректей карайбыз, кээ бир жараланган жыландар ача тилдерин соймоңдотуп, оозун араандай ачып тап берип, бизди качырса, чуулдай таштардан-таштарга чыга секирип, четин кайырмак саптарыбыз менен илип ачыкка ыргытып, ташбараңга алып өлтүрөбүз, кээде чие терип жеп, же эки жаат болуп бөлүнүп, мергенчилер оюнун ойнойбуз. Күндүн кантип кеч киргенин билбей калучу элек. Бир күнү биздин айыл ал жерден көл башына көчүп калды. Көлдүн баш-аягы 15 чакырымча чыкпаса да жээги тик келип, кээ бир жерлерде жол так жардын учунан өтөт экен. Төмөн карасаң көгөргөн көл көрүнүп башың айланат. Учуп кете тургансыйсың. Каалгый сүзүп жүрүшкөн балыктардын жондору суу бетинен көрүнө түшүп, чыбырчыктаган майда толкундарды калтырса, жээк бойлоп учушкан ынтымактуу ак чардактар ал жерди көпкө аңдышып айланып калышат. Биз жол менен баратабыз. Биздин бут алдыбыздан кулаган таштар чулп-чулп эте көлгө түшүп, балыктарды чочутуп жиберет. Азыр эле каалгый сүзүшкөн балыктар бир булт этип заматта жок болот. Мен бул көрүнүшкө алагды боло түшөм. Менин тынчымды алган көлгө түшүп кетпесек экен деген ой, анда балыктар тытып жеп кетеби деп чочуймун. Жыландар эсиме келет...

Атам экөөбүз жүгү оор өгүздү айдап көчтүн артындабыз. Жолго жакын жерден кекиликтер сайрашат, аларга көңүл бурбаймын. Менин эки көзүм өгүздүн ача туягында. Качан тайып кетет деп баратамын. Коркуп жүрүп жолдун жаман жерине жетип калганыбызды да билбей калыптырмын... Жол четиндеги бөйрөк ташка өгүздүн жүгү кептелип, буттары

жолдон чыгып кетти. Мен коркуп кыйкырып жибердим. Карасам, атам өгүзгө жетип калган экен, бир жак мүрүсүнө өгүздү жүгү менен тиреп, бутуна таканчык издейт... Өгүз оңоло албай атама салмагын салып, биротоло жатып алды.

Атам мени шаштырды:

– Жүк артылган арканды чечип жибер?!

Чечейин десем боюм жетпейт, түйүнү жүктүн астында ыңырчакка илинип калыптыр. Атам дагы сүйлөдү:

– Менин бычагымды алып кес!

Атамдын жанына барып кынынан бычагын сууруп алдым да, жүк артылган арканды кесип жибердим. Жеңилдей түшкөн өгүз турууга обдулуп барып тура албады. Атамдын үстүнө кайра жатып калды... Бир сал таңылчактын жиби чечилип, жууркандарга оролгон эки карын май тоголонуп тээ төмөн барып чулпулдай удаа көлгө түшүп жок болушту. Атам далысын салып тургандыктан муну көрбөй калды. Менин болсо тилим күрмөөгө келбей жалдырап калыптырмын. Атамдын үнү угулду:

– Балам, өгүздүн куйругунан тарт?

Очорула атамдын колдорунун үстүндө жаткан өгүздүн куйругунан кармап, тырбалаңдап тартымыш болдум, чоң өгүз былкылдабайт, менин аракетимен эч нерсе чыкпасын сездимби, атам дагы унчукту:

– Балам, менин сол колумду сууруп алчы. Мен өгүздү көтөрүп турайын.

Өгүздүн алдында калып, көгөрүп чыккан атамдын сол колун сууруп алдым. Колунун сөөгү каруусунан шылкылдап жүрөт...

Мен колун сууруп алганда атам «ий» деген да үн чыгарбады, жаак эттери түйүлүп, тиштеринин кычыраганын гана уктум. Өңүнө көз чаптырса чекесинен быдырайган тердин тамчылары сызылып, жүзүндөгү тырыштары тереңдей түшүптүр. Атам оң колу менен өгүздүн белинен тарткан жиптен кармап, оң мүрүсүнө өгүздү сүйөп, көлгө учурбай турду, анын ою бүт өгүзгө бурулгандай, сынган колу менен иши жоктой... Өзүн өзү унутуп калгандай. Бизге жардамга эки-үч киши шашылып келатышты... Мен атамдын шылкылдай асылып турган сол колунан көзүмдү албай аяп, коркуп турдум.

* * *

Атам экөөбүз жайлоого баратабыз. Көбүргөндүү бийик беттер, көзгө тааныш аскалар, аткулак жыттанган конуштар учурайт. Баягы эле ойрума жолдор, бирок жаңы түшкөн башка жолдор, былтыркы жолдор, андан мурдагы жолдор жанаша жатышат, алардын таманына көрсөтө берип сүйлөдү.

– Мына, балам, сен эс тартып калдың, буларды байкап жүр, жыл өткөн сайын жолдун нугу өзгөрүп баратыптыр. Убакыт кылдат тараза, жол эмес, биз да өзгөрүп баратабыз. Жаратылышта баары жаңыдан жаралат... Бүгүн билинбеген нерселер эртең сыртка чыгат. Угуп бар, балам, сага сабак болор. Илгери ушул Совет өкмөтү жаңы чыккан мезгилде Кара-Көлдөн карагай кесемин деп жөнөп калдым. Өгүзчөн элем. Артынган тамак-ашым бар. Ушундай чоң ашуунун түбүнөн Ысмайыл деген жалгыз-талдык адамды жолуктурдум. Үстү-башы тозуп, өңү азгын. Жакшы элек, ал менден беш-алты жаш улуураак болчу. Жай сураштык, ал Анжиян багытына баратыптыр. Өгүзүмө мингизип, өзүм жөө түшүп айдап алдым. «Эл жайлоодон түшө элек маал эмеспи, барып калат» – деп ойлодум өзүмчө. Ашууга чыктык, ушул жерден экөөбүз эки бөлүнмөкпүз. Эс алып отурдук. Менде бышкан эт, кымыз бар эле, Ысмайылга берип, же деп шыкап жаттым. Бир маалда эт кесип жеп отурган бычагын кезеп, Ысмайыл мени баса калса болобу, дагы жакшы, бычактын мизин тамагыма жеткирбедим, өзүн жыга тептим. Жанымда жаткан балтамды алып тура калдым. Жалбарат, чымындай жанын аман калтырууну сурайт. Ошондо тийбедим, кайра боорум ачыган... Кийинчерээк ошол Ысмайыл басмачы болуп кеткен экен, колго түштү деп уктум.

– Ата, эмне үчүн жакшы жолдош болсоңуздар сизди баса калат?

– Ээ, балам, айбан да. Менин өгүзүмө кызыккан. Жалгыз экен, эч ким көрбөйт деп ойлогон, көр дүнүйөнүн кулу да...

Аңгыча биз кырга чыгып бардык. Төрт түлүк күр жайлоо, ашуунун улуу жели энтиктирип, көкүрөктү кере-кере дем алдык. Аттарыбыздан түшүп, бетегеге тушап коё бердик. Тээ ашуунун түбүндө айылдар, саздагы биздин боз үй көрүнүп турду. Атамдын жүзү тамылжып, тоолорго көз чаптыра бир ойлорго туш болуп толкунданганын сездим. Атам күңгүрөндү:

– Киндик кан таамп, өнүп-өскөн ата конуштар! Тоолордун касиетинен ай! Жүр, балам, тээ чокуга баралы.

Мен атамды ээрчий бастым. Чокудагы сары ташка чыгып, айланага көз жибердик, так таш астынан башталып, тээ ашуунун түбүнө чейин ээлеген жапалак арчалар, алардын арасында аппапак бир короо кой жайылып жүрөт, оң жакта биздин жаныбыздан өтүп, ойруп-кайрып сайга түшкөн жол агарат. Жолду тескейден самсаалаган кечки көлөкөлөр баса баштаптыр, сол жакта биз чыгып турган ташка туташкан аппак аскалар зыңгырайт. Аскаларда чокунун, сары таштын анын үстүндөгү биздин көлөкөбүз, айрыкча, атамдын көлөкөсү дайын көрүнөт. Эбегейсиз чоңоюп, аска бетине дал келген тулку бою, колдору, буттары көлөкө эмес, асканын өзүнөн чатырап өсүп чыккансып, атам кыймылдаса бүтүн аска кыймылдайт, көлөкөсү өзүнөн айрып алгыс окшош эле. Атам ушул өзү олтурган бийик чокулардай, аскалардай кылымдар бою муюп, ушул жерде олтургансыды...

Ал ошол калыбында көпкө олтурду. Кеч бешимде аттарды жетелеп ойрума менен түшүп кеткенбиз...

... О, булар алыс эле, менден аябай алыс эле. Булар мен үчүн өтө ыйык, кол жеткис болучу. Андан кийин темир канаттыктан өтүп, уядан учууга талпынганмын.

Фрунзе шаары, күн ысык, желп эткен жел жок, аба гудрон, ис жыттанып, таман алдыбыздагы асфальт саздуу жердей көлкүлдөйт. Көчө кесилишиндеги муздак суу саткан жерлерде кезек күткөн эл, чемодан кармаган эл, кол чатыр кармаган жарым-жартылай жылаңач, мага бейтааныш шаардык аялдар, кыздар... Менин аларга күлкүм келет. Алар мага таң кала карап калышат. Эмне, булар адам көргөн эмес ко? – деп өзүмдүн боюма, кийимиме көз жүгүртөм. Кең багелек шымым, колумдагы боосу кыйчылдаган кара чемоданым, анан бир азыраак өскүлөң чачым... Эмне айырмам бар булардан?

Ошол күнү документтеримди тапшырып, жатаканадан жай алдым. Мага окшогондордон көп экен, менден улуулар да, кичүүлөр да, адамдардан түзүлгөн чоң дарыя. Мен да ошол дарыянын тамчысына айландым. Эркинмин, эмнени кааласам жасаймын, акчам көп. Коңшу бөлмөдөн магнитофон дарылдайт, үстү жактан Робертинонун «Тагдыр» деп муңканган, ага удаа шыңкылдаган кыздардын күлкүсү чыгат. Мына, шаар деген ушул турбайбы! Эртеси таң куланөөк салганда ойгонуп кеттим. Жатакана тыптынч, эл терең уйкуда. Тээ алыстан, алыстан тез жардамдын чаңырыгы угулат, шаар гүүлдөп, жаңыдан баш көтөргөнсүйт. Шаардын түнкү оттору өчө элек экен, кийинип китеп окууга кириштим. Биринчи экзаменге он эки күн бар, ошол эки жума ичи тоону томкорсоң болот дейм өзүмдү өзүм кубаттап...

Таң атты. Китеп окуп жүргөндөр бирин-серин, топ тээп, музыка ойнотуп көчөгө чыккандар көп... Ызы-чуу. ... Жатакананын айланасында кечки саат сегизден баштап шаркыраган шамдар жанат, күндүн аптабы өтүп, тоо жактан керимсел жүрүп, китеп окуганга жакшы шарт түзүлөт. Окуган абитуриенттер көп, тиги, бу жерден күлкү жаңырып, тамаша сөздөр жаайт... Кыштактын беймарал турмушуна, тынчтыгына көнүп калган мага бул жаштардын арасында орун жок эле, булар менен аралашып окуй албасымды түшүндүм.

Өзүмө ыңгайлуу бир бурчек издөөгө өттүм. Бардык жерде абитуриенттер. Бул кенен короодо мага өзүмчө отурууга жер жок. Жаңы салынган институттун имаратын бойлоп бараттым, терең жаткан подвалдын жарык түшөр терезелери көрүнөт, баары үстү жагынан чоюн торлор менен жабылыптыр. Эң эле четте турган терезеге келдим, үстүндө тору жок. Мына мага орун, бир жарым метр тереңдиктеги түбүнө түшүп олтурдум. Кандай ыңгайлуу! Жогору жактагы чуру-чуу, күркүрөгөн кубаттуу машиналардын үндөрү угулбай жымжырт. Бир гана кемчилиги – цемент-

тин муздактыгы, ага да айла таптым. Жатакананын эшигинде туруучу бир топ коробкаларды алып келип төшөп койдум. Столбадагы шамдан жарык түшүп турат экен, акыры бир бурчек табылгандыгына ыраазы болуп,бардык кунтумду коюп китеп окууга кириштим. Ушу күнү кеч жаттым. Эртеси эрте ойгонуп, өзүмдүн «жер астындагы кабинетиме» кеттим, эми менин келе турган жайым бар эле, бул жерде мен китепти канча окусам болмок.

... Балдардан кирүү экзамендеринде учурачу окуялардан көп угуп, бир туруп чочуйм, бир туруп шерденем. Ошентсем да өзүмдү катуу эрежеге салдым. «Кабинетимден» бир карыш жылмай жок. Байкаган адамга бул өтө жапайы көрүнүш, сезип жүрөмүн. Эч нерсе эмес, менин алдымда күткөн жеңиштерим бар, алар ушунчалык алыс, ойлоштон коркомун. Алар ушунчалык жакын, табын сезип кубанамын.

Мен бөлмөнүн терезесин ачып коюп китеп окуп жатсам кыналыша баскан кыз-жигит өтө беришти. Жигитти тааный койдум, Сагынбек. Жатакананын төртүнчү кабатында жашоочу мени менен бир группадагы абитуриент.

Ал райондон келсе да шаардыктардан айырмасы жок, өзү айткандай «мүрөк суусунан» көбүрөөк кылт эттирмейи бар, күнүгө кыздар менен сейилге чыкканды жактырат, бош убакыты болсо эртели-кеч тиги аянтчада топ тээп, бирөөлөр менен кыжылдашат. Азыр да бир жакка бараткан турбайбы, кечээ консультацияда менин жаныма олтуруп:

– Сен дегеле колуңдан китеп түшүрбөйсүң да, нары өтүп баратып карасам деле китеп, бери өтүп баратып карасам деле китеп, ушу сен окуганыңа анчалык көп түшүнө бербесең керек, мына мен бир окудум дегенче жат болот. Экзамендер эртелеп башталса экен деп шашып жатамын, мугалимдерди бир таң калтырамын, көрөсүң! – деген. Мен буга ичимен макул болгон жокмун. Бул баланын минтип «чү» деген жерден көтөрө чалганы мага жага бербеди. Жүзүнө көз жибердим. «Экөөнүн бирөөсү – дедим ичимен, – айтканындай азамат же ала көөдөк».

Биринчи август. Бул күн башкаларга кандай сезилерин билбеймин, мен үчүн чоң үмүттөрдүн күнү эле, күдүктөнгүм келген жок. Биринчилерден болуп экзаменге кирип кеттим. Жарым саатча болбой ичкериден мостоюп чыктым...

Мени көргөн абитуриенттердин арасы күбүр-шыбыр.

– Кулаган экен, өңүн кара бечаранын кан-сөлсүз.

– Отуз жети болду муну менен кулагандардан, – деп санап жатты бирөөсү.

Мен бул сөздөрдү угуп, мага жарданыша карап тургандарды аралап өтө бердим. Аңгыча бирөө токтотуп сурап калды:

– Канча алдың?

– Беш.

– Беш?! – Ал ишене бербей менин баамды карады.

– Ойий, беш экен!

– Э, койчу.

– Ой, чын.

Мени тегеректеп кетишти. Баамды көрүүгө умтулушту, мага:

– Мостойбо эми, күлбөйсүңбү?!

– Кызык бала экен, беш алса сүйүнбөй, – дешет.

Бирок мен эмнеге күлөрүмдү билбедим. Бул баа мен ойлогон, самаган, максаттарымдын карааны да эмес го?! Экзамендин аякталышын күтпөдүм. Тамактанып алып, келерки экзаменге даярдануу үчүн «кабинетиме» кеттим. Темирди кызуусунда согуш керек.

Кечинде жатаканага келсем чуру-чуу, бака-шака. Жакшы баа алгандар бааларын жуушуп, айрыкча шаңдуу. Кулагандар мелтиреше жер тиктешип нес... Баягы Сагынбек да кулап калган экен. Бөлмөгө кирип алып, бүгүнкү күн жөнүндө, кулап калган көп балдар, кыздар жөнүндө ойлондум. Сагынбек эсиме келди. Анын бүгүнкү абалына жан тартпадым, же ушундай болмок деген да ойго келбедим... Мындай окуяларда кош көңүл кала албаган мен көптөн берки көнүмүш абалдай сезип, беймарал оюмду уланта бердим. Бул мурда өзүмө тааныш эмес сезимдердин бири эле... Көрчү, өзүңдү өзүң биле баштаашың кандай кызык туюлат!

... Өткөн өтүп, дарактар, чөптөр, гүлдөр жашылданып, шаар ичи жаңырып көркүнө чыга түштү. Улуу шашке. Институттун кенен коридорунда котолошуп турган абитуриенттер. Баарыбыздын көңүлүбүз комиссия олтурган бөлмөнүн эшигинде. Кимдерди чакырышат, кимдер келечектеги студенттер? Балким, тээ четте жылмайып турган ак саргыл кыз болбосун, же кабак түйгөн бул жигиттер?!

Аңгыча эшиктен бир киши чыгып, кулактандырып калды: колхоз, совхоздордон атайы жиберилген, кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырган абитуриенттер биринчи киришет. Фамилияларын окуду. Тургандардан он чакты балдар, кыздар бөлүнүштү. Көздөрүм ошолордо: «Кандай бактылуу балдар, – деймин ичимден тепкичтер менен көтөрүлүп бараткандарын карап, – азыр эле биз менен турушпадыбы».

Убакыт өтпөйт... Жанагы чакырылган кыз-балдар каалгадан көрүнүштү. Баарынын жүздөрү жарык, чексиз кубанычта! Студенттер! Алардын арт жагынан жанагы киши келатты. Анын ар бир кыймылын, кийимин даана байкадым. Ак көйнөгүнүн жеңин чыканагынан жогору түрүп коюптур, майланып, кыйгачынан бөлүнө жатык таралган чачы суйдаң, анча чоң эмес тегерек көздөрүнүн кирпиктери жок экен, бетинин чүкөсү чыгып, мурдунун таноолору кыпчылып, эриндери калың.

Ал токтой калып, ары бассамбы же ордумда тура берейинби деген адамдай арсар кейипке келе түштү да, көздөрүн жүлжүйтүп, колундагы бир барак кагазына карап, үнүн катуу чыгарып окуй баштады.

– Нуруев!

Өзүмдү биринчи укканда денем дүрүлдөп, чыңалып кеттим. Көптөн бери күтүп жаткан, тааныш эмес секундалар. Жүздөгөн көздөр кадалган айнек эшикке кантип жетип калганымды сезбедим.

Туш-тарабы терезе чоң бөлмөгө кирип бардым. Узун столду тегеректеше жыйырма чакты салабаттуу адамдар олтурушат. Алардын көздөрү менде. Мен столго жакын келип турдум. Столдун тиги учунда олтурган ыйманы ысык, акылдуу көздөрү бадырайган эжеке суроо бере баштады.

Кайдан келгенимди, кайсы мектепти канчанчы жылы бүткөнүмдү айтып өттүм.

– Бардык экзамендерди эң жакшы деген бааларга тапшырыптыр, аттестатында да жалаң беш экен, – деп эжеке олтургандарды кыдырата карады, анан менин кагаздарыма алагды боло түштү да, башын көтөрө мага кайрылды:

– Биринчи курска кабыл алындың, жакшы оку. – Эжеке алдындагы кагаздарды жыйнаштыра баштады.

Сөз бүткөнүн түшүндүк. Мага четтерээк отурушкан жигит менен кызды көрсөтө беришти, алардын жанына бардым.

– Кандай нерселерге шыктуусуң?

– Ырдайсыңбы?

– Спортменсиңби?

Ушуга окшогон бир топ суроолорду беришти. Менин жоопторума ыраазы болбой калышты окшойт, бара бер дешти. Эшикке чыксам, ичкери киришти күтүп турган абитуриенттер мени жабылып куттукташты. Бирөөсү мойнуман кучактап алып коё бербей өпкүлөп жүрөт, бул өз кубанычы экенин сездим, адам кубанганда өзүн өзү унутуп калат турбайбы, мен да толкунданып кеттим.

Тепкичтен түшүп баратып, менден көздөрү өткөн башка абитуриенттерди көрдүм. Булар да мени кандай бактылуу деп жатышкандыр азыр. Жанараак ушулардын арасында турбадым беле, андан бери он гана минута өттү. Менин комиссияга киргеним болбосо, эмне айырмам бар? Жок, эч айырмам жок. Мен эмес, баары ушундай! Биз, билгендердин, жоболордун, салыштыруулардын дүйнөсүндө экенбиз. Мурда буга окшогон ойлор башыма келбегени таң калтырды мени. Салам сага! О, мен түшүнө баштаган дүйнө!

Студенттик жатаканада жашаймын. Окуу куралдарын даярдап, кайсыл группада окуурумду, кандай сабактар болорун билип, биринчи сентябрь күнү эртелеп институттун имаратына жөнөдүм. Жайнаган эл, тааныштарын, жолдошторун, курбу-курдаштарын жолуктуруп кубанышкан студенттер, сураштырып жүрүп биздин группа окуй турган аудиторияны таап, эшикти ачып кирип бардым, мага окшогон балдар, кыздар

отурушуптур. Жалт бурулушуп, карап калышты. Байкасам, абитуриент кездеги группадан бир да бала жок, баары чоочун.

Танапис убагында мени бирөө түрткөнүнөн бурулдум, жанараак мугалим аны Айтикеев деп чакырган жигит экен. Мен бурулуп караганда кызарып кетти да, шашып колун сунуп жиберди.

– Таанышып алалы, фамилиям Айтикеев, атым Акыбек. – Жанагыдай шашып сүйлөдү. – Мени жаныңызга отургузуп алыңызчы?!

Мен күлүп жибердим.

– Олтур...

Ушу кезден баштап Акыбек экөөбүз ынак болуп кеттик. Бассак-турсак сабакка, даярдансак бирбиз, кийинчерээк бир бөлмөдө жашап калдык. Ал ыр жазат экен, мунусун мага айткан эмес. Газета-журналдарга чыкканда кийин окуп жүрөм.

* * *

Окуганыбызга бир айча боло электе институтту ишке жапты. Биринчи курс кызылча талааларына бара турган болуптур, бул кабар студенттердин арасына тез тарады... Биз тарых кафедрасында сабак өтүп жатканбыз. Мугалим биздин группадан ишке бара тургандарды каттай баштады. Бардыгы жазылып жатышкан. Кезек Муратка жетти. Ал ордунан туруп:

– Мен ишке барбаймын, себебим бар, – деди.

– Эмне, оорулуусуңбу?

– Жок.

– Анда эмне үчүн барбайсың?

– Себебим бар.

– Кандай себеп?

Мурат шалак этип мугалимдин суроосуна жооп бербей отурду да, бурула терезеден көчө тарапты карап калды. Мугалим сөз айта албай бир кызарып, бир бозорду. Кандай себеп экенин биз сезип турдук. Мурат ушул институтта иштеген кадырлуу профессордун уулу эле. Муну биз окуу башталгандан эки күн өтпөй билгенбиз. Ал бирөөгө сүйлөсө одоно сүйлөп, эч кимди сыйлабайт экен... Мен ошондо эле атамдын айткан лакабын эстедим: «Баласы начар болгон соң, тоодой болгон атаны төө үстүнөн ит кабат». Коңгуроо кагылып, мугалим кагаздарын жыйнаштырып: «Деканаттан сүйлөшөбүз», – деп эшикке чыкканга шашылды.

Мурат менен мугалим деканаттан сүйлөштүбү же сүйлөшкөн жокпу, билбедик. Чамасы сүйлөшсө керек, кийинчерээк биз иште жүргөндө ошол мугалим башка жакка которулуп кетти деп угуп калдык.

Белгиленген күн жетип, биз ишке жөнөдүк. Мурат барбай калды. Талаада, иште жүргөндө адам бир бирине бат жакындашып кетет эмеспи, чоочун болуп көрүнгөн биздин группанын балдары азыр ынак элек...

***

Кышкы экзамендер жакындады. Сабактарга, лекцияларга үзгүлтүксүз катышып, убакытым окуу залында өтөт, айылга катты аз жазып калдым. Үйдөгүлөр ар бир барган катымды чоң кубаныч менен окушаарын билип турсам да катты көп жазбайм. Колум тийбейт.

Көп өтпөй экзамендер башталды. Биздин группа экзаменге жакшы даярдыктар менен келгенин көрсөттү. Бир гана Мурат эч кандай себептери жок эле экзамендерин кийинчерээк тапшырганга уруксат алган экен. Мен бардык экзамендеримди ийгиликтүү тапшырып бүттүм.

Мына, көптөн бери күткөн каникул күндөрү эми алыстагы кыштагыма жөнөсөм деп аэропортко, автовокзалга барып күн кечкиртем.

Биздин районго кар оор түшүп, самолёт учпай, автобус, таксилер жүрбөй калыптыр. Айласыздан шаарда калдым, кыштын кыска күндөрү бат-бат алмашкан сайын көп ойлор тынчымды алат. Кар оор болсо анда тоолуктар кантишти? Кычыраган кышта, катуу суукта, мал багыш не деген оор түйшүк. Жылда мен жардам берчү эмес белем. Быйыл кантишти? Тоюту жетиштүүбү? Ар күнү радиодон акыркы кабарларды угууга шашамын...

***

Каникул өттү. Кайра баштадык. Биздин группадагы сөз болгон жаңылык – Мураттын бардык экзамендерин бешке тапшырганы. Ал окууга бир күн келсе, бир күн келбей, лекцияга басып барчу эмес. Сабактарынан өзү начар эле. Китеп окугандын ордуна атасынын машинасын минип, лыжа тепкени Чоң-Ташка кетүүчү.

Быйыл кыш катуу болду. Канаттуулар уча албай тоңуп өлгөн сууктардан кийин жаздын белгилери көрүндү, жер жибип, күндүн жылымдашы, кар эрип, шыптан тамчылар тыпылдап, короздордун түшкө чакырышы элестелип, өзүм шаарда жүрсөм да бүткүл оюм кыштакта...

Окуп жаттык, сабак оор. Күн мурунтан даярданып сабакты калтырбай окуп жүрсөң жеңил эмеспи, мен сабактын анчалык деле оордугун сезбедим, ушундай туюлду.

Мага студенттик жаңы турмуш татаалдай сезилди, миңдеген адамдардын бир бирине окшобогон мүнөздөрү, жүрүш-туруштары, кээ

бирөөлөрдүн сөздөрү менен иштеринин туура келбегендиги мени таң калтырды. Ушул мамилелердин толкунунда таптакыр адашып кете тургансып жүрдүм. Өзүмдүн азыркы балалыгымды атам узатып калган жолдун учунан туруп кароого далалаттандым. Алдыга тайманбай кадам шилтедим. Мына ушундай татаал турмуштун дабандарында мени менен бирге жүргөн, таянган тоом – атамдын карааны.

* * *

Жайкы экзамен бүткөндөн кийин эки күн уктай албай жүрдүм. Ушул бир жылдын ичинде эмнелерди көрүп, кандай иш кылганымды ойлоп, айылды элестейм, тоолорго чыгуучу жалгыз аяк жолдорду эстейм. Апамды, кичинекей бөбөктөрүмдү, айрыкча, атамды көргүм келет.

Бизди алыскы тоолуу районго ишке чектешти. Уйкусуз нечен түндөрдөн кийин минтип эч нерседен капарсыз иштөө биздин турмушубузга жаңылык киргизип салды. Жеңилдене дем алгансыдык. Куду тар капчыгайда көп күн жол басып, акырында нур чачырап, гүлдөр жайнаган кенен төргө чыга калгандай болдук. Катар тизилген автобустар биздин олтурушубузду гана күткөнсүйт, анан астыда мен көрбөгөн жерлерден өтө турган жүздөгөн чакырым жолдор чакыргансыйт. Мени таттуу кыялдар ээрчийт...

Мурат бул жолу да биздин арабызда жок. Ал жайкы экзамендерин бүт бешке тапшырган. Андан кийин атасы болуп Крымдагы курорттордун бирине кеткенин угуп калганбыз. Мен буга эмне демекмин? Бул биздин гана группадагы студент эле, институтта буга окшогондордон канча? Мен бардык дараметимди салып окуп жүрүп алган бааны Мураттын ойноп жүрүп алганы кыжырымды келтирүүчү.

Эч нерсе эмес, кимдин кандай окуганын эл билет дечүмүн. Жок дегенде келечек үчүн керек. Мына ушулар жөнүндө эрксизден азыр ойлондум.

Фрунзеден чыктык, жолду карата мурда маани бербеген кыштактардын, көпүрөлөрдүн салынышына кызыгып суктана карайм...

Биз тоо таяндык, автобустун кубаттуу мотору күрүлдөп ойрума жол менен тээ бүркүт айланган бийиктикке чыгып баратабыз, ашуунун туу белине жакындашкан сайын мени тааныш, жылуу сезимдер чулгады, өзүмдүн жандүйнөмө кирдим, тиги короо-короо койлор, үйүр-үйүр жылкылардын көрүнүшү көңүлүмдү учурду. Чоң шаардын ызы-чуусунан кийин куш учуп өтпөс аралыкты өтүп, түбөлүк муздар жаткан тоолорго туш келгениң кандай укмуш!

Аңгыча Акыбектин толкунданган үнү угулду:

– Салам сага тоолордун өлкөсү!

Тоолорго келдим кайра салам айтып,
Келгендей канаттуулар жазда кайтып.
Тоолорум күнгө карап күңгүрөндү,
Тосолу уулум келди, бүгүн келди!

– Азамат, кандай күчтүү айтылган. Биз жер менен күндүн балдарыбыз да туурабы? – дейт жанымда олтурган бала.

– Туура! – дейм мен макул болуп, Екклезиасты эстеп.

Автобустун бетмаңдай терезе тарабынан ыр созолонот...

Тоо арасындагы колхозго түн ичинде келдик, биз үчүн жата турган жай даяр болуптур, райондон телефон аркылуу эскертилген көрүнөт, чарчап келген кишиге мындан артык эмне керек? Жаңы чабылган чөп жазданып, карагайдын чыйыры жыттанган чоң сарайда уктадык. Эрте менен турсак туш-тарабыбыз тоо, күңгөй-тескейинде карагайлуу токой, сайраган күкүктүн, канаттуулардын үндөрү угулат.

Токтогон жерибиз колхоздун борбору экен. Там арасы жашыл шибер, арпакан чөптөр көйкөлүп, араласаң бөдөнөлөр бүт астынан пырпырап учат, төш тарапта тушалган аттардан башка мал көрүнбөйт...

Суу бойлогон түздүктөрдө көгөргөн эгиндер, аларга тушташ чөп чапкан тракторлор көзгө учурайт. Колхоздун жери көбүнчө тоолуу келгендиктен чөп кол менен чабылат экен. Бизди чалгыга салышты. Чалгыны кубанып колго алдым. Атам экөөбүздүн чалгы чапканыбыз эсиме түшөт. Жайдын толук кезинде бел курчообузга чейин чечинип алып, курч чалгыны шилтеп жөнөсөк боо түшкөн ширелүү чөптүн жыттары таноо өрдөп аңкычу эле. Эрмен чөптү чапканда чаңчалар күбүлүп, каңылжарымды өрдөп, чакап кетер элем, асты жакта чалгы шилтеп бараткан атам мага кайрылып:

– А де, уулум! А де! – деп маңдай терин жоолугу менен сүртүп алып, кайрадан чоң чалгысын кере-кере шилтеп кирүүчү, ошондо ушул талбаган киши мага атам эмес, өзү айткан жомоктогу дөөлөрүндөй болуп кетүчү. Балалыктын бал кыялы ай! Мына ошол кездерди эске түшүрүп, азыркы чөп чабуу кандай жагымдуу, айланада сезим дүүлүктүрүп шилтенген чалгылар шартылдап, жаңы чабылган чөптөрдүн жыты буруксуйт.

* * *

Иштегенибизге үчүнчү күн болгондо бизге колхоздун бригадири келип калды.

– Бир ат косилка менен бир ат тырмооч-чогулткуч бош турат. Каалагандар баргыла, бирок эскертерим, аттарга, шаймандарга толук жооп induced бересиңер. Аттарды эгинге түшүрбөсөңөр болду, бул да убактысынча

гана, – деди. Каалагандар чыгышпады, бригадир ушундай болорун күтсө керек. Атынын башын буруп кыштак тарапка кетип калды. Биз ишибизди уланта бердик.

Түшкө жакын Акыбек мага келип кеңеш салды:

– Экөөбүз барсак эмне болот, ыя? Бир аз күн болсо да, кыштактык турмуш менен жашап кетпейлиби? Аттарыңа мен жардамдашайын, макулбу?

Мен кыйылып туруп макул болгонумду билдирдим. Мурда ат чегилген косилка минип көргөн жок элем, косилкада мен иштей турган болдум. Кечке маал бригадир келгенде оюбузду айтсак сүйүнүп кетти.

Ал күнү аттарды, жарак-шаймандарды өткөрүп алдык. Эртеси эрте туруп, тушап коё берген аттарды таап келип, ишке кириштик. Мен косилкага минип, түзүрөөк жер тандап алып чаба баштадым. Тырмооччогулткучка отурган Акыбек менден анчалык алыс эмес жерде чөп чогултуп жүрдү. Аттарым тынбай иштей бергенден моюп бүтүшкөндөй, бир калыбынан жазбай бут ташташат.

Менин эки көзүм чөптүн арасында, таш көрүнүп калса, косилканын бычагын көтөрүүгө шашам, эртеден бери бычагымдын эки тишин ташка тийгизип сындырып алгам, эми ошерге чөп чайналып, бычак жылбай калып жатты. Аттарды токтотуп, чөптөрдү улам алып таштайм. Түшкө жакын күн ысып, аарылар, чымын-чиркейлер жандана учушуп, аттарга тынчтык бербеген көгөндөр пайда болду. Саратандар чырылдап, чегирткелер тынбай күү чалышты. Гүлкайырга конуп турган борбаш тумшугун бутакка жанып-жанып алды да оозун ачып, бөкүлдөгөн боюнча өзөн жакка учуп кетти. Үстүмөн топ-топ кара чыйырчыктар да суу жакка өтүп жатышты...

Аттар суусады көрүнөт, суулуктарын кемире бир бирине чунаңдашат, бир убакта баратышып тык токтошту, камчы менен басып-басып алдым. Анда деле кыймылдабайт. Аздан кийин өзүлөрү жүрүп кетишти.

Азыр эле аттар токтогон жердин тушуна косилканын бычагы жеткенде пырпыраган бөдөнө учуп чыкты да канатын сабап жакын жерге түштү. Мен аттарды токтотуп, чөп арасына көз жибердим. Бычактын астында жыбыраган бөдөнөнүн балапандары жайнайт. Алар энесинен үнү чыккан жакка жөрмөлөшүп качып баратты. Бычак тийип, ичегиси чубалган эки балапан жатты. Өзүмдүн байкабай калганыма өкүндүм. Аттардын эмне үчүн баспай жатканын эми билдим. Жолдон чыккан бөдөнө балдары менен чөпкө кирип кеткенче күтүп турушкан тура, менин камчымын уусуна чыдашып.

Аттардын тердегенин көрүп, эс алдыргым келди. Бирок бригадирден уялдым. Мунун иштегенине бир күн болбой жатып эс алганын көр десе.

Акыбекти карайм, анын тырмооч-чогулткучка чегилген жалгыз аты чарчабаса керек. Ал өзүнө көрсөтүлгөн көп жердин чөбүн чогултуп бүтүп коюптур, эртең эле мен чапкан жерге жетип келе турган.

* * *

Бир жумадан ашык убакыт өттү, көп ишти бүтүрүп койдук. Бригадир бизди ыңгайы келген жерден мактайт. Райондогу врачтарга көрүнүү үчүн кетишкен колхозчулар ооруканага жатып калышыптыр. Бизди алмаштыра турган киши табышка шашылбады. Анын үстүнө бул иш бизге жагып калган эле. Бизди кайра чалгыга өткүлө десе кыйылат белек деп ойлоймун.

Эрте менен эрте туруп, мөлтүрөгөн шүүдүрүмдөрдү күбүп, шибер кечип, ат издөөгө чыксаң кең талаанын мемирегени, анын бетиндеги уюп жаткан нымдуу салкындын сезилиши, токойдон сак сагызгандардын сени көрүп шакылыктай уча качканы, түштө же болбосо шашкеде ушул жердеги кайнаган тиричиликтен башка тиричилик, башка боёктор эле...

Бүгүн да кечээгидей Кызыл-Ойдо чөп чаап жүргөмүн. Кечке маал косилканын калдыр-шалдырынан айрып, адамдардын үндөрүн уга койдум, өйүз жактагы чөп чаап жүргөндөр кыйкырып жатышыптыр. Алардын кол шилтеген жагына карасам кыр ылдый Акыбектин аты тырмооччогулткучту тепкилеп, тырмоочко илинип калган Акыбекти сүйрөп келатыптыр, ат токтой түшкөндө Акыбек башын көтөрөт да, ат жүрүп кеткенде сүйрөлүп калат... Мен ордуман кантип ыргып түшкөнүмдү билбеймин... Үрккөн аттын алдынан торой чуркадым. Ат туура сайдагы бийик жарларды беттеп жөнөдү... Күүсү менен Акыбекти сүйрөп, жардан алыс кетет эми... Менин денем өлүп, буттарым жерди сезбей, андамында бир тийип аттын алдынан чыктым. Таак! Таак!.. Элирген ат мени көзүнө илбеди, суулукка колум жеткиче омуроосу менен көмөлөтө урду, жыгылып баратып «жарга өтүп кетет» деп ойлоого үлгүрдүм. Бул ой денемди дүркүрөттү. Аттын алдынкы бутунан аткый кармадым, заматта буту менен кошо көтөрүлүп сүйрөлө түштүм. Күү менен бараткан ат бутун тарта албай сүрдүгүп барып мени басып түштү. «Ых... хх... качыркучур» эткен үн угулуп, башыма катуу бир нерсе келип тийгенсиди, көзүмөн от чагылып кетти. Андан аркысын билбейм...

Көзүмдү ачсам палатада жатам. Жанымда бейтааныш сестра кыз олтурат, башым ооруп, демим кыстыгат.

– Мен кайсы жердемин? – деп акырын сестрадан сурадым.

– Бул жер райондук оорукана, сүйлөбөңүз, сизге уруксат эмес.

Мен акырын башымды ийкедим, «ии» түшүндүм. Тамагым кургап калыптыр, суу сурап ичтим. Сестра кыз менин абалымды көрүп, тынчып калды окшойт, палатадан чыгып кетти. Көзүмдү жуумп эмне болгонумду эстегенге аракеттендим. Ушул убакытта палатага эки киши кирди. Врачтар болсо керек, алар мени уктап жатат деп ойлоштубу, ачык сүйлөшө башташты. Коңур үндүү бирөө:

– Жардамга келген студенттерден экен бечара. Үч операция жасадык, ат жыгылганда тырмооч-чогулткучтун ок жыгачы сынып, башына кирип кетиптир... Үч күндөн бери эс-учсуз жатты, бүгүн түзүк. Андан башка эки кабыргасы сыныптыр...

Экинчи киши анын сөзүн бөлүп бат-бат тынбай сүйлөдү:

– Ооба, ооба уктум эле, үркөн ат сүйрөгөн ушул жигитпи?

– Жоок, ат сүйрөгөн жигит эч нерсе болбоптур. Бул ошол үркөн атты кармап калганы.

– А, азамат де! Эми эмне кыласыңар? Фрунзеге жөнөтөбүз дедиңерби? Санавиациядан ыңгайлуусу жок менимче.

Алар сүйлөшүп, палатадан чыгып кетишти. Мен сүйүнүп жаттым. Акыбек эч нерсе болбоптур! Өзүм жөнүндө ойлондум, бул кылганыма эч кандай өкүнгөнүм жок, тек гана ойлонуп жатамын. Үч операция, үч күн эс-учсуз жатуу... Ушунча күн өткөнүнө таң калдым. Үйдөгүлөр ушуну билишсе эмне болушат эле? Ушунчалык алыс болгонуна кубандым. Эч нерсе эмес, Фрунзеге барсам үйгө жакындашып калат турбаймынбы, ушул кезде атамды көргүм келди, башына кырсык келгенде жакын кишини көргүң келет экен талаада. Мен атамды эстеп жаттым.

... Андан бери үч жыл өттү. Мен үчүнчү курста окуп жатамын. Кээ бир студенттердин: «Ой тобо, жан-жагыңды караганча үч жыл өтүптүр» дегендерин туура десем да, кээде макул болбой кетем. Себеби ушул мен окуган үч жыл ичинде, үстүртөн көп деле жаңылыктар болбогонсуп, баары эле биз келип көргөн күндөгүдөй чоң көчөлөр, заңгыраган имараттар, ал тургай, мына бул ичине эл толуп өтүп бараткан автобустар, жакынкы кварталдарда жашаган шаардыктардын баары таанышындай сезилип калды. Жатаканадан институтка, семинар, лекцияларга барып келишиң биринчи курстан айырмасы жоктой. Баягы эле тааныш, жакшы көргөн жолдошторуң, баягы эле өзүң көргөн студенттер... Алардын жүрүш-туруштары, сүйлөй электе эле кандай сөз айтарын, кандай ойлор тынчын алып жатканын билип турасың, анан биздин группа, баягы эле балдар, баягы эле Мурат. Ал эч өзгөргөн жок. Ошондогу эле окуусу, одонолугу, бир гана жаңылыгы кийген кийими жөнүндө кызыгып сурагандарга уялбастан ачык мактанганы:

– Бул Франциядан келген туфли, бул ланкейштр шерсти өтө жумшак, өтө жылуу экен. Бу сенин пальтоң баягы эле биринчи курстагы го? Жыртылып да бүтүптүр – деп, мурдун чүйрүп, тескери карап кеткени... Үчүнчү курста жаман-жакшыны ажыратып, ар ким табити тарткан адамдар менен сүйлөшүп, Мурат менен баштагыдай эч кимдин иши жок.

Мен Акыбек менен жашаймын, ушул убакыттын ичинде Акыбекти жакшы билип калдым. Акыбек өтө эле кичипейил, жумшак мүнөз жи-

гит, бирөөгө эч убакта катуу айтпайт. А өзү болсо бирөөдөн кичине сөз укса, ойлоно берип тынч албай калат. Биринчи курста мен ойлогондой анчалык деле уялчаак эмес экен. Ал ушунчалык сезгич, ал тургай ачуусу да чукул экен, бирок ошонусуна карабай бирөөгө да сен деп сүйлөгөнүн укканым жок. Ачуусуна тийген алакөөдөктөрдүн сөздөрүн угуп отурганда эч качан бөлбөйт, тек гана кабак-кашы жыйрылып, жүзүнө кан чаап, эриндери дирилдей баштаганда күлүмсүрөп сүйлөп жаткан кишиден кечирим сурап,тигиндей басып, же ичкериде болсо эшикке чыгып кетүүчү...

Анын ушул кейпинде уялгандыктын белгиси бар эле, ал баамдабай сүйлөгөндөр үчүн уялуучу. Биз кыштын узак түндөрүндө көпкө чейин уктабай сүйлөшүп жатабыз. Мен атам жөнүндө, кыштактагы, мектептеги күндөрүмдү эскерип жомоктосом ал муюп угат. Аны айрыкча атамдын кейпи кызыктырчу. Мен айта баштасам ал чыдабай кыйкырып жиберет:

– Токто, сүйлөбө! Эмне деп сүйлөп жатканыңды билип жатасыңбы? Бул жомоктогу дөө, Манас дөө! Атаң өтө карылуу, куш кабак киши: буудай өңдүү, ботонун көзүндөй балбылдаган көздүү киши! Бул туурабы? Туура! Бул жомоктогу дөө! – Анан ал тынчый түшүп, кроватын кычыратып өйдө туруп олтурат да, ойлонуп сүйлөй баштайт.

– Атаңдын сүрөтүн тартып жатам. Аппак тоо, жамбаштанып муюганы, ачуусу жер силкинип туюлганы, пейили түбөлүккө түгөнбөгөн, тоолордон суулар агып куюлганы, – деп токтоп калат, анан көптөн кийин: – Сен кандай жакшы баласың, – дейт. Баарын түшүнөсүң, бирок сен да бир нерсеге түшүнбөйсүң. Биз эмне үчүн жаралдык?

Менин жооп беришимди күтүп, токтоп калат. Мен унчукпаймын.

– Сен унчукпайсың, а сенин атаң муну түшүнөт, болбосо, эмне үчүн жанын кыйнап эч ким айтпаса да тоону казып жол салат? Мунун баары эл үчүн, бул жол менен өзү көчүп өтмөк, башка койчулар көчүп өтүшмөк. Бул жол кийин да элге калмак, мага, сага калмак, туурабы? А бизчи, көпчүлүгүбүз муну түшүнө бербейбиз. Кээ бирөөгө айтсам мени жинди деп күлүшмөк. Аларга өзүлөрү үчүн жакшы болсо болду. Алар үчүн бул дүйнөдө бир гана өзүлөрү жашайт...

Акыбек сөзүн бүтпөй токтоп калат, мен ойлорго чумулам. «Чын эле жашоо эмне үчүн? Акыбек туура айтып жатат, азамат, ал бул жашоонун маңызын билгендиги үчүн айтып жатат да. Ал келечекте чоң акын болот, а менчи? Мен ушул убакка чейин ой нугумдун жетишсиздигин сездим. Бул жаман, бул жакшы деп ошол жаман нерсенин өзүм үчүн гана жамандыгын ойлоп, өзүм үчүн гана жакшылыгын көздөөчүмүн. Бул жасаган иштерим эл үчүн жаманбы, жакшыбы, ойлоочу эмес элем. Кызык, мына ушундан кийин мен өзүмдү башкача сезип, башкача көрө баштадым.

* * *

Кыш тоолордон кетти. Кар боз адырларга түшө жаады, өзөндөгү сууга жаак бүтүп, кичинекей булактар тоңуп, мектепке өтүшкөн, мектептен кайтышкан балдар эртели-кеч муз тээп, кырда. Кыштактын көпкө унутулбас күндөрүнүн бири. Короздор чакырып, морлордон түтүн булап, кыштакта мээримдүү түш. Жерди тоңголок кармаган, токсон өз күчүндө. Жөнөп жатамын. Мени узаткан, жанымда атам, атчан. Атам ушул өткөн аз убакыттын ичинде чачтары агарып, сакал-муруттары буурул тартып, шамалга тотуккан жүзүндө жазылбас терең бырыштар көбөйүптүр. Көздөрү гана өзгөрбөгөнсүйт. Мен анын сөздөрүн уккум келет. Көп сүйлөбөйт... Артка кала түшүп сынап карайт. Ал биринчи жолку узатып чыкканда айтканындай адам бол дебейт.

Мына кан жол, бөлүнүшөр жерибиз, алыстан автобус көрүнөт. Атам: – Жакшы бар уулум, бизди унутпа, кат жаз,– дейт. Анан көздөрүнөн жаш кулайт, аны жашыргысы келбейт, мени карап турат.

– Жакшы калыңыз, ата! – Менин ыйлагым келет, бирок көзүмөн жаш чыкпайт. «Жаш боштуктун белгиси» деген атамдын сөзү эсимде, өзүчү? Чал эмеспи, ага баары кечиримдүү.

Атам атына минбей, көпкө чейин артыбыздан узата карап турду. Менин ичимден чыңалган бир нерсем кырт деп сынгансып, жаным жай таппады. Тынчым кетти, ойлор чырмады: көз алдымда атамдын эки курагы, мындан беш жыл мурдагы мени узатып чыккан күүлүү кези, анан азыркы тамгаланган өңү турду. Жаз менен кыш! Мен да башка элем. Биринчи кетип жатып анча түшүнбөсөм да бир нерсемдин жетишпей калганын сезгемин, а азырчы! Азыр башка, атамдын жашына, чачтарына, жүзүнө бырыш салган жылдардын сабалап өтөрүн түшүнүп, ушул кымбат адамымдын бизден кетерин ойлоп, аяп бараттым.

* * *

Андан бери жыл өттү. Кыш жазга алмашылып, дүркүрөп үрөндөр өнүп, эң биринчи күн күркүрөп, чагылган жаркылдады. Тоо суулары күкүктөнүп кирип, өзөн бойлоп өскөн айбалтыркандын жыттары буркурайт. Капчыгайда тааныш жолдо быйылкы көчтүн алды баратат... Жол боюндагы аскага чыккан карт арчалардан жаңы тамырлар жайылып бутактанып бүчүр жарыптыр. Сай ичинде үйдөй таштар, тамыры менен жулунган арча, карагай, четиндер жатат. Жар башында көчкү жыккан карагай салаңдап турат. Табигаттын сүрөттөөгө кудурет жетпеген жапайы күчү. Баары өз орундарында тургансыйт. Чети оюлуп кемибеген-

сийт, жылда жаңы, жылда жаш. Бардык жерде жашоого умтулуу, дүркүрөп бутак жазуу, тамыр жаюу, таштар да өсүп көбөйүп бараткансыйт. Бири жыгылса, экинчиси ордун басат. Бир өмүр өтсө, жүзү дүркүрөп өсүп берет. Жаратылышта эч нерсе жок болбойт, жаратылышта бардыгы эски, бардыгы жаңы!

Атамдын кайтканына бир жыл болду. Жаратылыштан түбөлүк эч нерсеге баш ийбес күчү ойготуп, жол боюндагы таш жарып чыккан карт арчалар тамыр жайгандай, атам да көп жолу неберелерин көрүп өтүүгө тилек кылып, мага сөз баштар эле. Эмгектен туурулган колдоруна ымыркай небересин көтөрүп, ушул кичинекей наристенин жүрөгүндө кайнаган өзүнүн канын сезип, ушул наристеден өзүнүн жаштыгын туюп, анан тиги көчкү алып, мөңгү үстүндө жаткан карт арчадай жулунуп, көз жумууга даяр эле.

Андан бери көп өттү. Көп жолу каркыралар кайра тартып, таш агызган суулар кирди, дың жерлерге соко тийип, эң биринчи үрөн өстү. Көз караштар өзгөрдү... Мына кан жол, ушул жол менен капчыгайда баратамын. Эми мен бул жолдордун учу каякта,кайсыл жерден башталган? – деп сурабаймын. Бул мага эбак белгилүү болгон, мен үчүн бул жолдордун учу атамдын ой-тилегинен башталган. Мен азыр атам көрсөткөн жол менен баратамын. Тоолордон көзүм өтөт, мен тоолорду сагындым, атамдын элестери түшкөн аскаларды сагындым, мен чокуларга ашыгам, абасынан аптыга дем алып, атамдын аскадагы элестери менен сүйлөшсөм деймин, атам караган бийиктиктен мен да карап, дүйнөгө көз салсам деймин, мен тоолорго баратамын.

Ал көп нерселерди жакшы көрүүчү. Кар көп түшүп, дан мол болорун, тынчтык күндөр жөнүндө ойлоочу. Ал шаар аралап, эл көрсөм деп менин окуумдун бүтөрүн күтүүчү, айрыкча, эң биринчи небересин алып, өбөр күндү самоочу. Ал күндөргө жетпеди.

Институтту бүтүп жатамын. Ар кимдин ойлору болот эмеспи. Менин да ойлорум бар, жаратылыштын белгисиз сырларын ачып, өмүрүмдү илимге арнасам деп келечектеги диссертациям үчүн материал топтоп жүргөмүн. Студенттик илимий ийримдин активдүү мүчөсү элем, газета-журналдарга төрт-бештен илимий макалаларым жарыяланып, талаш-тартыштарды жараткан, мага келечекти үмүттөндүргөн жаштардансың – деп жетекчилерим ачык айтышчу. Ошентип, институт менен кош айтышканы турдук. Мени бир күнү деканатка чакырып калышты. Барсам:

– Аспирантурага калтырдык, оюңду айт, эгер макул болсоң арыз жазып, жарыяланган илимий макалаларыңды, ага жазылган ой-пикирди кошо тиркей кел, – дешти. Макулдугумду берип, чыгып кеттим.

Бардык дараметимди салып, дипломдук ишимди бүтүүгө кириштим. Узабай мамлекеттик бөлүштүрүү комиссиясы болду. Каалаган жерине иштөө үчүн жиберилгендер жайдаңдай күлүшүп, ойлоруна туура келбе-

гендер көңүлсүз, кыйгылданып чыгып жатышты. Кезегим келгенде ичкери кирип бардым. Абитуриент кездеги жарык, тааныш бөлмө, ошондой эле узун столду тегеректеп отурган комиссиянын мүчөлөрү, профессорлор, жер-жерлерден келген өкүлдөр. Столдун учунда отурган баягы ыйманы ысык эжеке (анын институттун ректору экенин кийин билип жүрбөймүнбү) менин мүнөздөмөмдү окуп, тааныштырып жатты.

– Эң мыкты студенттерибиздин бири, Фрунзе шаарында иштешти каалаптыр, кандай дейсиздер, калтырабызбы?

– Ошондой болсун! – Бир добуштан колдошту отургандар... Мен эжекени жаңылып кеттиби деп ойлодум. Эмне үчүн аспирантурага дебейт? Өгүнкү деканаттан уккан сөздөр жалганбы? Арыздарымды, документтеримди тапшырбадым беле? Мен аерден, түз эле деканатка кирдим, декан кабинетинде отурган экен, мени тиктей албай көзүн ала качат.

– Кечирип кой мени, ректордун буйругу боюнча сенин ордуңа Турсунханов Муратты алдык. Уят кылды бизди. Анан азырынча сени Фрунзеде иштеп турсун деп чечтик. Аспирантурада орун болсо чакырып алабыз, же «целовой» аспирантурага барышың да мүмкүн...

Эжеке жаңылган эмес турбайбы... Тамагым кургап, көзүм ала чакмактады, ыза муунтту, унчукпай эшикке чыга жөнөдүм. Үйгө барып, төргө бүк түштүм. Акырында Муратка окшогондор окуй берсин аспирантурада, мен турмуштан окуймун деп ичимен бекидим. Анан башымды көтөрүп, жолдон узата карап турган атамдын караанын элестедим, атам менин ушул абалыма кейип, мени аяп тургандай кабак чытып кападар!

– О, ата! Көңүл салбаңыз мага, мен да сизге окшоп бирөөлөргө бир аз наразыланып калдым, бу эч нерсе эмес, ата!.. Жол узун. Ал эми узак жолдун ийри-буйрусу көп эмеспи. Өзүң ушинтип айтчу эмес белең.



*Поэзия*

## Турар КОЖОМБЕРДИЕВ

**(1941–1989)**

### *Кызыл гүл*

*Кызыл гүл, кыз жүзүндөй канталаган,*
*Жаныңда акын турат анталаган.*

*Мен сени көргөн кезде көпөлөк – деп,*
*Ойлогом мен жеткенче көкөлөйт – деп.*

*Желбиреп учуучудай канаттарың,*
*Көзүмдү жалбырттатты манаттарың...*

*Чыпчын гүл, учпашыңа ишенбедим,*
*Кол менен сабагыңды «кишендедим».*

*Учушту унуткансыңбы конуп алып?*
*Багынттың сезимиме толуп алып.*

---

*Атактуу акын* **КОЖОМБЕРДИЕВ Турар** *1941-жылы Кара-Балтанын Сары-Булак айылында туулган. Кесиби боюнча филолог. «Көлчүктөгү ай» аттуу алгачкы ырлар жыйнагы 1961-жылы жарык көргөн. Ал жыйырмадан ашуун ыр жыйнактардын автору. Жүзгө жакын ырларына музыка жазылган. Бир нече балет-оратория, канталаларга ырларды жазган. 1970-жылы акындын «Кызыл алма» жана «Таңкы симфония» аттуу ыр жыйнактарына Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгы ыйгарылган.*

*Ал Г.Гейненин, В.Незвалдын, Л.Татьяничеванын, В.Цыбиндин, Н.Думбадзенин ж.б. акындардын чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Анын бир нече чыгармалары чет элдердин тилине которулуп, ондон ашуун ыр китептери жарык көргөн.*

*Өтүгүм жанчмак сени, балким, сылтып,*
*Колумда калем эмес, болсо мылтык.*

*Тамыры, сабагы бар көпөлөгүм,*
*Соолуба, күндү карай көкөлөгүн!*

* * *

*Эс алуу жок бутту керип жай алып,*
*Колдон келсе жашыргым жок аянып.*
*Ар кандайча кыялданат буурул баш,*
*Алаканды жаздык өңдүү таянып.*

*Табуу кыйын, канча мээни катырба,*
*Канча тушка калем сапты матырба.*
*Толгонуунун толкунунда термелем,*
*Тоо башында, шамал канат чатырда.*

*Курдаш кылып замананын арышын,*
*Эл кыдырам кара, күрөң, сарысын.*
*Эркелетип мотурайган балдардын,*
*Чекесинен өөп чыгам баарысын.*

*Сокурларга карек болуп төрөлөм,*
*Уулу жокко бөбөк болуп бөлөнөм.*
*Кан майдандан майып болуп кайтканга*
*Оң колтукка балдак болуп жөлөнөм.*

*Дүлөйлөргө ырдын шаңын тийгизип,*
*Бети чаарды сулуу кызга сүйгүзүп.*
*Кор болгондун тасмалына нан болуп,*
*Колу жоктун папиросун күйгүзүп...*

*Алпурушуп иштей берип түн менен,*
*Кубалашып жылдыз, турмуш, үн менен*
*Байкабайле ыргып чыгып чатырдан*
*Сүзүшкөнүм эсте калды күн менен.*

*Кирпигимди, мурутумду куйкалап,*
*Туруп калам чачтарымды уйпалап.*
*Күн да күлөт, от чагылып көзүнөн,*
*Томпок болгон сол чекесин сыйпалап.*

* * *

*Кай бирде биз көрмөксөн болгон менен*
*Чырылдап жүрөгүбүз ыйлап турат.*
*Жалындай көңүлүңдү тутандырып*
*Жалганды өлтүргүн деп кыйнап турат.*

*Кай бирде көрөм десе көрбөгүн – деп*
*Катабыз кирпиктерге көзүбүздү.*
*Анакей-мынакей – деп будамайлап,*
*Чындыктан качырабыз өзүбүздү.*

*Канчалык көрмөксөнгө салсаң дагы,*
*Уктатпай баса берип абийир кыйнайт.*
*Киргилди, каралыкты жашырдың – деп,*
*Кирпиктин астындагы чындык ыйлайт.*

* * *

*Көктүн көгүш көшөгөсү сүзүлүп,*
*Каркыралар учат сап-сап тизилип.*
*Каркырага канат болуп жөнөдү,*
*Өмүрүмдөн да бир барак үзүлүп.*

*Өмүрүмдөн да бир тамчы тизилип,*
*Дагы бир тал күмүш чачты тагынып.*
*Учуп барат менин оттуу өмүрүм,*
*Каркырага канат болуп кагылып...*

*Каркырага таазим кылып ийилип,*
*Өмүрүмө кол булгалайм сүйүнүп.*
*Жаз келгенде кайра келет өмүрүм*
*Жаңы көйнөк, жаңы чапан кийинип.*

* * *

*Жылт этип күндөр кулап санатыма*
*Айланды жазды тосуу адатыма.*
*Чыйырчык сулуу жаздын бир чымчымын*
*Чыпыйтып ката келди канатына.*

*Кылымдын кызыктарын көрүп алып,*
*Күлмүңдөйт күмүш тиштүү кыргыз тоолор.*
*Ааламдын алдыңкысын көрүп алып,*
*Аңкаят алтын тиштүү кыргыз тоолор.*

## Алакан

*Чымчыктын кармап алдым балапанын,*
*Жупжумшак уя болду алаканым.*

*Учурсам, бошондурсам балапанды*
*Уя деп тегеренет алаканды.*

*Зып этип кайра консо учкул канат,*
*Алакан калт-калт этет, толкунданат.*

*Алакан канаттанткан канчаларды?*
*Түгөнбөйт, жума берсең манчаларды.*

*Көтөрөөр, чыдаар беле алаканым,*
*Чаалыгып конуп калса жердин шарын?*

## Өлүм жана мен

*Мейли тоодо көк шибери төшөлгөн,*
*Мейли кышта муз жаадырып көшөргөн.*
*Мейли күздө алма багын аралап,*
*Мейли жазда көнөктөгөн нөшөрдөн...*

*Төшүбүзгө бир сабак гүл тагынып,*
*Бир ботинка, бир чапанды жамынып.*
*Дайым бирбиз. Өлүм мага ор казып,*
*Мен өлүмдүн мүрт кетишин сагынып.*

*Бир көйнөктү, бир күрмөнү кийинип,*
*Мен шаңдансам ал бет тытат күйүнүп.*
*Кызыл туудай дайым жеңип өлүмдү*
*Кылым бою жашагым бар сүйүнүп.*

*Кышта, жайда, күздө, мейли жаз мында,*
*Биз жашайбыз бир көк, бир күн астында.*
*Өлүм мага капкан салат кайсалап,*
*Мен тилеймин ал калсын деп жаздымда.*

*Бирбиз, «доспуз», бирок тынбайт тебишмей*
*Бирок болбойт ортобузда келишмей.*
*Жакалашмай. Аңга түртүү. Аңдышуу.*
*Барскандай муштум менен беришмей.*

*Жыл айлансын жаз, жай, бирде кыш келип,*
*Жашылдантсын сүйүү, бакыт жыш келип.*
*Оңолдурбай кайда жүрсөм өлүмдү*
*Оңколотом удаа-удаа муш берип.*

* * *

*Бир сезим дүрт эткизет тийген токтой,*
*Коюу түн – дүйнө менен иши жоктой.*
*Алдыга максатына учуп барат,*
*Жер шары өз огунда аткан октой!*

*Бирөөлөр ушул кезде конок сыйлайт,*
*Бир жерде нан сураган жетим ыйлайт.*
*Бир жерде жанталашып оору жатат,*
*Катуу дарт жүрөк мыкчып жанын кыйнайт.*

*Бир жерде таңды күтүп жатышкандыр,*
*Бир жерде эмгек куусун тартышкандыр.*

*Бир жерде алп бүркүттөр канат серппей*
*Тумшугун канаттарга катышкандыр.*

*Бир жерде бык-бык этип жылан сойлоп,*
*Бир жерде короо көздөп, бөрү жойлоп.*
*Бир жерде балдар чуркап келаткандыр,*
*Бардыгы балык издеп, өзөн бойлоп.*

*Бир жерде чал уктабайт ээр сомдоп,*
*Бир жерде кемпир алек, билик оңдоп.*
*Бир жерде кербенчилер ойгонгондур,*
*Кайрадан нарларына жүгүн комдоп.*

*Эх, турмуш! Канча окуя ар бир күндө?*
*Ойлойсуң көп нерсени жайкы түндө.*
*Жүгүрөт күлүк ойлор чар-тарапка*
*Жер шары чимирилет жүрөгүмдө...*

*Карасам терезеден оттор жанат*
*Бийикте күр-р дей түшөт учкул канат.*
*Жүрөктө жердин шары чимирилет,*
*Жүрөгүм жер шарындай салмактанат!*

## *Жалпак таш*

*Энеке салбыратып куудай чачты,*
*Эскерип жүрүш үчүн күлгүн жашты,*
*Уулунун мүрзөсүнө алыс жактан,*
*Көтөрүп келген эле жалпак ташты.*

*Айныбай ай артынан айлар конуп,*
*Куттурбөй күн артынан күндөр соолуп.*
*Жайнаган бейиттерден айырмалап,*
*Жалпак таш калып калды белги болуп.*

*Энеке жылдап-жылдап жашын төктү,*
*Билгизбей уурдап кетти мезгил көптү.*
*Мен көрдүм жалпак таштын ортосунан,*
*Тамган ый тешкен эки көзөнөктү.*

*Бейиттен элдер өтөт салып башты,*
*Муздак жел ичиркентип тарайт чачты.*
*Таң калам карап турат наристе кыз*
*Тамган жаш тешип салган жалпак ташты.*

## Өмүр жолу

*Буркурап гүлдестеси күчтүү колдо,*
*Оркестр коштоп барат оңдо-солдо.*
*Жарашып эмне кийим кийсең дагы,*
*Жаш өмүр бара жатат даңгыр жолдо.*

*Бутуңдун кенен-кесир ташталышы –*
*Бул деген өмүрүңдүн башталышы!*

*Бааланып ар мүнөтүң – ар бир жылдай,*
*Басалбай күлүк буттар эми зылдай.*
*Илгерки даңгыраган өмүр жолу*
*Ичкергенден ичкерип болду кылдай.*

*Баш жагы бир кучак ай, бир кучак күн!*
*Арт жагы өмүрүңдүн жылдызсыз түн.*

*Проза*

**Токтош АБДИЕВА**



# АЧА ЖОЛ

**(Повесть)**

Айнек эки капталы палаталарга толгон узун далисте баратып, өрт өчүрүүгө керектелчү шаймандар коюлган буйтка бурчка кайрылды.

– Дагы эле турасызбы? – Кууш терезенин түбүндөгү аялдан таң кала сурады.

– Палатага азыр кирем. – Аял ордунан козголбой жооп берди.

– Азырыңыз качан? Тихий час бүткөн. Үч сааттан бери тыгылып, ушул бурчтасыз.– Айнек жай басып, аялдын жанына келди.

– Валентина кыйналып атат. Отура албадым. – Аялдын үнү пас чыкты.

– Кыйналса эмне экен. Дубалды карап жатып алыңыз.

– Анте албадым. – Аял күнөөлүүдөй жалтактады.

– Ашыкча боорукердиктин зарылдыгы жок, – деди Айнек, – ар бир адам өз жаны, өз жашоосу үчүн күрөшөт.

– Катуу кыйналууда. Алган уколдору, ичкен дарылары таасир этпегендей.

– Этпесе, этпестир. – Айнек камырабай сүйлөдү. – Валентина өмүрүнүн аягына чыкты.

– Кантип? – Аял кескин чочуганын байкабады.

---

*Жазуучу* **АБДИЕВА Токтош** *Жети-Өгүздүн Дархан айылында туулган. Кесиби боюнча филолог жана музыкант. «Мен сени сагындым», «Алай күндөлүгү», «Кырчын курак», «Жээк», «Үчүнчү муун», «Эне жана жер» жана башка проза, ырлар жыйнактарынын автору. 1987-жылдан СССР жана Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү. Бишкек шаарында жашайт.*

3 – 437

– Аныкы өтүшкөн рак, – деди Айнек, – жакында керебети бош калат. Илдиреп дагы бирөө баш бакканча тынч уктайсыз. Төрт, жети койкалуу палатадагылар бирин-бири шишке сайгандай озондошот. Сиздин палата рай!

– Бечара, – аял кабатырлана халатынын жакасын кармалады ,– өзү да сезет бейм, өлүм жөнүндө көп сүйлөйт.

– Кетүүгө даярдыгы бүткөн тура. Жарыкчылык ага кымбат эмес.

– Ошондойбу? – аял Айнекти чолуй тиктеди.

– Улар – деп атыңыздан атасам болобу? – Айнек өтүнө кайрылды. – Жашыбыз чамалаштай.

– Болот. – Аял илбериңки жооп берди.

– Дары, бинт, шприц тартыш болсо, мага кайрылыңыз, – деди Айнек. – Бардыгына жеткире албайбыз.

Улар ыраазылыгын билдире жылмайды. «Ооруканадан да теңчилик качкан тура» деген ой кылт этип, чөгө түштү.

– Иш күнүм аяктады, – Айнек чөнтөгүндөгү саатын карап алып, медициналык кызматкерлердин бөлмөсүн көздөй кетти. Палаталардын улам биринин каалгасы ачылып, үлдүрөгөн-шалдыраган оорулуулардын жуунчу жайды, муздаткычтар коюлган бөлмөнү, даараткананы көздөй баскан кечки тиричиликтери башталды. Керебеттен жамбашын көтөрө албай жалдырап жаткандар канча.

Улар да палатасын беттей илкиди. Каалганын туткасын зааркана кармап ачаары менен Валентинанын маңдайын чекирейе тиктеп, катып отурганы үрөйүн учурду.

– Кудайдын каарына калсам керек. Кыркылдап атып, өлбөй калдым, – деди Валентина үздүгө кышылдап.

– Оору акырындап пайда болгондой акырындап жоголот тура. Операция жасалаар замат ким чуркап кетиптир? Убакыт керек. – Айнектин сөзү мээсинен кетпей бушаймандаңган Улар палаталашынын тагдырына ичи ачыша керебетине учкай көчүк басты. Өзүн палатада түгүл Ааламда артыкбаш сезди.

Валентина кайрадан окшуй баштады. Улар Валентинаны карагандан айбыкты. Бирок кайра далиске чыгып кеталбады. Валентинаны оорусу кыйнай баштаганда колу-буту жансыз солдоюп, башы көөдөнүнө бата үзүлүп бараткандай кыркылдайт. Улар Галя жокто аралыгы бир кез эки керебеттин ортосунда алектенет. Валентинанын жаздыгын өйдөлөтөт, ылдыйлатат, желпийт. Аракетинен тыянак чыкпайт. Палата тар болгондуктан аба жетишпейт. Каалганы кененирээк ачса кыры Улар жаткан керебеттин аягына такалат. Терезе туюк салынгандыктан ачыш мүмкүн эмес.

– Суу... Суу... – деди Валентина жаналакетке түшө кышылдап. Улар стаканга атайылап куюп койгон даяр сууну Валентинанын эрдине кармады. Валентина суудан илеп тартып алып, ошол замат какап-чакап, эсин жоготту. Улар врачтарга жүгүрдү.

– Дагы башталдыбы? – Оорулуулардын тизмеси жазылган журналды барактап отурган врач Уларга жайбаракат карады.

– Эсин жоготуп койду. – Врачты тура жүгүрөт деп ойлоду. Антпеди.

– Азыр медсестра келет. Барып, укол куят. – Врач кайра журналга үңүлдү.

Улар унчукпай чыгып кетти. Валентина эсине келип, каалга тарапты кадала тиктеп отуруптур.

– Врачтарга бардым, – деди Улар актангандай, – бошобой атышыптыр.

– Куруп калдым, – Валентина шыбырай энтикти, – буканын мүйүзүндө сайылып тургансыйм. Бука оюн салат. Мүйүз ичеги-боорумду эзет.

– Эжеңдин келээр маалы болду. – Улар сөздү бургусу келди.

– Аларга кедергим тийди. – Валентина жашый сүйлөдү. – Үй-бүлөсүн таштап, күнү-түнү мени күзөтөт. Кечээ балдарыңды көрүп, кир-когун жууп кел деп көшөрүп атып үйүнө араң жибербедимби. Өтө боорукер. Узак, татыктуу өмүр сүрсө экен.

– Бактылуусуң, – деди Улар.

– Эмнеге? – Валентина кулак түрө башын саал көтөрүп, жылмайганга аракеттенди.

– Эжең бар.

– Ооба, ооба, ал жагынан бактылуумун. Болбосо... – Каалга жай ачылып, колуна шприц кармаган Айнек кирди.

– Жакшынакай жамбашыңыздын тынчын алайын, – деди ал күлүмсүрөй. Валентина капталдай жатууга ниеттенди.

– Сизди өзүм эле кыңайтып алам. Кыймылсыз жаткандардын далайына он жылдан бери ийне сайбадымбы. Тажрыйба жетишет. – Сүйлөп атып, уколду жасап койду.

– Илбериңки зат, – деди Айнек чыгып кеткенден кийин Валентина, – ийне сайган-сайбаганы билинбейт. Эс ала түшөм.

– Колу жеңил дешет. – Улар Валентинанын көңүлүн көтөргүсү келди.

– Аскердик милдетин өтөп, Сибирде жүргөн уулума каргыш тийген оору менен алышып жатканымды кабарлабагыла дедим. – Валентина уколдон кийин тың сүйлөдү. – Турмушка эрте чыккам. Тунум да, кенжем да ошол. Оорунун мүнөзүнө жараша убакытты эсептедим. Эки айдан кийин уулум биротоло келет. Келгенче жашайм.

– Врачтар сакаясың дешпедиби, – деди Улар Айнектин да, Валентинанын да айтканына ишенгиси келбей.

– Ошентип атышат. Алардын илимий тажрыйбасына муюшканым менен кайда баратканымды эримдин көзүнөн көрөм.

– Кантип? – Улар койсоңчу дегендей ээк какты.

– Жалжылдаган карегинин тереңинде нөшөрлөгөн ый турат.

– Эриң колунан келсе кеселиңди өзүнө алууга даяр. – Улар көңүлүндөгүнү айтты.

– Жүрөгүнүн тазалыгында чек жок. – Валентинанын жүзү жандана жымырады. – Бирок көздүү чөркөнүн түйшүгүнө кантип түтөт. Тажайт. Азыр булганган ич кийимдеримди жерге тийгизбей жууп, астымды тазалап атат. Ар бир нерсенин бүтүшү бар. Кеткеним аларга да, мага да жакшы.

– Кеткенден башканы ойлобойсуңбу? Бир мүнөткө болсо да өзүңдү сакайгандай элестетсең боло, – деди Улар. – Жандүйнөнүн каш кагым жаркыганы бир күндүк өмүр.

– Ушул турпатым жакшылыкка жалгашууга улуксат береби? – Валентина манжалары барсайып, чыңала шишиген кыймылсыз буттарын тиктеди. – Операция жасалганына он экинчи күн, жылыш жок. Жоон ичегимди талкалап, жука чурайымды тиреген шишикти кесип таштащканы менен белимден ылдый шал болбодубу. Рак жабышса тозоңдойт тура.

– Шире жутасыңбы? – деди Улар алаксытмакка.

– Айрандан берчи? – Валентина кысына сурады.

Валентина оюна кандай тамак-аш түшсө ошону жеп-ичкиси келет. Бирок беш-он мүнөттөн кийин кайра кусат. Кайра жейт, кайра кусат. Кусканында түйүнчөктөй түйүлөт. Сөөктөрү бырын-чырын талкаланчудай зыркыраарын айтат. Ичинде ийнеге илээр аш калбай, ичеги-карынынын кырындысы чыккан соң бир топко сулк жатат. Жатканында камгактай жеңил, морт көрүнөт. Бул ооруканаы аялы байырлаган көпчүлүк эркектерге салыштырганда Валентинанын жубайы жапакечтиги, таруудай карасы жок тунуктугу менен аялына болгон сүйүүсүнүн түбөлүктүү экенин айкындады. Анын кыймылында, сөзүндө эч кандай жасалмалуулук же анткордук жок эле. Валентина: «Көздүү чөркө болуп жашабайм» – деп өлүмдү тилеп, зар какшаганы менен эри үчүн Валентинанын көздүү чөркө болсо да маңдайында турганы өзгөчө мааниге ээ экени анын турпатынан туюлуп турчу.

* * *

Улар илим изилдөө институту аталган (оорулуулар кыл көпүрө дечү) Онкологиялык ооруканага коркунучтуу дартка чалдыгып жатаарын ойлобогон. Жашы кыркты чапчып, турмуштун ачуу-таттуусун таразаладым дегени менен кыл көпүрөнүн тутумунда бала бойдон экенин туйду. Аны ооруканада оорусуна барабар түйшөлткөн жагдай ирендерин боз шишик баскан адамдардын үмүтсүз көз караштары эле. Алардын баарын жамандыкка кыйчу эмес. Келип-кеткен айрым бакан ооздордун:

«Мында жаткандардын токсон беш пайызынын суусу түгөнгөн» деген күбүң-шыбыңдарын кулагынын сыртынан өткөрчү. Кызыгың түшкүр, эч качан арыбастай көрүнгөн өмүр аттуу сүлкүлдөгөн жорго минип, гүлбакчаны аралап келатып эле кыл көпүрөнүн босогосуна бир тийди. Босогодон ичкери аттаары менен коомдун талабы сыяктантып, чала сабат, өзүмчүл жетекчилер бурмалай койгон кыйчалыштар, иштин кызыкчылыгын көздөгөн талаш-тартыштар, айлык акы кечеңдеп, өп-чап тойгон күндөр, тууган арасындагы жана үй-бүлөчүлүктөгү боло калчу пикир келишпестиктер, бутка урулган чалмалар, деги койчу, баары ыбырсыган гөрпенделик экенин түшүндү. Врачтар менен болгон ар кыл маектери тынымсыз кагылган коңгуроодой кулагынан кетпеди. Жолдомо менен кыл көпүрөгө жатканында кайрадан кароодон өттү. Бул кароо – тиги дүйнөгө кетчү ача жолдосуң, бейишке жөнөйсүңбү, тозокко түшөсүңбү белгисиз деген таризде эле. Бирок Улар сакаярына ишенчү. Анткени анын сүйүүсү жалпыга ыйгарылгандыктан керт башынын кокую эсинен чыгып, коомдун тутумундагы түйшүктүн чордонунда жүрчү. Жаратылышты денесинин бир мүчөсү катары кабылдачу. Азыр да табияттын кышкы сулуулугун кыялдана көрүү үчүн тышка жөнөгөн.

– Кайда баратасыз, эже? – Биринчи кабаттын чыга беришинен жолуккан бөлүм башчысы Касен Мукамбетов Уларга ынталуу карады.

– Аба жутайын дедим... – Ооруkананын тартибин буздумбу дегендей тартына жооп берди.

– Суукка урунуп албаңыз, – деди Касен, – жакында операция болооруңуз бышык.

– Тез эле келем. – Күрмөсүн кымтылана ыкчам басып, тышка чыкты. Чыгаары менен тоо суусунун шапатасындай жагымдуу аба боюн сергите жеңилдене дем алды. Кыш күчүнө кирип, кар кечээ эле таңдан кечке элене жааганы менен күн үлпүлдөй тийип, короо ичи магдырап, тынч эле. Кардын кан тамыры сыяктанган бир таман таш жолдун четтеринде күрөктүн сыдырындысынан калган кыроолор эзиле куюлган көз жаштай жыбылжый эрип, бучкагын жая баштаптыр. Улар бир таман тоңголок жолдон бурула бала чагындагыдай күрткүгө сүрөткө түшүп, кар тоголоктоп ойноп, бул муңдуу чөлкөмдөн алыс-алыс безгиси келди. Аттиң, бирок бутуна чидер салынгандай ачаланган ийрек жолду таштай албады. Жолдун кайсы ийрегине бурулбасын кыл көпүрөнүн алты имаратынын бирине алып барат. Короодо өзүнөн башка жан жок эле. Ары илкиди. Бери илкиди. Шимшилеген жолбун иттер менен мышыктар да көрүнбөдү. Кар бетинде чымчыктардын тырбыйган издери жатты. Тапочкасынын резина таманы бутун муздата баштады. Ооруканaнын бедирейген терезелери чоочун жана сүрдүү көрүндү. Ошол терезелердин булуң-бурчтарына далдаланган миңдеген көздөр өзүн сынай ка-

рап тургансыды. Алгач ирет көздөрдөн жазганды. Кайда жашынаарын билбегендей ийрек жолдун үзүмүн тыта баскан Улар бүгүнкүсүн же эртеңкисин эмес, өткөнүн ойлогусу келди. Журналистиканы аркалаган адепки жылындагы аткарган бир иши көз алдына тартылып, ууртун жылмаюу аралады. Жылмайган калыбында ооруkананын залкайган каалгасын ачты. «Тозоктун жайлоосундай» сапырылган бул ооруkананын босогосунан баштап, сайсөөктү сыздата сыбызгыган көмүскө ыргактар көңүлдү чөгөрүп жиберчү. Дарылардын ачуу жыты боюна сиңип, сүлдөрүн сүйрөгөн оорулуулар тозоктун отуна эчак куйкаланган сыяктанчу. Улар палатасын көздөй шыпылдай басты.

Мындан он чакты жыл мурда республикалык Жер иштетүү институтундагы агрономдук кызматынан өз өтүнүчү менен бошоп, бала чагынан сугу түшкөн жаштар газетасынан иштей баштаган. Редактор: «Жумушчу жаштардын кечки мектебинин директорунун мыйзамсыз иштери жөнүндө мугалимдерден кат түштү. Ошону тезирээк териштирип кел. Адеп кат менен тааныш», – деп беттери толо жазылган беш баракты сунган. Улар мектепке келип, директорду сураштырса, он биринчи класстын окуучуларынан бүтүрүү экзаменин алып аткан экен. Карпа-курпа кирип барууну ылайык көрбөй эшигин тыкылдатты. Жооп болбоду. Убакытты бекер өткөрүүнү каалабай уруксат сурап, каалганы ачты. Директор конфет соруп, манчыркай отуруптур.

– Дымагың күчтүү го, эшик чертип маданияттуусунуп!.. Келе зачетканды?.. Мүмкүн билет алып, жооп берээрсиң?.. – Улардын саламын этибарга албай кекете булдуруктады.

– Зачеткам жок. Мен...

– Зачеткаң жок эмнеге келдиң? – Уларды сүйлөтпөй конфетин жута бакылдады. – Үч жыл силердин артыңардан салпактаганча, маймылга мурдун чукуганды үйрөтсөм, эмдигиче аренага чыкмак! Акыбетим кайтмак! Өзүңө өзүң балта урдуң! Жаңы окуу жылында кайра ордуңа отурасың! Орто мектеп түгүл, жогорку окуу жайынан бешти бүтсөң да сөөгүң жумушчу боюнча калат! Барагой!

– Ачууланбаңыз Усуп Мамырканович, зачеткам ушул. – Улар кабарчылык күбөлүгүн сунду.

– Келиңиз, келиңиз. – Директор карбаластай тура калып, өзү отурган олчойгон креслону ийиле көрсөттү.

– Мындай эле отурайын. – «Уялбагандан өзүң уял» демекчи, Улар парталардан окчун билеттер жайылган столдун жанындагы орундукка отурду. Директордун пастыгына кыжырданганын билгизбей сөзүн улады. – Бүтүрүү экзаменин берүү үчүн кезекте турган окуучулар менен баарлаштым. «Жыл бою сабак өтүлгөн эмес. Өз алдыбызча даярдандык» дешти. Көпчүлүгү сизди таанбайт экен. Сыягы мугалимдердин редакцияга кат аркылуу билдирген өтүнүчтөрү жүз пайызга туурадай.

– Ой, айланайын, «улук болсоң кичик бол» дегендей азыркы байкабастык менден кетти, – деди креслого төрөпейил отуруп атып. – Ток этээрин айтсам, кол алдымда ойду-тоону оттогон өңчөй арызчылдар иштейт. Баса, жакын отурбадың. Даамдан ооз тий, – иш столунун үстүндөгү конфеттерге көз таштады, – экзамендин шарты, салты ушул. Күндүн ысыгы да акактатып жиберет, мүмкүн боржом ичээрсиз? – Терезеге тизилген бөтөлкөлөргө колун созду.

– Түйшүктөнбөңүз. – Улардын үнү жай чыкканы менен директордун жойпулугуна жипкирди. – Булар окуучулардан өндүрүлгөн го, – деди директорду кыйгай карап.

– Кантип өндүрүлгөн? – Директор Уларды ормоё карап, чукчуңдады. – Мен андайды билбейм, жегич эмесмин! Дасторкон өзүмдүкү!

– Чөнтөгүңүз коромжуга учурабагандыктан, иш столуңуздун үстү той дасторконуна айланып, кымбат баадагы конфеттер үйүлүп-жыйылып жатса керек. Окуучуларды гана эмес, өкмөттү алдайт экенсиз.

– Кандайча алдайм?! Факты жок! – Директор кызара-татара чекчейди.

– Факты жокпу? Жылдап сабак өтпөсөңүз да айлык акыны күндө сабак өткөн мугалимдерден көп алат турбайсызбы. Бухгалтердин колундагы эсеп-кысаптарды көрдүм. Окуучуларыңызды таанybaгандыктан мени он биринчи класска экинчи жыл отургузмай болдуңуз. Кубанычтуумун.

– Ишимдин көптүгүнөн байкабастык кетет. Эми айланайын, экзаменди токтото туруп, ыңгайлуу жерден сүйлөшүп, түшүнүшөлү. – Директор бүжүрөй чебеленди.

– Экзаменди жүйөсүз токтотууга сиздин да, менин да акым жок. – Улар олуттуу айтты.

– Токтотууга эмнеге акым жок? – Директор төш кере менменсиди. – Мектепте мен кожоюнмун! Сизге кыл кондурбайм. Ишти кынтыксыз жана пайдалуу бүтүрөм!.. – Кыйды жылмайды.

– Бүгүнкү «үлгүлүү» иштериңизге мугалимдердин билдирүүсүн кошумчалап, сиз сыяктууларга сабак болсун үчүн газетага жарыялоого туура келет. Коомдун күрөө тамыры болгон жаштарды коргоо милдетибиз. Жакшы калыңыз. – Улар класстан чыкканда далистин баш жагында бешалты мугалим сүйлөшүп туруптур. «Сөзгө келиңиз» – деп кошо баскан директор аларды көргөндө жалт бурулуп, класска кирип кетти. Мугалимдер редактордон: «Директордун кылтагына түшүп, жүз грамм менен арзыбаган тыйынга алданбаган журналисттерден жибериңиз?» – деп өтүнүшүптүр.

– Чындык ким тарапта экен? – деди редактор Улар кабинетине кирээри менен кызыга сурап. Улар бардыгын ийне-жибине чейин айтып берди.

– Директор аксакал киши экен. Жумшак сүйлөшпөй, курчтук кылдым окшойт. – Өкүнгөнүн да жашырбады.

– Сөз жагдайга жараша жүрүптүр. Аксакалдык наркын өзү сакташы зарыл, – деди редактор.

Ушул тапта жумушчу жаштар мектебинин директору кабылдамада отурганын айтып, секретарь кыз кирди.

– Оо, чагылгандай жүрүш жасаптыр. «Тажрыйбасы» мол го, – редактор мыйыгынан жылмайды, – кирсин.

– Саламатсызбы? Саламатсызбы? – Директор саламын үстүккө-босток айтып, үч бүктөлө лыпылдай кирди. Кирээри менен сенсиңби дегендей Уларга кыйгачтай, редакторго жакынсый жебиреди. – Айланайын иним, жаштарга укук берсе төбөгө чапчудай.

– Отуруңуз, Усуп Мамырканович, – деди редактор ордунан козголо орундук жаңсап, – шашпай сүйлөшөлү.

– Ооба, ооба, айланайын, шашпай сүйлөшөлү. Түшүнүшөлү... Малжаныңар аман дегендей, ден соолук жакшыбы? Ишиңер жүрүшүп атабы? Үй-бүлө тынчпы?

– Рахмат, бардыгы өз нугунда, – деди редактор, – кандай жумуш менен келдиңиз?

– Ой, атасынын гөрү, күнү-түнү чарк айланмай, иш чачтан көп. Убакыт таап, өзүңө кайрылдым. Бүгүн жооптуу экзамен алып аттым эле. Ошол тапта...– Уларга карап-карабай кабаарыды.

– Мен кете берейинчи. – Улар ордунан турмакчы болду.

– Чогуу сүйлөшөбүз, – деди редактор.

– Айланайын иним, өзүңө келгем. Эркектерче дегендей... – Директор мулжуңдай кыйпычыктады.

– Иш эркектер үчүн, аялдар үчүн деп бөлүштүрүлгөн эмес. Даражабыз бирдей. Анын үстүнө бул киши жаш болсо да редакциянын ишенимдүү кабарчысы. Сиздин иш «жөндөмдүүлүгүңүздү» көзү менен көргөн соң мугалимдердин билдирүүсү чындык экенин ырастады. Эгер сизди эмгек жамааты ак жеринен күйгүзүп атса комиссия түзөлү. Дыкат текшеришсин. – Редактор директорду суроолуу тиктеди.

– Эми айланайын, өзүңө ишенип келдим. Бир атадан тарап, оң кол менен сол колдой тектешпиз. Кеминдин кулундары ынтымактуубуз. Тээ-э илгертеден ата-бабаларыбыз кыйынчылыктарда бирин бири жамандыкка кыйбаган. Эми кой үстүнө торгой жумурткалап турганда майда-барат үчүн салттуу ынтымагыбыз ыдырабасын. Өркөнү өсчү терең жигит экенсиң, айланайын. – Директор салаваттуу көрүнгүсү келгендей чалкалай бурчуйду.

– Максатыңыз эмне? Ток этээрин айтыңыз? – Редактор жактырбаганын билгизбей жай унчукту.

– Ушул суроонду күтүп аткам, айланайын. – Директордун каректери жылдыздана жайдаңдады. – Жаштайымдан жакшынын баркына жеткен адаммын. Ага-инидей сүйлөшөлү... Атаңды билчүмүн... – Уларга эмне

отурасың дегендей кырданды. Улар анын кырданганын байкабагансыды.

– Туура түшүнүңүз, – деди редактор, – текти козгоп, тууганчылыкты сүрүштүүрүнүн зарылдыгы жок. Эгер педагогикалык майдандагы бүгүнкү катаңызды чындап сезсеңиз мугалимдерден, окуучулардан кечирим сураңыз. Кемчиликтериңизди тез арада жөнгө салыңыз. Коммунисттик партиянын мүчөсү экенсиз. Бийик ишенимди булгабаңыз. Бул кеңешти сизге көптү көрсөңүз да аргасыздан айтуудамын. Ишти колго алсаңыз, өзүмчүл көз жумдуулугуңузду газета бетине жарыялабайбыз. Мындай кечиримдүүлүк сиздин буга чейинки эмгегиңизди жана жашыңызды сыйлаганыбыз. Бирок элге Билим берүү министрлигине кабарчынын жыйынтыгы менен мугалимдердин билдирүү катын жиберүү милдетибиз.

– Ап бали-и, – деди директор жайкактай, – кантсе да Кемин журтунда ыйман бар. Арызчылардан арылсам иш сөзсүз оңолот. Сөзүм сөз. Министрликтеги бакандай орунда көздөй кишим отурат. Бая ошого барсам болмок экен... Жакшы кал, айланайын. – Редакторго балпайган толук манжаларын сунду. Ушундан беш күн өтүп, Улар Билим берүү министрлиги тарабынан директордун иштен бошотулганын укту. Кубанып да, өкүнүп да алды. Өкүнгөнү мамлекет тарабынан элдин эсебине ыйгарылган каражатты кулкунуна куйган жооптуу кызматкерлердин иш орундарынан жылуу-жумшак бошотулганы эле. Кубанганы журналистикадагы дагы бир ишинен арабөк калбай жыйынтык чыкты. Ооба, учурунда чийкидей көрүнгөн ал иштерин азыр канагаттануу менен эстеп, кыл көпүрөнүн кучагында жатканын азга болсо да унутту. Палатанын ичи мурдагыдай эле күлүмчү жытка толуп, Валентина астына жайылган сүлгүгө үздүгө окшуп атты.

* * *

Бул дүйнөнүн айтып бүткүс ажайып касиетине суктанбаган жан жоктур ов! Ымыркай түйүлүп, жетилген уясынан козголуп, жарыкчылыкка көз жараар замат жашап калуу зарылдыгын боолголой, эне сүтүнөн мурда бир грамм аба искейт. Аба жүрөк ритмин жаратылышка туташтырат. Күч жыйнай түшкөн ымыркай адам экенин туйгуза барылдайт. Эс тарткан сайын адамдык баркы менен коомдогу ордун жоготпоо үчүн күрөшөт. Келечекке жол тапкысы келет. Ооба, келечекке жол аччу ыйык күрөштү айрымдар тескери ала салдырат. Андай адамдар өзүн бөтөнчө жаралгандай сезип, коомдон бийик тургусу келет. Керт башынын кызыкчылыгы үчүн үй-бүлөсүн да уйпалаары бышык. Алар Теңир берген бактысын туйбай: «Бактылуу боло элекмин» – деп хандын казынасын

көксөйт. Улар айылдашы Хансулууну да жашаган коомун урматтабай, чөйрөсүнө кайдыгер караган өзүмчүл пенделердин катарына кошчу.

Бир ирет адабий-көркөм журналдан Хансулуунун образына тектеш жазылган аңгемени окуду да, журналды кол сумкасына салып койду. Көп узабай комузчулардын республикалык кароо-конкурсуна кабарчылык иши менен баратып, сейил багынан Хансулууга жолукту. Амандык сурашып, коштошоорунда: «Ушуну окуп койчу?» – деп журналды Хансулууга берди. Хансулуу үйүнө келген соң: «Француз духисинен бешбетер бергени ушул, бечаранын» деген ойдо журналды көңүлсүз барактап отуруп, «Эркек баркы» деген аңгемеге көз жүгүрттү. «Кандай эркек экен, ботом? Барктачуну тааптыр!» – шыңк эте күбүрөндү. Ачуусу да келди. Ал күнү досторунун бири колуна илинбей зериге баштагандыктан аңгемени аргасыздан окумай болду. Тереңдеп окуган сайын аңгемедеги Гүлүмкандын образынан өзүнүн жүрүм-туруму кылыя калып атты. Кылыйган сайын ичи уйгу-туйгуланып, күйүп-бышты. Хансулуу мектепти бүткөндөн бери кандайдыр бир чыгарманы окуп, искусство таанып же табийгаттын кереметине суктанып, адамдарды жана адам экенин баалап таасирленбеген. Курбалдаштарынын ортосундагы ар кандай темадагы талаш-тартыштарды кулагынын сыртынан өткөрчү да баарын билген сыяктанып, көпчүлүк жакка ооп, алакан чапчу. Көркөм адабият боюнча сөз жүрсө: «Жазуучулар карайлагансып кечээки же бүгүнкү тиричиликти жазат. Бул билимсиздик» – деп наалычу. Достору чогулган дасторкон жыйынынын ар бириндe Хансулуу өзүн алардан ар дайым жогору кармачу.

– Эгер мен чыгарма жазсам чыгаан жазуучулардан он эсе жогору жазмакмын,– деди бир ирет. – Аттиң, өңчөй эркектердин түйшүгүнөн жазганга колум жетпейт. – Кабагын чүрүштүрө үшкүрүндү.

– Оо, андай асыл ишти жаратууга убакыт табыш керек. – Хансулуунун сырын билбеген жигит сүрөөгө алды.

– Көргөн-билгендерин жаза бергендерди баалабайм, – Хансулуу колун шилтей көйрөңдөндү, – жазганга жараша мощный роман жазам. Роман гана!

Азыр Хансулуу «мощный романдарын» эсинен чыгарып, өзүмчүл, бекерпоз, эри жалынып өтүнсө да иштегиси келбеген аялдын үй-бүлөдөгү орду, баркы жана анын коомчулукка жасаган мамилеси жөнүндөгү аңгеменин туткунунда калды.

– Ух-хх, макоо, кыздар кызыгып, колтугунда турса селпейген аялына неге көшөкөрлөнөт. – Хансулуу аңгеменин башкы каарманы эркекке итатайы тутула тилденип алды. – Селпектин же меникиндей акылы болсо экен. Эри сүйрөп жүрүп, медшколду бүтүптүр... Академик даражасын алгандай жаржактайт. Дымагы күчтүү найсесептин.

Хансулуу удаасы менен үч уул төрөдү. Уулдары төрөлөөр замат энесине ат көтөргүс сый алып келип атты. Азыр үчөөнүн тең бой тарткан учуру. Хан-

сулуунун күйөөсү Мамбет атадан жалгыз болгондуктанбы, айтор, үй-бүлөсүн карегиндей барктачу. Хансулуу күйөөсүнүн бул урмат-сыйына тубаса тунук акылым менен жеттим деп ойлоп, Мамбетти каалаганындай калчачу. Бактысын төрөдөй төрт эркек көкөлөтүп турганын билчү эмес.

– Өлүксүз! – Хансулуу аңгеменин авторуна, Мамбетке же каармандарга жинденгени белгисиз, журналды босого жакка ыргытып жиберди. Колуна кармата койгон Уларды каргады.

– Кайран өмүрүм, – саамдан соң кыжаалат күбүрөндү, – кор болуп, өтүптүр да...

Урунаарга тоо таппай туталанган Хансулуу жок издегендей бөлмөлөргө силкине кирип-чыгып жүрүп, журналды кайра алды.

«Ичкиликтин кесепетинен кан басымы кескин жогорулаган Гүлүмкан ооруканага жатты. Сатар Гүлүмкан эсине келгенине карабай төртүнчү күнү да түнү менен анын жанында отурду». Аңгеменин кийинки абзацы ушинтип башталыптыр. Бул сүйлөм Хансулуунун куйкасын ого бетер куруштурду. «Эркек аттууларда, айрыкча, менин эримде, көөдөн менен көз жок». – Хансулуу маңдайында бирөө тургансып бакылдады. – «Мен болбосом, менин көкшүнүм бакандай министрликтин каржы бөлүмүн башкарат беле? Жок! Тиги болсо эч нерсеге жарабаган алкаш сетердин өмүрүн тилеп атпайбы. Көкшүндү Мамбет атыктырганымды журт түгүл, алыш-катыштар билбейт. Алкаш Гүлүмкандын бактысы бир эмес, миң качырга жүк тура!» – Журналды кайра ыргытып, креслого шалак отурду.

Хансулуу акыркы модадагы кийимдерди издеп, дүкөндөрдү кыдырганда же шаар четинде досторунун коштоосунда көңүл ачууну каалаганда жалпы автоунааларга түшкүсү келбей кыйналат. Ошентсе да эринин жакасына жармашпайт. Анын мажирөөлүгүн, өзгөчө номердеги машине минчү кызматка эч качан жетпесин гана эскертет.

– Соолгурдуку, жаштык кылып жаңылбаганымда башы тирүү эркектерден тандамакмын! Эми мунум: «Такси чакырып ал» – дейт бүжүрөп! – Ачуусуна чыдабай креслодон ыкчам туруп, бөйрөгүн таяна ары-бери басты да каткырып жиберди. – Баса, мажирөөнү күтүп, кечке үйдөн чыкпай отурчу белем... Кайда барсам эрким, колум-жолум бош. Эй дегенимде баары даяр... – Жайдарылана жымыңдады. Телефондун жанына барып, саал кетенчиктей кайрадан кыжырданды.

– Арам көкшүн, тилимди эчак алып, министр сөрөйүнүн үстүнөн тоголок арыз жазганында анын ордун ээлемек. Эми чүйгүндөп казы-карта бышырып, суутуп, күтүп тургансып, элүүгө чукулдады. Ким чоңойтот муну?! – Өкүрүп-өксүп ыйлагысы келди. Ыйлай албады. Журналды утур ыргытып, канчалык чычаласа да өзүнүн сөзү менен айтканда «үйүндө бутуна илээшип, топураган төрт эркек» өзүнө өзгөчө жакын жана кымбат экенин алгач ирет сезди. Жок жерден жандүйнөсүнө бүлүк

салып, журналды колуна карматкандыгы үчүн Уларды да ачуу тилин агыта бая каргаганындай каргашка дити барбады.

* * *

– Ичегилериңиздин жетимиш пайыздан көбүрөөгүнүн соо жери жоктой. Ийректеринде сууга толгон баштыкчалар арбын. Майда, чоң шишикчелер бар.

«Эмне болсо да карап бүтсө экен» – деп ойлогон Улар кушеткага жабыша онтолоду. Колоноскопия процедурасы оорукчал ичегилер үчүн денеге тикенек сайылгандай ачуу эле.

– Жарым саатта ичегилериңиздин теңин гана көрдүм. Аппаратты дыкаттыкта өйдөлөтө жылдырууга аракеттенүүдөмүн. Чыдай туруңуз. – Хирургдун үнү таасирдүү чыгып атты. – Сөзсүз операция зарыл. Бирок жамандыкты ойлоп, коркпоңуз. Ооруга гана өзгөчө, иштиктүү мамиле жасаңыз. Күн өткөрүп операцияны создуктурсаңыз кеч болуп калат.

– Карап бүттүңүзбү, Владимир Иванович? – деди Улар ичегилеринин ооруганына чыдабай кекечтене сурап.

– Аппаратты дагы мүмкүнчүлүк таап жылдыра албадым. Бүттү. – Врач өзү да эс ала түшкөнсүдү.

– Ооруканага артрит менен жаткам. Сизге Кудайдын буйругу менен көрүнүп калдым. Сиз тапкан бул дарт арыктаганым болбосо, тынчымды көп алчу эмес. Маани да бербегем, – деди Улар.

– Аттиң, ден соолугуңузга кайдыгер карабаганыңызда операция алты ай мурда жасалып, жеңил өтмөк. Калдыксыз сакаймаксыз, – деди хирург мээлейин чечип атып, – артрит эч нерсе эмес. Полиптин азырынча добро качественный экени көрүнүп турат. Операцияны ашып кетсе жыйырма беш, отуз күндөн кечиктирбеңиз. Кечиктирсеңиз зло качественныйга айланат. Андан соң баары бир, жамандыкка гана алып барат. Операциясыз айыктырам деген табыптарга ишенбеңиз. Дарттын жөн-жайын карточкаңызга толук жазып, сизди дарылап аткан палаталык врачка тапшырам. Эгер сунушумду макул тапсаңыз, операцияны башка ооруканалардан эмес, Онкологиялык институттан Касен Мукамбетовго жасатсаңыз натыйжалуу аяктайт. Ал киши ажалдын оозунан жулуп алып, далай адамдарга өмүр берген. Мыкты хирург.

– Сизге чоң рахмат. – Улар Владимир Ивановичке ыраазылыгын билдире коштошту. Лабораториядан палатага келип, ичегилеринин ооруганы басылганда гана полип кандай дарт экенин саресепке сала баштады.

– Кошумча табылган ооруңуз боюнча тынчсызданбаңыз. Анализ толук чыкканда дарттын мүнөзү такталат. Полип чоң эмес. Рентгенден да

көрбөдүкпү. – Палаталык врач Зоя Максимовна эртең мененки кароодо жана андан кийин да ушул сөзүн кайталады.

– Тынчсызданбадым, – деди Улар, – ооруканада убакыт өтпөйт экен. Үйдө же иште таң менен кечтин ортосу өтө кыска.

– Аялзаты үй тиричилигин кызмат менен эриш-аркак алып жүрөбүз, – Зоя Максимовна жайдарылана сүйлөдү, – эр күтүш, бала тарбиялаш да милдетибиз. Ооруканада жатканда жан баккандан башка түйшүк жок. Палатада жалгызсыз. Артритиңизди дарылоону убактылуу кыскарттык. Гастрит жана холестицитиңизди дарылай беребиз. Кан басымыңыз спортсмендикиндей.

– Ошого шүгүрчүлүк, – деди Улар, – артритке көңүл деле бөлбөдүм. Сахнага чыгып, бийлеп аттым беле. Карылыгыма жетээр бутум.

– Айтканыңыз туура. – Зоя Максимовна дилгир жооп берди. – Кезектеги палатага барайын.

Доктор эшикти жабаары менен палатанын ичи деги эле киши кирбегендей тунжурай түштү. Улардын балконго чыккысы келди, бирок оюнан тез айныды. Теребелди туман каптап, бозоруп жаткан. Анын үстүнө коомду өйдө-төмөн өкчөгөн кайра куруунун «шаанилүү» бийик сөздөрү сымал өпкөдөн билинбей өткөн сыдырым оңой жоо эмес эле. Ошондуктан, дагы бир илдетти чакырып алуудан чочуду. Жаздыгын бийиктетe коюп, керебетке жамбаштады. Өзүн терең карычылыкка жетпөөчүдөй сезди. «Эгер карылык карылар үйүндөгүдөй кайгы-муңдуу болсо ага жетүүнүн зарылдыгы жок» – деп ойлоду. О, бир жылы Жер иштетүү институтунун кол кабышын жеткирип, областтык карылар үйүнө барганы, карылардын эс алчу жалпы залында алар менен маектешкени кылт эсине түштү. Карыялардын ар бири көз алдына тартылды. Жаш чактарында бардыгынын коомдо орду, үй-бүлөдө баркы бар экенин өз ооздорунан уккан. Таза жашап, колхоз-совхоздордун, өнөр жай ишканаларынын өсүп-өнүгүшүнө зор салымдарын кошкондоруна ынанган. Аяган.

– Кайсынысын айтайын... Кезегинде республикадагы алдыңкы чарбалардын бири Ленин атындагы колхоздо техника инженери болчумун. Гаражыбыз кардарларды райондук МТСке караганда сапаттуу тейлечи, – деген жашы сексенди таяган Петр Воронцов. – Аймагыбызда колум тийбеген машине, комбайн, тракторлор жок эле. Райондук чоңдордон тарта: «Пётр Воронцович, ушуну карап койсоңуз?» – деп чалдыбары чыккан ар кандай маркадагы машинелерин сүйрөтүп келип, артымдан жүрчү. Ошентип, алтымыш алты жашка чейин иштеп, эл катары эс алууга чыктым. Жашоом бал каймактай былкылдап өтүп аткан. Балдарды жеген-ичкенден өксүтпөй он чакты чочко, каз, өрдөк бактым. Алтымыш тогуз жашымда байбичем ак кан оорусунан каза болду. Байкушум: «Чүрпөлөрүбүздүн мүнөздөрү терс», – деп кеп салып калчу. Көңүлгө түйбөгөм.

– Балдарыңыз чогуу турчу беле? – Улар батынбай сурады.

– Ооба, чогуу турчубуз, – деди Пётр чал үшкүрүнө. – Алты бөлмөлүү чоң үй салгам. Эки баламды тең окуттум. Жогорку билимдүү болушту. Үй-бүлө курушкандан кийин да биз менен жашашты. Азыр уулум врач. Кызым мугалим. – Чал сыймыктана башын көтөрдү. Башын көтөргөнү менен карегине жаш чогулуп, үнү каргылдана чыкты. – Үч неберем бар, мектепте окушат. – Чал карманалбай болкулдап ыйлап жиберди. Жашы заматта сакалынан ылдый куюлуп, эңиштей отургандыктан калчылдаган тизесине төгүлүп атты.

– Балдарыңызды сагынгансыз го, келишээр, – деди Улар чалды соороткусу келип.

Чал ого бетер бүрүшүп, үнүн чыгарбас үчүн эрдин бекем кымтып, шолоктоду.

– Балдары таштап кетиптир, – деди баятадан ооз ачпай отурган абышка кабатырлана сүйлөп.

– Кантип? – Улар чочуп алып, суроосу үчүн бушаймандады.

– Эми бул байкуш сүйлөй албайт, – деди абышка, – билишимче жооп берейин. Балдары: «Ден соолугуңду текшертели» – деп көшөрүп алып, ооруканага жаткырышыптыр. Анан залкайган үйүн малы менен кошо сатып, Орусияга кетип калышыптыр. Азыр баары эле оңой олжо издеп калышпадыбы. Пётр бул үйгө көнбөй атат. Келгенине үч ай болду.

– Ыйлагандан пайда жок, – деди Улар чалга карап, – кайгыра берсеңиз күч-кубатыңыздан тез кайтасыз. Балдарыңыз сизди сызга отургузса аларды неберелериңиз сызга отургузат. Эсенчилик болсо угасыз.

Пётр чал кемселинин чөнтөгүнөн бет аарчысын алып, сүртүнгөнү менен көз жашы ээ-жаа бербей куюла берди.

– Ооруканадан кийин бул үйгө келген турбайсызбы? – деди Улар чалды ыйын токтотоор деген ойдо.

– Түз эле келбедим, – чал чыйралгансыды, – селсаяктын тонун кийгенимди билген соң өз айылыма баргандан намыстанып, ар кайсы айылдарда жан сактадым. Бирөөлөрдүн малын бактым. Дагы биринин чөбүн чаптым дегендей. Кайрымдуулар табагыма аш салып, бош бөлмөсүнүн бир бурчуна жаткырса, айрымдар сарайынан орун берчү. – Чалдын көз жашы токтобогондуктан үнү дирилдей чыгып атты. – Шыпаа болуп айылыбыздын мурдакы башкармасы кезигип калып, ушул үйгө алып келди. Жакшы адам, ахывалымды сурап, келип турат. Эч кимге таарынбайм. Тентиреп калганыма гана ичим ачышат.

– Сен эмес, балдарың тентиреди, – деди абышка, – арыңдын күлү додолонду дейсиңби. Жүрүшкөндүр сандалып. Үйдүн акчасын ичип-жеп түгөтүшкөндүр.

– Сенин кызың деле сонун эмес, – залдын экинчи бурчунда байпак түйүп аткан кемпир сөзгө аралашты, – ушул айылда жашап атып, ак дилинен атакелеп келип, көңүлүңдү көтөргөнгө жарабайт.

– Келип атпайбы, – деди абышка, – бет аарчы менен самын алып келип берген.

– Ооба, ооба келген, – деди кемпир мыскылдай. – Азыр күз ортосу. Жазында келип пенсияңдан «тамеки үчүн» жыйнаган акчаңды алып кетпедиби. Ал чогулган сумманы болжоп, акчага келет. Кайдагы самын...

– Мына бет аарчым. – Абышка көйнөгүнүн төш чөнтөгүнөн эскилиги жеткен бет аарчыны алып чыкты.

– Ал чүпүрөгүңдү жаңы төрөлгөнүңдө ата-энең ыроолосо керек, – деди кемпир. – Көрсөткөнүң көрсөткөн. Мактанганың мактанган.

– Самынчы? – Абышка жалтактай карады кемпирге.

– Самындын кесиндиси де, оңбогон кызың болгону бир бурчун кесип келиптир. – Кемпир колун силкти. – Айтпачы ошол кызыңды. – Уларга карады. – Бул жердегилер бир үй-бүлөдөй болуп калдык. Кыйышпайбыз. Элеңдеп эки жакты карап, кызын күтүп эзилбей көксөсү суусун деп атпаймынбы.

– Эри аракеч, – абышка ыйламсырады, – кызым жумушсуз. Балдары бар. Жаш кезимде жетекчилер мактап койсо колхоздун койлорун бөпөлөп, төлдү арбын алып, чыгашасыз асырап жүрө бериптирмин. Кийинчерээк жакага тооктун уясындай эки бөлмө тамды араң салгам.

– Күйөө балаңыз аракеч болсо да бир жерде иштейби же чарбачылык менен алектенеби? – Улар кулак түрө сурады.

– Кайдагы иш, кайсы чарбачылык, – абышканын ындыны өчө шалпайды, бирок сөзүн улады. – Байбичем жол кырсыгынан каза болгондо колхоздун койлорун өткөрүп бергем. Акырындап жыгач усталыкты кесип тутуп, он чакты тоок, эки-үч кой күтүп, кызым экөөбүз тынч оокат өткөрүп атканбыз. Күйөө сөрөй жыпыңдап жүрүп, кызымдын башын айландырды да үстүбүзгө кирип алды. Казак тараптан ооп келиптир. Эч жерде иштөөчү эмес экен. Документи жок. Дагы эле иштебейт. Эки балалуу болушту. Кантсе да теги эмеспи, касиети колдосун деп улуу жээнимдин атын Абай койгом. Зээндүү болчудай. Күйөө балам жөн жүрбөй устачылыкка зарыл шаймандарымды четинен сатып, кулкунуна куйду. Куружалак калдым. Кызыма айтсам: «Аларыңды бирөөлөрдүкүнө унутуп таштадың» – деп мойнобойт. Үйгө киреше бербеген соң бул жакка келе бердим.

– Келе бердиң, кууп чыгышты, – деди кемпир. – Менин бул үйдү пааналаганыма беш жыл болду. Иван экөөбүз отуз жыл ынтымактуу жашадык. Бала көрбөдүк. Тагдыр ушундай экен. Сенден мурда мен өлсөм деп бири-бирибизди аяп турган чагыбызда жаштайынан куюндап кеткен сиңдим күүшөлгөн буудайдай болуп келип калды. Көп узабай Иван экөө кашкайып туруп, бирин бири сүйөөрүн айтты. Карабет сиңдим кош бойлуумун деп какылдады. Карайлап ушул үйгө келдим. Иван менен сиңдимден башка медерим жок болчу. Бир жыл ыйладым. Ызаландым.

Экинчи жылдан баштап маралдай маңкайып, ушул үйдүн ээси өңдөнүп калдым.

– Сиңдиңиздин мурдакы күйөөлөрүнөн балдары бардыр? – Улар коомайлана сурады.

– «Биринчи ирет курсак көтөрдүм» – деди ал чебич. – Кемпир каш кага кайдыгерленди.

– Бул бир бурчта бүрүшүп жатса сиңдиси керосин чачып, өрттөмөкчү болуптур. Чатак чыкпаса алар менен түтүн булата бермек экен. – Абышка коомайлана сүйлөдү.

– Ошенткен ал шакмар, – деди кемпир кебелбегендей, – анда олбурлуу болчумун. Ички бөлмөдө уйку-соонун ортосунда жаткам. Керосиндин жыты мурдума шак тийди. Көзүмдү ачтым. Ширеңке тарткан жатыптыр. Тура калдым. Ошол көз ирмемде шыйрактан алып, башын жерге чапкым келди. Бирок төрөлө элек баланы аяп, бетине жаба түкүрдүм да эшикти тарс жаап, чыгып кеттим. Тышкы босогодо үч литрлик чакада керосиндин калганы туруптур. Аны ала коюп, дубалга илинген килемге чачып, тигинден жулуп алган ширеңкени чактым. Шоонадай кара түтүн быкшый түшүп, жылтырай оттонду. Кол шилтеп басып кеталбадым. Ички бөлмөгө ыкчам кирип, күзгүгө каранып аткан сиңдимди ийинден аткый тарттым эле, арбак жакалагансып, чочуганын айтпа шакмардын. Сүйрөп, короого алып чыктым. Шакмар жаналакетке түшө жулкунуп, колумдан чыгууга далбастады. «Ай бузуку, ээлик этчү үйүңдүн кантип өрттөнгөнүн көрүп тур», – деп ажаткананын жанындагы дөңгөчкө лык отургузуп койдум. Эмнеге экенин билбейм, күлкүм келди. Күлүп аттым. Керектүү буюм-тайымдарымды мурда эле чемоданга салып, тоокканага катып койгом. Аны алып, короодон чыгып баратсам, чөп оргонго кеткен Иван келди. «Шакмарың мени өрттөйм деди. Мен үйдү өрттөдүм. Сенин мастыгың менен күрөшкөн кайран жаштыгым. Качан киши элең?» – дедим да баса бердим. Кетип баратып, терезенин жылчыктарынан түтүн чыга баштаганын көрдүм. Соолгурдуку, экөөбүз тең лесхоздо иштегендиктен үйдү жыгачтан салдык эле.

– Сактап калышыптырбы? – деди Улар.

– Балээниби. Сүйүшкөндөр алапайларын таппай чака, чайнектеп суу чачып безеленишиптир. Өстөн да алыс. Коңшулар жардамдашыптыр. Ошентсе да үй бурчумга келбей өрттөнүптүр. – Кемпир камыга улутунду.

– Аларды аяйсызбы? – Улар таң калгандай сурады.

– Пенде эмесминби, кээде кайда самсып жүрүшөт деп эстейм.

– Алар сени эстейт дейсиңби, – деди бая сырттан кирип, босого жактагы орундукка көчүк баскан байбиче. – Акыркы насиптерибиз ушул үйдө экен. Менин келгениме жетинчи жыл. Жети жыл мурда алты карып элек. Көбөйүп баратабыз. Учурунда ой укмуш дедиртип, кыздардан чыккан чабандардын бири болчумун. Догдурлар суук тийгенден дешти, айтор,

буту-колум какшай ооруп жүрүп, минтип чойроюп калганда келиндин кемсинткенинен кудай сактасын деп бул үйгө каалоом менен келдим. Өзүңдүн балдарың барбы, балам? – Байбиче Уларга чукул кайрылды.

– Бар, – деди Улар жылмая, – бакчага барышат.

– Адам экенин билип, абийирдүү эс тартышсын. Абийирден өткөн байлык жок.

Ушул тапта бардыгынын каректери жашка чайылып, жүздөрү муңдуу эле.

– Учурунда коом жүгүн көтөргөн алп эмгегиңиздер үчүн рахмат, – деди Улар маектештери менен коштошо. – Кайсы жерде, кайсы ыкмада болсо да жарыкчылыкта жашоо бакыт. Сиздердин колуңуздарда да бакыт турат. Эсен болуңуздар.

Маектештери Уларды тышкы чоң дарбазага чейин узата басышкан.

«Байкуштардын азыркы ахывалдары кандай болду экен, – деп ойлоду Улар, – балдары кайрылдыбы же...»

Эшик аяр ачылып, бөлүм башчысы Мукамбетов кирди. Улар кереbеттен тура калды.

– Жата бериңиз, – деди доктор илбериңки, – анализдериңиздин жыйынтыгы жакшы чыгыптыр. Ошону айтмакка кайрылдым.

– Рахмат! – Улардын каректери учкундана түштү.

– Касен Мукутович, – уктап жаткансыган Валентинанын үнү талаптуу чыкты, – менин качан өлөөрүмдү айтыңызчы?

– Качан жакшы болооруңузду айталам. – Касен адатынча ынанымдуу, жай сүйлөдү. – Ооруңуз өтүшүп кеткендиктен операцияга чейин ахывалыңыз өтө оор эле. Баш көтөрүп отурмак тургай сүйлөй алчу эмессиз, туурабы? Азыр Кудайга шүгүр, кризистен чыктыңыз. Күчүңүзгө акырындап толосуз.

– Демек, үмүт бар экен да... – Валентина докторду жылуу карады.

– Үмүт эмес, ишеним бар. Көзү ачыктарга алданып жүрө бергендиктен көбүрөөк кыйналып калдыңыз.

– Касен Мукутович, – Айнек кире сала быдылдап жиберди, – кабылдамаңызда эки адам чыдамсыз күтүп атат.

– Сизге ишембиде операция жасайбыз. – Мукамбетов Уларга кайрылды. – Шишик доброкачественный экен. Терс ойлорду мээңизден күбүңүз.

* * *

Сырттан жароокерлене кирген Валентинанын эжеси Галя менен жайлоонун абасы кошо киргенсип, палатанын ичи тазара түштү.

– Кудайдан шыпаа болгону жүзүңөрдөн көрүнүп турат, гүлдөрүм! – Көңүлдүү сүйлөп атты. – Чара-чара пельмен түйүп, этти сөөгү эзилгенче

кайнатып, бир апталык тамак-аш даярдаганча убакыт чендетпей өтүп, кеч келдим, берекем! – Колундагы олчойгон баштыктарын бурчка таштай коюп, сиңдисине жетип, чекесинен өптү. Кайрылып Уларга колун сунуп мулуңдады. Улар ахывалы дурус экенин туйгуза Галянын манжаларын секин кысып, керебеттеги төшөнчүлөрүн оңдоду да далиске чыкты. Кудай жалгап далис ээн экен. Көнүмүшүндөй буйтка булуңчадагы кууш терезенин түбүнө барды да эс ала түштү. Оорулуулардын кайгы-касиреттери менен өз ахвалы жүрөгүн ооруткада ушул терезенин түбүнө келет. Анализдеринин негизинде медициналык илимий тастыктоолордун жыйынтыгын күтүп, кыл көпүрөдө жатканына сегиз күн болгон. Сегиз күндө сексен жылдык азап-тозокту тартты. Мээсин тыныктырган бул кууш терезеден жашынмак ойногонсуган ийреңдеген ичке, чукул жолдорду, автоунаалар өткөн чоң жолдун үзүмүн, өйдө-төмөн кадамдаган түмөн адамдарды көрөт. Көргөнүнө канагаттанат. Чоң жолдун астындагы майда үйлөр тараптан музыка угулду. Музыка автоунаалардын моторунун жаңырыгынан үздүк-создук угулса да, көңүлүн көтөрдү. Кайсы бир жылы айылдан келген агасы айтып берген окуяга жуурулуша түштү. Кайра куруу, жаңылануу, адам фактору дегендердин барк-баасы, талаптары көкөлөп турган учур эле. «Улуу тоого шаты салынат экен» деген кабар түшкү чайдан кийин айыл ичин мөндүрдөй сабап жибериптир.

– Акыркы жылдары түшкө кирбеген нерселерди баштан өткөрүп атпайбызбы, болсо болоор.

– СССРди кулайт деп эч ким ойлогон эмес! Кулады!

– Кулаганга чейин СССРдин кемчилигин чукуп, сындачу белек? Жок! Эми андай эле, мындай эле деп иштей албай атып, тилибизден чаң чыгат, – дешиптир айылдыктар.

Чакан жыйындын ошол күнкү чукул чакырылышынын «орчундуу» себеби бар экен. Жаңы шайланган Айыл өкмөтүнүн башчысы: «Чарбанын чамгарагын көтөрчү иштермандардын толук кандуу иштешине керектүү шарттарды түздүк» – деп райондук жетекчилерге ооз көптүрө билдирет. Түзүлгөн шартты көрүү үчүн райондук жана областтык жетекчиликтен өкүлдөр келмек болот. Айыл өкмөтүнүн башчысы аларга «бүтүргөн» кайсы ишин көрсөтөөрүн билбей таң атканча чабалактайт. Эртең менен Ботаалы карыя эсине түшөт.

– Тфуу-у! – Кудуңдаган ал ыргып туруп, кеңсени көздөй жөнөйт.

Ботаалы улан чагынан мергенчи атка конуптур. Жаңыдан бут шилтеп баса баштаган наристе кезинде коломтодогу корду апчып алып, чокко күйгөн сол колунун манжалары алаканын көздөй бүгүлүп калат. Ошол себептен согушка алынбаптыр. Айылдаштары айткандай Теңир ал кишини оорчулукта бел болсун деп атайын айылга калтырса керек. Мергенчи өзү эскергендей жокчулуктун кысымы-

нан мээлегенин качырбаган кыл мерген чыгып, колуна тийгенин үлөштүрүп, согуш жылдарында айылдаштарын ачарчылыктан арачалаган. Жеңиш келгенде мергенчилигин таштап, башкарманын чабарманы болуп жүрдү. Улгайганында элди ынтымакка чакырып, данакер ата аталып, баркына барк кошулду. Союз таркаганда айылдыктар жаш, таза дешип, Айыл өкмөт башчылыгына мектептин директорун шайлашкан. Айыл өкмөтүнүн ошол жаңы башчысы эми өзүн даңктаар мезгил келгенине кубанды. Кубанычы койнуна батпай кеңсени көздөй ашыгып баратты. Кеңсеге жетээри менен айылдык депутаттар менен үйлөрү кеңсеге жакын үч адамды чогултту да опол тоодой байлык берүүчү олуттуу иштин натыйжасын түшүндүрүүгө киришти.

– Жаңы чарбанын чачпагын көтөрүүчү негизги ишти унутуп коюптурбуз,– деп күпүлдөй сөзүн улап атты. –Ботокемдин жакшылыгын убагында баарыңар көргөнсүңөр. Ал кишини эстен чыгарып, саал пенделик кылыптырбыз. Мен го жашмын. Силерчи?.. Бирок кеч эмес. Бул чогулушта ушул маселени талкуулайбыз!

Отургандар сөз төркүнүн аңдай албай дымырады. Жаш жетекчи өзүн иштиктүү кармап, көтөрүңкү маанайда сүйлөп атты.

– Ботокемдин: «Согуш учурунда борчуктан-борчукка секирип, куюлушкан шагылдарды күтүрөтө басып, чуркаганымда жапжаңы чарыгым колго илинбей калчу. Тайтуякка жетпегем. Эми Кудайга шүгүр, бардыгы бар» – деп айтканы ар дайым эсимде. Өксүктү толтурчу учур келди. Аңчынын иштешине шарт түзөлү.

– Кандай шарт? – депутат Үсөн мыйыгынан жылмая кирпигин ирмегиледи. – Туш-тарабы кыбыла дегендей балдары жакшы чыкты, кашында. Каалаганын ичип-жеп, Бакайдай барк күтүп, төрүндө отурат.

– Иштөө шартын айтам. – Өкмөттүн үнү өкүм чыкты.– Биздин данакер атабыз урмат-сыйда бакыват жашаганын билбейт, көрбөйт бекемин?! Депутаттар, өзүңөрдөн башканы ойлобойсуңар!

– Сөздү ала качып, маанисин бурба! Мектептин окуучулары эмеспиз. Ой калчап, ишке ашчу жүйөнү айт! – Үсөн ачуулана кызалаңдады.

– Депутат катары сен түшүнбөсөң башкалар түшүнөт. Президентибиз эмгекчилерге шарт түзгүлө деп какшап атпайбы. Ал кишинин идеясына кимиңер каршысыңар? – Күпүлдөй сүйлөп, отургандарды сыдыра тиктеди.

– Ал киши аңчылыкка чыкпайт го... – Эсепчи мурдунан күңкүлдөсө да, оюн айтты.

– Чыгат! – Өкмөт бурк этти. – Али тың! Мурдагыдай аскадан аскага, жардан жарга секирбейт! Аркар, кулжа мекендеген зоого шаты менен чыгат! Шатыны болоттон жасайбыз! Колуна четтин тапанчасын

беребиз. Мерчемдүү жерге жеткенде каалагандарын четинен ата берет. Картайган чагында аңчылыктын кумарына батып, сөөгү агарсын!

– Ой тобоо-о, – деди профсоюздук комитеттин төрагасы үнү калтырай, – кийинки өсүштөр укмуш болду. Биринен кызыгыбыз таркай электе экинчиси чыгат. Бул сунушту жараткан сиз да укмуш экенсиз. – Айыл өкмөтүнө таңдана карады да, сөзүн улантты. – Аскага илинген болот шатыга сексенден өткөн чоң атабыз чыгаары менен кайып болуп кетпесе экен. Шумдугуң кургур, бул шаты чындыгында керектүүбү же сизди эркиңизге койбой кайберендин этин сагынган жогорку кайра куруучулардын оюнубу?

– Жаштыгыңа карабай тапан көрүнөсүң! Оң кетээр десем жылма сүйлөп, төбөгө чыктың. Ыргып кетпе! – Айыл өкмөтү профсоюздун төрагасын оозуңду бас дегендей теше тиктеди. – Уктуңарбы, – деди анан жалпы кайрылып, – жомоктонтуп жобурабай сөздү кыскарткыла! Эмне тапшырсам ошону аткарганды билгиле. Талаада жаткан кызмат жок!

– Биздин пикирибизди кулагына илбеген соң неге чакырат? Кеттик, – деди экинчи депутат ордунан тура жөнөп.

Бул жаңылыкты уккан мурдакы башкарма: «Ботокем ордун басчу мергенчи даярдабаганы абийир болуптур. Тоо жаныбарларынын кыгы жерге түшмөк эмес тура» – деп тобо келтире жылмайган экен.

* * *

Улар палатасына кирип, керебетине көчүк басаары менен өксүп ыйлагысы келди. Себеби Валентина менен болгон кечээки кечки маеги кулагынын үшүн алды.

– Бизге окшоп ичегисинен шишик алдыргандар кыл көпүрөдөн чыгаар замат майыптык китепчесине ээ болот экен, – деген Валентина кышылдай сүйлөп.

Терезе жактагы кыйчылдак орундукта отуруп, тор түйүп аткан эжеси Уларды жымырыла карап алып, унчукпаган.

– Бул ооруканада жаткандан кийин бардыгын күтүүгө болот. – Улар ичи ачыша, бирок токтоо сүйлөгөн. – Майыптык өмүрдү чектебейт. Биз ушул күнгө чейин даң салып жашадык. Тубаса майыптар канча. Кемсинүүнүн зарылдыгы жок. Коомдо баарыбыздын өз ордубуз бар. Ата Журт тегиз, тең!

– Биз түрткүнчүк, сүйкүмсүз майып болобуз. Андан көрө өлгөн жакшы, – деген Валентина.

– Тантыраба, ичегиңди бүт алып таштап, заңыңды чыгарыш үчүн капталыңды тешип, банка байлаган жок. Андай мүшкүлдү да көрүп атпайбызбы. Сакаясың, оор жумуш гана жасаба дебедиби врач.

– Врач алдап атат, – Валентина көшөрдү, – кечээ эле коңшу палатадагы эркек каза таппадыбы. Аны да: «Жакшы болдуң. Төрт-беш күндөн кийин үйүңө кетесиң. Үч айдан соң келип, текшерилип кет» дешкен тура.

– Шайыр жигит болчу, – деди Улар ыңгайсыздана, – далисте келатсам алдымдан тосо: «Мага перидей эки эм кыз келди! Экөөнү эки колтугума кысып, эркелетем! Бактылуумун!» – дейт жалжалактап. Жактырбай басып кеткем. Байкуш, көрсө ошол күнү үйүнөн кат алыптыр. «Эгиз кыздуу болуптур. Жерге батпай сүйүнүп жүрөт», – деп палаталаштары айтты. Ага жасаган мамилемден уялдым. Издеп жолугуп: «Кыздарыңдын бешик боосу бек болсун», – деп куттуктап, эм деген сөздүн маанисин түшүнбөгөндүгүм үчүн кечирим сурадым. «Рахмат, эжеке, жакында кыздарыма учурашам», – деп жетине албай кубанган.

– Кубаныч-кайгысы ичине кетти шордуунун. – Галянын түрпөтүнөн жигитти эле эмес, жанындагы экөөнү да аяганы көрүнүп турду.

– Уктайлычы, – деди Валентина үшкүрүнө.

– Менин да кирпиктерим жабышып турат. – Улар сол жамбашына оодарылып, дубалды карап бүк түштү.

– Бүгүн онунчу палатадагы бош керебетти ээлей турайын, – деди Галя Валентинага жүз буруп, – азырынча керегим жок го, жарыгым. Кайра-кайра келе берээрим бышык.

– Барагой, – деди Валентина.

– Жарыкты өчүрө кетиңизчи? – деди Улар. Дилинде караңгылыкты, ээндикти эңседи. – Терезеден түшкөн шоола жетет, – деп кошумчалап койду. Ою чачкынды болуп, кайсы топтогу майып болоорун элестетип атты.

* * *

Түндүн бир оокумуна чейин жакшылык-жамандыктын ортосунда уктай албай чайналганы менен таң ата сергек ойгонду Улар. Валентина да ойгоо экен. Саламдашып, ал-жай сурашкан соң жуунмакка душка кетти. Душ менен ажаткананын тазаланбаганына иренжип келатып, тамыры куураган көчөттөй илдиреген аялды эри ооруканага жаткырганы ээрчитип келгенин көрдү. Оорулууларды кабыл алуучу бөлмөнүн эшигин жалпалактай ачкан эри аялды киргизе салып, жылт койгондо Улардын денеси дүркүрөдү. Палатасына отургусу келбей, сүлгү, самынын таштап, кайра далиске чыкты.

– Кокуй, жыгылып каламбы деп коркпой жалгыз кантип келдиңиз? Кийимдериңизди ким алып кетет? Ооруканага жатаарыңызды үй-бүлөңүзгө айттыңыз беле? – деп Айнек суроо үстүнө суроо узатып, эме-

леки аялды онунчу палатага киргизип баратты. Эрдин бекем кымтыган аял эки жагын алактай карап, эрин издеди. Улар нууш терезелүү бурчуна барып тыгылды. Шаар ичин туман каптагандыктан көчө кыймылы илең-салаң көрүндү. Илээшкен боз туманды карап туруп, жарык дүйнөнүн тозогу – рак дарты деген тыянакка келди. Тозоктун казанында дагы канча кайнаарын болжой албай каңырыгы түтөдү. Сүлдөрү калган адамдардын көз жашына батташкансыган далистин комсоолугу денесин бирде терге чылап, бирде күбүргө түрткөндөй муздатып атты. Жүрөгү кысыла үлп-үлп сокту. «Колумдан эмне келет? Эч нерсе...» – Улар кыл көпүрөдөгү даамдаштарынын жансоогалаган көз караштарынын алдында чабал экенине, аларга да, өзүнө да жардам beralбаганына кейиди. Туман акырындап суюлуп, жолдун астындагы белгилүү окуу жайынын имаратынын бир бурчу шоолалана көрүндү. Улардын аталаш эжеси ушул окуу жайында кафедра башчысы болуп иштейт. Жашы элүүгө чукулдаганы менен басыгы жеңил, денеси ийилчээк, кызыл жүздүү аял. Үч күн мурда келип кеткен. Ошол күнү Улар бир литр бор ичип, рентгенине түшүп, күрөө тамырынан кан тапшырып келип, кроватына жаңы эле кыйшайган. Каалга чертилди.

– Да, – деди Валентина.

– Ай-иий, палатаңарда бүкшүгөн жыт бар экен! Капырай... – Аял каалганы жаппастан бакылдады. – Желдетип туруш керек!

– Келиңиз, келиңиз, – Улар керебетинен шашыла турду.

– Сенин бул жерде жатканыңды күйөө баладан уккам, – деди аял Ударды бетинен өпкөн болуп. – Иштин көптүгүнөн күндө келип турганга чолоо жок. Азыр да студенттерге тапшырма бере салып, чым койдум. Деги оңолуп атасыңбы? – Уларды төнө тиктеди.

– Жакшымын. – Улар жылмая жооп берди.

– Ии-ии, жакшы бол, жакшы бол, – деди аял башын ийкегилей, – бир далай арыктаптырсың...

– Отуруңуз. – Улар терезенин түбүндөгү орундукту аялга жакын тартты.

– О, жок! – Аял кескин чочуду. – Убакыт тар! – Колундагы сумкасынан чакан сүлгүгө оролгон айнек банканы алып, керебеттин жанындагы тумбочкага коё салды. – Пельмен! Оорукананын тамагын оозго алышка жарабастыр... Ошентип уккам. Ресторанга заказ берип түйдүрдүм!

– Рахмат, бекер убараланыптырсыз, – деди Улар. – Тамак-аш жетиштүү. Туура түшүнүп, кайра ала кетиңиз? – Ичинен: «Кескин айтып, таарынтып алдым го?!» – деп өкүндү.

– Эмне дейсиң, тамак иче албайсыңбы?!. – Аял жапакечтенгендей элтеңдеди. – Догдурлар ахывалыңды билеби? Жашырба...

– Тамактын бардык түрлөрүн жакшы сиңирем. Догдурдар чек койгон эмес. Ишениңиз, болгону тамак арбын, муздаткычка да, курсакка да батпайт.

– Операция жасашабы? – деди аял олуттуу түр көрсөтүп.

– Жакында жасашат. – Улар жоош унчукту.

– Оорунун канчалык деңгээлде зыяндуу экени ошондон кийин билинет тура... Кой, кетейин, – деди аял саатын жүлжүйө карап, – убактым тар.

– Пельменди калтырсаңыз да сүлгүңүздү унутпаңыз, эжеке. – Банкага оролгон сүлгүнү алып бермей болду.

– Жок, жок, – аял кабагын чытый безилдеди, – тим кой, көтөрүп жүрөмбү, мейманга барам.

– Оордугу жок го, –деди Улар көзүн алайта.

– Ушул ооруканадан ошону алып чыкмак белем! – Аял дилиндегини айтып жиберди.

– Буюм сиздики. – Улардын кашы серпиле түштү.

– Иштен колум тийбейт, келалбасам таарынба, – деди чоюштай.

– Таарынбайм, – Улар эжесин узата басты, – эсенчилик болсо көрүшчү күндөр көп.

– Ооба, ооба, – деди аял, – тилегибиз сонун, бирок эч ким түбөлүктүү эмес...

– Жакшы барыңыз. – Улар эжесин биринчи кабатка чейин узатууну ойлосо да палатадан чыгаар замат тык токтоду.

– Кош! – Аял Уларды карап-карабай шыпылдай басып кетти.

– Мунун сага кандай жакындыгы бар? – Улар каалганы жабаары менен сурады Валентина.

– Аталаш эжем.

– Мен кыргызча сүйлөй албаганым менен баарын түшүнөм, – деди Валентина. – Бул шайтандын ичинде быгып жаткан чириги оозун ачелекте жыттанат экен. Сүлгүсүн алса биздин оорубуз бир жерине жабыша калчудай чочуду. Коргонду.

– Ошенттиби? – Улар Валентинага күнөөлүүдөй карады.

– Ошентти. Түшкөн кирпигиңден айлансын!

– Келбей койсо болмок.

– Эмнеге келбейт, келип узун сабак кеп чогултуп кетти. Сиңдим рак менен ооруп, онкологиялык ооруканада өзүнө окшогон өлөсөлүү бирөө менен бир палатада жатат деп «ыйлактай» бадырап, тааныган-таанытбагандарына «боорукердигин» далилдейт.

– Далилин мезгил көрсөтөөр. Ушак негизги кесиби экенин мурда үстүртөдөн билчүмүн. – Улар керебетине чыканактай жатты. Гезит сатып алууга чыккан Галя келди.

Улар элпек туруп, эжеси алып келген пельменди алып: «Казан, казан аш жеген эки итим бар» – деп калган тамак-аштарды чогултуп алчу санитарга жөнөдү.

* * *

– Ие, Уларым, сураштырып жүрүп араң таппадымбы... – Үн кулагынын түбүнөн чыкты. Кылчак караса жетинчи палатадагы Жибек апа экен. – Көчүк басаар жери жок бул оюкта эмне турасың? – деди ал киши.

– Жөн-жай эле, көчөнү карап...– Улар улуу кишиге издеткендиги үчүн жана жеке мүшкүлү жалпыга туюлуп калгандай тайсалдады. – Эмнеге издедиңиз? – Апаны көңүлдүү кароого аракеттенди.

– Аа–а, алдыңа, эрмектешейин дедим...– Апа муңайым күлүмсүрөдү.

– Ошол элеби? – Улардын санаасы тына: – Кайсы палатага баралы? – деди дилгирлене.

– Муздаткычтар коюлган бөлмөдө тепейген эки-үч орундук турат. Көрүп сүйүнүп кеттим. Сыркоолордон башыңды көп ооруткан менмин, – деди жазгактай.

– Агадил сүйлөшкөндөн чер жазылат. Мен да жалгызсырап турдум эле. – Экөө катарлаш басты.

– Бул ооруканага экинчи ирет жатышым, – деди Жибек апа муздаткычтар бөлмөсүнө кирип, отурушаар замат.– Анда да соёбуз дешкенде кетип калгам. Эми да соёбуз дешет. Макул болдум эле, кайра айнып турам.

– Эмнеге айныдыңыз? – Улар ынтаалуу сурады.

– Сойгондорунан кийин жеңилирээктери үч-төрт күн, оорураактары он беш-жыйырма күн төшөктөрүнөн турбай атышпайбы. Догдурлар: «Палатага чыкканыңызда жаныңызда сөзсүз жакындарыңыздын бири болсун» – дешти. Антип кирпигимди карап, саргарып отурганга ким түтөт. Жатындаш эже-сиңдим жок.

– Уул-келиндерим шаарда дебедиңиз беле?

– Шаарда, – Жибек апа тайсалдады, – ушул эле шаарда. – Бышыктай сүйлөдү. – Эки уулум тең таңдан кечке жумушта. Келиндерим балдары менен алек. Чалым тирүү болсо неберелерине көз салып турмак... – Апа мөлт эткен жашын бирөө көрүп, эликтечүдөй манжалары менен сүртүп жиберди.

– Уулдарыңыздын келгенин көрүп жүрөм, – деди Улар, – ыймандуу, жакшы адамдар. Сизди өздөрү кезектешип карайт.

– Куу кекиртек ичип-жейт, уулдарыма шерменде болбоймунбу.

– Уулдар өзүңүздүкү. Алардан уялгандай элдин мүлкүн уурдап алып, баш калкалап жаткан жоксуз. Келиндериңиз деле балдарын алгоолошуп карайт.

– Ай, ким билет, экөө тең балдарына кароо. Анын үстүнө: «Заңды убактылуу капталыңыздан түтүкчө аркылуу чыгарышыбыз мүмкүн», – дешти. Эл ичинде мурдакыдай жүралбасам жашаганым курусун. Балдарды да бөөдө чабылтып-чачылтпай сойдурбай өлгөнүм жакшы, туу-

рабы? – Жибек апанын үнү кардыга, бирок ажалга моюн сунгандай чыкты.

– Бул жыйынтыгыңыз туура эмес. – Улар көңүл улоонун зарылдыгы жок экенин ойлоду. – Эгер балдарыңызга операция керектигин айтпай ооруканадан чыгып кетсеңиз, алар сизди эч качан кечирбейт. Кудай алдында күнөөлүү болосуз.

– Аа-аа, алдыңа... – Жибек апа манжаларын тынымсыз кырсылдатты. – Мени баккыла деп союлуп жатканча мурдагыдай күч бербесем да күнүм бүткөнчө балдарымдын Ата конушуна жандуу кулпу болуп бергеним артык. – Жибек апанын денесинин калтыраганы кабаттай кийген халат күрмөсүнүн тизесинен саал бүлкүлдөй жылышканынан байкалды.

– Врачтар: «Операция жасатпасаңыз алты ай жашайсыз» – дешти дедиңиз, туурабы? Эгер операция жасатсаңыз балдарыңыздын Ата конушуна алты ай эмес, алты жыл же андан көп жылдарга жандуу кулпу болуп бересиз. Неберелериңиз бой тартат. Алардын улам бирин Ата конушунан күтөсүз. Ошондуктан операция жасатыңыз.

– Ошентейинби? – Жибек апа Уларга арсарсый карады.

– Бөлмөнү бошоткула, жууйм, – деди каалганы булка ачып, суу толтурган чака менен шыпыргы көтөрүп кирген аял. – «Күндө туусам күндө жок, күндө жылан жеп коёт» дегендей күндө мизилдетем. Күндө шатала. – Сүйлөнүп атып босогодо жаткан мүшөктүн кесиндисин алды. – Берген айлык акылары алакан ысытпайт.

– О, кең дүйнө...– Жибек апа башын ийкегилей үшкүрүнө турду.

Улар палатасына кирсе Галя Валентинаны тамактандырып атыптыр.

– Тамагыңар таттуу болсун! – деди да тамактана электигин эстеди. Бирок тамактанууга табити тартпай керебетине чалкалай жатты. Санаасы бул ирет да ооруканадагы туздаштары үчүн сапырылды. Күүгүм коюуланып, жылдыздар көрүнө баштады.

– Азаматым. – Галя тамакты оюндагыдай жеген сиңдисинин чекесинен кубана өөп, идиштерин жуумакка ашканага кетти. Валентина унчукпастан уйкуга баш койду.

Улар шалкайып жата бергенден тажап, чалкайган асман бетинен жылдыздарды эркинче көрмөккө тышка жөнөдү. Асман ачык эле. Корпустун эшигин ачаары менен бадырайган жылдыздар тосуп тургандай жымыңдады. Рак оорусу түшүнө кирбегендей сергий түштү. Оң тарабындагы үйүлгөн кардын түбүнө кубулжуган кара «Волга» жыбылжый токтоду. «Волгадан» олчойгон термос көтөрүп, Жибек апанын кичүү уулу чыкты. Көкүрөгүндө: «Апа, сөзсүз, операция жасатат» деген ишеним пайда болду. Толкунданган Улар корпустардын биринен экинчисине жеткен бир таман, чолок жолдордун тутумунда басып жүрүп, оромпой тээп ойногон балалыгына беттеше түштү. Балалык курагында оор жоготуу менен кайгы болоору акыл-сезимине жуушпаган. Ошентсе да 1953-жылдын мартын-

да эсейе түшкөнсүгөн. Себеби Советтер Союзундагы адам баласынын атасы, жашоо-тиричиликтин булагы аталган И. В. Сталин көз жумду. Айылдыктар жер титирегендей бозорду. Ыйлабаган, эртеңки жашообуз кантет деп санааркабаган киши калбады. Ал турмак мектептин каардуу директору баш болуп, мустайган мугалимдер да бышактаган. Жаш-кары дебей тынчсызданган. Айылдын чок ортосундагы зым карагайга илинген радиону телмире тиктешип, Москванын берүүлөрүн жүрөксүй тыңшашкан. Так ошол күнү аба чыкыроондоп, муздак жамгыр лепилдете себелеген. Жамгыр басылаары менен айылды, тоо-талааны бууранын даакысындай илээшкен туман каптаган. Көздөрү кызарган мектеп окуучуларынын карууларына да кызыл кыюуланган кара чүпөрөктөрдү байлашкан. Кечээ эле ыр сабагында:

«Сталин өз атабыз,
Эркин өсүп жатабыз!» –

деп ырдашпады беле. Ажалдан өткөн кара бет күч жоктугун ошондо алгач сезген. Келечекте мугалим болом деген тилеги Сталин менен кошо кеткенсиген. Бирок Сталинди жерге берүү менен жашоо токтободу. Адамдар уйкудан чочуп ойгонгондой көргөн түштөрүн жакшылыкка жорушуп, айланкөчөк ата жаз менен жарышты. Улар огороддун кырка четине тал отургузган атасына жардамдашты. Үйлөрүнүн көчө тарабындагы этектей жерге эки түп өрүк тигишти. Мектептин терезе-айнектерин жуушуп, спорт аянтчасын тартипке келтиришти. Күн сайын тиричиликтин улам жаңысы, керектүүсү пайда болуп, жашоо бутактанып, түрдөнүп, тамырлай берди. «Желин айрылып сүт чыгып, Жер жарылып чөп чыгып» жаз гүлүн чача уюп турду. Ошондой болсо да коомдун колкосумун деген жетекчилердин арасындагы «бармак басты, көз кыстылык» салттуу түрдө жең ичинде ойноктоду.

– Ой, Темике! – бригадир Жакып таң ата көчө жактан кыйкырды.

– Баратам. – Улардын атасы Темир күрмөсүн шаша кийип атып, үн салды.

– Буудай чабыгынан адатынча үрүл-бүрүлдө кайтат деп кечээ сага кайрылбадым. – Бригадир бакылдай сүйлөдү. – Азыр чабарманды күтпөй өзүм келдим. Ал бечара жумушуна башкарма менен тең чоң шашкеде чыгат эмеспи.

– Эсенчиликпи, анчалык неге ашыктыңыз? – деди Темир.

– Эсенчилик, эсенчилик, – деди бригадир, – сени район бүгүндөн калбай келсин дептир. Кыязы, мыкты чарбакер катары сыйлайт го. Тике биринчи секретарга кирет экенсиң.

– Кичи Тайпактагы дандын түш жарымдык чабыгы калган. Ошону бүтүрүп, Кургак-Саздагы жүгөрүгө өтмөкмүн. Жумуш кычаган учурда чакырыгын токтото турбайбы. Сыйына ыраазы элем.

– Ээ, Темике, биздин колдон эмне келет, – бригадир үргүлөгөн атынын жалын сылады, – ушул байкуш экөөбүз бири-бирибизди аяганыбыз

менен телпеңдегенибиз телпеңдеген. Айт десе айтмай. Бас десе басмай. Өткөндө областтын чоңу: «Жамаат боюнча эмгектик көрсөткүчү мыкты. Ушул кишидей иштесеңер коммунизм эчак курулмак» – деп күпүлдөдү. Акыйкат айтты деп кубандык. «Социалисттик Эмгектин Баатырлыгына сунуштайбыз. Керектүү кагаздарын бергиле» – дешти. Бере салдык. Анан эмгектик көрсөткүчү сеникинен төмөн ак-камыштык Ысак кетпедиби. Эмнеге мындай десек: «Силер документтерди убагында тапшырбагандыктан, баатырдыкты колдон чыгарбайлы дедик» дешпедиби, кашкайып туруп. Ушул туура жооппу? Башкарманы бучкактап жүрүп, документтерди мөөнөтүнөн он күн мурда жеткиргенбиз. «Бардыгы туура» – дешкен.

– Жаке, ал иш өттү, кетти, – деди Темир, – эч кимге таарынбайм. Ден соолук барда иштегенден артык ырахат жок.

– Ой, алардын алдамчылыгы күйгүзүп атпайбы, – деди Жакып тутала-на. – Баатырлыкка жок дегенде сага теңтайлашты өткөрүшсө бир жөн.

– Буйтактата беришсе баатырлыктын деле баркы кетет, – деди Темир. – Районго түштөн кийин жүгөрүгө өтөөрдө барайын. Кежирдигимден сизге сөз тийбесин.

– Ошент, Темике, ошент. Жакшы адам кекчил болбойт. Эмнеге чакырышканын өзүңдөн угаарбыз. – Жакып атынын башын буруп, темине жөнөдү.

Ошол ирет Темирге сый көрсөтүшүп, Москвадагы Бүткүл Союздук айыл чарба көргөзмөсүнө жибермей болушуптур. Бул жаңылыкты укканда Темирдин эле үй-бүлөсү эмес, бүтүндөй айыл кубанган.

– Биздин төбөбүз да көрүнсүн журтчулукка!

– Колхоздун жумушун Темирдей жанын сабап бүтүргөндөр чанда.

– Трактирге рахмат айткыла,– деп жаркылдап жүрүп, – алакандай ала калтырбай жерди тегиз айдайт. Чагымда кериле жатып, кенен уктабайт.

– Данды комбайн менен коромжусуз оргонун айт. Агарып-көгөрчү жөнү бар.

– Обулус бир сындырды. Чоңдордун чаргытмайын кечирбеске чара жок, – деп атышты айыл калкы.

* * *

Темир жолго чыгаар күнү алардыкына башкарма келди. Айылдаштарынын бири кирсе, бири чыгып, дасторкон жыйылбай бапырап атышкан. Башкарма чай ичип отуруп, областта алдыңкы чарбалардын катарына кошулганын көтөрүлө айтты.

– Сиздин иштермандык баркыңызды Темир агадай күжүрмөндөр көкөлөтүп атпайбы, – деди жаштар бригадасынын жетекчиси Жолчу.

– Ие, силер да карап турбагыла, – деди башкарма, – негизги күчсүңөр. Кашар качан бүтөт? Кыш босогодо!

– Кайсы кашар? – деди Жолчу.

– Кайсы, кайсы?.. Ичке-Суудагы! – Башкарманын жүзүнөн аксымдыгы кылыйды.

– Ичке-Суудагыны төрт күн мурда бүткөнбүз, – деди Жолчу. – Азыр Башат-Төрдөбүз. Орун басарыңыз сизге айтам деген.

– Сатыбалды илең-салаң ооруп жүрөт. Иштин көптүгүнөн айрым маселелерди бутташтырып да алабыз. О чунак, – жайдаңдай күлүмсүрөдү, – өзүң деле айтып койбойсуңбу.

– Сизди издегенге чолоо тийбейт. Азыр районго цементке баратам. Темир аганы куттуктай өтөйүн деп кайрылдым.

– Ырас, ырас, – деди башкарма өзүн өзү кубаттай, – эми эсиме түшпөдүбү. Сатыбалды экөөбүз экинчи кашарды бүткөнүңөрдө силер үчүн оюн-зоок уюштуралы дегенбиз.

– Эмгек акыбызды берсеңиздер оюн-зоокту өзүбүз маштайбыз. – Жолчу башкарманы суроолуу тиктеди.

– Беребиз, беребиз. – Башкарма тынчсыздангандай колундагы бош чыныны дасторкондун четине койду. Темирге карады.

– Даярдыгың толук бүттүбү же жетпегени барбы ?

– Бардыгы жетиштүү, толук, – деди Темир.

– Алыска жол тартканда жанында тыйындын көбүрөөк болгону абзел. – Темирдин коңшусу Чулу көңүлүндөгүнү айтты.

– Канча акча керек? – Башкарма иштиктүү сурады. – Кассадан алдырып берем.

– Ыраазымын, – деди Темир, – ага-тууган менен айылдаштарым капчыгымды кампайтты. Кассадагы акча жаштар бригадасына керектир. Кыш кылычын сунганча кашарларды бүтүрүшүп, үй-бүлөлөрүн да камсыздандырышсын.

– Бакыйган он алты республиканын жүрөгү Москвага баратасың, – деди башкарма Темирдин жаштар бригадасы жана үй-бүлөлөрү деген сөздөрүн кулагынын сыртынан өткөрө бажактап. – Москвага дүйнөнүн булуң-бурчунан улуктар топтолот. Маданияттуу шаар. Алдагы калпагыңды кийип барасыңбы? – Темирдин үстү-башын тинте карады.

– Ооба, – деди Темир.

– Ботом, калпак кийсе маданияттуу шаарга киргизбей коёбу? – Төрдө отурган байбиче башкармага кыңайды.

– Азыр шляпа киет, шляпа! – Башкарма үнүн кырааттанта, көтөрүңкү чыгарды. – Калпак эски доордун кийими! Темирди узатканча райондун борборундагы башкы складдан меники сыяктуу шляпа сатып берем.

– Шляпа издеп убараланбагыла, – деди Темир, – калпакты жактырышпаса Москвага деле барбайм.

– Сени чоң жерде корунбай басып-турсун дегеним. Өзүң бил! – Башкарма кабагын үйрө кыртыштады.

– Эмнеге корунат? Корунгандай Кыргызстанды тузга отургузуптурбу.

– Калпакты жеригенибиз – ата-бабаларыбызды жеригенибиз, – дешип отургандар кужулдаша түшүп, Темирге ак жол каалап, бата беришти.

Темир ал сапарынан көңүлдүү кайтты. Москванын коздугун, тазалыгын, элинин кичипейилдигин жактырды. Айыл чарба көргөзмөсүндөгү ар бир республиканын эмгекчилери жараткан кирешелүү байлыктарга суктанды. Москвалыктардын жана чет мамлекеттерден келген меймандардын калпакка кызыга карашып: «Колубузга алып көргөнгө улуксат бересизби?» – дешип суранышканын сыймыктана айтты. Ал тургай алар Темирдин калпагын кийип, сүрөткө түшүшүптүр. «Аттиң, эмнеге калпакты чанабыз?» – деп өкүнүп да атты.

Азыр Улар атасы айткан ошол элестерге ачык асман алдында аралашып, көңүлү көтөрүлө сергектенди. Ошол эле замат мээсине: «Мен ата-энемди жоготкондой балдарым мени жоготот» – деген ой жабыша калды да оозу ачыла сестенди. Балдарын аядыбы же эрте өлүмдөн корктубу, ажырымдай албады. Чыйрыкканын сезди. «Палата тыштан суук» – деди оюнда. «Мага эмне болду...» Өзүн теске сала чыйрала түштү. Түн тереңдеп, көчө кыймылы сээлдеп калган. О дүйнө менен бул дүйнөнүн таразасы сыяктанган ооруkананын каалгасын аргасыз ачты.

Таң менен кыл көпүрөнүн кыйыктарында демейки буурул тиричилик жанданып, оорулуулар бүгүн бармын дегендей палаталарынан чыга баштаты. Жаздыктан башын көтөралбай, далис көз кайкыткан алыскыалыскы мейкиндиктей сезилип, бүрүшүп-чүрүшүп солуп жаткандары канча. Ушул маалда Каракол шаарынан он беш жашар өспүрүмдү агалары көтөрүп келди. Анын көрүнүшүнө дит багып карай албады Улар.

– Териси сөөгүнө жабышып калыптыр. Тирүү экени жылтыраган көзүнөн эле билинет.

– Оозуна тамызган сууну жуталбайт экен.

– Жергиликтүү ооруканада дарыланыптыр. Догдурлар: «Мал болуудан калды. Борборго сүйрөп чарпылбагыла» – дешсе болбой алып келишиптир. Биздин Касен: «Токтоосуз операция жасайм» – дептир. Каракoлдон эки ирет операция беришиптир. Ай, ким билет...– дешип кыл көпүрөдөгүлөр өспүрүмдүн таржымалы менен өз тагдырларын таразалап атышкансыды. Баланын энеси Кудай менен Касенге жалынып, асман-жердин ортосунда чырылдады.

Касен балага төрт саат операция жасады. Төрт сааттын жыйынтыгын кыл көпүрөдөгүлөр кулак түрө күттү. Баланын энеси операция бөлүмүнүн каалгасынын түбүндө аягы менен тик турду. Балдарынын, медициналык кызматкерлердин: «Тышка чыгып, аба жутканча ары-бери басып келиңиз» – деген сунушун четке какты.

Касен операция жасап бүтүп, каалганы ачаары менен энеге беттеше түштү.

– Уулуңуздун өмүрү сакталды, – деди чарчаганы турпатынан сезиле, – операция таза, жакшы аякталды.

Эне чөгөлөй калып, Касендин бутун кучактай, ыйлап жиберди.

– Коюңуз эжеке, кантесиз... – Ыңгайсызданган Касен эненин колун тизелеринен чыгарып, колтугунан сүйөй тургузду. – Шамалдай тез отурдуңуз. Кармай калууга үлгүрбөдүм.

Эне ыйлап да, догдурду алкап да атты.

– Уулуңуздун ичегилеринин алтымыш сантиметри полип жараатынан чирип, ал жерден суу да өтпөй калыптыр. Кесип таштап, таза ичегилерин кайра жалгаштырдык. Мурдакы операцияларынын биринде сокур ичегисин алыптыр. Булардан тышкары мөөндүн уч жагындагы шишик тамырлап баратыптыр. Кабатырланбаңыз, уулуңуз азыр реанимацияда. Үч күндөн кийин палатага чыгат. Үйүңүздөргө бара бериңиздер. – Касен кабинетин көздөй басты.

Эне докторго жалына берди.

* * *

Улар жолдомо менен онкологиялык ооруканага жатканы келгенде оорусуна тиешелүү ушул бөлүмдүн кабылдамасына кирген. Кабылдамада жашоодон үмүт үзгөн үчөө отуруптур. Кабыл алып аткан доктор аларга кайсы врач дарылаарын айтып, жатчу палаталарына алып барууну Айнекке тапшырды. Андан соң, эски таанышындай Уларга жылуу карап, карточкасын барактай дарттын чоо-жайы менен таанышты.

– Сизди өзүм кароого алып, операцияны да өзүм жасайын, макулсузбу? – деди.

– Макулмун. – Улар кылчактабай жооп берди. Дилинде Владимир Иванович айткан Мукамбетовго көздөшүүнү каалаганы менен ыраңы жылуу доктордун сунушун кайтаргысы келбеди.

– Анда сүйлөштүк, – деди доктор. – Бирок кайрадан анализ алып, оорунун мүнөзүн илимий негизде тактайбыз. Ошондон кийин гана операция качан жасалаарын айтабыз. Азыр сизди Айнек бешинчи палатага алып барат. Эки керебеттик палата. Бир эле оорулуу жатат.

– Рахмат, өзүм эле бара берейин. – Улар бейтааныш жолго чыкчудай эшик жакты жүрөксүй карады.

– Мейлиңиз, – деди доктор. Ушул тапта Айнек кирди.

– Ушул бөлүмдө Касен Мукамбетов деген мыкты хирург бар дешкен. Ал киши азыр кайда? – Палатага келатышканда Айнектен сурады.

– Эми эле сүйлөшүп чыкпадыңызбы, – деди Айнек бүлкүлдөй күлүп, – кайра баралыбы? – Токтой калды.

– Жок, жок... – Уялганынан Улардын бети чымырай ысыды. – Тааныбайт элем. Укканым боюнча сурадым. Жөнөкөй, жылдыздуу адам тура.

– Билими күчтүү, – деди Айнек кадамын шилтей, – өлөт деген нечендер Касен Мукутовичтин колунан тирилген. Бул киши өзүнүн камкордугуна алып, бактыңыз бар экен. Жолуңуз болот.

– Айтканыңыз келсин! – Улар Кудай берди болуп, көздөгөн докторуна туш келгенине толкунданды.

Улар ооруканага эки жылдык эмгек отпускасына чыгаары менен жаткан. Кызматташтары кайсы бир эс алуу жайында же жайлоодо чардап жүрөт деп атышкандыр. Ооруканага түнөгөн бешинчи түнү гана оорулуулардын тиричилигине көнгөндөй тынч уктады. Түш да көрдү. Түшүндө кара топурактуу айдың талаада келатыптыр. Келатып тык токтойт. Себеби жолунда жезден жасалган сөйкө, шакектер чачылып жатыптыр. Эч ойлонбой туруп, алардан кочушуна чогултуп алат. Кайра булардын кереги не деген ойдо бирөөнү тандап алып, калгандарын орду-ордуларына коёт. Тандап алган шакеги деле начар экен. Начар болсо да аты жогуна салып, кайра чыгарып атып, колунан түшүрүп жиберет. Шакек тоголонуп барып, чуңкурга түшөт. Эңкейип караса чуңкурча эмес, төрт бурчтуу тик жар экен. Шакек чөптүн жардагы тамырына илиниптир. Жардын түп жагы чексиз түздүк сыяктанат. Улар шакекти алуу үчүн ылдый түшүүгө ниеттенип, чыканактарын жардын кырына ыкчына коюп, бутуна таканчык таппай салаңдап турду. Түпкүрдөгү түздүктөн каалгый баскан караандар көрүндү. Улар: «Жакшылык кылып, шакегимди алып бергилечи?» – деп эки-үч курдай өтүнсө да эч кимиси кайрылбады, көңүл бөлбөдү. Аздан соң шакеги көрүнбөй, өзүнөн өзү жардан чыгып, мелмилдеген талаада кетип баратты. Бирөө колуна кызыл шурудан көркөм жасалган чачпакты карматты.

Эртең менен ойгоноор замат күндөгүсүндөй далистин аягындагы душка барып жуунууга ашыкпады. Уктаган сымал мемиреп жатып энесинин: «Өмүр да наристе сымал эркелеткенди, бакканды талап кылат» деген сөзүн эстеди. «Кудай менен эне бир мезгилде – башка күн тутулганда эске түшөт тура, – деди ичинен. – Ага чейин экөө тең ыйманга жараша, алыстан, жакындан да шам сыяктуу бирде өчүп, бирде күйүп тургансыйт. Бул эки күчтү баалаган адам эч качан кор болбосо керек». Керебетинен тураарында кайсы бир палатадан кан какшай чыккан үн кулагын жарды. Тургусу, далиске чыккысы келбей керебетине кайра жабышты. Адатынча көңүлүн көтөрөөр жакшы окуялардан эстегиси келди. Негедир Сарайчынын оо дүйнө кетээринде балдарынан сураган өтүнүчү кайта-кайта жадына келе берди. Анда тестиер чагы болчу. Жайдын толуп турган учуру эле. Чоң энеси экөө эшигинин алдындагы жаңгактын түбүндө талкандык арпанын ташын терип отурушкан.

– Ботом, жаныңар жай алганын көрбөйм. Тарамыштай таралып эле атасыңар! – Керкашка обочодон эле сүйлөнүп келатты. Зайыптын өз аты ким экенин, эмне үчүн Керкашка аталганын жаштар ыпым билчү эмес.

– Он эки мүчө барында жамбаштап жатуу чекилик, – деди Шааке байбиче Керкашка чукул келгенде.

– О кокуй, эмнеси чекилик? Жамбаштап жатуунун сөөлөтүнө не жетсин! Сарайчынын балдары тепкедей үйүнүн ичин үч көтөрүштү. Тим эле ачкачылыктан кырылып атышкансыйт, укмушуң кургур. – Керкашка Шааке байбиченин колтугуна жалп отурду.

– Бирөөнүн үй-бүлөсүнүн аркы-беркисин көкөлөтө сапырган апыртмаң калбады. Токтолсоң боло. – Байбиченин үнүнөн сөздү узарткысы келбегени туюлду.

– Ий-ий, жеңе! Күйгүзбөгүлөчү, апыртманы билбейм! Көргөнүмдү айтам. – Керкашка күйүгө сүйлөдү. – Бул дүйнөнүн жыргалына кекиртегинен батып, татпаган даамы, көрбөгөн жери калбай, сексенди серпип жашаса да Сарайчы өлгүсү келбей, чабалактап атпайбы.

– Ал байкуш райондун борборунан алыс чыккан эмес, – деди Шааке. – Согуш башталганда жашы кыркты аралаган киши эле. Нечен азап-тозокторду көрдүк. Сарайчыны эркек деп, ит өлчү оор жумуштарга жумшашчу. Улуу баласы согушка кетип, окко учту.

– Айланайын жеңе-е, алар убагында болгон дечи. – Керкашка моюн бербеди. – Сарайчы жалаңкыч менен кармашып атып, жөөлүдүбү же ач көздүгү кармадыбы, айтор, бир маалда: «Гезит... Гезит...» – деди көзүн акшыңдата кышылдап. Куурагырдын калган сөздөрүн жан түшүнбөдү. Какап-чакап атпадыбы. «Ата, кайсы гезит?» – деп бухгалтер уулу үстүнө үзүлүп түштү. Кантсе да эсепчи эмеспи, түгөт. «Оролгон гезит... Ваа-ай, эми силер... Кайдан...» – деп онтолой булдуруктап, эси оол калды. Балдары кайрадан үйлөрүнүн ичин үч көтөрдү. Оролгон гезит табылбады. Эки баласынын тең көздөрү ач карышкырдыкындай кызарып, бири-биринен озо антаңдашат.

– Көр оозунда жаткан атасына сураганын таап беришке жанбүлөгө түшүшкөндүр, анын эмнеси жаман? – деди байбиче суз сүйлөп.

– О коку-ууй, – Керкашка арт жагына кылчая эрдиндеги асмайын шалп түкүрдү, – көп жашаганыңар менен туюк турбайсыңарбы! Балдары гезитти эмес, ага оролгон алтынды издеп атышат, катыгүн! Кимиси мурда тапса, алтын ошонуку болоорун билишет, жексурлар!

– Кайдагы алтын? – Шааке кыжаалаттанды. – Сарайчы байкуш эгилген дандай берекесин элге чаччу. Уулдары да ыймандуу. Баса, отура берсең алтындын бир үзүмү сага тиймек.

– Ачкүсөндөр үзүмү түгүл кыпынын карматабы! – Аял силкине бултуңдады. – Сарайчы коркутуп атат дешкенинен киргем. Мен үчүн беш-

бармак жасап, чабылды дейсиңерби! Азыр деле барам! Алтынын табышкандыр эмдигиче.

– Барагой, – деди байбиче.

Ушул тапта жогортон чуу чыкты. Шааке байбиче ката түштү.

Сарайчы издеткен гезит дубалга илинген күзгүнүн артында эле чүпүрөккө оролуп жатыптыр. Гезитке Сарайчынын атасы өлгөндө партиянын райондук комитетинин биринчи секретары менен колхоздун башкармасынын: «Ак-Булак колхозунун мыкты дыйканы Сарайчыга атасы Сейитказынын дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу аза кайгысын тең бөлүшөт» деген көңүл айтуу басылыптыр.

* * *

Элетте 1970-жылдарга чейин туулган күндү белгилөө калктын жашоотиричилигине сиңбеген. Маани да берилбеген. Улардын аталаш агасы борбордо жашап, кайсы бир чоң кызматта иштейт дешчү.

– Ой, бул баягы бешикте жаткан күлкүчү кызыңарбы? Сулуу болгон тура, – деди чоң кызматтагы агасынын тай сойдуруп кетмекке тууганчылап барган аялы.

– Кудай пендем десе акыл-эс берсин. Сулуу деле эмес. – Улардын энеси абысын келинине ойлуу карады.

– Көз тиет деп чочуп атасыңар го. – Келин шаңкылдай сүйлөдү. – Мен эки уул төрөбөдүмбү, эгер кыздуу болсом төбөмө көтөрмөкмүн.

– Эки уул аз. Шаардыктар бала багуунун күнүмдүк түйшүгүнөн качып, чек коё баштады. Бул жагдай айылга да тарайбы деп чочуйм. Жок дегенде эми бирди төрөп ал, балким, кыз болоор, – деди Улардын энеси.

– Ой-ииий, жеңе, ушул тапта казандай курсак көтөрсөм, кайниңер качып кетпейби... – Келин кытылдай күлдү. – Өзүм да иштен калам. Бир адамдын тапканы бүтүндөй үй-бүлөгө жетпейт. Андан көрө кызыңарды мага кошуп бергиле. Жайкы каникулун текке кетирбей шаар көрсүн. Мен да кыздуу болгонсуп калайын.

– Кызыма мыкты окусаң, мыкты иштейсиң деп көп эскертем. Кудай өмүр берсе шаарды көрөөр. – Энеси көңүл кош жооп берди. Ошол эле замат кызынын жүзүндөгү кубанычты байкап. – Бараар-коёрун өзүнөн сурайлы, – деди.

– Кана Улар, чыныңды айт. Барасыңбы шаарга? – Жеңеси шаштыра күлүңдөдү.

– Барам. – Улар дилгир айтты да ата-энесинен уруксат сурай электигин ойлоп, жалтактады.

– Барагой, – деди энеси, – Кудайга тобо, ортон колдой үч уулубуз үйжай күтүп, очор-бачар канаттары жайылып отурат. Атасы: «Балдарга

жаштайынан өйдө-төмөндү үйрөтө жүргөн жакшы» – деп калат. Демек, барышына каршы болбойт. Анын үстүнө Улар көкүрөк күчүгү эмеспи, эркинче өстү.

Ошентип, Улар жеңеси менен шаарга келген. Агасынын квартирасы үч кабат үйдүн экинчи кабатында экен. Шаар жана кабат үйлөрдү көрбөгөн Уларга бардыгы жомоктогудай туюлган. Агасынын квартирасынан кинодогудай телевизорду, телефонду көргөн. Агасынын улуу баласы Мырза экинчи классты бүтүптүр. Кичүүсү Эдилхан үч жашта экен.

– Сен он үчтөгү чоң кызсың. Бүгүндөн баштап бөбөктөрүңө баш-көз бол. Биздин жумуш эрте башталат. Агаң да, мен да балдарды тейлегенге үлгүрбөйбүз. Эдилханды бала бакчага эртең мененки жети жарымда жеткиресиң. Кечкисин жетиде кайра аласың. Бакча бир эле көчө алыс. Анан көрсөтөм. Мырзаны ойнотуп, убагында тамактандырасың. Кыскасы, күндө эмне иш бүтүрөөрүңдү кагазга жазып, колуңа карматып турам. Үй тиричилигиндеги жумушчубуз эс алганга кеткен, – деди жеңеси.

Ошол жайдын каникулу Улардын эсинен кетпей калды. Үй оокатынын ыбырсыган түйшүгүнө түткөнү менен Мырзанын тээжиктиги жанына батчу. «Тиги дура менин кепкамды таппай атат. Тобум ошол үчүн жарылды. Бышырган сүтүнүн даамы жок. Ичпейм!» деген сыяктуу дооматтарын айтып, мамасына телефон чала берчү. Мамасы кызматтан келээри менен уулунун айткандарын териштирип, мебелдердин уңкул-чуңкулдарына сөөмөйүн жорголото кандай тазаланганын текшерчү. Астана тактайды жыланаяк басып көрүп: «Таманга жабышып атат, чала жулуптур» – деп чакчарылчу.

– Ата-энеме кетем, – деп ыйлады Улар бир ирет.

– Бырыңдаба! Ресторандын муздаткычындагы тайдын этин азыр барып бышыртып, чүйгүн закускалар менен үйгө жеткиртем. Ашпозчулар келип, жетишпегендерин даярдап, дасторконду шөкөттөйт. Кечинде кадырлуу меймандар келет. Агаңдын юбилейи. Меймандар келгенден кеткенче балдарды чуулдатпай ойнотуп туруш милдетиң.

– Юбилей деген эмне? – Улар ыйын токтото өзүнө тааныш эмес сөздүн маанисин билгиси келди.

– Аа, байкуш... – Жеңеси эликтей каткырды.– Мырза айткандай эле дөдөй турбайсыңбы! Бүгүн агаңдын туулган күнү. Кырк, элүү дегендей тоголок жашка толсо юбилей дейт.

– Туулган күндү белгилейби?

– О, келесоо, булар малканада жашайт го! Биз үй-бүлөбүздө баарыбыздын туулган күндөрүбүздү белгилейбиз. Сыйлаша билген татыктууларды меймангa чакырабыз. Алар белек берет. Мырза менен Эдикандын достору кичине болгондуктан ата-энелери менен келет. Мисалы, апаң айткан, сен он үчтөсүң, туурабы?

– Туура.

– Кайсы ай, кайсы күнү туулгансың?
– Билбейм.
– Э, ботом, туулгандыгың тууралуу күбөлүгүң барбы?
– Аны да билбейм. Эч кимден сураган эмесмин.
– Болуптур эми, дөдөш, – деди түшүндүргөндөн тажагандай. – Өткөн туулган күндөрүң үчүн юбилейден кийин сени майрамдатам. Пейилим кенен, шаарды, музейлерди көрсөтөм. Бүгүн айткандарымдын баарын кынтыксыз жаса. Уктуңбу? Убадам – убада.
– Уктум, уктум! – Улар ченебей сүйүндү.
Жеңесинин убадасына ишенип, тапшырмаларын чарк айлана бүткөрүп жүрдү. Юбилей үч күн катары менен өттү. Белекке белчесинен батып, чөнтөгү толгон жеңеси: «Музей жабык экен, шаар аралатам» – деп Уларды ээрчитип, дүкөндөрдүн бирине келди.
– Бул аттуу-баштуулар из салган маанилүү дүкөн, – деди кирип баратышканда көкүрөгүн кере, – сатуучуларына эмес, деректирине барабыз.
Алар кабинетине баш бакканда ордунан тура калган директор: «Тоюңуздар кут болсун! Үйүңүздөргө кут толсун!» – деп өңтөлөңдөй утурлап, жепилдей куттуктады.
– Айтканың келсин! – Жеңеси анын үстү-башын сынай карады.
– Чарчагансыз го, эс алыңыз? – Директор илбериңки өтүндү.
– Эсим ооду... – Чоё сүйлөп, ыпта жактагы жумшак орундукка үшкүрүнө отурду. – Агаңдын юбилейин өткөрөм деп чабылдым...
– Жакшылыктын түйшүгү жан жыргатат, – директор «жеңекесинин» көздөгөнүн жана келгендеги максатын тап жылдырбай баамдаган сезимталдыгына ыраазы эле. Болбосо «агасынын» юбилейи жөнүндө каңшаар да уккан эмес. Чоңдор кол алдындагыларды, кызматы кичинелерди шааншөкөттөрүнө чакырбасын жакшы билчү. Алардын кимиси болбосо да үй-бүлөсүнөн бирөө тойго чейин же тойдон кийин кайрылаарын өздөштүрүп бүткөн. Ошондуктан, бардыгына: «Тоюңар кут болсун!» – деп жайкактап кол сунчу.
– Ал кишиге белек камдагам, – деди директор, – барууга эки көзүм төрт болду, чолоом тийбеди... – Шашпай кыймылдап, иш столуна чукул коюлган тумбочкадан эркектин суусар тебетейин сууруп чыкты.
– Дурус экен, – жеңеси колун созо тебетейди шап алды, – чак келбесе алмаштырасың.
– Турган иш, тикмечи аял кыйбас досум. – Директор жагалдана жылмайды. – Белекке арналган өздүк буюмдарымды жаныма койбосом, жакшы билесиз, мурда өтүгүн майрык баскандар азыр «сабаттуу»... Ай-буйга келбей дүкөндүн ичин тытып жиберишет. «Жакшылыкка жакшылык», байкемден аянбайм.
– Албетте, байкең жөтөлбөгөндө өмүрүң өткөнчө ооруканаңын боткосун бышырмаксың. Сыйлуу чөйрөгө аралашуу түшүңө да кирмек эмес... – Жеңеси маашырлана кыткылыктады.

Директор мыкты делинген кийимдердин улам бирин «куржунунан» сууруп чыгып, сүлкүлдөтө кармап, жеңесине кийгизип атты. Акыры жеңеси өлчөмү туура келбесе да баасы кымбат көйнөктү тандады. Директор көйнөктү байкоостон көрсөтүп алып, ичи ачышканын билгизбей жайдаңдады. Көйнөктү «байкесинен» кызматы чоңдорго сактаган эле.

– Канча таштайын? – Жеңеси кол сумкасын ачып, тарсайган булгаары капчыгын кармалады.

– Коюңуз! – Директор чочуган сыяктанды. – Булар менин белектерим. Чоң кызга да ырым этейин. Биринчи көрүп атам. – Бурчтагы шкафтан илинүү турган татына көйнөктү алып чыкты. – Назик чырайыңды ого бетер ажарлантат, жагабы?

Баятан эки аялды алмай-телмей карап, босого тарапта турган Улардын бети алоолоно башын ийкеди.

– Буларга акт жазаарсың... – Жеңеси кыйды жылмайды да «белектер» салынган баштыктарды деректирге көтөртүп, дагдаңдай басты. Тышта зериккенден уйкусу келген агасынын шопуру машинесин айланчыктай, күтүп туруптур. Үйүнө келгенден кийин: «Көрдүңбү, биздей иштермандарды эл багат, силерди ким багат?» – деп Уларга заңкылдады да ага берген көйнөктү: «Сага жарашпайт» – деп сандыгына тыкшырды.

Ушундан үч күн өтүп Уларды: «Адам кылып, көзүңдү ачтык. Эми атаэнеңе барагой» – деп автобуска салып жиберди. Анткени үй жумушчусу Венера бир ай алгылыктуу иш издештирип жүрүп, жолу болбой кайра келген эле. Улар ошондон кийин ал туугандарын көргөн жок. Алар да тай сойдуруп кеткен боюнча айылга барбады. Улар орто мектепти бүткөн соң айыл чарба институтунан окуп, агрономдук кесипке ээ болду. Жер кыртышын изилдөө илимий институтунан эмгек жолун баштады. «Эки тизгин, бир чылбырды» колуна алып, басма сөз жаатында да жөндөмүн сынады. Өзү азил-чыны аралаш айткандай, республикада Улардын изи түшүп, колу тийбеген жер кыртышы калбады. «Даамдуу нан жеш үчүн тандырды тиктебей, жерди баккыла. Тойгузгула», – дечү дыйкандарга жер иштетүүнүн жол-жобосун түшүндүргөн сайын.

Агрономдун жүрөгүн ондогон гектар жерлерге суу жетпей кайракы жатканы өйүтчү. Мелмилдеген талаалар бүрдөйт, гүлдөйт элек деп арманын айтып, ыйлап айткандай туюлчу. Съезддерде, областтык, райондук жыйындарда: «Жерибиз сууга мол болгону менен пайдаланууну билбейбиз. Натыйжада жүздөгөн гектар жерлер кайракы жатат. Аларга көңүл бөлүп, суу чыгарууңуздарды өтүнөм?» – деп какшачу. Жетекчилер: «Өтүнүчүңүздү колдойбуз!» – деп алакан чабуулардын астында көпчүлүктү күбө тутуп, салтанаттуу берген убадаларын отурган жерлерине калтырышчу. Ырас, айрым кайракы жерлерге суу жеткенде маңдайы жаркып, кубанган күндөрү да болду. Демилгени Улар көтөрүп, аны ишке ашырууну да Улар аркалаганы менен сыйы, урма-

ты чоңдорго ыйгарылчу. Бирок бул жагдай агрономду түйшөлтчү эмес. Элге пайдалуу жагын биринчи планга койчу. Сүйүнчү.

Оо, бир жылдары жаз менен кошо Кызыл-Суу районуна барган Улар көпчүлүктүн ортосунда ыңгайсыздана дымыган. Күздү күздөй чапкылап жүрүп, райондогу Кум-Бел айылынын жыйырма гектар кайрак жерине суу чыгарткан эле. Суу жүргөн каналдын атын кумбелдиктер Улар канал аташыптыр.

– Сиздерге ыраазымын! – деген саамдан соң толкунданган Улар. – Каналды жеке өзүм эмес, силер менен мамлекеттин колдоосунда бүтүргөм. Эгер ат коюуну кааласаңар Биримдик каналы атайлы.

– Колубузда эмгекти баалаган орден, медаль болбогондуктан ушул шартты ылайык таптык. Жерибе, – деп айылдыктар айтканынан кайтпай коюшкан. Союз ыдыраганда Улар каналга нечендердин көздөрү кызарганы менен эч ким менчиктештирип алалбады. Улар канал ушул мезгилге чейин кум-белдиктердин айдоо аянттарын гүлдөтүп келет.

Кайра куруунун шарданында ушул эле Кум-Бел айылында болуп өткөн күлкүлүү да, аянычтуу бир окуяны Уларга Сагаалынын кошунасы сугатчы Көбөш айтып берген.

Мурдагы кызыл кулак Сагаалынын үйүнүн жанына «Волга» келип токтоп, ичинен Сагаалы дымаксына чыгат. Шопур өнтөлөй басып, багажды ачат да, буттары кайчылаштыра буулган аксарбашыл кызыл койду жерге оодара тартат. Үйүнүн көчө тарабын шыпырып аткан Көбөш машиненин номурун оозун ача тиктейт.

– Коңшулар түлөөгө келишсин, бардыгына айтып кой, – дейт Сагаалы үнүн кошолонто бийик чыгарып. – Кечки мейманга көз тайгылткан эл башчылары келет. Аки-чүкүңөргө карабай силерди коңшу деп сыйлап атам.

– Жакшылыкпы? – Көбөш отуз жылдан бери коңшуларына көңүл бурбаган кызыл кулактын бүгүн кой союп, үйүнө чакырганын кандай болжоорун билбей бүдөмүктөнө сурайт.

– Жакшылыктын анабашы! – Сагаалы төрөпейил жооп берет. – Ушул райондун акими болдум!

– Ие... – Көбөш ишенээр-ишенбесин билбей делдейет.

– Заман чыйралды, – дейт Сагаалы, – кайра куруу мөмөлөчү иштер менен гана алектенет. Жооптуу кызматтарга мага окшогон чечкиндүүлөрдөн алат.

Коңшулары Сагаалыга куттук айтып атышканда облустун жыйыны шашылыш кайра башталат. Жыйында райондун акимдигине улам бирөөнүн ысымы аталып, талаш-тартыштар өкүм сүрөт да, Сагаалы таптакыр унутулат. Акимдикке областтагы маданий жайларды сатып жиберип, түрмөгө отуруп чыккан мурдакы обкомдун үчүнчү катчысы бекитилет.

Улар айылда болуп өткөн бул окуяны укканда күлөйүн деп күлалбай, зээни кейий эрдин тиштегилеген.

* * *

Түнкү саат үчтө ойгонуп, ошол боюнча таң атырган Улар түшкү он экиден он мүнөт өткөндө операция столуна жатты.

– Сизге суктанам, – деди Касен, – дени сак адамдардай бакыбат жүрөсүз. Азыр да карегиңиз тоо чокуларын тиктегендей тереңдикте.

– Асмандан Кудай, жерден өзүңдүн колдоруңа ишенем.

– О, ишенгениңиз жакшы! – Касен жаркылдай дагы бир нерселерди кобурагансыды. Улар көөшүлө уктап бараткан. Көзүн ачканда палатада жатыптыр.

– Операция жеңил, жакшы өтүптүр, – деди керебеттин аягында отурган каркыралык Жийде кудуңдап. – Ошондуктан сизди реанимацияга эмес, палатага алып келишиптир.

– Куттуктайм! Коркунучтун баары артыңда калды, – деди Галя.

– Ак тилегиңерге рахмат! Баарыңарды жакшылык жалгасын! – Улар кыйналбай сүйлөдү. – Саат канча болду? – Эч жери оорубагандыктан операция жасалбагандай бүдөмүктөндү.

– Бирден отуз беш мүнөт өттү, – деди Галя билегиндеги саатын карап. – Операцияны бир саат он беш мүнөт жасашты. Касен Мукутович палатага сени өзү алып келишип, Айнекке тапшырды. Айнек бизге тапшырып: «Чай ичип алайын» – деп азыр эле чыкты.

– Валентинанын ахывалы кандай? – Палаталашына көз таштады.

– Кечээ кечинде уктаган боюнча ойгонбой атат. Бул жакшыбы, жаманбы билбейм, – деди Галя түйшөлө, – Касен Мукутовичке айтсам: «Айлап чала уктап жүргөндүктөн организми эс алып аткандай. Бүгүн ойгонбосо, кароодон өткөрөбүз» – деди.

– Жаны өзүнө келип атса керек, – деди Улар.

– Ошентсе экен, атаганат... – Галянын каректери ойноктой жымыңдады.

– Чындыгында, эжеке, бактылуу экенсиз. – Жийде суктана сүйлөдү. – Мага жасалчу операция да сиздикиндей жеңил өтсө экен.

– Диагнозу такталдыбы? – Улардын бели сызыла ооруп, жүрөгү айланып, кускусу келди.

– Такталган жок. Ичтейиң таза, сөөгүңдө го деп атышат. Сыягы сөөктөрүм чирип аткан го. – Жийденин кареги жашылданды.

– Кайраттуу бол. – Улар керебетинин башындагы сүлгүнү колун созо ала коюп, оозуна баса окшуду.

– Бошсуңар, бийкечтер. – Айнек босогодон аттаар замат Галя менен Жийдеге көз таштады. – Эмки милдет меники, тиричилигиңер менен алектенгиле.

Жийде жаш келин. Он сегизге толо элегинде күйөөгө чыгыптыр. Улуусу үчтө, кичүүсү бир жарымда – эки уулу бар экен. «Ооруга чалдыкканыма жылга айланды», – дейт. Күйөөсү уйчу, өзү саанчы болгондуктан жайкысын айтылуу Каркыра жайлоосун жайлашаарын айткан. Ошондуктан кыл көпүрөдөгүлөр каркыралык деп коюшат. Каркыралык райондук ооруканада үч ай жатыптыр. Адеп бөйрөгүңө суук тийген дешип, анан кара сарык диагнозун коюшуптур. Дарылашыптыр. Бирок төмөндөй бергендиктен Онкологиялык оорукананын ичеги оорулар бөлүмүнө жиберишиптир. К. Мукамбетов: «Ичегилериң таза. Арка сөөктөрүңдүн кайсы бири жылышып кетип, ички органдарыңа терс таасирин тийгизип аткандыр. Дагы кароодон өткөрөйүн. Эгер болжолум чын болсо тиешелүү ооруканага жиберебиз. Коркунучтуу дарт жок деди», – деп бир ирет сүйүнүп да алган. Кез-кез оң бутунун сөөгү какшай ооруп, сылтып калаарын шыбыраган Уларга.

– Эмнеге врачтарга айтпайсың? – деген Улар чочулай. – Жашыра берсең ооруң өтүшүп, баспай калышың ыктымал.

– Уялам. – Жийде мукактанган.

– Уялгандай дартты өзүң чакыртып алыптырсыңбы. Ден соолугуңду коргогонуң – үй-бүлөңдү коргогонуң. Орду жок тартынчаактыктын зарылдыгы не? – Улар саал ачуулана сүйлөгөн. Жийдени аяган.

– Кечээ үйгө кетким келди, – Жийде ыйламсыраган, – жолду билбегендиктен калдым.

– Кайсы жолду? – Улар элтейе сураган.

– Каркырага же Караколго кетчү жолду. Каркырага түз кеталбасам Караколго жетсем, андан ары үйгө барышты билем.

– Буга чейин борборго келген жок белең?

– Биринчи келишим. Ооруканага бул жакка жумуштап келаткан аталаш агам ээрчите келген. Кудай жалгап, келээр замат жаттым. Агам үч күндөн кийин кеткен. Ата-энем картаң болсо да балдарды карап калышты. Күйөөм малдан бошобойт. Мал болуп калабыз го... – Жийденин көзүнөн жаш тамган.

– Силердин муундун кесип тандаар курагы коммунисттик партиянын «Ата таягы уул-кызына! Жумушчулардын династиясы өссүн!» деген үндөө, чакырыктардын гүлдөп турган учуруна туш келди. Кычыраган кышта ат жалынан түшпөй, көз жашы жаагына тоңгон кыз чабандардын түйшүгү жеңил беле? Жетекчилер: «Жүз койдон жүз сексен козу алам!» – дедиртип, эл алдында убадаларын бекитишчү. Убадаларынын өтөөсүнө чыгыш үчүн ар бир койду туягынан өөп, тиричилик менен ит жыгылышка түшүшчү.

– Ооба, эжеке, мен да өкмөттүн чакырыгын бел туттум. Райондук партиялык комитеттин жетекчилери: «Мал чарбачылыгында калгыла. Каалаган жогорку окуу жайларынан сырттан окутабыз. Окууну бүтүп,

дипломуңарды колго алгандан кийин адистигиңер боюнча иштейсиңер» – деди. Жетекчилер айткан соң ишендик. Орто мектепти бүтөөр менен саанчылыкты тандап, классташ айылдашым Чагатайга турмушка чыктым. Ал да уйчу болом деди.

– Окутуштубу жетекчилер? – Улар суроосунун жообу өзүнө дайын болсо да сураган.

– Кайдан... Убадалары ишке ашпасын бир жылдан кийин түшүндүк. Анан сүттүн планын толтуруп, майлуулугун жогорулатыш үчүн тырмаңдадык. Дүйнө мага Каркыра менен көзүмдү ачып көргөн Чет айылынын аралыгы боюнча калды.

– Каркыранын сулуулугун сүрөттөөгө тил жетпейт, чиркин!

– Сонун жайлоо. – Жийденин жүзү жаркый түшүп, кайра түнөргөн. – Бутума кесел кантип жабышканын билем. – Тымпыйта каткан сырынын четин чыгарган.

– Тактап айтчы?–Улар кабатырлана кулак түргөн.

– Келин болуп, башыма жоолук салынгандан кийин төртүнчү күнү убададан тайбай Чагатай экөөбүз Каркырага көчтүк. Уйчулар үчүн салынган жыгач үйлөр биз сыяктуу жаштарга жетпейт экен. Үзүк-туурдугу самсаалаган эски боз үйдө жашап калдык. Каркырада күн чайыттай ачык туруп эле кайдан-жайдан кара булуттар чогула калып, жамгырын же нөшөрүн төгүп жиберет. – Жийде бир калыпта сүйлөп атты. – Аба ырайы кандай болсо да уйларды сааш милдетибиз. Жумшак дабыраган жамгырлуу таңдын биринде уй саап аткам. Жамгырга мөндүр аралашты. Тоо чокулары тарапка чагылган түштү. Саап аткан уюм чочудубу, айтор, башын оң-солго чулгуй тыбырчылаганда туягы оң тиземе шак тийди. Көзүмдөн от чагылып, жер таяндым. Сүткө толгон чакам колумдан ыргыды. Чагатай төштөн ылдый агып, үйдү каптап аткан кыянчанын астын бөгөп, арыкча салып жүргөн. Ахывалымды байкабады. Боз үйүбүздүн жыртыктары аздык кылгансып, түндүк жабуусу жок болчу. – Жийденин үнү каргылдана кекечтенген. Улар келиндин сөзүн бөлбөй дымырай уккан. – Бир оокумда Чагатай келип, жөлөп-таяп, эмне болгонумду сурап, жамбаштай жаткан жеримден тургузду. Оң бутум жерге тийбей калчылдайт. «Сени үйгө жеткирип коюп, уйду мен саайын» – деди Чагатай. Оң капталымдан сүйөй кадамдатты. Бутумдун ооруганына чыдабай кыйкырдым. Көтөрүп алды. Үйүбүз кайсы дейсиң, тамчы тыпылдап атыптыр. «Ушул ыпта ыңгайлуу» – деп калдастаган Чагатай жүктүн бурчуна отургузуп, жууркан менен ороп коюп, саанга кетти. Түндүккө дасторкон үчүн алган клёнканы жааптыр... – Жийде үшкүрүнө көзүнүн жашын аарчыган.

– Башка саанчылардын мүшкүлү деле силердикиндейдир? – деген Улар келиндин өксүгүн бөлүштүргүсү келип.

– Алардын тиричилиги биздикинен алда канча жакшы болчу. – Жийденин үнү калтырай чыккан. – Айрымдары эски, айрымдары талаптагыдай

жаңы там үйлөрдү сарайлары менен ээлешкен. Биз уйларды сарай эмес, тегереги шыргыйлар менен курчалган ачык короодо кармачубуз.

– Сүт саачу аппаратыңар жок беле?

– Анын да бузугу ыйгарылган. Сүттүн теңи желинде калчу. Ошондуктан колубуз менен саачубуз.

– «Жаш келсе ишке» дегендей мамиле жасашкан тура.

– Ошентишти. «Силердей чагыбызда мындан оор жагдайларды башыбыздан кечиргенбиз. Чыдагыла. Чыдасаңар бардыгы силердики. Чыдабасаңар сай-сайлап кетесиңер. Күлүңөр додолонбойт» – дешти. Сандалбайлы, тамыр байлайлы дедик.

– Кийин шартыңар жакшыргандыр?

– Сарайга, там үйгө жеткенибиз менен ден соолуктан ажырабадыкпы, эжеке. – Жийде туталана чүрүшкөн.

– Бутуңду ошол замат догдурга көрсөтсөң болмок, – деген Улар кейип.

– Түшкө маал күн чайыттай ачылып, гүлгө чөмүлгөн жашыл дүйнө ажайыптана кулпуруп, чачырай керилип жатты. Мен да ооруксуна ордумдан турдум. Оокатка аралаштым.

– Кечки саанга жардамдашалы дештиби коңшуларың?

– Бутум ооруксунбай калды. Өзүбүз жетишебиз деп ынабадым. Экиленген түгөнгүр дешпесин деп намыстандым. Ошондон тарта бутум кез-кез ысыпкүйүп ооручу. Ушул жылы чалыштай басып, сылтый баштадым.

– Бутуңдун оорусун Чагатайга айткан жоксуңбу? – Улар шектене сурады.

– Айтпадым. Бүлөсүнүн оорукчал экенин билген эркек сыртын салат дешет.

– Ар ким ыйманына жараша күтөт бүлөнү, – деген Улар. – Айрым эркектер телегейи тегиз, ден соолугу чың аялын таштап атпайбы. Бузулчу эркекке чымындын учканы шылтоо.

– Жол кирем жетип, автобуска кайсы жерден отураарымды билсем үйгө кетет элем, – деген Жийде.

– Өзүңдү курмандыкка неге чаласың?– Улар Жийдеге кабак үйрө караган.

– Билбейм, эжеке... – Жийде ыйлап жиберген.

– Балдарың жаш экен. Ошолор үчүн айыгышың зарыл, – деген Улар. – «Жаман айтпай жакшы жок», ары карап кетсең балдарың кордукту сенден артык көрөт. Айылыңа кетүүдөн мурда айыгууну ойло. Эгер азыр сакайган болсоң жол киреңди толуктап, автобуска отургузуп коймокмун. Эми анте албайм. Ооруканадан сенден мурда чыксам, келип турам. Автобуска да салып коём. Касен Мукутовичке бутуңдун качантан, кантип ооруурун сөзсүз айт. Эгер сени башка ооруканага которуштурса таап алам.

– Бутумду айтсам көпкө жатам го, – деген Жийде арсарсый.

– Балдарыңдын тагдырына кайдыгерсиңби? Чагатайга аял табылат. – Улар бул кеңеши келинге оор тиерин билсе да анын ден соолугун сактоо үчүн айткан.

– Тилиңизди алайын, – деген саамдан соң Жийде. – Ичим ачылып, жеңилдеп калдым.

* * *

Улар рак оорусунун денени ууландырган бир күндүк залалы адамды беш жылга картайтаарын кыл көпүрөдөгү муңдаштарынын ахывалынан сезчү. Өзү күзгүгө каранууну таптакыр унутуп койгон. Ооруканадан эски бөздүн жибиндей үлдүрөп чыкты. Үйүнө келип, кийимин которуштуруп кийгенче алсырап, муун-жүнү бошоду. Жарым сааттай эс алып, бети-колун жууп, күзгүгө каранды да селейе түштү. Күзгүдө өзү эмес, өзүнөн бир канча жаш улуу, тыржыйган аял турду. «Кудайга шүгүр, – деди ичинен күбүрөп. – Кудайга шүгүр. Кайрылып үй-бүлөмө кошулдум. Бери карадым. Ушуга тооп».

Ал күнү Улардын үй-бүлөсүндө чакан майрам болду. Балдары, жубайы жетине албай сүйүнүп атты. Эртеси башын куттуктап келген туугандарын белинин үзүлүп түшүп ооруганына кайылдана кабыл алды. Дасторкон жайып, алар менен кошо шаан-шөкөткө батты. Эмгек отпускасынын бүтөөрүнө он беш күн калган. Ушул күндөрдүн ичинде кантсе да тыңыраак басып калууну күсөдү. Чыкыроон мурдун бүтөй койгондой демиктирип, аппак кар көзүн уялта, башын айландырганы менен күнүгө эки маал көчөгө чыкканын токтотподу. Арышы бир кадамдан арбып, денеси чыйралып, жолу узарып баратты. Акырындап үйлөрүнөн эки көчө аралыктагы дүкөндөргө жетип, аларга кирип-чыгууга жарады. Ошондой күндөрдүн биринде төртүнчү шаардык ооруканада иштеген медициналык кызматкер бет маңдай чыгып, ченебей чочуду.

– Ой, барсызбы?! – деп жиберип, көзүн алаңдата кетенчиктеди. Улар сага эмне болду дегендей элтейе калып, ага дароо түшүндү.

– Бармын, – деди күлкүсүн тыйып.

– Өмүрүңүз узун болот экен. – Светлана ашыга сүйлөдү. – Биздин ооруканадан диагнозуңуз такталганда, чындыгын айтайын, сизден түңүлгөнбүз. Операцияны онкологиядан жасаттыңызбы?

– Ооба, онкологиядан жасаттым.

– Добро бекен?

– Ооба.

– Бактыңыз тоодой тура, – деди Светлана.

– Туура айтасыз. – Улар дилгир сүйлөдү. – Ооруну өтүштүрбөй операция жасатууга кеңеш берген Владимир Ивановичке алкыш айтууда-

мын. Кичипейилдик кылып, ал кишиге менден салам айтып коюңуз? Буюрса өзүм барып, ыраазычылыгымды билдирем.

– Апта өттү. Ал кишинин мыкты доктор экенин Москванын жетекчилери билип, чакырып кетти. Айлыгын жогору коюшуптур.

– Кап, Кыргызстанга да керек эле! – Улар өкүнгөнүн жашырбады. – Мыкты адистерден кол жуумай болдук.

– Жергиликтүү жетекчилер көңүл бурбай койбодубу, – деди Светлана. – Эки баласы, жубайы болуп, бир бөлмө барак тамда жашачу. Москва шаардын чок ортосунан үч бөлмө квартира бериптир..

– Экономикабыз ооруга чалдыгып, кендири кесилип айтпайбы. – Улар күнөөлүүдөй жалтактады.– Биздикилер жеке кызыкчылыктары жана куру даңк үчүн иштеп атышкансыйт. Даңк оорусунун рак оорусунан артыкчылыгы жок. Экөөнүн тең процедурасы да, операциясы да бирдей. Коркунучтуу. Бирок билимдүү, кайраттуу, мекенчил жаштарыбыз өсүп келатат. Оңолобуз.

– Оңолуу башкы тилегибиз эмеспи. Бирок тилектин баары ишке ашмак беле, – деди Светлана ындыны өчө.

– Жакшы тилек адамды сактайт. Канатыбыз талыбасын. – Улар Светлананын көңүлүн көтөрө жакшы сөздөрүн айтып коштошту. Үйүнө келатып, Владимир Ивановичтин кеткенине кейиди. Эмгек отпускасынын бүтөөрүнө үч күн калган. Бети-колу чыкыроонго мурдакыдай каканактабай чыйралганын айгине сезди. Сүйүндү. Сүйүнүчүнүн арасында сарайындагы үч кап жүн көз отуна тура калды. «Тез арада тытып бүтүшүм керек, – деди ичинен, – не болсо да жууркан-төшөктөрдү каптаганга үлгүрүшүм зарыл».

Ошол күнү түн оогончо жүн тытты. Эмгек отпускасы бүтүп, ишине чыккандан кийин да түнкүсүн тытып жүрүп, он үч күндө бүттү. Тышын мурда эле тигип даярдап койгон, жууркандардын биринчисин каптады. Каптап бүткөнчө нечен алсырап оңолду. Сөөмөйүн темененин учу чийсе жаны ошол жерде сыяктанды. Бирок бүтүрөм деген оокаттарын өжөрдөнө бүтүрө берди. Анткени кызым сепсиз калбасын деген санааркоо көөдөнүн зарынадай тиреп, күнү-түнү тынчын алчу. Жоопкерчиликти талап кылган иши менен үй тиричилигинин ортосундагы тыным албаган түйшүктүү учурларында да Улардын адамдарга жана жаратылышка болгон сүйүүсү ага жөлөк болуп турду. Сүйүү тамыр байлаган жерде эч кандай жамандык болбосуна ынанды.

2006-жыл.



## Поэзия

### Бектуруш САЛГАМАНИ

## Күтүү

*Жел булгалап оромолуңду,*
*көрүнбөйт да али караанын.*
*От коёсуң чачып оюмду,*
*билигине ырбаак санаанын.*

*Мен Сүйүүнү эмес, биерге*
*келди мени Сүйүү жетелеп.*
*Сырга тагып гүлгө, шиберге*
*жамгыр дагы кирди себелеп.*

*Буркуратып тааныш жытыңды*
*бүт ааламды бөлөп бакытка,*
*Өрттөсөңчү сагынычымды*
*эриниңдеги ысык жалынга.*

*Көп санаалар көчүп көңүлдөн,*
*кыялымда өзүңдү өбөмүн.*
*Кагылайын күттүргөнүңдөн,*
*караанды али көрүнбөгөнүн.*

---

**САЛГАМАНИ Бектуруш** – *Ноокат районунун Эски-Ноокат айылында 1957-жылы туулган. Кесиби журналист. «Үчүнчү коңгуроодон кийин», «Алыскы жылмаюунун жарыгы», «Роман-гезит» ж.б. китептердин автору. А. Осмонов атындагы сыйлыктын лауреаты. Бишкек шаарында жашайт.*

# Алма

*Пешенеме бүтпөгөнүм,*
*жүрөгүмдө бүтүп калганым,*
*күлкүңдү эстеп күндө сенин,*
*алигиче таңдайымдан*
*даамы кетпейт ошол алманын.*

*...Күз. Сары алма. – Жечи! – десем,*
*«Тең болсун!» – деп, күлүп Алтыным.*
*Бөлүп туруп экиге сен, чылап ширин жылмаюуңа,*
*мага бердиң анын жартысын.*

*Насибиңди бөлүшкөнгө*
*турду ичимде мээрим төгүлүп.*
*Билбептирбиз анда, көрсө*
*көп өтпөстөн жарты алмадай*
*каларды биз эки бөлүнүп.*

*...Элестеле калып теңи,*
*көргөн сайын бүтүн алманы*
*ойго аларсың сен да мени –*
*пешенеңе бүтпөгөнүм,*
*жүрөгүңө бүтүп калганым.*

# Сагыныч деген ашуу алды жагым

*Алдымда үстүнөн жан ашырбаган*
*сагыныч деген бийик ашуу дабан.*
*Андан бир өтүп келет күлкүң гана,*
*жытыңан, элесиңен алып жалаң.*

*Сапсары тартып көшүп түн жатат да,*
*Саргайып атат таңдар бул тарапта.*
*Жумулбайт кең жайылган ысык кучак*
*Тургансыйт шашкаак мезгил учпай алга.*

*Күкүктөп аккан суулар, сайлар дагы,*
*Кыялап түшкөн жолдор, бактар сары.*

*«Жарк» – деп от чыгат гүлдөн тийип кетсем,*
*Кургатты көңүл көлүн кайгы аптабы.*

*Сүртүнүп саман өңүн толкуп-ташып,*
*өтүүдө жаз, жай санаа, ойду ырбатып.*
*От коёт калемимдин билигине*
*коңшу чал кемпири экөө колтуктаашып...*

*Сезбеген күндү, түндү, аралыкты*
*Күлкүңдөй учуп келип каласыңбы?*
*Жөлөнүп турам жашыл үмүтүмө,*
*билбей ал тоону кантип ашарымды.*

## Сүйүү

*«Сүйүү» деген китеп окуп отурсам,*
*бакка кирип келип калдың кокустан.*
*Карматкандай чочуп ууртулугумду,*
*ажырадым ширин, кыял, оюмдан.*

*Жылдыз жанат жүзүңдө дил эңсеген,*
*жумшак ууртуң «булк» этип бир кезде сен:*
*– Айтчы, – дедиң. – Мен да билсем болобу,*
*сүйүү барбы? Сүйүү деген эмне экен?..*

*Пушту ыраңга чайкап сүрүң өңүмдү,*
*үн катпастан, карадым тек өзүңдү.*
*Жаным, Сүйүү эмне экенин көрмөксүң,*
*анда абайлап тиктегенде көзүмдү.*

## Жүрчү, менин жүрөгүмө кетели

*Ырга, күүгө толгон театр тартып дем,*
*дуулдап жаткан күлкүлөр «дуу» кол чабып,*
*ортосунда сыздап тургам жаңгыз мен,*
*оң жагым сен келбей коюп бош калып...*

*Көп өтпөстөн эрге тийип алыпсың,*
*ал жаз дале карегимде жадырап...*

*Өзүм билбей эмне экенин бакыттын,*
*бирок сага каалап жүрдүм ар убак.*

*Энди: «Таштап кетти!» – дейсиң, ыйлаба,*
*айып болбойт жолун тапса жаңылган.*
*Күзгү алмадай жыты: «Бур-р» – деп, тыңшасаң,*
*келчү күндөр обон созот алыстан.*

*Биздин эрин тийбей жүргөн эзели,*
*күлкүлөр бар келчү жылдар койнунда.*
*Жүрчү, менин жүрөгүмө кетели, –*
*канча мезгил бизди күтүп бош турган!?*

## Жүзүңдө көздүн изи бар

*Кылыгың кетпей эсимен,*
*жалбырак сымал денимен,*
*Кубулуп түштү көп күндөр*
*күтүүнүн титирегинен.*

*Башыма сырдаш пар жаздык*
*жылыбай жүрдү жапжалгыз.*
*Сагынган экен эшик да,*
*ыйлады таанып манжаңды.*

*Чор баскан алаканымды*
*чачтарың билем сагынды,*
*турамын азыр сен келип,*
*булутка жөлөп башымды.*

*Жылмаят аалам, карасаң*
*сыйбастан чалкып баратам.*
*мен сени көрсөм бийиктейм,*
*мен сени көрсөм тазарам.*

*Күдүктөн, бирок дилдеги,*
*көңүлдүн сыздайт бир жери:*
*жүзүңдө көздүн изи бар,*
*тиктеди шоолам, ким сени?!*

## Саргайттым далай жаздын жалбырагын

*Бий, тойго кийип барчу көйнөгүңө*
*окшотуп булуттарды – көктө сүзгөн,*
*сагындым бир сап ырдай каштарыңды,*
*сагындым чыкчу күндү көздөрүңдөн.*

*Алыста басып алып кыш этегин,*
*күркүрөйт түбүндө күз тереземин.*
*Жээги жок деңизинде жалгыздыктын,*
*кайыктай сүзүп жүрөм тегеренип.*

*Кыйкырсам үнүм сынат сага жетпей.*
*байрагын сүйүнүчтүн көкөлөтпөй.*
*Жүрөсүң кайда, кимдин көзүн өрттөп,*
*ууртуңа күлкү конуп көпөлөктөй.*

*Көңүлдүн сен салган бул көк музуна,*
*ээрибей башканын эч көз нуруна,*
*саргайттым далай жаздын жалбырагын,*
*төшөлүп көз нурларым жолдоруңа.*

## 1978-жыл. 2-ноябрь

*Куттуктамак болуп туулган күнүңдө*
*гүл базарга бардым шашып иңирде.*
*Жакшылыкка, жамандыкка бипбирдей*
*каттап жүргөн гүлдөр жайнайт күлүңдөп.*

*Кардарлар көп гүл алабыз деп жүргөн,*
*... курчоого алып, кужулдашат кемпирлер:*
*– Арзан! Муну ал!..*
*– Абдан арзан!..*
*– Арзан, ме?!*
*Көңүл сынып, кайтып келе бердим мен.*

*Муздак сөздөр ниетти ээзип дендеги,*
*жайдак жолдо жалгыз барам кечте эми.*

*Кечир, сага – дүйнөдөгү эң кымбатым,*
*«Арзан!» деген гүлдөрдү алгым келбеди.*

## Кызгалдагым

*Студенттик ак жаркын жылдардагыдай,*
*киного бир барганды сыздап сагынам.*
*Мен сени кеч таптым да, эрте жоготтум,*
*колум тийбей төгүлгөн кызгалдагым-ай!*

*Жакшы учурлар бир өткөн кетпей жадымдан,*
*сүрөтүңө тигилем кез-кез сагынсам.*
*Сени издеген көзүмдү кайда коём да,*
*кайда катам көңүлдү сен деп камыккан?!.*

*Чырайлуулар каерден, качан жолукса*
*сени эстетип, көңүлүм калат болуп шат.*
*Дүйнөдөгү мен көргөн бардык сулуулар*
*жалгыз гана өзүңдү барат толуктап.*

*Башта дешсе өмүрдү кайра башынан,*
*баштайм сүйүп өзүңдү дагы да –*
*бул ааламдан кеч табып, эрте жоготкон*
*колум тийбей төгүлгөн кызгалдагым-ай!*

## Жүрөгүңдүн турам босогосунда

*Ашыглыктын азабы күч жолуна*
*түшүп алып: – Жетемин деп соңуна!*
*Сагыныч, түш, санаа артып күн-түндөп,*
*жүрөгүңдүн келдим босогосуна.*

*Аптап күйүп, кар боройлоп, жаан уруп,*
*сага келчү жолдо буттум чаалыгып.*
*Сүрдөп, уяң кагып турам эшигин,*
*жүрөгүңдө орун барбы, айт чыгып!..*

*Бир күнгө эмес, биротоло келдим мен,*
*насаат, кеңеш сурабадым эч кимден.*

*Башында эмес, акыл-эси ашыктын
жүрөгүндө болот экен – эх, билсең!..*

*Жок сүйүүмдөн башка нерсе боюмда,
алдап кетиш, арамдык жок оюмда.
Кийиресиңби, алда киргизбейсиңби,
жүрөгүңдүн турам босогосунда!..*

## Кайдасың?

*Көзүмдө көчө көрктөп көйкөлгөнүң,
кайдасың асман түстүү көйнөкчөнүм?
Шыңкылдайт сени туурап булак, сайлар,
шуудурайт: Сен! – деп, уксам чөптөрдөгү үн.*

*Жомокко окшоп сен бар алыс тарап,
жыргашат таңшып куштар атыңды атап.
Үшкүрөм: Келет го! – деп, сүрөтүңдү
үмүттүн жарыгына салып карап.*

*Сызышып өтсө куштар алыстардан,
сураймын сени туруп алып таңдан.
Жытына ороп туруп чачтарыңдын,
кулкуңдон салып ийип сагынтпастан.*

*Жай алып канатынан каркыранын,
жадырап-жайнап келип калчы, жаным.
Санаалар бүтпөйт, быкшыйт билигимде,
сөндүрбө сагынычтын шам чырагын!..*

## Сүйүү

*Дүйнөдөн бардыгы өтөт, сүйүү өтпөйт,
от, жанар тоо, өрт өчөт, сүйүү өчпөйт.
Күкүктүн үнүндөгү муңдай болгон
күйүттүү сүйүү да ар күнү көктөйт.*

*Сатылат алтын, жер, суу, мал да, жан да.
Сүйүүнүн өлчөөсү жок баалаганга.*

*Бактылуу сүйгөнүнө жеткен дагы,*
*бактылуу – сүйүп, сүйдүрө албаган да.*

*Жомоктой сезилген көп адамдарга,*
*доорлорго кудуреттүү караткanга*
*сүйүүнүн күн баткандан баштап айтса,*
*бүтпөгөн тарыхы бар таң атканча.*

*Миң жылдык чынар да бир күнү куурайт,*
*күн муздайт, очок муздайт, сүйүү суубайт.*
*Эскирет кубанычтар, кайгылар да,*
*эч качан туңгуч сүйүү унутулбайт.*



*Проза*

Эрнис
ТУРСУНОВ

# ХАН ТЕҢИР

**(Романдан. Башы өткөн санда)**

Саякатчы Ысык-Көл кылаасынан көтөрүлүп, Борбордук Тянь-Шандын чокусуна жетип, байыркы суулардын башатында сыймыктанып турду. Кайра кайтканда карга, кузгун, жору тыткан адам сөөктөрүн ар кайсы жерге жыйдырып, үйдүрүп, корумдатты. Кайтып келатып алар Кызыл-Суунун башындагы калың четин өскөн Боронбайдын үңкүрүн көрүштү. Үңкүр он үй батарлык кенен жай. Ага кышты-кыштай арпа, буудай, таруу, сулунун үрөндөрү сакталат. Саякатчылар Кызыл-Суудан чыгып, Кой-Сарынын тушуна келип, көлгө түшүштү. Бул ден соолукка жагымдуу көл. Балырлуу булуңдарда күмүш боор, кара жон балыктар жайнап жатат. Солдаттар кылыч менен чаап келген балыктарды асма чөөгүнгө салып, уха бышырышты.

Кой-Сарынын тушунан шамал болгондо көл толкуну сүрүп чыгарган жез казан, жез кумган, жез чылапчын табышканын жергиликтүү кыргыздар саякатчыга айтып беришти. Эчки майына жүн аралаштырып бышырылган кызыл кыштар, чоподон жуурулган кумуралар, табактар, идиштер чыккан. Көлдүн тайыз жеринде байыркы калаанын урандылары жатканын саякатчы дароо болжоп, картасына чийди. Аксак Темир кайсы бир жортуулдарында колго түшкөн туткундарды көлдүн ортосундагы аралда кармап турганын Орто Азияны изилдеген тарыхчылар жазып калтырганын эстеди. XV кылымдын тарыхчылары Жоңгор хандыгы Кой-Сарынын тушундагы Кара-Булуң деген жерге усталарды алдырып, душман өтө алгыс чеп салдырганын жазышкан. Чептин калдыгын суу басып, дубалдын урандылары көлгө түшкөндөрдүн бутуна урун-

ду. Көл астындагы титирөөлөр аралды да, булуңду да талкалап, урандылары суудa чөгүп жатканы байкалат.

Экспедиция Кызыл-Омполдо, Боз-Бармакта, Көтмалдыда, Буугандын сазында болуп, Чүй суусунун Ысык-Көлгө куйбай батышка имерилип, Боом капчыгайы менен агып кетээрин далилдеди. Андан соң Кызыл-Суу, Чоң-Ак-Суу, Кичи-Ак-Суу, Жыргалаң, Түп суусунун куймаларын, Тасма тоо кыркаларындагы балбал таштарды изилдеди. Бир замандарда жер соорусу Ысык-Көлдө, Балкаш, Иртыш, Иле бойлорунда жоокер көчмөндөр, сактар, хунндар, уйсундар, кыпчактар жашап өткөнүнө көзү жетти. Алар бул аймактарда кеминде беш, он кылым жашап турганын табылган буюмдар айгинеледи. Ысык-Көл өрөөнүндө жүз жыйырма миң уйсундар жашап, байлары беш миңге чейин жылкы кармаган, мезгил жетип, уйсундар бөлүнүп Ысык-Көлдү, Тянь-Шанды таштап, талаатүздөгү түрк урууларынын арасына сиңип кеткен. Уйсундардын урпактары сарбагыштардын, саяктардын, бугулардын арасында калган.

Семёнов Күрмөнтүнүн ыптасындагы Шаты капчыгайына келгенде отуз чакты сарбагыштардын барымтачылары чыга калып, курчоого алды. Алар экспедиция мүчөлөрүн колго түшүрсөк, Адыл баатырга алмашып алабыз деп ойлошту. Бирок Семёнов булгаары шымынын курунан туткалуу тапанчасын чыгарып асманга атты. Колун бооруна алып чочоюп отурган ачкүсөндөр: «Бул эмне?» – дегенсип «чыйк-чуйк» чээнге кире качышты. Муштумдай куралдан шумдуктай үн чыкканын уккан барымтачылар экинчи жолу атканда шыйрактуу мылтыктарын бүктөп: «Багындык, багындык» – деп кыйкырышты. Семёнов тапанчасын кабуруна салды да, барымтачыларды жай-жайына тарап кетүүгө буйрук кылды. Барымтачылар кокту-коктуга кире качышты.

Түп суусунун баш жагында отурган Боронбай Тянь-Шань тоолорун изилдеп келген орус досуна өргөө көтөртүп, күтүп алды. Арча жагылып, тезек түтүнү булаган боз үйлөргө экспедиция мүчөлөрү, орус аскерлери келип түштү да аттарын жайдактап, отко коё берип, өздөрү жумшак төшөктөргө, саңсаң көлдөлөңдөргө жамбаштап жатышты. Канча күндөн бери каткан нан, курут жеп, кирпич чай кайнатып, өзөк жалгаган солдаттар эт жыты, сорпо жыты, кымыз жыты буруксуган өргөөлөрдө жаздык жазданып, бутту сунуп, жай алып жатканы ушу болду. Боронбай ардактуу меймандарын сый-урмат менен күтүп, Россия империясы колдоп турганда мындан ары коопсуз болооруна ишенип, булар издеп келген Кызыл-Суу өрөөнүнө, ата-бабаларынын жерине кайрадан көчүп бараарына ишенди. Орус куралын, орус аскерин, орус илимий-экспедициясын көргөндө мындан ары беймарал жашап, орустардан жамандык болбосуна күмөнсүз ишеним туулду.

Кагазга жазылган сөздөрдүн күчүнө катуу ишенип калган Боронбай орус бийликтеринин атынан сарбагыштардын манаптарына кат

жөнөтүүсүн суранды. Семёновдун экспедициясына кол салууга ниеттенген барымтачыларга эскертүү иретинде тапанчасын чыгарып белги бергенде атылган октон жүрөгү түшкөн эки кишини алдына салып келген. Мына ошол эки кишиге мындан ары тынч жашашын талап кылып, кат жаздырып карматты Семёнов. Бирок Чүй суусунан орустардын батареясына жана куралдуу аскерине бет келип, бир топ жигитинен ажырап, Шамшыны ашып качкан жаралуу Үмөтаалы азыр кайсы жерде жатканы белгисиз эле. Кыйын болсо Кара-Кужурда, андан ашса Нарында, же Куланакта, же Ат-Башыда деп болжогон эки адам катты алып жөнөдү.

Боронбай кыргыздардын Россиянын карамагына кирүүсүн даражасы бийик улуктан өзү өтүнүшүн көптөн көп сурады. Семёновдун Тянь-Шанга эмне максат менен келгенин, максаты орундалып, жүзү жарык барса, күбүрнөөр гана эмес, ак падышага да сөзү өтөөрүн сезип турду. Бул Тянь-Шандын өсүмдүк-чөбүн, жан-жаныбарларын, жер кыртышын, тоо тектерин, кен байлыгын, өзөн-сууларын, аба ырайын жөн эле изилдегени келген саякатчы эмес эле. Бул ушул жерлерге орустарды отурукташтырууга болобу, алар шарты ыңгайлуу жерлерди өздөштүрүп кала алабы, Россия үчүн бул жерлердин пайдасы канча, жашоо булагы молбу, байлыгынын запасы канча, канча мужукту көчүрсө болот сыяктуу эң керектүү, эң зарыл, эң негизги нерселерди иликтеп билиш үчүн келген саякатчы болчу. Албетте, империянын ары жагында жаткан терең мүдөөнү баёо кыргыздар аңдап-талдап билген жок.

Боронбайдын карамагындагы жерлерди, Ысык-Көлдүн күңгөй-тескейин, Борбордук Тянь-Шанды, Сары Өзөн Чүйдү саякатчы өз көзү менен көрүп, суусун ичип, даамын татып, өсүмдүк-чөбүн, жер кыртышын көрдү. Боронбай орус досунун жүрөктү козгогон жылуу сөздөрүнө ыраазы болуп, мыкты жылкыларынан жетимиш мингич аргымакты аскерлерине карматты, он эки атан төөгө жүктөрүн, жол азыктарын жүктөттү. Жол билген жалоондой он жигитти кошуп берди. Саякатчыга Койлуу-Төр менен Сары-Жазды айланып бара турган жолду көрсөтүштү. Талыкпаган, чаалыкпаган изилдөөчү жаңы жүрүшүнүн багытын так белгилеп, «Күндөлүгүнө» мындай деп жазды:

«Бизге белгисиз Тянь-Шандын тереңине экинчи мертебе кириш үчүн биз Кичи-Каркыраны жайлаган Боронбай султандын айылынан 24-июнда зыян тартпай эсен-соо аттандык. Ал бизге тоо-ташка жүрө турган аттарды, жол азыгыбызды камдап, кем-карчыбызды толуктап берди. Алдыбызда дүйнөдөгү тоолордун эң бийиги, чокусу булут челген Хан-Теңирдин жүрөгүнө кирип, Иле дарыясынын системасына таандык Жунгариянын өзөн-сууларын, Балкаш көлүн, Лобнор көлүн, Тарим суу бассейнине кирген Хан-Теңирден агып чыккан суулар Тянь-Шандан башталаарын, Боом капчыгайына имерилип кеткен Чүй суусунун агымы кай-

да бараарын изилдөө милдети турду. Тянь-Шандын жүрөгүнө жол көрсөткөн кыргыздардын артынан Иле дарыясына куйган Чоң Каркыра өзөнүн бойлоп, жүрүп отурдук...»

Россияда крепосттук укукту жойгон императордун жарлыгы чыккандан кийин миллиондогон мужуктар Сибирге, Орто Азияга, Казакстанга көчүрүлдү. Дал ошол Семёнов изилдеп, иликтеп кеткен кыртыштуу жерлерге орустар отурукташып, аз эле жылда байып, түтөп, жергиликтүү помещиктерге айланды. Сары Өзөн Чүй боорундагы, Ысык-Көлдүн кылаасындагы карагай-черлүү, камыштуу, оттуу, отундуу жерлерге: Соколовка, Вознесеновка, Константиновка, Теплоключенко, Орлиновка, Отрадное, Раздольное, Светлая Поляна, Покровка, Липенка, Богатыровка, Лизогубов, Бобриков, Преображенское, Башарин, Климовка, Николаевка, Михайловка, Светлый Мысь, Беловодское, Кольцовка, Рыбачье, Ново-Российка, Каменка, Сазановка, Семёновка, Григорьевка, Баженовка, Курское, Якорь, Долинка, Быстровка, Орловка, Белый Пикет, Ивановка, Серафимовка, Лебединовка, Воронцовка, Антоновка, Павловка, Гавриловка, Романовка, Александровка, Садовое, Сосновка, Петровка, Полтавка, Предтеченко, Чичерин, Болотное, Озерное, Луговая деген хуторлор түшүп, кыргыздарды конуштарынан, өрүштөрүнөн, жайыттарынан ажыратып, жашоого ыңгайсыз тоо-ташка, ээн талаа, эрме чөлгө резервациялоо башталды.

## 10

Калкка кадырлуу, касиеттүү карылар биринин артынан бири кетип, замандаш, сапарлаш, тамандаш адамдардын салмагын, баасын, баркын биле тургандар азайып, ырыскы тартылып, береке бөксөрүп, көрөңгө калбай бараткан доор өкүм сүрдү. Жаңы муун кандайдыр жаңы нукка түшкөнсүп, калыптана элек жаңы түр алгансып, кайда багыт алаарын билбей кайсактап, майдаланып, бытырап, бириндеп баратты. Боронбай өткөрө сыйлаган, үйүнүн кутун кармап турган, алтын чачпак энеси Даанакан көз жумган. Боронбай кадырлаган адис аңчы Эшкожо, кыра бүркүтчү Эшпер, Керек, Томолор о дүйнө караган. Аз өтпөй жарык дүйнөдөн Олжобай, Самсаалы, Жанек баатыр узады. Кылыч, Кыдыраалы, Кулубек, Койкелди, Намазбек, Чыңгыш сыяктуу эр азаматтар майданда навыт болушту. Башка уруулардан Мойт акедей, Самсаалыдай, Жолболдудай, Канайдай каарман адамдар дүйнөдөн өтүп кетишти.

Боронбай төшөккө жыгылгандан тартып, сыртка чыгып заара ушатканы болбосо, калган убакыттын баарында жаздыктан баш көтөрбөй, көздөрүн чылк жумуп, ойго батып жатты. Анын дартына колу жеңил табыптардын, тамырчылардын, дарыгерлердин таасири болбоду. Аба-

лы күндөн-күнгө оорлоду. Бирок Боронбай «төшөккө жыгылды» деген-ди угуп, абалын сурап келгендердин баарына «жакшымын, бүгүн кечээ-киден дурусмун» дегенден башканы айтпады.

Боронбайдын ага-туугандары алыстан көргөнү келгендерди каршы алып, конок күтүп, караан болуп, узатуу камында турушту. Бирок өзү чакыртмайынча Боронбай жаткан боз үйгө эч ким даап кирбеди. Жакындан бери Жети-Өгүздүн сыртынан Буйлаш уулу Арстанбекти алдырып, анын заман, тагдыр, өлүм, арман, санат, терме ырларын угуп жатты. Арстанбек кара күү черткен сайын Боронбай көзүн жумуп, улам табышмактуу, сырдуу терең ойго батты. Арстанбектин мукамын эл уксун деп, табы жок Балбайды баш кылып, сырдаш, муңдаш, үзөңгүлөш адамдарын кашына чакыртты.

Боронбай дем тарткан тыноосун билгизбей, оор дартын унутуп, алаксып, качаңкы каткан бугун, көкүрөк черин чыгарып үшкүрдү. Үшкүрүгүнөн ысык дем сызылды.

– Өксүй түштүк го, Арстанбек балам?.. Күүң мукам го?.. Мукамына канбай калдык го?.. – деди Боронбай чымын жанын Арстанбектин өнөрү кармап тургансып. – О, чиркин, дүнүйө?!. Түбүң түшкөн дүнүйө?.

– Дүнүйөгө канган ким бар, Бороке? А көрө башка арманды уккула! «Базар-Коргон, Маргалаң, барбаган жерим калбаган» дегендей, атам Буйлаш айдалып кетип, Анжыян бектеринин колунда туткунда жүргөндө кыдырбаган жерим калган жок. Он алты жашыман Алымбек датканын кол баласы болуп кызмат кылдым. Өнөрүм менен жактым. Ошондо Анжыян кыргыздарынын күүлөрүн сиңирип калган элем. Аны азыр: «Арстанбектин беш жүз күү» – деп чертишет. Черте берсе түгөнбөйт, керте берсе кемибейт. Бек Арстан Тайшы, Кер толгоо, Кетбука, Калмак ашуу, Кара өзгөй, Көкөй кести, Ыйбаарат, Шыңгырама, Насыйкат, Ботой, Кербез, Сары барпы сыңары күүлөр атадан балага мурас. Атабыз Буйлаш айтчу: «Эл деңиз, биз тамчы» – деп. Эмесе, эл уксун, эл сүйгөн күү: «Насыйкат» – деп чертти Арстанбек.

Чертилген ыргак менен «ырдап» жатты комуз. Көңүл күүсүн сыздатып, өмүр күүсүн боздотуп, чыңдап жатты комуз. Уккандардын жүрөгү буулугуп, булкунуп, туйлап жатты. Кол чертпей эле күү сезимди койгулап, жүрөктү муштап жатты. Бирде кеңип, бирде тарып, бирде көлкүлдөп эрип, бирде марып, бирде кең дүйнөгө малкып, чалкып жатты күү. Байыркы күү, азыркы күү, көп замандарды кыдырган күү...

Арстанбек комузду кол ойнотуп чертчү. Ал акындык менен комузчулук өнөрдү бирдей кесип кылган чоң ырчы, чоң комузчу эле. Ал аш-тойдун үстүндө, аш-той Арстанбектин үстүндө. Арстанбек эл кыдырып, айлап, жайлап, кыштап, кыргыздын оң-солун түрө аралап ырдаган. Ал жүргөн жерлер оюн-күлкүгө, тамашага, шаан-шөкөткө, көңүлдүү жашоого айланчу. Өлгөндү тирилтпесе да өмүрүн созуп коюуга өбөлгө болчу эле.

Арстанбек Ысык-Көлдүн тескейинин сыртында Буйлаш бийдин токол катынынан төрөлүп, Чычкан, Даркан, Жуукунун чатын жердеген. Буйлаш байбичеден беш, токолунан эки балалуу болгон. Арстанбек байбиче катындын балдарына тең ата боло албай, жарытылуу тамак ичпей, курумшу кийип, жерден боорун көтөрөт. Кол-арага жарап калганда Буйлаш аны кой кайтартат. Он үчкө келгенде атасынын үстүнө кирип барып: «Түш көрдүм» – деп көргөн түшүн айтат:

– Атаке, кой четинде жатып түш көрсөм: кош өркөчү баладай ак буурага минип баратыпмын. Кийгеним төө чепкен. Бурааны минип, чоң дөбөгө чыгып барыпмын. Бир сонун комузду алып, төөнүн үстүндө чертип жатыпмын. Ак бурааны тегеректеген казак, кыргыз ыраазы болуп, батасын берип жатыптыр, – дейт.

Буйлаш балдарынын ичинен салбар катындын баласы жүнү тирүү, бышык чыгып келе жатканын байкайт да канатташ көчүп-конуп жүрчү Айтымбет деген уста келип калганда, кымыз ичип отуруп:

– Биздин салбардын уулуна Кызыр аян берип, батасы тийгенби, ошого бир комуз чаап бериңизчи! – дейт.

Айтымбет үйдүн жазы үч уугун сууруп алып, сыртка чыгып кетет. Эт бышып, чыгарар маал болгондо уста суурулма бир чакан комуз жасап келип, Буйлаштын колуна карматат. Буйлаш Арстанбекти чакыртып:

– Жамандын түшү да жаман, кишини убара кылып. Түшүң туш келсин эми. Мына, саа берген энчим ушул. Кокус сындырып алсаң же кылын үзүп, же тепкесин жоготсоң, жаман энең экөөңө бир төөнүн отуну салынат! – деп комузду колуна берет.

Арстанбек ошол комузду басса-турса колунан түшүрбөй, уктаса койнуна ала жатып жүрөт. Бир күнү Буйлаштын айылы жаңы журтка көчөт. Кой айдаган Арстанбек жолдо комузду сындырып аламбы деп энесине берип кетет. Энеси жүк артып жатканда комузду чийдин түбүнө жөлөп коюп, унутуп кетет. Жаңы журтка келгенде Арстанбек башка сөзгө келбей эле комузун сурайт. Энеси ары карап, бери карап таппай:

– Мен бейбак, өнөрүңдүн түбүнө жеткен турбайымбы,аралдым! – деп алаканын шак коюп, буркурап ыйлап, отура калат.

Арстанбек энесин кейитпейин деп, сыр билгизбей:

– Кейибе, энекебай, ыйлаба! Ээсин сүйсө комузум табылат! – деп кайтарган койлорун энесине табыштап, күнчүлүк жерден комузун издеп жөнөйт.

Эски журтка жеткиче Арстанбек бир ыйлап, бир сооронуп, Жараткан Теңирге зарын айтып отурат, ошондо Арстанбектин үнү Теңирге жетип, комузга зар-муңу өткөн дешет. Комузун тапкандан кийин ал күйгөн ырларды, санат, терме ырларды чыгара баштайт. Ошол комуз менен эл ичине кеңири тараган «Арстанбектин дастаны», «Арстанбектин какмасы», «Арстанбектин толгоосу», «Арстанбектин камбаркан»,

«Кер өзөн», «Кой бөлөр», «Тили буруу», «Жаш Манас», «Мендирман», «Көкөй кести», «Дуу басар», «Кайра качпа», «Анжыян калкы», «Терс кайрык» деген күүлөрүн чыгарган, ошондой эле «Тар заманын», «Арманын», «Керээзин», «Насыятын», «Кашкар калкын», «Нускасын» айткан:

Бул дүнүйө жалганда,
Өлбөй тирүү ким калган?
Айры-айры жол калар,
Арманың ичте мол калар,
Айтылбаган сөз калар,
Айрылбаган бөз калар,
Ачылбаган сыр калар,
Арстанбектен ыр калар.
Асмандагы ай калар,
Күлүп-жайнап күн калар,
Ай караңгы түн калар.
Касиеттүү көл калар,
Түбөлүктүү жер калар,
Түгөнбөгөн кен калар...
Ажалдан күчтүү балбан жок,
Айла таппай ичим чок.
Улуу сөздү улаган,
Уккан адам ынаган,
Чеченди алган бул өлүм.
Кары-жашка карабай,
Неченди алган бул өлүм.
Гүлкайырдын гүлүндөй,
Кызыл жибек түрүндөй,
Тоту куштун жүнүндөй,
Кыздарды алган бул өлүм.
Ак сакалы жайкалган,
Нуска сөздү барк алган,
Чалдарды алган бул өлүм,
Каса элечек заңкайган,
Төрдө отурса маңкайган,
Кыз өстүрүп кынаган,
Уул төрөп улаган,
Келин жумшап сынаган,
Кемпирди алган бул өлүм.
Күн тегерек, сабы жок,
Күнчө жылдыз табы жок.
Жакшыга жаман жеткен жок,
Шар аккан сууда өткөөл жок.

Күйүттүү ишке бушман жок,
Өлүмдөн кыйын душман жок.
Катын, балаң чуркурап,
Карып жаның зыркырап,
Көкүрөктөн жан чыгып,
Ойрон болот экенбиз.
Бул өлүмгө айла жок,
Айткан менен пайда жок,
Жараткан өзү билбесе,
Жалынган менен даба жок,
Дубанача зарланып,
Турган менен арга жок...

Ал кезде бугу элинин бирдары Эки-Нарындын башын жайлачу. Арстанбек Эки-Нарында ооруп калат. Жаздыкка башы тиер менен: «Мени Көлгө көчүргүлө. Бабаларымдын сөөгү жаткан жерге жетип өлөйүн. Жаныбарым Көлүмдүн дидарын бир көрөйүн. Ыйык толкуну угулуп турсун, комузума кубулуп турсун, жан сергиткен шапааты сезилип турсун» – деп Көл өрөөнүнө көчүшөт. Арстанбек Көлдү жаны бардай көрчү. Күүлөрү Көл толкунундай кайнап, ташып, толкуп турчу. Көчүп келатып, Көк-Жайыкка жетип, андан Сары-Жазга өтүп, Каркыранын белинде Арстанбек төшөккө жыгылат. Туугандары ыйык Көлдү каратып, үч боз үй көтөртөт да ортоңкусуна ноокасты жаткырышат. Ошондо боз үйдүн эшигин түрдүрүп коюп, белине кош жаздык тиретип, ажал менен арбашып жатып, аза күүсүн, керээз күүсүн, каза күүсүн айтып чертет:

– Каркыранын белинде кайран жаным ооруду, Жебирейил жаналгыч жалгыз жанды тооруду. Ак сакалын жайнаткан, түмөн малын айдаткан, желеге бээ байлаткан атамды берсем алабы, чымын жаным калабы? Кош эмчегин айматкан, Каныкейдей кайратман, ак чайнегин кайнаткан энемди берсем алабы, алтын жаным калабы? Колтугумда бир жаткан, азабымды бир тарткан, аркардай көзүн жайнаткан жарымды берсем алабы, асыл жаным калабы? Булбулдай тилин сайраткан, бир айтканын кайра айткан, каз-каз туруп жер баскан, чүрпөмдү берсем алабы, чымын жаным калабы? Албаса, анда жетиптир Арстанбектин ажалы, – деп чертет комузун. Уккан эл көзүнөн жашын буурчак-буурчак агызып, буркурап ыйлап отурат. Элдин ыйы, зары, муңу Теңирдин кулагына жеткенби, Арстанбек ал оорудан айыгып кетет.

– Ой, чиркин жан ай! Ушунча да кымбат болорбу? – деди шуу үшкүрүп Боронбай. – Адамды ушундай армандуу кылып жараткан экен го?

– Жан таттуу, жан ширин! Болбосо жан чиркинди көп кыйнабай ажалга кыйбайт белек? – деди Арстанбек комуз кулагын толгоп. – Ээ, Бороке, бул күү «Көкөй кести». Айта жүрчү арман күү, атпай журтка калган

күү. Мен эркектен жалгызмын. Бирөө кыз. Жалгыздын жары Жараткан Теңир, жан жолдошум өнөрүм. Коболоңдуу күндөрдүн коңур күүсүн чертип келем, комузум менен элдин муңун кең дүйнөгө серпип келем. Жан таттуу, жер катуу. Ач болуп, азап жеп, чок басып, от кечип жүрсө да көрпенде өлгүсү келбейт. Адам – адам болуп жаралганы арманы арылбай, көксөөсү суубай, кайгы-зары какшап, көкөй кескен күү менен муңканып калган. Жан чиркин, жылдыз болуп учаар, бирок мен черткен күүлөр укумдан-тукумга мурас болуп калаар. Көзүм өтсө өтсүн, сөзүм өтпөсүн. Жаным учса учсун, рухум учпасын. Эстүү тукум Арстанбектин айтканы деп эстей жүрсүн, кылга тил салып черте жүрсүн! – деп Арстанбек «Көкөй кестини» чертип болуп, «Тар заманын» төктү:

Карылардан көп уктук,
Уламадан кеп уктук.
Өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат деп уктук,
Узун чөптүн баарысын,
Оруп чыгат деп уктук,
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп чыгат деп уктук,
Ай-ааламдын баарысын,
Соруп чыгат деп уктук.
Бир, эки – деп санаган,
Тыйын чыгат деп уктук,
Атасынан баласы,
Кыйын чыгат деп уктук...
Карагайдын башында,
Чыны болот деп уктук,
Чыны менен жүргүзгөн,
Зымы болот деп уктук.
Алты айчылык жолдорду,
Алты күндө сүйлөшкөн,
Сыры болот деп уктук.
Ошол орус чыкканда,
Кара жол кылаар көлүңдү,
Эсепке алаар жериңди,
Кайсаңдаар сенде чама жок,
Капкандай чабаар белиңди...
Ошол заман тар заман,
Азуулууга бар заман,
Азуусузга зар заман...

– Кайсы бир жылы калк кыдырып кайыр тилеген Календерден укканым бар. Каракол базарында Календер комузун алып, үч кылын жанып, мына минтип ырдаган:

Малым-малым дебегин,
Малың тоонун чымчыгы,
Багым-багым дебегин,
Багың токой чырпыгы.
Жаным-жаным дебегин,
Жаның күкүм бир чыны.
Үйүм-үйүм дебегин,
Үйүң кийиз жыртыгы.
Аз өмүрдө аңкайбай,
Аңдап алгын сен муну.
Калып калсын калкыңа,
Калыс сөздүн чындыгы.
Сөөлөт болсун артыңа,
Сөзүңдүн бир чымчымы.
Балам, балам дебегин,
Балаңдын көп кырсыгы.
Бактылуумун дебегин,
Бактыңар жок чыныгы,
Эбак өткөн бул дүйнө,
Эскилердин сыныгы...

Берекесиз дүйнөнү безеп жатты Арстанбек. Ачкалык, жокчулук, эрегиш, күрөш эстен чыгып, бахадур дүйнөгө балкыды уккандар.

«Дүнүйө» – деп чертти Арстанбек. – Сен, сен, дүнүйө, сен дүнүйө, дайым бири кем дүнүйө. Бул дүйнөгө кимдер келип, кимдер кетпеген. Бул тоолордон кимдер ашып, кимдер өтпөгөн? Бирөө куруп, бирөө бузуп, бирөө бирдемеге жетип, бирөө жетпей, бирөө өлүп, бирөө туулуп турган дүйнөгө ким түркүк? Бирде төө минет, бирде жөө жүрөт пенде. Төө мингенде тегеректеп эл жүрөт, жөө калганда текеберлүү эл күлөт. Бирөө катып жүрүп, бирөө чачып жүрүп өтөт. Артында калса, асман, жер, тоо, күн калаар, асманды жапкан түн калаар. Алар да чексиз эмес. Андай болгон соң, адамдар эмне жетпей, эмне талашып кырылышат? Бирине бири окшош, ача буттуу, айры төштүү, башы жумуру болгон соң, ар ким күнү бүткөнчө ынтымакта, ырыска шерик жашай бербейби? Кудайдын күнү, суусу, жери, абасы жетет эле. Башты жарган ашык мал, ашык дүйнө кимге опо? Дүнүйөнүн артынан түшүп, башкаларды кордоп, тебелеп, тепсеп не кылат?.. Күү соңуна чыкты. Уккандар улам уккусу келип, ыкыс берип, сүрөп олтурушту. Күү күчөп, күүлөнүп, демденип, арманга өттү. Эр кайгысы эл кайгысын коштоп, күргүштөп, удургуп, толкуп, ташып токтоду. Боронбайдын үйүнүн керегелерине тирелген эл, кары-картаң, катын-калач дебей мурдун шор тартып, шолоктоп ыйлап отурушту...

* * *

Боронбай башын көтөрүп, аркасына жаздык тиретип, керээз айта турган баштанды. Үйдөгү улуу-кичүү кунт коё кулак түрө калышты.

– Балбай иним! Арстанбек балам! Жанымда тургула! Калганың оокаттирилигиңе бар! – деп сыртка ээк шилтеди Боронбай. – Экөөңө айта турган эки ооз сөзүм бар.

Бирин бири түртүшүп, үйдөгүлөр чыгып кетти. Боронбай чамгаракты тиктеп, саал ойго батып, чанагына кирген эки көзүнө toktogon жаш мөлтүлдөп кулады. Ал ийинден тына оор дем алып, кеп жолун салды.

– Жараткан, бергениңе да, алганыңа да тообо! Өңгө жалган, өлүм ак. Келгендин кетмейи, алгандын бермейи бар. Бул жалган дүйнө ушундай жаратылган. Эмнесине арман кылабыз? Бул дүйнөдөн не деген лөктөр, не деген залкарлар, не деген асылдар өтпөдү. Анын баары топурак менен жуурулушуп жатат. Мисирейген кара жер эчтеме көрбөгөнсүп, эчтеме билбегенсип басып жатат. Мен жер үстүндө эл чапканды да, эл бакканды да көрдүм. Кор болгонду да, зор болгонду да көрдүм. Казактын хан Кенеси жарым элди чапты, Тезек төрөсү жарым элди бакты. Кечээ жакында ошол эле казактын урпагы Чокон төрүмдө отуруп, манасчылар менен маектешип, жаңы дүйнөнүн кабарын айтты. Кыргыздан Шапак баатырдай асыл чыкпас. Ал дүйнө салганда мен жыйырма бештеги солкулдаган жигит элем. Башында туруп, өз колубуз менен топурак салып, о дүйнөгө узаттык. Тестиер чагымда Ормондун чоң атасы Эсенгулду да, Жантайдын чоң атасы Атакени да, Балбайдын чоң атасы Абайылданы да көрүп калдым. Ошондо из калтырар тукум калсын деп айтышчу. Кокондуктардын жазасын колуна берип, Тайлак да, Атантай да өттү дүйнөдөн. Садырдын атасы Жолболдунун, Жылкайдардын атасы Бирназардын, өз атабыз Меңмураттын нускаларын да уктук. Ал эми Медет датка, Ажыбек датка, Алымбек датка, Жангарач бий, Сатыбек бий, Жаманкара, Жантайлар менен замандаш, таламдаш болдук. Төрөгелди, Ормон, Адыл, Бүргөлөр менен үзөңгүлөш жүрдүк. Бу, көл кылаасындагы эл коргогон, эл баккан, Ата Журтун сактаган баатырлардын баары эле менин инилерим. Мына, душманга тик караган баатырлардан сен турасың, Балбай иним! Жер чечегин безеген, жаакта жок акындан сен турасың, Арстанбек балам! Өмүрдүн узак жолунда далай эле «мен» деген эр-азаматтарды көрдүм. Бирок экөөңдүн алдыңа чыга турган кара баштуу пендеден көрбөдүм. Мен ыраазы, акка моюн сунсам, сөөгүм ыраазы! Бар болгула, аман болгула! Балам Өмүрзак жөнүрөөк чыгып калды. Иним Зарыпбек зөөкүр. «Балаң жаман болсо, дөбөдөй болгон атасын төө үстүнөн ит кабат» деген кеп бар. Кайран Калыгул, көрүп айткан экен. Эсиңде барбы, Арстанбек, олуянын айт-

кандары? – деп Калыгулдун нускасынан уккусу келип, көзүн алайтып, Арстанбекти тиктеп калды Боронбай.

– Бар эмей, эсимде!

Арстанбек комузун толгоп, күү кайрып келип, коңур үн менен Калыгулдун нускоолорунан таштады:

Ээй!..
Жыйырма беш жаш, отуз жаш,
Кетсе келбейт ал кайтып.
Кырчын өмүр өткөн соң,
Жигит болбойт чал кайтып.
Аргымак атың арыса,
Алмагы кыйын жал кайтып.
Чынарды кессең түбүнөн,
Чырпык болбойт тал кайтып.
Кетсе дөөлөт колуңдан,
Келмеги кыйын мал кайтып.
Чындап ажал жеткен соң,
Чыкса келбейт жан кайтып...

– Баракелде!.. Жамандык көрбө!.. «Кетсе дөөлөт колуңдан, келмеги кыйын мал кайтып». Көзүбүз өткөн соң мал-дүйнөнү чача бербей, жанакы жаман иним менен жаман балам, эл катары оокат кылсын. Атанын кашыктап жыйганын эси жок бала чөмүчтөп төгөт. Кудая шүгүр, төрт түлүк мал жок эмес, бар! Камбар ата тукуму жер жайнап жатпаса да, жамандар жан бакканга жетет! Чолпон ата жылдыздай чачырап жатпаса да, коктуда ыңкып жатат. Зеңги бабадан да, Ойсул атадан да, Чычаң бабадан да куру эмеспиз. Бирок мен орус менен да, кытай менен да, кокондук менен да, кашкарлык менен да алака кылгам. Ошонун баарына кабар айттырып, мал-мүлкүн чача бербесин, жөнү жок ысырап кылбасын балдар. Жер дүңгүрөтүп, эл дүрбөтүп, чаң-тополоң түшүрбөй, мынабу карапайым эл кандай көмүлүп, кандай коюлса, ошондой койгула. Мал-мүлк чачып, жер чапчыган менен мени кайра тирилтип алалбайсыңар.

Кагылайын балдар, айланайын элим! Мал багып, бак тигип, жер казып, арык чыгарып, дан айдап, тегирмен жүгүртүп, дыйканчылыкка үйрөнгүлө. Кор болбойсуңар! Жашоого ыңгайлуу, жери май, кыртыштуу Жаргылчак, Тосор, Чычкан, Даркандын жайыттарынан чыкпагыла! Жаңы түшкөн орустар менен ынтымакта жашагыла! Ага каршы чыкпагыла. Алар аттын түгүндөй көп эл, кыргыз аттын кашкасындай аз эл. Алыңарга карагыла. Менин башыма коргон курбагыла, ашыма ат чаптырбагыла, калың кара сойдурбагыла. Байбиче-зайыптарыма кара кийгизип, беттерин тыттырбагыла, атымды тул кылып, куйругун кырктырбагыла. Калкымды кара жашка бетин жуудурбагыла. Жетилигим

өткөндөн кийин гана: «Боронбай Меңмурат уулу о дүйнө узады, акка моюн сунду, жаны жаннатта» – деп калың элге кабарлап койгула!

Боронбайды тыңшап отурган Балбай да, Арстанбек да керээзине саал макул болушса да көбүнө макул болбогонсуп, бирин бири суроолуу карашты. Бирок ары карап бараткан пендеге каршы айтуу кыйын. Үй ичинде да, үй сыртында да агылгалап турган көп киши бар, арасында агатуугандары, эң жакындары кулак түрүп турат: «Бул эмнеси, бул эмнеси?» – деген гана суроолуу көрүнүштөр. Аны үйдөн баамдаган кыраакы Арстанбек кыжаалат болуп, коштошуу кайрыгын комузга салып, кайталап чертип келип, сөзүн ыр менен келтирди:

Ээй, Боронбай, абаке,
Ат чаптырбай ашыңа,
Коргон сокпой башыңа,
Бетке тырмак салдырбай,
Белге белбоо чалдырбай,
Катынга аза күттүрбөй,
Канзаадага күйдүрбөй,
Сарбагыш, солто, саяктан,
Кай жериңен кем элең?
Калыс сөздү айтайын,
Көлдө сүзчү кеме элең,
Калк коргогон эр элең.
Күлпөттөп сөөгү коюлуп,
Казак, кыргыз чогулуп,
Ашы-жыты берилип,
Ак өргөөлөр тигилип,
Аргымактар чабылып,
Ырчылар ырдап жабылып,
Эр эңишээр балбандар,
Эл четинен табылып,
Эли урмат кылбаган,
Сен, кай жериңен кем элең?
Ушул айткан кебиңди,
Мен, алжыган сөз дээр элем.
Сен, саябандуу бак элең,
Салтанаттуу жан элең.
Пашаага жаккан эр элең,
Ормон хандын зарпынан,
Баштап келип орусту,
Пааналаткан сен элең.
Бак тигип, эгин айда – деп,
Жай оокат жанга пайда – деп,

Кышы жылуу, малга жай,
Жери сулуу, данга бай,
Жаргылчак, Тосор кайда – деп,
Чычкан, Даркан жайла – деп,
Кашкар жакка барба – деп,
Айтып жүргөн сен элең,
Акылың кимден кем элең?..
Ак-Сай, Соң-Көл, Арпанын,
Жайлоосуна батпаган,
Жайлуу сөздү айтпаган,
Баса калып башканы,
Уруш, чатак баштаган,
Эсенгулдун тукуму,
Эзип келген бугуну,
Кара ниет Ормондон,
Кай жериңен кем элең?..
Калктын камын ойлонуп,
Канча жүрдүң толгонуп,
Катарлап кара сойбо – деп,
Каржалтып элди койбо – деп,
Калктын камын жегиң бар,
Акыретти ойло – деп.
Калың бугу бар туруп,
Каса жылкы сойбосок,
Калк атасын кадырлап,
Каадасы менен койбосок,
Жаманатты сөз калат.
Адам өлсө ый калат,
Акылман өлсө сый калат,
Каптаган жоодон өч калат,
Кадимки журттан көч калат,
Кербен сарттан бөз калат,
Аттан шакел чөп калат.
Ата баркын билбеген,
Катын бугу балдары,
Боронбайдай асылдын,
Баркына жетпеди деген сөз калат...

Арстанбек ыр көлүн төгүп жатканда Боронбай башын кереге жакка кыйшайтып, үн катпай угуп жаткансыган. Канча күндөн бери абалын сурап келип-кетип, кирип-чыгып тургандар күтүп жатканын түшүнгөн Боронбай жашоого ыраазычылыгын билдирип, жарык дүйнөнү жашай тургандарга калтырып, жылуу маанай менен жылмайып, жүзүнөн нур

төгүлүп, ырга муюп, бутун сунуп, боюн түзөп, уктагандай көшүлүп, тыным алгандай кыңк этпей, дем тартпай кете берди...

Боронбайдын жашоо менен коштошуп жаткан акыркы учурун баамдаган Арстанбек арман, керээз, насыят ырларды айтып бүтүп, комузун керегеге жөлөп, башын ийип, эңкейип, тыноосун тыңшады. Тыноо жок. Колун жууркандан чыгарып, жибек тамырын кармады. Тамыр какпай калган. Боронбайдын маңдайынан сылап, чекесинен өөп, колунан сүйүп, көзүнө жаш алып, ыйлап ийди Арстанбек.

Балбай жер чапчып турду: «Эсил кайран абакем, эми кайдан көрөйүн, эсил кайран бир боорум, кеттиңби бизди таштап, элди таштап?» деген өкүрүк салып, баркыраган коңур үн үй ичин үч көтөрдү. Алеки заматта ыр тыңшап, дымып турган кең дүйнө чуру-чуу түшүп, будуң-чаң болду да калды. Ар туштан чапкылап келип жаткандар теребелди солкулдатып, өкүрүк-кыйкырыкка толтурду.

Балбай үчүн жар кулады, тоо кулады. Түбүнөн омкорулуп зор дарак жыгылды. Дарактын күүсү менен көлөкөсүн пааналаган майда талдар жапырылып, ый кагып, муң кагып, шуулдап жатты. Асмандан жылдыз түштү. Таянган аскасы урап, жандүйнөсү аңтарылып, муун-жүүнү бошоп, сай-сөөгү сыздап, Балбай жөлөп-таягандардын коштоосунда сырттагы дөңгөчкө көчүк басып, бөйрөгү солкулдап, кокуйлап отурду. Кайрат айтып «кой-ай» дегендердин кеби кулагына кирбей, өпкө кагып көпкө ыйлады...

Кабар жеткен жердин баарынан Боронбайдын казасы менен азасына асалап келгендер камчысын бөйрөгүнө таянып, өкүрүп түшүп жатты. Үч жүз кишиси менен саяк Садыр аке, дагы ошончо жигити менен дөөлөс Тилекмат, арык элинен Байсары менен Токсаба эки жүз жигити менен жер жаңырта өкүрүп, зайыптары кошок кошуп келишти. Арасында он алты жашар Кыдыр бар. Өкүрүп келгендерди тосуп жатып, Балбайдын көзү Кыдыр деген уланга түштү да мындан он алты жыл илгери өткөн бир окуя оюна кылт этти. Анда Олжобайдын көзү тирүү...

* * *

Олжобайдын небереси, Байсарынын баласы Кыдыр жарык дүйнөгө келгенде, бир тууганы Токсаба асырап алып, чоң той өткөзгөн. Ошондо ушул азыр дүйнө салган Боронбай жонуна камчы жеп, турмушта биринчи жолу сынганы Балбайдын эсине түштү. Той кызып, үртүктөлгөн күлүктөрдүн жабуулары алынып, жарчылар ар күлүктүн сынын, сыпатын, касиетин мактап, ат айдоочу күнчүлүк жерге айдатып кеткен соң, кымызга кызып, дөңдө отурган манаптар аттан да, адамдан да кыйкым таап, талаш чыгарып, чыр чырагына май куюшту. Сөздүн шарты келбесе да бийлердин бири:

– Бөрү баласы ит болбойт! – деп калды сөздү той ээси Токсабага кыйытып. – Асыранды бала накта тукум болуп бербес бекен?..

– Курама темир курч болот! – деди дагы бири анын сөзүн жиреп. – Малмага салып сугарып, дөшүгө таптаса курч чыгат!

– Асыранды баланы баккан убара. Акыры элин таап кетет!

– Эмне, Токсаба уругу жогунан багып алыптырбы Кыдырды?

– Анан эмне, тукумсуз өтпөйүн, жакшы тукум берер деп асырап отурат.

– Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет, карындагы баланын хан болоорун ким билет? Анын эмнесин талашып-тартышып, Токсабаны жер караттыңар? – деп Боронбай ак пейили менен айтты эле, жер карап, ыза болуп отурган Токсаба:

– Ким жер карап калыптыр? Сенин сийдигиңен чыккан Өмүрзакты, агаңдын сийдигинен чыккан Зарыпбекти да билебиз. Жинди десе жинди эмес, соо десе соо эмес! Ошого жер карабай сен деле эл бийлеп жүрбөйсүңбү? Бешиктеги балага эмнеге мынча сынтактыңар?

– Ой, биз жөн эле дегиңкисин айттык!

– Баскыла жаагыңарды! – деп Боронбайды жон талаштыра камчы менен бир салды Токсаба. – Оозуңарды агытпагыла!..

Боронбай бозоро түшүп, түнөргөн бойдон отуруп калды. Белектин жигиттери камчыларын бүктөй кармап, дүр этип тура калышты. Арыктын жигиттери Токсабаны колтуктап, дөңдөн ары сүйрөп кетишти. Муратаалы кыт-кыт күлдү. Табасы канып, ташы тегеренди. Чырга май тамызып, от тутанткысы келди. Жүзү жайнап, Боронбайды «эми кантесиң» дегенчелик сынай карады. Боронбай көзүн андан ала качып, асман көчүп, башы айланып, ордунан араң турду.

– Айланайын Бороке, айкөлдүк кылып, эси жок, кежир итти кечирип кой! – деп Арыктын аксакалы Олжобай курун мойнуна салып, башын калтылдатып, Боронбайды ээрчий басты. – Кечиримдүү элең, Боке!

Боронбай кабагын түйүп, сурдана карап, жооп кайырбай аттанып кетти. Белек уулдары катуу намыстанып, Арык уулдарын чапмай болушту. Жигиттери жарактанып, кол курап аттанаарда Боронбайдын алдына Сарт аке менен Тилекмат ат бастырып келип, кечирим кылуусун өтүнүштү. Тойдо сынып калган Боронбай көнбөдү.

– Эмесе, Ормондой болуп, кандуу кагылышты өзүңүз баштайсызбы? Арты жамандык менен бүтсө өкүнүп калбаңыз. Элдин дооматы мойнуңузда болот. Жок дегенде, бугу элинин улуу аксакалынын алдынан өтүп коюңуз. Анан эмне кылсаңыз өзүңүз билиңиз.

– Бизде жүздөн ашкан карыя барбы? – деди Сарт аке. – Ким бар?

– Балбайдын чоң атасы Абайылда бар. Ал быйыл жүз бește!

– Ошого баралы, эмне дээр экен?

Абайылда Күрмөнтүнүн башындагы коктуда кенже баласы Сасыктын колунда турчу. Адегенде Солтонкул баштап кирди да, төшөктө жаткан Абайылдага салам айтты:

– Ассалоом алейкум, ата!

– Во алейкум салам! Сен кимсиң, кайсы баламсың?

– Аалыбайдын Солтонкулумун.

– Аалыбайдын Солтонкулу болсоң, малдын ээси турбайсыңбы.

Артынан кирген Боронбай:

– Мен Боронбаймын! – деди.

– Боронбай болсоң, элдин ээси турбайсыңбы, – деди Абайылда.

Соңку кирген Тилекмат:

– Жылкайдардын Тилекматымын! – деди эле:

– Ээ, сен акылдын ээси турбайсыңбы! Жогору өткүлө! – Абайылда жарпы жазылып, эти качкан жүзү нурдана түштү. – Чакыртып алдыра албай турган коноктор өздөрү келген тура. Ар бири тайлык мейман. Конок камын көр, балам!

Сасык боз үйдөн чыгып кетти. Аркы-терки сөз сүйлөнүп, коноктор-ду кепке тартып отургуча, мал да союлуп, эт да бышты. Табакты жасап келип, Абайылдага эттен ооз тийгизди Сасык. Абайылда эттин даамын алып, оозунан бүркүп ийди.

– Ак-кокуй күн ай-е?!. Атың эле сасык десем, затың да сасык турбайбы. Азиз меймандарга кой сойгон турбайсыңбы. Тай сойбойсуңбу! Ате, ка-ап, жакшылап конок кылсак болот эле, бир болоор иш болгон экен, – деп тескери карап жатып алды Абайылда.

– Биз шашылышпыз, ава! Байгамбар барына ыраазы. Ооз тиели да, кетели! Сизге келген себебибиз алдыңыздан өтүп коёлу дедик. Бу, Арыктын тукуму эсирип, Кудайын таанабай кетишти. Токсабанын камчысы калк сыйлаган кадырлуу Боронбайдын жонуна тийди! Арыктын тукумун чабабыз деп топ куруп, аттанганы жатабыз! – деди Тилекмат. – Ошону сизге бир ооз айтып коёлу деп келдик. Кийин айткан эмес деген өктө болбосун!

Абайылда майда таарынычын таштап, эми чоң таарынычын айтты!

– Э, катыгүн, мен өз баламды сасык десем, анык сасык силер белемсиңер? Арык-Белек бир тууган! Өз тууганыңарды чапсаңар, кимге жакшылык кыласыңар? Четтен жоо тийсе, силерди коргой турган ошол Арык тукуму эмеспи? Жер керек болсо, мал керек болсо, кыз керек болсо, достошуп, сөөктөшүп, эбин таап албайсыңарбы? Жерди, жайытты, конушту, малды тапкан Арык. Арыгымдын тукумун чаппагыла! Чаппагыла дейм! Эки дүйнөдө агарып-көгөрбөй каласыңар. Ушул жашымда, ушул сакалым менен ушуну суранам силерден!

Абайылда жашылданып, тетири бурулуп жатып алды.

Боронбайлар эттен ооз тийип, бата кылып чыгып кетишти. Колунда барын союп, коноктоого далалат кылган Сасык бозала болуп отуруп калды.

– Абайылданын ыйын угузайын деп алып келген турбайсыңбы, Тилекмат? – деди Боронбай аттанып баратып. – Амалың күч, ээ?.. Качан болсо, кайдан болсо, жоктон жол табасың!..

– Эми, эмне кылсаңыз, өзүңүз билиңиз! – деди Тилекмат максаты орундалган соң. – Мен дегеле, босогоңузду экинчи аттабайын!..

Бул 1843-жылы күз айында болгон эле. Андан бери он алты жыл өткөн. Азыр Боронбайдын казасына келген Арык тукумунун эки жүз кишисинин арасынан тирикарак улан Кыдырды карап туруп, башын чайкады Балбай: «Убакыттын учканын, өмүрдүн өткөнүн кара! Кечээки күчүк бүгүнкү бөлтүрүк, эртеңки көкжал. Ой-тобо-о!..» Кыдыр күңгөй-тескейден аягы суюлбай келип жаткан адамдардын аттарын алып, отко койдуруп, өргөөлөргө кийирип, табагын тарттырып, үч күн бою тикесинен тик туруп кызмат кылды. Боронбайдын казасына келгендер Кыдырга ак батасын айтып, келечегине жакшы үмүт, асыл тилегин билдиришти.

Боронбайдын өлүмүнө күнөөлүү болгонсуп атасы Токсаба үңкүйүп, жер карап отурду. «Эми кандай күн болот, бугулардын башын ким кармайт, элдин башын ким бириктирет?» деген көөмөйдө ойго батып Тилекмат отурду. «Мен эми кимден бак талашам, кимден так талашам?» дегенсип Муратаалы отурду. Жер чукуп, сакалын дирилдетип Солтонкул отурду. Дегеле, кимиси болбосун, бугунун карылары Сарт аке баштап: «Ушундай күн ар кимибиздин башыбызга келет, жаныңды алтын сандыкка катсаң да Ажал баатыр алат» дегенсип, өзүнөн өзү чочуп, сестенип отурушту. Бир гана Зарыпбек чечекейи чеч: «Эми султан мен болбогондо ким болот? Менден жакын кимиң бар? Карачечекей тууганы, мураскору мен! Кана, ийрилбей көргүлөчү, кимиң бар?» дегенсип, сөөктү башкарымыш болуп, ичинен сүйүнүп, сыртынан күйүнүп жүрдү. Боронбайга топурак салган калдайган калың эл мүрзө башынан жапырт козголгондо баарынан мурда озунуп, Зарыпбек кыйкырды:

– О, калың журт! Боронбай кандай киши эле?

– Жакшы киши эле! Адамдын асылы эле!

– Боронбай абам кандай киши эле?

– Кайран асыл, дүйнөгө бир келип кетти го, чиркин?!.

– Аласаңар болсо, асыяңар болсо, менден алгыла!

– Аласа жок! Асыя жок!..

Сөөк коюунун ырым-жырымы бүткөн соң зайыптар отурган каралуу өргөөгө кирип куран окуп, бата тартышты да калың эл өргөөлөргө бөлүнүп кетишти. Каралуу өргөөдө чыркырап ыйлаган, өзөлөнө өксүгөн, кошолоно кошок кошкон зайыптардын үнү далайга басылган жок. Ыймандуу, салттуу, нарктуу карылар отурган өргөөдө Боронбай көзү тирүүсүндө айтып кеткен нускалуу казалдан меселдетти Арстанбек. Боронбайга чамалаш, таламдаш, үзөңгүлөш адамдар калпак, тебетейлерин баса кийип, жерден баш көтөрбөй үңкүйүп, үшкүрүп, шыпшынып, жалган дүйнөнүн армандуу кайрыгына кулак төшөштү:

Ак бөкөн келип жыгылат,  
Алдын казып ордосо.

Ак шумкар келип чалынат,
Саятчы алдын тордосо.
Жаманда эмне ал калат,
Жемелеп катуу зордосо.
Жакшынын иши оңолбойт,
Акыйкаты болбосо...
Асманда булут барында,
Малым бар деп ишенбе.
Азирейил барында,
Жаным бар деп ишенбе.
Ата-бала, ага-ини,
Кадырлашкын тирүүңдө.
Каза жетип, күн бүтсө,
Каласың көрдүн түбүндө...
Аргымак жалын беш бөлүп,
Өргөнүң калат, жигиттер.
Айгуулашып куш салып
Адырлуу жерден из чалып,
Жүргөнүң калат, жигиттер.
Эрмектешип ырдашып,
Эзилишип сырдашып,
Күлгөнүң калат, жигиттер...
Бүрмөчүгүн бүрмөлөп,
Термечегин термелеп,
Зайыптар өткөн дүйнө ушул.
Кызгалдактай кылактап,
Кырмызыдай буластап,
Кыздар өткөн дүйнө ушул.
Күлүмсүрөп кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Керимселдей ыргалып,
Келиндер өткөн дүйнө ушул.
Таштан-ташка секирип,
Табышмак айтып бекинип,
Балдар өткөн дүйнө ушул.
Какайган бели бекчейип,
Кара көзү чекчейип,
Кайран жашым кетти – деп,
Чалдар өткөн дүйнө ушул.
Адырга малы батпаган,
Базарды булу каптаган,
Байлар өткөн дүйнө ушул.

Боору таш ажал тез келди,
Боронбайга кез келди.
Муратаалы, Тилекмат,
Калың бугу элиңди,
Башкарып ал жериңди,
Заманың эми өзгөрдү...

Боронбайдын кара ашына келген кунттуу карылардын атын алып, ат-казып, өргөөлөргө киргизип, кызмат кылган куйма кулак жаш Кыдыр ошолордун оозунан уккан, кыргыздан чыккан кыраандарды көңүлүнө түйүп койгон. О, кийин, жашы өр тартып, насыят, үлгү, нуска кебин айтып калганда, аларды «даанышман акелер» атап, өзү да «аке» болуп, сабына кошулган. Даанышмандар, олуялар, баатырлар, акындар, элчилер, жайчылар аңыз болуп, эл оозунда касиеттүү алты «аке» айтылат.

**11**

Боронбайдын көзү өткөндөн кийин Калыгул менен Арстанбек айткан тар заман такымдап калды. Калыгулдун нускалуу сөздөрү калып, өзү боз топурак жамынды. Абайылда, Түлөберди, Шапак баатыр, Бирназар бий, Меңмурат бий жарык дүйнөдөн өтүп кетишти. Бабалардын байгерлүү доору өткөн соң каада-салт, үрп-адат, жөрөлгө-жоосун өзгөрүп, Россия сыяктуу ири мамлекеттердин кубатына, кулачына жараша, аларга жанаша жашаган майда улуттар, аз элдер көз каранды болуп, тагдыры да, турмушу да башка нукка, башка жолго түштү.

Боронбай каза болоордон мурда эл бийлеген жакшыларга кабар айттырып, топ куруп, акылдашып, мөөрүн басып, кат жаздырып, адегенде бугулар, анан черик, сарбагыш, саяк, солтолор Россиянын карамагына кирип, зор империянын букарасы болуп калды. Калыгул көзү барда оңойлук менен башы бирикпеген көчмөн кыргыз оруска колун сунабы же каршы чыгабы деген олку-солку ойдо болгон. Ал тектүү жерден чыккан калыс адам болгондуктан, бугуларга да, сарбагыштарга да тартпай, акыл-насаатын, нускалуу ойлорун таамай айтып, абройлуу, таасирлүү адамдарга боло турган заман агымын эскертип кеткен.

Боронбайдын көзү өткөндөн кийин ордуна Зарыпбек болду. Ал ансыз да уйдун бөйрөгүндөй бөлүнүп турган элди жик-жикке ажыратып, бөйдөй кууруп, камырдай жууруп, төрт амалын түгөттү. «Жаман айгыр өз үйүрүнө тап» дегендей, көзүн караган күнкор жигиттерге күрт-күрт чанач чайкатып, саба быштырып, карды жарылгыча кымыз жутуп, казы-карта чайнап, кызарып, ала-күү болуп жатып, атаандаш мыкчагерлерди, мыктычыкма эргулдарды алдына чакыртты. Кылаар иши, салаар кушу жок дардес келгендердин кебинен кемтик издеп, кылган ишинен кыйкым таап,

кыңыр карап, кери сүйлөп келекелеп, такыр эле кыртышы сүйбөй баратса, ычкырына кыстарган кайыш кабынан тапанча сууруп, чамгаракты карай «тарс» бир атып калчу. Түндүктүн аштоо жыгачтары түтөй түшүп, ок асманга кетчү. Тапанча атылганда отургандардын жаны чыгып, келмеси оозунан ыргып, бири-биринин колтугуна тыгылып, баштары керегеге кирип кетчү. Жан чиркин ширин тура, кайсардын кылыгына каршы баралбай, каяша айталбай жансерек коёндой калчылдап туруп беришчү. Ошондо Тилекмат капааттанып, ачуусу келип, кол серпип:

– Аста-секин, кайсар! Жүрөктү түшүрүп салдың! Ок менен ойнобогун! Эсирген Үмөтаалы болбогун! Алдыңда бала-бакыраң отурат. Ок жаңылса, жаман көргөнүң эмес, жакшы көргөн көрөр көзүң турбай калат! – дегенде Зарыпбек ого бетер оолугуп:

– Көрөр көзүмөн мурда, сени майып кылсам кантесиң? – деп тапанчанын оозун капшыт жакка каратканда Тилекмат тура калып каруууга кагып жиберген. Үйдөгүлөр бирин бири түртүшүп, сыртка чыга качкан.

– Эсирген акмак! Бул турганда элге күн жок! – деп Тилекмат экинчи келгис болуп, артына кылчайбай аттанып кеткен.

Ошондон аз өтпөй «ордумду ушул талашып атат» деген арам ойдо кол куушурган кошоматчыларга приговор-чагым жаздырып, аскер чакыртып, Тилекматты Алматыга айдатып жиберген. Бирок көпкөн Зарыпбек көп турбады. Тилекмат акталып келди да, Сүттүү-Булактын көбүргөндүү көк жылгасына көчүп барып, бирназар, коңурат, мундуз, дөөлөстөрдүн аксакалдарын алдырып, Кытайдын Көктерегинде жаткан Балбайды чакыртты. Эл Тилекматты султан шайлап, Балбайды чакыртканын укканда Зарыпбек төбө чачы тик туруп, туталанып, Көк-Жайыктагы үйлөрүн чечтире баштады. Соо кезинде да, кызуу кезинде да анын сестенгени бир гана Балбай болчу. Балбай музоо чагынан сүзүп, жүрөгүнүн сары суусун алып койгонбу: «Ормонду сойгон көкбет келсе, найзанын учуна илет, күн жарыкта көздөн далдаа болоюн» – деп, карп-күрп камынып, эмерек-буюмдарын шаша-буша төөлөргө жүктөтүп, Ак-Шыйракка көчө качты. Бирок Балбайдын артынан жаздырган чагымы Алматыга жетип, ал адамдар аз каттаган Көк-Теректин коктусунда кайтарууда жаткан.

Зарыпбектин зардабынан даанышман адамдар жабыр тартып, айткандары эм болбой, сөздөрү өтпөй жер карап, жалгызсырап, мусаапыр болуп калган. Боронбайдын көзү өткөн соң санаалаш, таламдаш, замандаш жүргөн Тилекмат келгиче Сарт аке жакын туугандарын алып, Нарынга көчүп кетти. «Боронбай өлүп сен калдың, Калыгул өлүп мен калдым, эми бизди түшүнө турган ким калды?» – деп Сарт акенин соңунан ак таңдай Арстанбек кетти. «Караламан топ келатат, Калыгулу, Боронбайы жок келатат» – деп, аларды Эки-Нарындын башындагы бугуга кирген тынымсейиттер тосуп алды. Чоң Карач, Муратаалы, Солтонкулдар: «Өлүү болсок бир дөңдө, тирүү болсок бир жерде бололу. Жакшылык

заман болгондо кайрылып келээрбиз» – деп дүпүрөтө жылкыларын айдатып, Кытайда жашаган бугуларды беттеп, Өртөң, Чекирти, Сайкал, Айгыр-Жал деген жерлерде жайлап-кыштап калышты.

Жазмышка ажал жазылса, качып кутулмак барбы? «Өңгө жалган өлүм ак» дегендей, кадырлуу, алымдуу Тилекмат 1863-жылы «пайгамбар жашына келгенде» ары карады да, баласы Чыныбай эл башкарып калды. Бул кезде орус мужуктары күргүштөп көчүп келип, Көлдүн күңгөй-тескейине, Сары-Өзөн-Чүйдүн кыртыштуу, оттуу, суулуу жерлерине хуторлорун салып, тоодогу бой тирешкен шыңга карагайлар кыйылып, чычкан мурду өтө алгыс жалдуу сары камыштар боюнда болсо, дурус болоор эле? Балким, биз көргөн балыгы, кыргоолу мол, отунга бай Жыргалаңдын куймасы же андан арыраак кеме келе турган, кайык жүрө турган Көлдүн чаты ылайык болбосун? Кандай дейсиз?

– Оёздун калаасын Ак-Суунун боюна курууга оңтойлуу болбос. Өзүңөр көрдүңөр, бул жер шамалдын огунда, капчыгайдын оозунда. Ал эми Жыргалаңдын куймасы былкылдак саз. Тоодон шаркырап-күркүрөп агып келип, Көлгө куйган суулар бирде тартылып, бирде ташып турат. Суу тартылганда чат сазга айланат. Калааны бийигирээк көрүнөө жерге курган оңдуу. Буга Караколдун өйүз-бүйүзү ылайык. Мен көрсөтүп берейин, ал дыңкылоон дөңсөө жер, шамалдын огунан алыс, тоо жакасында. Башаты ак мөңгүлөрдөн башталып, карагай-черди аралап аккан Каракол суусу отунга бай, бак-шакты да сугарат, аймактагы дан талаасына да жайылат. Там-ташка да жетет. Жол тоому. Күңгөй-тескей ашташкан жер. Тасманын белине чыга калганда бараанданып көрүнүп турар, – деп Каракол калаасынын ордун биринчи жолу Кыдыр көрсөткөн.

Мык кагылбай Тянь-Шань карагайларынан ашталып курулган православный христиандардын чиркөөсү 1868-жылы башталып, 1898-жылы бүткөн. Чиркөөгө удаа эле камыш менен жабылган хаталар, казарма, пекарня, тегирмен, лазарет, аптека, банк, почта, типография, семинария, управителдин мекемелери салына баштап, Каракол уезд борбору болуп калган. Жакын аймактагы хуторлордон аспап, шайман, куралдарын ала келген мужуктар менен кырк солдат биргелешип иштешкен. Карагай, таш, камыш сүйрөтүүгө Кыдыр жүз он өгүз, отуз төө берген. Тилекмат уулу Чыныбай Каракол–Нарын уездинин биринчи управители Чаковскийге күчтүү аргымактарды тартуулап, азык-түлүк, жем-чөп менен камсыз кылып турду.

Боронбай, Калыгул, Олжобай, Тилекматтын көзү өткөн соң кыргыздарга улук болгон Чыныбай орустар менен жакшы алака кылып, туугандарынын ынтымагын бекемдеп, эл башыларын баш коштурууга аракет кылды. Ак кочкордун өрдөшүнө ак өргөө көтөртүп, ар уруу аксакалдарын түлөөгө чакыртып, ак бата сурап, ак боз бээ мууздатты.

Жүз жашты чапчыган, жүзүнөн жылдызы жанып турган, дале акыл-эстен тана элек, кеп-сөзүнөн жана элек, топ-кеңештен кала элек Айман жайчы түбү түштүктөгү Ажыкеден келген теңизбай уругунан чыккан, айдын, күндүн, жылдыздардын оош-кыйышын билген, жаңырган айдын жүзүн миң, эки жүз жолу көргөн, сакалы жайкалып, көкүрөгүнө төгүлгөн, оозунда омоктуу сөзү бар, санжырачы, салабаттуу, бакжайган карыя эле. «Аа, балдар, пенде буюрган жашты жашайт тура. Быйыл жүздүн даамын татыдым. Бирак туулган соң көрпенденин өлмөйү бар. Бул дүйнөгө келген соң, акыры о дүйнөгө узайт пенде. Акка моюн сунуу парз. Жараткан Теңир, жанды кыйнабай алсын» – деп тообо кыла турган. Бул отургандардын ичинде жүз жыл жашаган андан ашкан, андан улуу кары жок. Ошондуктан, салттуу сөз тизгини Айман карыяда:

– Йээ, чүрпөлөрүм!.. Мен көргөн тоолор дале турат залкайып. Мен кечкен суулар дале жылжып агып жатат. Бирак мен көргөн жакшылар, мени менен жашташ, мага чамалаш карылар калбай калды. Көбү жетимиш, сексен жыл жашап, түбөлүк уйкуга кетти. Балдары, неберелери отурат мына. Йа, Алла, бергениңе да, алганыңда тооба! – деп нуска айтты Айман жайчы. – Тукум эстүү чыкса, атанын өнөрү балага өтөт, ал өнөрдү эстүү тукум гүлдөтөт. Жылдын мүнөзүн, аба ырайын, жаан-чачындын жайын айткан жайчылыгым бар эле, ал өнөрдү балам Манаке кармады. Жаратылыш менен жан-жаныбар эгиз бир тууган. Биз жерибиздин шартына, жай-кышынын жагдайына, тоо-ташына, өзөн-суусуна жараша жашап келген элбиз. Өмүрдүн узак жолунда мени менен жашташ дарактар куурады, сайлар соолуп, суулар башка нукка түштү. Эстутумга салып, акыл калчап көрсөм, эл башкарчу акылмандар калбай баратабы деп калдым. Баары эле жан багуунун айынан өз көмөчүнө күл тартып калган көрүнөт.

Боронбай айтчу: «Он бешинде ташка ойногон улаксың, жыйырма беште оргуштаган булаксың, отузунда октос бербес шар суусуң, кыркында кындан суурулган кылычсың, элүүндө адырдан качкан аркарсың, алтымышында аркандалган аттайсың, алыска чуркай албайсың, жетимишиң желенин башы, жердин ташы, баланын анабашы, сексенде сенексиң, токсондо тоголондуң, жүзүндө жер жүзүнөн жоголдуң» – деп. Кайран кишинин айтканы келди. Жүзгө чыгып тоголонмой болдук.

Мына, эми Тилекматтын да көзү өттү. Тилекматты «тонсуз уул кулдун тукуму» деген бекер кеп. Анык торкодон тон кийген, топ жарып, эл билген, тоо жүрөк баатырдын тукуму Тилекмат. Аккан арыктан суу агат. Бүгүн Тилекматтын салтын улап, Чыныбай күңгөй-тескейдин жакшыларынын башын кошуп отурат. Ат айланып казыгын табат тура. Заман коогаланДуу, опсолоңдуу, капсалаңдуу болду. Боронбайдын ашы берилбей калды. Мына, ушуну колго алсаң атанын баласысың, чырагым! – деп сөз тизгинин жыйды Айман жайчы.

Чыныбай: «Эмне эле биздин тагдырды, биздин таржымалды меселдеп калды десе: «Боронбайдын ашын өткөрүүгө жарачу уул ушул. Эл билсин жөнүбүздү, тегибизди, насилибизди арсарсыбай айта жүрсүн дегени турбайбы. Биз «тонсуз уул» эмес экенбиз. Тайыбыз нойгут-кыпчак беги, бабабыз Кашкарды багынткан кадимки Алым баатыр, тек-жайыбызды терең билип, Бирназар бизди өз тонуна ороп баккан. Мурдунун учунан башканы көрбөгөн, оозуна алы жетпеген, акылы тайыз, мыктысынгандар гана «тонсуз уул» дейт турбайбы бизди. Шашпагыла, силерге мен торкодон тон кийгизем, дубанды жарган ат мингизем», – деп Айман жайчыны сыймыктана карап, өзү туруп, анын ийнине бейкасам чапан жапты да баймалуу бакай калпак кийгизип, сыр аякка куйдуруп, кош колдоп кымыз сунду.

– Ээй, Чыныбай, чежиреңди чечти Айман аке! – деди Садыр аке сөздүн ток этерине өтүп. – Калк таяна турган каарман адамдар, жоктон бар кылып акыл таба турган даанышмандар калбай баратат. Алды жакта эмне болоорун айткан Калыгул, эки элди чабыштырбай бириктирген Тилекмат, чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган, бөксөргөндү толтурган, элди эл кылып, жерди жер кылып, көлдү көл кылып кармаган эл билги, жөн билги Боронбай жок. Калмак, казак, орус, кытай болобу, баскынчылардан калкалай турган баатырлардан ажырадык.

Байлык, бийлик адамга опа эмес, жарандар. Бай мактанса бир жуттук, эр мактанса бир октук. Байлык колдун кири, жуулат да кетет, бийлик зомбулуктун сүрү колдон колго өтөт, доораны бүтөт. Бийликтеги митаам эл байлыгын шамалга сапырат, адилеттикти элден жашырат. Өз жакындарын колдойт, эч калыстык болбойт. Тегерегине «бөрк ал десе, баш алган» кошоматчыларын топтойт. Бийликтеги митаамдын өзүнөн да кошоматчылары коркунучтуу. Алар өз досун сатып, өз элин тоноп, мусаапыр мунжу кылат. Бийлик колунда турганда залим адам дүйнөнү жарып салышы мүмкүн. Элдин тагдырын тыйынча көрбөй эзе берет. Мына, солто бийи Байтик баатыр элин эзип келген Кокондун бегин бириккен күч менен сокту эле, Бишкектеги чеби кыйрап, Рахматулланын башы эки ийнинен ыргып кетти. Ушундайбы, баатыр?..

– Ушундай, ушундай, – деди ийнинде чени, көкүрөгүндө төш белгиси бар, сыйда сакал, салабаттуу, олбурлуу Байтик. – Бишкек чебин кокондуктар мен туула электе салдырган экен. Кокон сыпайларына элүү жыл кызмат кылып, орустардын замбирегинен талкаланды. Агер замбирек болбогондо дубалдары урамак эмес. Чеп кыл кошуп жуурулган сокмо кыштан кыналып, сыртынан жылма шыбалып, тогуз байзага көтөрүлгөн. Дубалдардын кырларына ок ата турган оюктар, дүрбү салып карай турган көзөнөктөр оюлган. Сыртынан ат секире алгыс аңдар казылып, агып чыга турган суу толтурулган. Чептин батышында да, чыгышында да, күн жүрүшүндө да капкалуу дарбазалар болгон. Мунараларына күн-түн алмашып турган куралдуу күзөттөр, кытайча замбиректер коюлган.

Сарбаздардын курсагын кыргыздар тойгузган. Бөлөкбай, Талкан, Чаанын тукумдары, Жоочалыш, Күнтуу, Култуунун, Токбайдын эли чөбүн чаап, аштыгын айдап, данын бастырып, кышкы азыгын камсыз кылчу. Сарбаздарга тамак керек, кийим керек, өтүк керек, тон керек, төшөнчү керек, аттарына жем керек. А түгүл сарбаздарга шарап керек, катын керек, кумар керек. Аларды кайдан алат? Кокондон ташып келбейт да. Чапкан, тоногон, талаган айылдардан алып, элге салган салыгы, элден алган алманы батмандап басты. Баарынан да кыргыздарды кул кылып, кыздарын күң кылып, келиндерин кенизек катын кылганы батып кетти жаныма. Күч менен чепти ала алчудай эмеспиз. Оозунан от чачкан курал жок бизде. Астыртан Алматыга барып, орустан жардам сурадык. Анан, амал колдонуп, Рахматулланын ишенимине кирдик да: «Сарбаздарыңыз менен шапар тээп, дуулап, ойноп-күлүп кетиңиз» – деп, Аларчанын төрүнө чакырттык. Токойлуу өзөн боюна өргөөлөр тиктирип, саба быштырып, күчтүү кымызга шарапты кошуп берип, мас кылып, аттарынын үзөңгү боолорун кестирип салдык. Кеч бешимде ылжыган сарбаздар аттана албай жыгылып, туткун болушту. Рахматулла сак киши экен. Минген айгырын бөлөк кайтартып, коктудагы буйгадан аттанып, качып чыгып кетти. Артынан сая кууган Көкүм мына, жаныбызда отурат чепке жеткирбей башын алды. Ошол күнү Алматыдан жете келген замбиректер чепти аткылап кирди. Ошентип, биз кокондуктардан кутулдук. Бишкек азыр үйөз болуп, орустардын колуна өттү. Эми, кыргыздар ынтымак куруп, орустар менен жашоого туура келет. Ооба, орустун заманы келди. Биз муну туура түшүнүп, орустар менен бололу, туугандар.

Байтиктин сөзүнөн кийин көкүрөгүндө катар-катар төш белгиси, эки ийнинде эполети бар кыраакы Шабдан козголду.

– Байтик баатыр төп айтты, – деди ал отургандарды кыраандай сыдыра карап. – Кыргыз кырылышып бүттүк. Орустун заманы келди, оомат аларга ооду. Базары, соодасы, буюм-тайымы гана эмес, чептери, жолдору, каруужарагы келип түштү. Мужуктары Чүй бооруна, Көл боюна отурукташып атат. Мен Алматыда болгонумда Ала-Тау округунун ачендиги мага караган жерлерди Бишкек үйөзүнө өткөрөсүңөр деген кагазын берди. Кыязы, Меркиден берки аймакты Бишкек үйөзү атап, ары жагын Олуя-Атага карата турган жер Расий мамлекетине таандык болду. Демек, орустардын күбүрнатыр, оёздорусуз кыймылдай албайбыз. Оёздун айтканы менен болуп, дегенин аткарабыз. Чет душман, мейли кытайы, мейли кокону, казагы, уйгуру болсун, орустар турганда кол сала албайт. Балдар орусча окуйт, орусча кат тааныйт, орус мекемелеринде кызмат кылат. Орунбоор, Бетербоор, Омбуга барат. Эми, кыргыздардын ынтымагына келсек, о алмустактан бери эле көчмөн эл сакалдуу ажосуна баш ийип, оездон чыккан сөздү эки кылбай аткарып келген. Курамадан журт кылган, кулаалыдан куш кыл-

ган Манас бабанын тегерегине баш кошуп мамлекет курган. Бир муштум болуп, душманга каршы сокку урган. Кыргызды кыраан баатырлар, чыгаан акылмандар башкарып турган. Ата-баба бизге ынтымактын уюткусун мурас кылып калтырган. Кечээ эле көзү өткөн Боронбайдай тегиз, Калыгулдай калыс адамдар болобу? Кайран даанышмандар кайта бир кайрылып келбес, келсе да Боронбайдай, Калыгулдай терең болбос. Калкым деп караталашкан, журтум деп жуурулушкан, ынтымак, ырашкерлик үчүн ичкен ашын жерге койгон, өзгөнү жатым дебеген, өздү өзгөчө көрбөгөн көрөңгө эле, уютку эле, уюл эле, кайрандар! Боронбай сарбагыштар менен куда болгон. Бир кызын саякка, бир кызын казакка, дагы бир кызын атбашылык черик Тойматтын уулу Турдукеге берген. Мына, Боронбайдын арбагын сыйлап, Тоймат менен Чоко бугулардын жерине көрөн-жарандары менен келип отурат. Боронбайдын арбагын сыйлаган жеке эле бугулар эмес. Аны мүлдө жамагат, атпай кыргыз кадырлайт. Боронбайдын ашын, ыгымын-чыгымын жалпылап көтөрөлү!

Шабдандан кийин катарында отурган жумгалдык Байзак козголду.

– Болсун! Болсун! «Манастан Чубак кем бекен» дегендей, кеминдик сарбагыштардан жумгалдык саяктар калышмак беле? Шабдандын атасына кызыбызды берип, биз да сарбагыштар менен куда болгонбуз. Бизди төл саяк, буларды көл саяк дейт. Тээтиги Суусамыр, Соң-Көл, Кызартты жайлаган саяктарда жылдыздай чачыраган мал бар. Айдаталы! – деди Байзак катарлаш удаа отурган Атакан, Миңбай тарапты карап. – Мына, кетмен-төбөлүк Атакан, Миңбай, Эгемберди лөктөр отурат. Булар да жок дебес, өз сөзүн айтаар.

Боронбайдын заманында Тимофей Нюхалов, Чокон Валиханов, Семенов-Тяншанский, художник Верещагин, полковник Хоментовский турган Каркыра жайлоосунун төрүндө азыр генерал Александр Кальбарс жана жаңы мезгилдин бийлери турат. Кыргыз бийлери эртеңки келе турган Пржевальский, Северцев, Мушкетов, Федченко сыяктуу жаңы саякатчыларды тосуп алып, алардын илимий экспедицияларына өз кызматын көрсөтмөк. Анткени мезгил менен тең жарышкан географиялык изилдөөлөрдүн чектери кеңейип, саякаттын жаңы жолдору салына баштады. XIX кылымдын биринчи жарымында Россиянын деңиз флоту менен жер шарын изилдөөчүлөр Крузенштерн менен Лисянскийдин, Беллинсгаузен менен Лазаревдин, Станюкевич менен Литкелердин экспедиция кемелери жер шарын айланып чыкты.

XIX кылымда Россия Казакстан менен Орто Азияга, Ыраакы Чыгыштагы жаңы аймактарга ээ болду. Илим үчүн да, мамлекет үчүн да бул жерлер аз изилденген бойдон калып жатты. Бул жерлерге жаңы изилдөөлөр жүргүзүп, жаратылыш байлыктарын сузуп алуу орус мамлекети үчүн кезектеги милдет эле. Борбордук Азиянын улуу тоолору бүткүл Европанын бештен үчүнө тете. Тянь-Шань, Гималай, Памир,

Алайдын киши буту баса элек тоолору эзелтен эле жер жүзүнүн географтарынын көңүлүн буруп келген. Жер шарынын чокусу болгон бул тоолордун аба ырайы, суулары, өсүмдүктөрү, жаныбарлар дүйнөсү, астында жаткан кен байлыгы бөтөнчө кызыгууну туудурган.

Бирок улуу тоонун ашуусу татаал зоокалары, кирип турган суулары, алай-дүлөй бороондору, темир аяздуу сууктары, тамчы суусу жок какшыган чөлдөрү кооптондуруп, европалыктарга кастык менен караган жарым жапайы адамдары айрыкча коркунуч туудурган. Алар улуу тоодо жашаган адамдарды жапайы деп терең жаңылышкан. Бул тоолордо байыркы Барсбектин урпактары Боронбайдай меймандос, даанышман, айкөл адамдар бар экени үч уктаса түшүнө кирген эмес. Дал ошол кооптонгон европалыктарга Боронбай биринчи болуп эшик ачты.

– Аларды амал менен токтотуп турган асылдардан айрылдык, – деди Садыр. Караламан топ келатат, Калыгулу, Боронбайы жок келатат. Калктын карманаар туткасы эми сенсиң, Чыныбай! Кана, эмне дейсиң?..

– Азыр бир гана жол: орус менен болуу, отурукташып жанаша конуу. Өз көзүңөр менен көрдүңөр, калаа куруп, жол боюна орус кыштактары түшүп жатат. Жакшы оокат кылуунун жолун орус билет. Мен жөндөнжөн эле мактап атканым жок. Өнөр оруста. Оруска бир нече жолу Качыбек авам да, атам Тилекмат да барды. Орус кулачтуу, кубаттуу эл. Агер биз орус менен болсок, Кокон эмес башкасы да кылыбызды кыйшайта албайт. Кокондун сазайын орус берет, чептерин замбиректери талкалайт, – деди Чыныбай көйгөйдүн чыныгы маанисин туюндура. – Боронбайдын ашын Зарыпбек менен Өмүрзак качан берет деп күтүп отурат белек? Мына, биз беребиз! Оболу Караколдон, Токмоктон, Капалдан базар көчүртөбүз. Каркырада жармаңке өтөт. Чоң топ болот. Дүр-дүнүйө, төрт түлүк мал сатылат. Ошентип, даярдык башталат. Күркүрөгөн күздө алты сан кыргыздын төбөсү көрүнгөн мыкчагерлери чакыртылат. Каркыра үч кошкон элдин жери, тогуз жолдун тоому. Аш ошо жерде өтөт. Мүлдө кыргыздын эл билгилери баш кошсо, Боронбайдын ашында бириккенбиз деген сөз калсын элде! – деди Чыныбай.

Ак өргөөдө отургандар алакан жайып:

– Болсун! Болсун! Ынтымак – ырыска шерик! Ортобуз толсун! – деп бата тартышты...

*Конкурска*

## Эдигей БОРОНЛЫ

* * *

*Мени ушул жол өмүр бою апкелетат ээрчитип, өмүр бою...*
*билбейм не үчүн, тагдырымды ага ишенип тапшырдым.*
*Күндөр өттү мен бактыга сыйбаган, мен бактыга тойбогон,*
*эмне экенин билбеген армандын да, кайгынын да, ыр-чырдын.*
*Жашадым мен башкаларга жагууну да, жагынууну ойлобой,*
*өзүм каалап, көңүлүмө жаккандай, ага такыр өкүнбөйм.*
*Окшош элем, кээде мен өз нугунан ашып-ташкан дайрага,*
*Кээде болсо тоолорго окшоп күңгүрөндүм жер тиктеп,*
*Токойго да окшодум шуудурашып ыр ырдаган талаага.*

*Ооба, ырас күндөр болду, эмнегедир өкүт кылган,*
*бу жашоого келгениме өкүнгөн, аргасыздык акыл тушап*
*андайда, наалат айттым «жараттың» деп кудайга.*

*А кудайда эмне күнөө, бу дүйнөгө жаратканы жазыкпы!*
*Бактым эмес, менин шорум ошондон го – деп ойлойм.*
*Адамга эмес, тил тийгизген кудайга!..*

*Мени ушул жол өмүр бою апкелетат ээрчитип, бүтпөгөн жол...*
*Уч-кыйрысыз жана качан жаралганы белгисиз!*
*Бүтпөгөн жол – ысыгынан суугу көп, таттуусунан ачуусу –*
*Ошого да каниет, ошого да шүгүр, канча татаал болбосун.*

*Алдыда да, артта да баш-аягы көрүнбөгөн, түгөнбөгөн жол болсун*
*Бизге чейин келген жол, бизден кийин кала берсин узарып да,*
*түгөнбөй.*

*...Биз жашоодо ким бирөөнүн жашоосун жашагандай жашайбыз,*
*Өз жашообуз, өмүрүбүз кор тутуп, анан ойдо, кыялда*
*Эгер кайра төрөлсөм, эгер кайра качандыр бир жаралсам*
*Жашамакмын дейбиз такыр башкача.*
*Бирок айтчы, көрдүң беле аккан суунун артка кайра акканын.*

*Айткан адам болсо эмине, жигиттерге тайманбаган, эр жүрөк,*
*Баатырдыктын өз убагы, сааты бар, асти каршы акпагын.*
*Аккан сууга, агымга, аккан сууга, агымга...*
*анын да өз анты дагы, салты бар.*

*... Эч түшүнбөйм, адамдарга каршы агышкан агымга,*
*аккан сууга, тирүүлүктүн мыйзамына баш ийбей*
*өз жолумду табам деп. Кереги жок жолдон оңго, же болбосо*
*солго карай бурулуп, кетенчиктеп, артка кайра кайрылып*
*бурул, кайрыл, же кайрылба – күтөт сени тагдырың.*

*Жолго чыккан сөзсүз далай адашат, сөзсүз далай адашат.*
*Бу жашоодон өз жолун да, тагдырын таппай өтүп кеткендер да*
*жок эмес.*

*Мени ушул жол өмүр бою апкелетат ээрчитип, өмүр бою...*
*күтөт мени миң бир кайгы да, бир бакты,*
*миң бир арман, бир кубаныч...*
*бүтпөгөн жол, бүтпөгөн...*

*Мени ушул жол өмүр бою апкелетат ээрчитип,*
*таарынычым жок, капалыгым кудайга да, өзгөгө да өзүмө.*
*Бирок жалгыз өкүнүчүм, менин жалгыз арманым –*
*Менин жолум кесилишпейт сен менен, менин тагдырым,*
*менин жолум...*
*кесилишпейт сен менен, сенин жолуң башка, башка сенин тагдырың,*
*Сүйүүң башка, миң бакты да, бир арман,*
*... сен жолуңдан адашпа, сен сүйүүңдү таппай, билбей калбагын...*

* * *

*Бу дүйнөдө жалгыз-жарым нерсе жок, баары эгизден, түгөйдөн,*
*Мезгил менен мейкиндикти, асман менен жерди алалы оболу.*
*Же болбосо өмүр менен өлүмдү, чындык менен жалганды...*
*Чыгыш менен Батышты, алыс менен жакынды,*
*Сен буларды алыс дебе, ажырым.*

*Баары эгизден, түгөйдөн, оо, арийне жалгыз дешет Жараткан!*
*А макулмун, мүмкүн Кудай жалгыздыр, аны көргөн эч ким жок.*
*(Кудай өзү кечирсин, ашыгыраак ал тууралуу сүйлөсөм.)*
*Мен билгенден сүйүү дагы жалгыз-жарым бечара,*
*Эки адамга бир сүйүү, эки тагдыр бир сүйүү, эки жүрөк бир сүйүү...*

*Эки адамга жалгыз сүйүү жетеби, жалкы сүйүү жетеби?*

*Билем, билем, менсиз деле өтөт жашоо, күндөрүң,*
*Менсиз деле сен бактылуу болосуң.*
*Бирок айтчы сенсиз жашоом өтөбү,*
*Айтчы, сенсиз мен бактылуу боломбу?*

*Менин сүйүүм эки адамга жетеби?*

* * *

*Эгер адам, албетте, кул болбосо, төрт тарабы кыбыладыр,*
*өз тагдыры колундадыр – бакты жана сүйүүсүнө,*
*күлкүсүнө өзү гана ээ чыгар деп ойлойсуң...*
*күлсө күлүп, сүйсө сүйүп, даамын татып бактынын.*

*Кайгы, көз жаш, жек көрүү айткан ооздон айлансын!*

*Бийик, кооз түшүнүктөр көп убакта,*
*талашсыз чындык сындуу түшүнүлөт,*
*Тагыраагы талашсыз чындык өңдүү таңуулашат,*
*өзүбүз да ошондой кабылдайбыз.*
*өзүңдү өзүң алдабай, жок нерсеге ишендирбей жашоо кыйын.*
*Адам тагдыры өз колунда демиш болуп – жок нерсеге ишенебиз*
*ким бирөөлөр ал бактыны белек кылып берчүдөй ишенебиз,*
*өз бактысын табалбаган бирөөлөр жок бактысын мурас*
*таштап кетчүдөй.*

*Эгер тагдыр колдо болсо эмнеге,*
*өз тагдырыбыз табалбай жаңылабыз?*
*Жаңылабыз, саперлор жаңылгандай.*

*Таңгаласың, адам тагдыры өзүнүн колдо болсо,*
*Жок дегенде эмнеге жашырынбай, корунбай сүйө алышпайт.*
*Айталы, өз тагдырым колумда экен деп коёлу –*

*Кантип эле, менин эмне башкалардай баюуга акылым*
*жетпейт бекен?*
*Же бирөөлөрдүн эсебинен жашоого болоруна түшүнбөймбү?*
*Бийликке жетүү деле, башкарып кетүү деле колумдан*
*келерине көзүм жетет.*
*Арийне, бирок ал менин тагдыр эмес. Тагдырым колумда эмес!*

*Мен деле мелт-калт толгон сүйүү менен бактылуу*
*жашагым келер эле*
*Аргасыз жек көрөсүң... аргасыз сүйүү менен! Аргасыздык...*
*Күлкүң кыстап турса да, ыйлап ийгиң келет кээде.*

*Тагдырым өз колумда болсо, эмнеге, жок дегенде*
*Жүрөк менен кайгырып, жүрөк менен кубана албай...*
*Жүрөгүм кубанса да, акылым кайгырып тур.*
*Жүрөгүм ыйласа да, ууртумдан күлкү кетпей...*

*Эгер адам, албетте, кул болбосо, тагдыры өз колунда...*
*деген менен жашоого көзү ачыктык кылып болбойт.*

*Тагдыр ошол! Мүмкүн эмес сени сүйбөй коюуга... сени сүйбөй...*

*Аттиң, тагдыр, аттиң сүйүү... сүйүү деген эмне эле?*

* * *

*Мени алар уруу көрүп, чочулашат...*
*Буларга далилдөө да, ишендирүү мүмкүн эмес.*

*Кымбат баалуу кийинишип, кымбат баалуу акыл айтып,*
*Кымбат баалуу галстуктарга кыкынышып...*
*...Алар сөзсүз сүрөттөй, үнсүз-сөзсүз алысты тиктешет да,*
*Сөздү корго, сакта деп саксакташып, жанталашып мыйзам жазат,*
*Куду эле ыр жазгансып, же обон чыгаргансып рахаттанып...*

*Анан алар бүт өмүрлүк максатына жеткендей кымбат баалуу*
*жылмайышат.*
*Олуттуу жылмайышат бүт дүйнөлүк маселеге баш оорутуп*
*жаткансышып...*
*Кымбат баалуу ойлонушуп,  олуттуу сүйлөшүшөт...*
*Эмнегедир аларды көргөн сайын, ууру... ууру... ууруну кармагыла,*
*кармагыла деп кыйкырган бир ууру эске түшөт.*

*Пешенеге жазып койгон тагдырдан кача албайсың, эч талашпайм,*
*Акындан кыйын ууру чыгышы мүмкүн, бирок уурудан акын чыкпайт.*
*Акындар калпты чындай ырга айлантып жазышы толук мүмкүн,*
*Калпычылар ырды калпка айлантып айта алышпайт.*

*А падыша эрмеги белгилүү го, эриккенден ыр жазышкан,*
*А акындар эриккенден эрмек үчүн падыша боло алышпайт.*

*Мени алар ууру көрүп, чочулашат.*
*Ууру болсом, анда неге мен анын сүйүүсүн уурдай албай убарамын.*
*Мен анын сүйүүсүн уурдай албай...убактылуу болсо да*
*карызга сурай албай кыйналамын, карызга канча үстөк*
*сураса да алар элем, түбөлүккө карызга алар элем.*
*Карызга 1000% үстөк менен берсе да алат элем...*

*Мен сүйүүгө ансыз да карыздармын... мага сүйүү карыздар…*

*Мени ууру дегендерге айта берип чарчадым, чарчадым ов…*
*сөздөн коргон, сөздөн сактан,*
*сөздү коргоп, сөздү сактап кереги жок, сөздөн коргон...*

*Айталы, мен досторум адамдардын укугу тууралуу көп айтышат...*
*А менин ачуум келет, каным кайнап...*
*Эмнеге алар сүйүүнү корго дешип оозанышпайт.*
*Эмнеге… кейиштүү, өкүнүчтүү... сүйүүнүн кор болгону!*
*Адамды коргоп эмне кыласыңар?*
*Сүйүүнү сактагыла! Сүйүүнү коргогула!*

*Сүйүү дегенибиз, бул адамды бар кылган да, жок кылган –*
*жаратуучу да, кыйратуучу да улуу, зор күч эмеспи.*

*Аялдарды бекеринен жаратуучу жана да кыйратуучу деп айтышпайт,*
*ошон үчүн коломтонун, оттун ээси – энелер.*

* * *

*Буйруса, баары сенде жакшы болот… буйруса, баары сенде...*
*жакшы болот, бактылуу бирөө сенин жолуң карап, күтөт чыгар.*
*Бактылуу болосуң сен, сүйүктүүм ишен мага,*
*менсиз деле өтөт жылдар*
*Сабалап учкан куштай менсиз деле өтөт жылдар, менсиз деле...*
*Менсиз деле бактыңды таба аласың, анан мени аз-аздап унутасың,*

*Унутасың, унуткандай кайгыны, көз жашың күлкүңдү жууп.*
*Унутасың күлкүнү унуткандай, жашоо дайым кайта алат*
*өзүнүкүн, эмне берсе, бербесе да,*
*мейли аны талаш, мейли талашпагын.*

*Мени деле унутасың, ансыз кыйын, сага да, мага дагы*
*сен бактылуу болууга акылуусуң, ишен жаным*
*Менсиз, бирок ким билет сүйүүңдү табасыңбы?*

*Сүйүүнү табалбайсың, сүйүү жок мен жок жакта...*
*чочулаба...чаңкаган бактың дагы күтүп турган чыгар.*

* * *

*Оо, оопасыз дүйнө бул, бир күнү бетин көрсөтүп,*
*бир күнү артын көрсөткөн,*
*Кечээ барың бүгүн жок, мен укканды укпагын, мен көргөндү көрбөгүн,*
*Баары бүттү – көз ирмемде көз ирмемге, көз ирмемде ирмемге.*
*Тоолор урап, дарыялар соолуду, үнү катты булбулдун –*
*Жашоо мүргүп, жер огунан тайыды, бут алдыдан жер көчөт.*
*Ажал улук, өлүм ак, ажал улук, өлүм ак –*
*Оо, Жараткан, ушул азыр сенден башка эч ким мени түшүнбөйт.*
*Укканымды, көргөнүмдү кимге айтам?*

*Сүйүү да өлөт, кетет кайтпас сапарга, булак көзү бүтөлгөндөй түбөлүк*
*Сүйүү да өлөт өчкөн өңдүү жылдыздар.*
*Сүйүү да өчөт өчкөн сымал күйгөн от.*
*Сүйүүнүн да ичер суусу түгөнөт.*

*Тоолор кулап, суулар соолуп, үнү катты булбулдун, баары бүттү...*
*Бут алдыдан жер көчөт, эмне кылам, кайда барам,*
*кимге барам, эмнеге?*
*Акыл-эсим, көзүм, көңүлүм караңгылап тумандайт.*
*Жерди дагы, жашоону астын-үстүн кылчудай,*
*жаңырыктайт жалгыз үн:*
*«Сүйүү да өлөт, сүйүү да өчөт, сүйүү дагы акыр бир күн түгөнөт».*
*Акыл-эсим ишенсе да, үшүп калган жүрөк ага ишенбейт.*

*Проза*

**Маматбек СЫДЫКОВ**



# ЖООКЕР

## (Аңгеме)

Түн.

Припоминается, господин Ельцин называл подобную регенерацию умением «держать удар». Как эти деловары похожи друг на друга! «Киндерсюрприз» обанкротил всю страну и как «с гуся – вода»! Снова бодренький, при должностях, поучает: что такое хорошо, а что есть плохо. Удар выдержал! Наши предки, опозорившись, обычно стрелялись. «Дохляки!» Не смогли держать «удара». Наверное, лепили их из другого теста.

**6**

Пока мы сажали цветочки, к нам приехали эстонцы. Вообще-то – русские, но обитающие в «незалежной» Эстонии. Помощник Симанопского, некто Люксембур*, нанял их перестраивать дом своего вице-президента. Заправляли делами у эстонцев два человека: владелец фирмы Аркадий, и прораб Саша. Внешне, этот дуэт командиров выглядел противоречиво. Аркаша – низенький, толстый, большеголовый – с лысой макушкой и кучерявыми баками; шея отсутствовала. Саша – высокий, малость поизящнее, с торчащим густым «ёжиком» на голове. Но имелись и роднящие земляков черты. Оба – огненно-рыжие, красномордые и злобно-нахальные! Впервые я встретил Аркадия, когда тот распинался перед кем-то о своих грандиозных планах. Размахивая непропорционально большими волосатыми лапами, кричал на весь двор, показывая – где и что он возведёт-построит! Так разогнался, что залетел на нашу территорию. Но продолжал орать: «Здесь развалю всё к чёртовой матери… всё переделаю!..» Увидев мой пристальный взгляд, не моргнув и глазом, перескочил на другую тему.

Эстонцев прибыло человек пятнадцать. Мы с Володей, по традиции, сразу попытались наладить контакты с соседями. Но что-то было не так – взаимности не наблюдалось. В разговорах, эстонцы отвечали односложно, держались замкнуто, будто опасались проболтаться. И не только с нами. Между собой общались ещё осторожнее – лишь скупо обменивались информацией. Неприятно поразило их отношение к Москве, коренным русским, и вообще – к России: ехидство, насмешки и откровенная желчь! Замечу, в этой команде практически не было лиц родившихся и выросших в Эстонии. Одних прибило к Балтийско-

му берегу с Камчатки, других занесло из Рязани, третьих – с вологодщины. Больше всех поносил Большую Землю Александр «Рыжий». Если русские в Эстонии все такие, то зря им препятствуют с «натурализацией». Эти, может, и пятая колона, но явно не пророссийская. Их демонстративная отчуждённость вызывала отвращение! Наверное, подобную неприязнь к «родственным» сербам имеют окатоличенные хорваты, или ополяченные украинцы к «москалям». Мне непонятен мотив зарождения такой вражды. Есть в ней что-то нездоровое.

А может, напрасны обобщения? Просто, у «рыжих» и приход собрался «рыжий»?

«Эстонцы» долго раскачивались, веселились водочкой. К работе не приступали. Их начальство что-то считало, делило, ругалось меж собою. Наконец, развили бурную деятельность. Внутри дома покромсали планировку; надстроили мансарду; занялись интерьерами. Среди них были неплохие мастера. Но трудовому процессу мешала постоянная текучка кадров. Многих работяг обижали в деньгах. Оскорблённые, те уезжали. На их место ненадолго прибывали новые.

В конце сезона наведались пятеро натуральных эстонцев, – из тех, что плохо говорили по-русски. Злые, высокомерные, как фашисты! Зачем их принесло – загадка. Две недели они провалялись на лежанках – «банячили», как финны в Петрограде. Затем исчезли, оставив жуткое «свинство» в комнате и гору пустых бутылок.

Самым «несменяемым» эстонским кадром оказался племянник Аркадия. Родной дядя навязал родственника бригаде – как объект трудового перевоспитания. Племяш слыл профессиональным тунеядцем. Но исправляться не спешил. Обычно вспоминал про свои трудовые обязанности лишь к полудню, когда продирал глаза после ночной попойки и дебоша. Поковырявшись пару часов на подсобной работе, он снова готовился к «настоящей» жизни. А бригада вкалывала за него.

«Эстонский» этап реконструкции дачи вице-президента закончился неприлично. Ведущие «балтийские» спецы, из-за задержек зарплаты, сбежали. Строительство потеряло темп и замерло. Аркадий, получив от Люксембура предоплату в двадцать тысяч долларов, смылся. Люксембур предлагал шефу натравить... науськать на вора бандитов, но вице-президент не взял грех на душу. Удовлетворились конфискацией автомобильного крана, брошенного прибалтами.

Мы сильно опасались повторения подобного финала с нами. Но наши деляги ещё не наворовались, чтобы бегать. Мнимой дешевизной своих услуг, они привлекли нового заказчика – богатенькую девушку Юлю. Меня в качестве дизайнера-проектировщика возили к ней на встречу. С трудом отыскали Юлин особняк на Новорижском шоссе. Хозяйка встретила нас в присутствии, как она представила, мужа. Если это был муж, то более дисгармоничной пары я не встречал. Юля – чёрненькая, маленькая, щупленькая, с короткой, под мальчика, стрижкой. В куцем халатике, она походила на продавщицу универмага, выскочившую на обед. Но, попытка беседовать с «продавщицей» в лёгком жанре, сразу натыкалась на жёсткий, даже ожесточённый, взгляд крохотных чёрных глазок. Взгляд предупреждал: я знаю – все вы прохвосты – намерились меня обобрать!.. И не пытайтесь!

Юля сообщила, что близ района писательских дач, в Переделкино, она заканчивает строительство своего дома. Здание было уже почти готово. Подошла очередь вплотную приступить к благоустройству приусадебного пространства. И не простого благоустройства. Вокруг жилища, дачница возжелала получить «что-то необычайно-чудесное»! За необычно-чудесное, «толстые» фирмы запросили – «сволочи», сорок пять тысяч долларов! «Шыш им!» Столько она платить не будет. На половину – согласна.

За всё время нашей беседы, её «муж» не проронил и слова. Он стоял как «даун» – лупоглазый, круглощёкий, с косым засаленным чубчиком на лбу. Взгляд не обнаруживал присутствия хоть какой-то мысли. Обстановка в доме не бедная – доходы явно были. Но угадать чем занимался «добытчик», было невозможно. Внешний вид его не тянул даже на бандита.

А «распорядитель доходами» продолжала излагать нам свои романтические садово-парковые фантазии: «Я хочу, выйдя из дома, заблудиться в собственном саду! Долго петлять по дорожкам! Гуляя, я должна проходить через череду ландшафтных зон: лужок, лесок берёзовый, лесок дубовый, полянка, озерцо…и т.д.»… Не хило!.. Это всё должно умоститься на двенадцати сотках!? Учтём, что дом с гаражом и подъездом съедал треть всей площади усадьбы! Итого: весь среднерусский ландшафт – на восьми сотках!?..

Решили посмотреть участок. Юля, побрезговав максимовской грязной «девяткой», забрала нас в своё «Вольво». Водила она лихо, закатив халатик, под самое – «не балуйся». Как в кресле гинеколога, распахнула свои тонкие ножки. Максим изъёрзался...

Приехали – осмотрелись… Зачесались наши затылки... На месте всё выглядело ещё более тесно! Но я идеей загорелся, как почти неисполнимой.

Сделал топографическую съёмку территории и засел за чертежи и рисунки. Накрутил на плане серпантины из дорожек, запроектировал два озерца, соединил их ручьём (с замкнутым гидроциклом); нарисовал мостик, пергалы, беседку, приподнятые клумбы и кучу ботаники. Обнёс всё декоративным забором из живого камня. Спланировал новый рельеф поверхности; задал уклоны. Получалось так, что между серпантинами петляющих дорожек оставалось всего по шесть метров. Это означало, что осуществить Юлину зональность и создать иллюзию бесконечности участка можно было лишь в глухом непрозрачном лабиринте. То есть разгородить все зоны подобием высокой сплошной живой изгороди. Иначе, все леса, поля, и дороги смотрелись бы одновременно. Без постоянно работающего талантливого садовника, без нескольких лет труда и значительных расходов, Юлина затея была утопией. На этом я акцентировал в своих пояснениях. Но Максим, по обыкновению, пропустил всё мимо уха – его не интересовали далёкие угрозы. А мадам восприняла мои предупреждения как попытку «накрутить» денежку. То был плохой знак, означающий, что взаимопонимания не будет. Юля была девушкой «ХОЧУ», и желала получить всё сразу!

Тем не менее, проект понравился и был принят. К сожалению, в его реализации я не принимал участия. На Юлину дачу послали молдаван, которые смогли возвести только часть забора. Затем все рассорились и расплевались.

На тех же нотах завершился и наш трудовой сезон. С большим трудом удалось добиться расчёта и мирно распрощаться с «лайтвикторианцами». Жека?

Тот выколачивал своё, гоняясь за «гусями» на длинномерной «Ниве». Машина была забита его приятелями бандюгами.

Только с Кабаковым мы разошлись по-людски. Его двор стал неузнаваем: ровненькие прессованные газоны; «дикокаменный» забор; плавные дорожки, фонари, бассейн – чистота и порядок. Виктор Алексеевич остался доволен нашей работой. Сам подошёл к нам, выдал по пять тысяч рублей добавочной премии и пригласил приезжать на следующий год – работать только на него. Конечно, мы с радостью согласились!

## 7

Иметь честного заказчика – огромная удача. Следующий рабочий сезон начали с лёгким сердцем. Единственная наша проблема – жильё. В деревне квартиры не сдавались, а в усадьбе комнат для гостей ещё не было. После безрезультатных поисков квартиры, помощник Кабакова Игорь распорядился отдать нам электрощитовую – страшную тесную безоконную комнатку, с гудящим по ночам трансформатором. Но мы, люди походные, приспосабливаемся везде.

На даче за зиму случились перемены – поменялась обслуга. Выгнали Анатолия и Славу. Взамен парочки, приняли только скромного щупленького сибиряка Колю. Из старожилов, уцелел только Сергей. Избавившись от конкурентов, он чувствовал себя королём.

Увеличились владения наших заказчиков. Вице-президенты прикупили вскладчину дубово-берёзовый лес, примыкавший к усадьбе. С его расчистки мы и начали свою новую службу.

Для ограждения приобретенного леса хозяева наняли московскую бригаду рабочих. Бригаду – «УХ!» Это было что-то!.. Когда они работали, птицы замолкали. Пятеро «заборников» ругались между собой непрерывно, не уставая! Это не художественное преувеличение. Густой отборный «мат» стоял сплошной шумовой завесой, в течение десяти часов, ежедневно! Брань лилась таким потоком, что разобрать – о чём, собственно, говорят, не представлялось возможным – выражения, понятные преподавателю хороших манер, звучали крайне редко. К счастью, матерщинники поселились за воротами, в вагончике. Поэтому, пернатое население леса ночами могло отоспаться. Сначала, слушать ругань было даже забавно. Случались такие словосочетания, каких здравым умом не сконструировать. Всякий, из трудового сообщества нашей базы, делая своё дело, одним ухом вслушивался в «подзаборное» творчество. При особо удачных «коленцах», весь коллектив рассыпался дружным хохотом. Но постепенно, «фольклор» осточертел, и слушатели тихо радовались, когда из строительного вагончика раздавались глухие удары и повизгивание, будто наглухо запертая в фанерной будке собака истерически ломилась наружу! То была рукопашная кульминация дневной перепалки. Все уже знали: после обязательной предзакатной драки наступит желанная тишина. Удивительно, но забор «УХари» построили вполне приличный.

Теперь старая бетонная ограда просилась на слом. Она только портила вид из окон, бессмысленно отгораживая усадьбу от присоединённого леса. Но нео-

жиданно мы столкнулись с жёстким консерватизмом хозяина. Он, оказывается, не любил расставаться с привычной обстановкой и вещами, пусть даже абсолютно ненужными. Но терпение прекрасный ключ для крепостей. Путём длительных осторожных намёков и подсказок, обходных манёвров – через хозяйку, нам удалось добиться разрешения и раздолбать преграду кувалдами, в пыль и крошку. Причём вице-президент сам принял в процессе долбёжки живое участие. Потом с недельку держался за спину, согбённый в букву «г».

Вообще, нужно сказать, что Кабаковы встретили нас удивительно приветливо. И это после того, как работавшие до нас «хохлы» украли и пропили дорогой котёл отопления. Однако Рейган завещал: «Доверьяй, но проверьяй»! Часто случалось ловить на себе пристальный взгляд, бесшумно приехавшего хозяина. Но мы, привыкшие работать без остановок и перекуров, никаких инспекций не боялись. Поэтому взаимное доверие и уважение крепло. Нестандартно повёл себя хозяин и в денежном вопросе. Он сразу выплачивал нам зарплату за весь сезон наперёд. После такого аванса, мы, как порядочные люди, возвращали долг сторицей. Самочинно, ежедневно продлевали свой рабочий день на час; хотя и без того пахали по десять часов в день, без выходных.

Нас допустили внутрь дома – реконструировать обширный подвал. Пришлось там помучиться. Уровень пола требовалось углубить на метр. Хоть это страшно неудобно, извлечённую землю и все стройматериалы мы левитировали в маленькое подвальное окошко. Корячились, изворачивались; не хотелось портить рабочей обувью уже положенный в комнатах паркет. В результате стараний, получился прекрасный спортзал с тёплым полом и зеркальным потолком; и ещё два обширных помещения, отделанных пластиком и керамическим гранитом. Всё устроено без «неизбежной» в подобных случаях грязи.

Самым приятным обстоятельством была полная наша автономность и свобода в принятии решений. Для закупки стройматериалов мне регулярно выделялись деньги и «СААБ» с шофёром. Хозяин не имел со строительством больших хлопот, так как доверился нашему вкусу и приезжал только оценить результат. Со своей стороны, мы старались не грузить его проблемами. Обсуждалось лишь то, что он сам желал обсудить. Обычно в конце разговора хозяин спрашивал: сколько нужно денег? Безоговорочно платил, и тема закрывалась до следующего раза.

Все были довольны. Кроме охранника Серёжи. Тот, теряя статус незаменимого, явно ревновал. Прежде он также занимался работой по хозяйству, но на фоне сделанного нами его труды поблекли. Не глупый, чтобы непосредственно «капать» на конкурентов, своеобразно давал выход своему раздражению. Например, запустит кирпичом в нашу дверь. Таким способом он «звал» меня к телефону…

Появилась в усадьбе живность. Из Западной Сибири самолётом нефтяников шефу доставили подарок: щенка лайки, чистых кровей. Хозяйка назвала пса Умкой. Я соорудил Умке «царскую» будку, но щенок долго не хотел в ней жить. Наверное, не мог поверить своему счастью. Будучи из семейства потомственных «медвежатников», с богатой родословной, Умка и впрямь оказался умницей. Соображал – будь здоров! Шеф, человек занятой, приезжал на дачу редко. Кормили и воспитывали собаку охранники. По Павлову, кто животному даёт

еду – тот ему и «фюрер»… Но, фигушки! Пёс чётко понимал, кто есть истинный «босс». Только Кабаков появлялся на горизонте, Умка тотчас «имел всех в виду». Гордо, как сфинкс, ложился перед входом в дом, ожидая выхода шефа, и ни на кого другого не реагировал. Сергея такое «предательство» обижало: «И чем шеф подкупает пса?!»

Неужели батоном «докторской», который всегда привозил для любимца? Но колбаса, прощально чвякнув, пропадала в пасти пса мгновенно и бесследно, вряд ли надолго фиксируя свой вкус в собачьем мозгу. Тем более вскорости колбасные изделия покрывались осетринкой с барского стола. А потом и шашлычком. Мог и пупок белуги попасть на собачий зуб. Даже рыбная «строганинка», прилетевшая из Заполярья. Балованный пёс, напрессовав брюхо «человеческой» едой, обязан был стать хоть немного человеком. То есть – «зажраться» обнаглеть и требовать ещё. Но Умка чтил «руку дающую» и имел такт не скулить с излишними запросами. Лишь напряжённо, не мигая, смотрел в глаза начальника, безошибочно угадывая благосклонные намерения последнего. Брошенный в его сторону кусок мяса ни разу не успевал приземлиться. В общем, «сибиряк» по жизни таёжной не скучал и «при дворе» освоился вполне успешно.

Между тем, народу на базе прибыло. Сосед нанял достраивать свой дом югославов. Стало сразу многолюдно и шумно. В фирме заправляли сербы. Но было их не больше, чем изюма в булке. Основную массу трудящихся составляли вездесущие западенские хохлы. Внесли они в наш быт и свою культурную доминанту. Теперь по религиозным праздникам, под вой соседских собак, пьяный хор горланил песни про «Галю», «Иванка» и какого-то «коня». Особенно забавно было слушать на Среднерусской равнине хмельные диспуты на вечнолюбимую «львовцами» тему: «про москалей проклятых – во всём виноватых». Большинству украинцев давно обрыдла эта тема. Время прояснило – кто кого кормил, и кто без кого жить не сможет. Но некоторые, хронически обиженные, с блеском горячки в глазах, продолжали дело своих отцов – цеплялись с разговорами к каждому встречному-поперечному, ища желающих хлебнуть мутной словесной антироссийской злобы. Этих ничто не способно переубедить. Даже сам факт их добровольного побега от «незалежности» к самому центру проклятой империи.

**(Продолжение следует)**

*Мурас*

# БАРПЫ МЕНЕН КАЛМЫРЗАНЫН КАРМАШЫ*

Калмырза менен Барпы Өтөмбайдын ашында айтышат. Барпы ырчы Анжыяндан келип, түндүк, түштүктүн кадырлуу датка, бай-манаптары чогулган алты канат боз үйдүн ылдыйраак капшытында айтышам деген оюу жок олтурса, Калмырза беттен ырдап калат.

**Калмырза:**

*Аргымак минген катталар,*
*Алтын камар даткалар.*
*Күлүктү минген катталар,*
*Күмүш камар даткалар,*
*Ойнотуп күлүк мингендер,*
*Ой бешикке киргендер,*
*Каңтарып күлүк мингендер,*
*Катарга башы киргендер,*
*Элден озуп калбаңар.*
*Кара сакал Калмырза*
*Кармашканы болбойт – деп,*
*Капа болуп калбаңар,*
*Көөнүңөргө албаңар.*
*Өтөмбайдын ашы – деп,*
*Арка, Анжиян калбастан,*
*Журту келди деп уктум.*
*Анжыяндык Парпы акун*
*Ырчы келди деп уктум.*
*Камбагалдын оокаты*
*Жылымдыкка жетишпейт,*
*Эр чекишпей бекишпейт,*
*Кармашпаса эки ырчы,*
*Көпчүлүк мактап кетишпейт.*
*Жаман-жакшы элде көп,*
*Ырдашалы, кел бери,*
*Чечендикти билдирип*
*Көмөкөйдө ширин тил*
*Кайрашалы, кел бери!*
*Кел, экөөбүз талыбай*
*Сайрашалы, кел бери!*
*Кыбыла кайсы, кут кайсы?*
*Үзөңгү тебер бут кайсы?*
*Арка, Анжиян журт кайсы?*
*Алым кайсы, кат кайсы?*

---

* Айтыш Барпы акындын «Чыгармалар» жыйнагынын 1-томдугунан алынды.

*Айта турган чак кайсы?*
*Эсептөө кайсы, нарк кайсы?*

**Барпы:**

*Элиңе келген мейманмын,*
*Эргип ырдай турганмын.*
*Эл жүрөгүн кубантып,*
*Сергип ырдай турганмын.*
*Калкыңа келген мейманмын,*
*Кайнап ырдай турганмын.*
*Экөө эмес, даанамын,*
*Жаңгыз аттуу баламын,*
*Сенден кантип каламын,*
*Билип туруп ырдашка*
*Бийиңди ызат кыламын,*
*Болжогондой ырдашка*
*Болушуң ызат кыламын.*
*Очасковой бир билип*
*Орусуң ызат кыламын.*
*Бирмандан ырдап өтөмүн*
*Ыр калитин чечемин.*
*Теңелбесем өзүңө,*
*Көчүктү кысып кетемин.*
*Ары жок адам айтышат,*
*Бейтааныш адам беттешет,*
*Эси жок ырчы жектешет.*
*Эл жыйылып топ болот,*
*Бала менен теңелсе,*
*Сендей акмактын эси жок болот.*
*Кыбыла мына, кут мына,*
*Арка, Анжиян журт мына.*
*Мени менен ырдашып,*
*Кетирбегин баркыңды.*
*Эми аралап мен көрөм,*
*Аркада жаткан калкыңды.*
*Анжияндай жеримдин*
*Сенин наркың менен иши жок.*
*Сени менен ырдашып,*
*Жинди болгон киши жок.*
*Шарияттан бөлөккө*
*Барпы ырчынын кушу жок.*

**Калмырза:**

*Куткунуң бообун бек байла,*
*Кубалашмай ойнойлу.*
*Басмайылың бек байла,*
*Аңтарышмай ойнойлу.*
*Жылооңду бек карма,*
*Жыгылышмай ойнойлу.*
*Ат жабууңду бек карма,*
*Ат жарышмай ойнойлу.*

**Барпы:**

*Куткунуң бообун бек байлап,*
*Кубалашып нетемин.*
*Басмайылым бек тартып,*
*Аңтарышып нетемин.*
*Катылбасаң, Калмырза,*
*Чаң салышып нетемин.*
*Жылообумду бек кармап,*
*Ат жарышып нетемин.*
*Элиңе келдим бир мейман,*
*Эми өзүм жөнөп кетемин.*

**Калмырза:**

*Чечен бала экенсиң,*
*Чечектен кетер бекенсиң?*
*Өткүр бала экенсиң,*
*Өткөктөн кетер бекенсиң?*
*Жаман бала экенсиң,*
*Жатагалар бекенсиң?*
*Чыйрак бала экенсиң,*
*Чычкактан кетер бекенсиң?*
*Теңирдин салган ишини,*
*Көрүп кетер бекенсиң?*
*Мындай болсоң жугармак,*
*Өлүп кетер бекенсиң?*

**Барпы:**

*Мени Бегабат эли мактаган,*
*Безгектен кудай сактаган.*
*Ханабад эли мактаган,*
*Каректен кудай сактаган.*
*Өзгөндүн эли мактаган,*
*Өткөктөн кудай сактаган.*
*Чымбайдын эли мактаган,*
*Чычкактан кудай сактаган.*
*Анжыян деген жеримде,*
*Кожо, молдо көп болот.*

*Безгек деген забилди,*
*Байлап койсо жок болот.*
*Чечек деген забилди*
*Чегип койсо жок болот.*
*Чегилбесе шо чечек,*
*Мага чыксын, Калмырза.*
*Алигиче кам болсоң,*
*Сага чыксын, Калмырза.*
*Ажал жетип күн бүтсө,*
*Жан бүткөндүн баары өлөт.*
*Каза жетсе хан өлөт,*
*Каргыш тийсе бала өлөт.*
*Нөөватиге караса,*
*Сага окшогон чал өлөт.*

**Калмырза:**

*Өтөмбайдын ашы – деп,*
*Жумгалда жатып уккамын.*
*Сага окшогон ырчынын*
*Бетиге чыккан чыйканмын.*
*Анжиянды Калмырза*
*Көрбөгөнсүп ырдайсың.*
*Соно талап денеңди,*
*Өлбөгөнсүп ырдайсың.*

**Барпы:**

*Сенин наркың мен билдим,*
*Боогачы менен Сапардын*
*Үйүгө келген мейманcың.*
*Мага окшогон ырчыны*
*Үй айлантып кууганcың.*
*Өзүңдөн катта келгенде,*
*Ыштаныңдын ичине*
*Эгиз бала туугансың.*
*Сен мекиян, мен короз,*
*Кууганда маалым болосуң.*
*Карагандын ичине*
*Качыратып тукумду*
*Тууганда маалым болосуң.*
*Өтөмбайдын ашы – деп,*
*Жумгалда жатып уккансың.*
*Беттешип келген ырчынын*
*Бетиге чыккан чыйкансың.*
*Чыйкан болсоң чындап кел,*
*Анжияндык баламын.*
*Чыйканыңдын өзүнө*
*Болоттон кездик саламын.*
*Чыйканга чыккан балаамын.*

**Калмырза:**

*Анжиянды Калмырза,*
*Көрбөгөнсүп ырдайсың.*
*Базар десе шайланат,*
*Май кабагын байланат,*
*Кырк тыйынга чай алат,*
*Кырк тыйынга май алат.*
*Үйүгө мейман келгенде*
*Катын шавла кылчы дегенсийт.*
*Эки араба тарткансыйт,*
*Жарты улукман алгансыйт.*
*Канаке табак – деп алат,*
*Катыны талап жеп алат.*

**Барпы:**

*Бул айтканың баари ырас;*
*Анжияндын кишиси*
*Базар десең шайланат,*
*Май кабагын байланат.*
*Кырк тыйынга чай алат,*
*Кырк тыйынга май алат.*
*Ак буудай тартып нанын жейт,*
*Акыреттин камын жейт.*
*Арка деген жериңде,*
*Майда тартып нанын жейт.*
*Эшиктеги балдары,*
*Ак-караны ылгабай,*
*Өпкө менен карын жейт.*
*Арам өлгөн малын жейт,*
*Макүр болду деп койсоң,*
*Адал эле өлгөн – деп,*
*Жалган сүйлөп жанын жейт.*
*Анжиянга барганда,*
*Сары май – деп самын жейт,*
*Чүчбара – деп камыр жейт.*
*Бул айтканың баарысы*
*Маани болот, Калмырза.*
*Меймандан калган саркынды*
*Миң бир эки балаага*

*Дари болот, Калмырза.*
*Бээси бар байларда,*
*Кымызы бар жайларда,*
*Саба болот, Калмырза.*
*Меймандан калган саркынды*
*Каттык оору мейнетке*
*Дава болот, Калмырза.*

**Калмырза:**

*Көкөлөп учкан каптарсиң,*
*Көзү күйгөн аттарсиң*
*Айланып учкан каптарсиң,*
*Алды кайткан аттарсиң.*
*Ала ат минип желгенсиң,*
*Арканын богун тергенсиң.*
*Анжияндан Аркага*
*Аттарчи болуп келгенсиң.*
*Көп иштерди көрөрсүң,*
*Мени менен ырдашсаң,*
*Келтекке чычып өлөрсүң.*

**Барпы:**

*Мен көкөлөп учкан каптармин,*
*Көзү күйгөн аттармин.*
*Айланып учкан каптармин,*
*Алды каткан аттармин,*
*Ала ат минип желгемин,*
*Арканын богун тергемин,*
*Анжияндан аркага*
*Аттарчи болуп келгемин.*
*Эли-журтка болчудай,*
*Халба жүктөп келгемин.*
*Эки атыма теңденип,*
*Алма жүктөп келгемин.*
*Кырып алып жешиңе,*
*Сабиз жүктөп келгемин.*
*Кыз-келиниң жешиңе,*
*Майиз жүктөп келгемин.*
*Боогачы дубаңан*
*Эрте менен пас тартат.*
*Бойго жеткен кыздарың,*
*Менден сурап нас тартат.*
*Таамини шимишет,*
*Илаптари чүрүшөт.*
*Куптандан кийин безилдеп,*
*Бекбекей айтып жүрүшөт.*
*Өлдүм аттар барчы – дейт,*
*Өчүңдү аттар алчы – дейт,*
*Бала ырчысың баргын – дейт,*
*Майизиң акын алгын – дейт.*
*Барбай койсоң өкүнөт,*
*Бойдок жүргөн бала ырчы,*
*Токтобостон секирет.*
*Чечип-чечип ырдасам,*
*Чечендикке саласың.*
*Чегир бала аласың,*
*Кулундуу болуп каласың.*
*Акылы жок Калмырза,*
*Муну кантип танасың.*

**Калмырза:**

*Мындай болсоң акмак көр,*
*Караңгы тамга камайын.*
*Карсылдатып сабайын.*
*Кыл чылбыр салып бурайын,*
*Кыйнап зоокат сурайын.*
*Керип коюп урайын,*
*Келтирип зоокат сурайын.*
*Мурунуңду тердетип*
*Азабыңды берейин.*

**Барпы:**

*Караңгы тамга камашың,*
*Билгеним жок, Калмырза.*
*Катыныңдын койнуна*
*Киргеним жок, Калмырза.*
*Кыл чылбыр салып бурашың,*
*Билгеним жок, Калмырза.*
*Кыз-мызыңдын койнуна,*
*Киргеним жок, Калмырза.*
*Керип коюп урарың,*
*Билгеним жок, Калмырза.*
*Келиниңдин койнуна,*
*Киргеним жок, Калмырза.*
*Кантип мени урасың?*
*Алты катар дубалың*
*Тешкеним жок, Калмырза.*
*Ала качып атыңды*

*Кеткеним жок, Калмырза.*
*Жети пакса дувалың*
*Тешкеним жок, Калмырза.*
*Жетелетип атыңды*
*Кеткеним жок, Калмырза.*

**Калмырза:**

*Көргөнмүн, балам, элиңди,*
*Көгарт, Чаңгет жериңди.*
*Каралма кайкы дейт экен,*
*Катыны жаңгак жейт экен.*
*Жаныбарым кара курт,*
*Катынынын мурдуну*
*Кетирейтип жейт экен.*
*Керки тамга дейт экен,*
*Жаныварым кара курт*
*Келининин мурдуну*
*Кетирейтип жейт экен.*
*Кылыч тамга дейт экен,*
*Кыздары жаңгак жейт экен.*
*Жаныбарым кара курт*
*Кыздарынын мурдуну*
*Кыңырайтып жейт экен.*
*Бөлөкбай кашка дейт экен,*
*Бөлүшүп жаңгак жейт экен.*
*Жаныбарым кара курт*
*Бөйрөктөн оюп жейт экен.*

**Барпы:**

*Көрүпсүң менин элимди*
*Көгарт, Чаңгет жеримди.*
*Каралма кайкы дей берет,*
*Катыны жаңгак жей берет.*
*Керки тамга дей берет,*
*Келини жаңгак жей берет.*
*Кылыч тамга дей берет,*
*Кыздары жаңгак жей берет.*
*Бөлөкбай кашка дей берет,*
*Бөлүшүп жаңгак жей берет.*
*Жел түшкөндө бетин жейт,*
*Анжияндын кыздары*
*Алма, өрүккө тоюнат.*
*Арка деген жериңде*
*Аздан арты оюлат,*
*Жаман атка коюлат.*
*Анжияндын кыздары*
*Бостондун багын аралайт.*
*Аркалыктын кыздары*
*Бойдокту көрсө каралайт.*
*Анжияндын кыздары*
*Асыл жибек кийинип,*
*Кооз болот турбайбы?*
*Аркалыктын кыздары*
*Адаби жок жүргөндөн,*
*Коош болот турбайбы.*

**Калмырза:**

*Анжиян деген жериңде*
*Ашка салса татыбайт,*
*Кадагы менен сарт саткан*
*Тузуң менен куруп кал.*
*Тогуз жашар боло элек,*
*Көлгө түшмө ойногон,*
*Кызың менен куруп кал.*
*Агылында айкырган,*
*Атың менен куруп кал.*
*Чылым чегип отурган,*
*Загарага мас болуп*
*Тарс эттирип оосурган,*
*Сартың менен куруп кал.*
*Кордого салып кайнаткан,*
*Түрпүң менен куруп кал.*
*Көк өгүздөй үнү бар,*
*Көкүрөктө жүнү бар,*
*Түркүң менен куруп кал.*
*Бака, балыр аралаш*
*Көлүң менен куруп кал.*
*Кош куржуну мойнунда*
*Лөлүң менен куруп кал.*
*Айтып турган ырында*
*Жөнүң менен куруп кал.*
*Сага окшогон беймаза*
*Көрүң менен куруп кал.*

**Барпы:**

*Ашка салсаң татыбай,*
*Кадагы менен сатылган*
*Туздарымды ырдайсың.*

*Агылымда айкырган*
*Аттарымды ырдайсың*
*Шаардагы зырапа*
*Сарттарымды ырдайсың.*
*Пайгамбар жеген мөзүза*
*Түрптөрүмдү ырдайсың.*
*Түрк араптан таркаган*
*Түрктөрүмдү ырдайсың.*
*Билбейсиң сөздүн жөнүнү,*
*Кошосуң мага лөлүңдү.*
*Анык билип калыпсың,*
*Бир көзүмдүн көрүнү.*
*Көр ям болсом көрдүм го,*
*Чоң кызыңдын төрүнү.*
*Ээрчип жүрөт аркаман,*
*Кысыратып белини*
*Сенин Боогачыңдын келини.*
*Кара товда оттогон,*
*Карымбайдын эчкиси.*
*Сенин бийлериңдин кийгени,*
*Баңги сарттын эскиси.*
*Сенин ашка салса татыган*
*Тузуң менен куруп ал.*
*Тогуз жашар боло элек,*
*Төө өтмөктөн маш кылып.*
*Житип кетме ойногон,*
*Жылгасына сойлогон,*
*Жыйырмага тойбогон,*
*Кызың менен куруп кал.*
*Мейман келсе бир союш*
*Бериміңг менен куруп кал.*
*Койчусу менен дос болуп,*
*Кол кармашып бир жүргөн.*
*Келиниң менен куруп кал.*

**Калмырза:**

*Ууктары төш жары,*
*Үйүң менен куруп кал.*
*Элечеги башыңды,*
*Молдо Сати, Исмайил,*
*Бийиң менен куруп кал.*
*Чайы кырдын башында*
*Конушуң менен куруп кал.*
*Гамбар сарттай кеспуруш*
*Болушуң менен куруп кал.*
*Букарага чоң экен,*
*Жабириң менен куруп кал.*
*Турдукулдай бел сакал,*
*Амириң менен куруп кал.*

**Барпы**:

*Ууктары төш жары*
*Үйлөрүмдү ырдайсың.*
*Ырдасам габим эптелген,*
*Эгиз козу кептенген,*
*Акыйкатты аңдаган,*
*Шариятты кармаган,*
*Молдо Сати, Исмайил*
*Бийлеримди ырдайсың.*
*Букарага көбөйгөн,*
*Жабиримди ырдайсың.*
*Салтанаттуу Турдукул,*
*Амиримди ырдайсың.*
*Арка, Анжиян тан болгон,*
*Анжияндын каттасин,*
*Кагаз менен жоктогон,*
*Мурзакарим, Мурайып,*
*Топко келген куралып.*
*Кадырлуу болуш экен – деп,*
*Аркалыктын кыздары*
*Көпчүлүгү кубанган.*
*Ээрчип жүргөн муңайып,*
*Жүз элүү сом пул алган.*
*Ортосунда бир кампир*
*Балалуу болуп калам – деп,*
*Гамбардан кулун алам – деп,*
*Шул жериңде айыбың,*
*Билбейсиң сөздүн калыбын.*
*Кечээ ээрчип жүрдү жүгүрүп,*
*Койнуңдагы зайыбың.*
*Сенин ууктарың үч кулач,*
*Үйүң менен куруп кал.*
*Таскараны билбеген,*
*Нарк – деп гапти сүйлөгөн,*
*Бийиң менен куруп кал.*
*Ак-Сайга барып токтогон,*
*Конушуң менен куруп кал.*
*Ысабектей чоң тумшук,*
*Сакалыны бит баскан,*
*Болушуң менен куруп кал.*

**Калмырза:**

*Ууктары төш жары,*
*Үйлөрүңдү урайын.*
*Молдо Сати, Исмайил,*
*Бийлериңди урайын.*
*Чайир кырдын башында,*
*Конушуңду урайын.*
*Камбар сарттай кеспуруш,*
*Болушуңду урайын.*
*Букараны күйгүзгөн,*
*Жабириңди урайын.*
*Гамбар сарттын патчасы,*
*Сакалы жок Турдукул*
*Амириңди урайын.*

**Барпы:**

*Ууктары төш жары,*
*Үйлөрүмдү урасың.*
*Молдо Сати, Исмайил*
*Бийлеримди урасың.*
*Чайыр кырдын башында*
*Конушумду урасың.*
*Айры сакал Гамбардай*
*Болушумду урасың.*
*Букараны күйгүзгөн,*
*Жабиримди урасың.*
*Сакалы жок Турдукул*
*Амиримди урасың.*
*Эми менден сөз угуп,*
*Сен да чыдап турасың,*
*Имерип туруп карагын,*
*Ит жолобойт эркекке.*
*Тооруп туруп карагын,*
*Тоңуз чаппайт эркекке.*
*Аңдап тургун Калмырза*
*Аюу баспайт эркекке.*
*Маанисин менден түшүнгүн.*
*Маймыл баспайт эркекке.*
*Мен алыс эмес, өзүңдүн*
*Жакыныңы урайын.*
*Бөлөк эмес, өзүңдүн*
*Катыныңы урайын.*
*Боогачы сатаңдин*
*Келинини урайын.*
*Бойго жеткен кызыңдын*
*Желинини урайын.*
*Сексендеги кемпириң*
*Белимдете урайын.*
*Сегиздеги кызыңды*
*Желиндете урайын.*
*Токсондогу кемпириң*
*Белимдетип урайын.*
*Тогуздагы кызыңды*
*Желиндетип урайын.*
*Каза көйнөк, ак дамбал*
*Жуудургуча урайын.*
*Кысыр болсо төлдөтүп,*
*Туудургуча урайын.*
*Жылкыдагы кызыңды*
*Жылмалатып урайын.*
*Колоттогу кызыңды*
*Кокуйлатып урайын.*
*Бешиктеги баласын*
*Бөлөттүрүп урайын.*
*Эжесине сиңдисин*
*Жөлөштүрүп урайын.*
*Өз аке – деп үйрөнүп,*
*Эликкиче урайын.*
*Жүрөгү ысып туралбай,*
*Демиккиче урайын.*
*Эне-атасы келгенче,*
*Элеңдетип урайын.*
*Эки бутун эгизге,*
*Сереңдетип урайын.*
*Муундарын бошотуп,*
*Шалкылдатып урайын.*
*Чыдабаса чаңыртып,*
*Аркасынан кувайын.*
*Адырына тартпаган*
*Танабыңы урайын.*
*Күн чыккыча уктаган*
*Манабыңы урайын.*
*Басылбастан кыйкырган*
*Күлкүсүнү урайын.*

*Сага окшогон беймаза*
*Ырчысыны урайын.*

**Калмырза:**

*Көп китаптин маанисин*
*Көрүп окуп билгизген.*
*Көк карганын көгүнү*
*Кайсы олуя киргизген?*
*Көк собурдун көгүнү*
*Кайсы олуя киргизген?*
*Азиретали кылычы*
*Эмнеликтен узарган?*
*Илек-илек илген куш,*
*Ийинде жаткан жыланды*
*Бал көргөндөй билген куш.*
*Шыйрагы неден узарган*
*Тумшугу неден кызарган?*

**Барпы:**

*Уламанын сөздөрү*
*Байит болгон эмеспи.*
*Эки дүлөй Карбала*
*Шайит болгон эмеспи.*
*Батбагандан ыйлаган,*
*Өз жаныны кыйнаган,*
*Көп китаптин маанисин,*
*Көрүп окуп билгизген.*
*Көк собурдун жүнүдөн*
*Азирет Батма кийгизген.*
*Көк карганын көгүнү*
*Азирет Айша кийгизген.*
*Аалынын чапкан кылычы,*
*Барган сайын узарган.*
*Илек-илек илген куш,*
*Ийниде жаткан жыланды*
*Бал ачкандай билген куш.*
*Шалпаяны көп кечип,*
*Шыйрагы шондон узарган.*
*Айбике менен Бужундун*
*Таби барбы, Калмырза?*
*Мындан ары мамаңдын*
*Каби барбы, Калмырза?*
*Бирден кийин экита,*
*Бунан бусурманчилик нечи та?*
*Торко калит ким койгон?*
*Токтоо жок ыр койгон?*
*Жаннатка калим ким койгон?*
*Жайын таап ыр койгон.*
*Чын тозокко күйөт – дейт*
*Адамзаттын палити*
*Эмне болот, Калмырза?*

Мында жеңип алган Барпыга Чоробай ээр токуму менен бир ат миңгизет. Боогачы бир тай берет. Басыздын эли биздин ырчы жаңылбай ырдады – деп сүйүнөт. Калмырза балага тийишип ырдады эле, эл ажыратып дуу күлдү.

*Даректүү баян*

**Адил
ХИКМЕТ**

# АЗИЯДА БЕШ ТҮРК

**(Башы өткөн санда)**

## Качуу жана кыргыздарга жетүү. Жаңы дос

1332-жылдын 1-августу (1916-жылдын 14-августу) Измир шаарынан чыкканыбызга туптуура эки жыл, жыйырма үч күн өттү. Ушул эки жыл аралыгында беш, он күн гана эс алдык. Болбосо бир азап, тозок ичинде жашадык. Расмий жана көңүлдүү англис аскерлери жан аңдыган, шек туудурган шпиондордон кутулмак үчүн бардык күч-аракет, акылыбызды жумшадык. Эки чакырым дагы жол жүргөнгө көнбөгөн жаныбыз айайлап сапар тарттык. Тар көчөлөрдөн өтүш үчүн унаа алабыз деп жатып, кар баскан тоолордон, Памир жайлоолору сыяктуу өтө бийик жерлерден жөө-жалаң өттүк. Колубузга алып, бир кичине нанды үйүбүзгө ташыбаган жаныбыз жүк ташыгыч сыяктуу оор жүктөрдү көтөрдүк. Бир күл табагын тазалабаган жаныбыз эмнелерди гана тазалабады. Ушунчалык күчтүү экенбиз. Өзүбүз элес албай көп нерселерди кылабыз деп жатып, ден соолугубузга да залака тийгизген. Биз бул жерлерге ээ болобуз дегенибизге карабай туткунга түштүк. Кылган ишибиз ыйык эле. Кашкар тарабындагы ар бир аракетибиз бир топ жаамат жаратмак.

Туптуура бир жыл, үч ай орустардын колунда туткунда калдык. Бирок бул дагы биздин кайратыбызды кетире албады. Бирибиз кайгырган убакта төртөөбүздүн кубанычыбыз жардамга келип жатты. Туткунда, бирок үмүт ичинде жашадык.

Бул убакыт ичинде качып деле кете алат элек. Бирок максатыбыз эптеп эле качып кутулуш эмес эле. Орустардын бизге көргөзгөн зулумдугуна каршы туруубуз керек болчу. Бир кыштактын эски сарайында орустардын көзөмөлүнүн алдында жашоо кулчулуктан айырмасы кайсы? Качкандан кийин орус аскерлеринин мыкаачылыгына түкүрүп, бизге көргөзгөн зулумдугуна жообун берип, көз алдыбызда мылтыктын башындагы бычагы менен бычакталган австралиялык байкуштан кийин азабыбызды кум үстүнө чимирилткен өлүм коркунучу алдында экендигине карабастан, кежигесине мылтык кундагы менен сокку жеген устатыбыз Эмрулах абабыздын өчүн алышыбыз керек эле. Мына бүгүн ошол саат да келди. Жүрөгүбүз башкача согууда. Кызык? Кеч бешим...Күндүн нурлары кыпкызыл болуп батты. Аздап айлананы караңгылык басты. Асманда жылдыздар жана башталы. Акыркы сааттарыбыз жакындады. Тортумдук набайчы Исмаил аттуу акылдуу бир түрк биздин кача турганыбызды угуптур.

– Урматтуулар! – деп жаныбызга келип чөгөлөдү. Көз жаштары менен тилектерин жолдоду. – Билем. Бул жерден качкан атасыңар. Кудай үчүн мени таштабагыла.

– Качпайбыз. Бул келжирек кайсы жерден чыкты!

– Эч бир жерден чыккан жок. Көптөн бери сезип келатам. Анан артыңыздардан түшүп, жакшылап түшүндүм. Силер жолчусуңар. Мен дагы силер менен качайын. – Исмаил боорубузду оорутту. Аны да өзүбүз менен кошо алууга мажбур болдук.

## Караңгыда досторубузду күтүп жатып...

Бахадыр бизге боорсок алып келди. Бул ич май кошулуп жуурулган камырдан кесим-кесим таза майга кызартылып бышырылган тамак (токоч). Кыргыздар жолго чыгаарда бул тамакты өзгөчө тандашат. Тамагыбыз да даяр болду. Көтөрө турган жан баштыктарыбызга эң керектүү болгон гана нерселерди алдык. Мына сага кокустук! Кечинде кожоюндун үйүнө меймандар келип калышып, алар эң зарыл убакта уктабай жүрүштү. Алар уктамайын үйдөн чыга албайт элек. Не бар, не жок, кокусунан: «Түнүңөр бейпил болсун» – деп кирип келсе биздин кача турганыбыз беш мүнөттө билинет эле. Үй ээси өкмөткө билдирүүгө мажбур болмок. Бир жагынан убакыт өтүп бараткандыктан жол көрсөтүүчүбүз бизди келбей калды деп тынчсызданып, кетип калды го деп ойлоп жаттык. Саат тогуз болду. Жан баштыгымды асындым. Жок дегенде жол көрсөтүүчүнү кетирбеш үчүн жанына барышым керек. Берки досторум дагы ыңгайына карап, үйдөн качып чыгышмак. Меймандар таң аткыча отуруп алышпаса керек. Күзөтчүлөрдүн башка тараптарды карап ту-

рушканын аңдып, эшикти ачтым. Тумандуу караңгыда эки жагымды тыңшадым. Жүрөгүм дүкүлдөп сого баштады. Эркиндикке карай алгачкы кадамымды аттадым. Карама-каршы жана караңгы көчөлөрдөн акырындап, демими ичиме алып жөнөдүм. Үйлөр азая баштады. Араң дегенде чоң арыктын жээгине жеттим. Жол көрсөтүүчү ошол жерде экен. Байкуш адам күзөтчүлөрдүн улам-улам ышкырык чалгандарынан коркуп, болжошкон убакыт өтүп бараткандыктан бизди келбейт деп ойлоп, кеткени жатыптыр.

Жол көрсөтүүчү мындай деди:

– Кана, кеттик!

– Токто! – дедим. – Досторубузду күтөбүз.

Убакыт узарып, өтпөй жатты. Ары-бери басып, чуркагым да келди. Көчөлөрдө жүргөн күзөтчүлөрдүн ышкырыктарынын үнүн угуп, ушул жерден качып жоголгум келет. Бирок досторум келбей жатышты. Бир саат күттүк. Саат түнкү он бирден өттү. Жүрөгүмдөгү санаркоо дагы күчөй баштады. Меймандар эмдигичекти кетиши керек эле. Балким, досторум качып келе жатып, күзөтчүлөргө кармалдыбы? Эгер андай болсо жалгыз эмне кыла алам? Шаарга кирип, колдоруна түшүп беришим керек беле же эркиндикти баскан алгачкы кадамымды улашым керек беле? Шаарга кайта албайм. Сөзсүз, асышат. Балким, Кытай тарапка өтүп кетсемчи?

## Коркунучтуу күтүү

Саат он эки болду. Дагы эле эч ким жок. Жол көрсөтүүчү эми күтө албастыгын, сөзсүз, бул жерден кетишибизди айтып жатты. Дагы бир аз күтөлү деген суранычтарымы укпай койду. Анын айткандарына макул болууга аргасыз болдум. Чөнтөгүмдөгү күл табагымды алып чыгып, жол көрсөтүүчүнү мээледим.

– Кана, кетип көр! Бир кадам аттасаң сени тоголото коём.

Жол көрсөтүүчү эки коркунуч ортосунда калды. Колумдагы жылтыраган немени тапанча деп ойлоду. Эгерде мылтыгым болсо деле ата албайт элем. Мылтык үнүн уккан күзөтчүлөр бизди бир заматта кармап кетмек. Саат он экиден жыйырма мүнөт өттү. Анан буттун шыбырты угулду... Бир канча адам келатышыптыр. Кызык, ким болду экен? Сүйлөшүп жатышат. Аларды үндөрүнөн тааныдым.

Ох! Мына эми келишти. Эч токтобостон, чыгышты көздөй жөнөдүк. Шашкалактап кетип бараттык. Досторумдун биринин колунда чоң балта, биринин колунда узун темир, Емрах абабыздын колунда дервиш таягы бар болчу. Куралдарыбыздын болгону ушул эле.

Жол көрсөтүүчүнүн артынан кетип бараттык. Таң аткыча бир топ жол басып, орустардан кыйла узап кетүүбүз керек эле. Убактысында

чыкканыбызда бир топ жолду арбытат элек. Эми айла жок, ыкчам жүрүш менен тынбастан алгалашыбыз керек. Талааларда баткакка батып, токойлордо тикенектерге сайылып качып бараттык. Арада бир көз ирмемге тыныгып жаттык. Күйүккөнүбүздү басууга аракет кылып, бир жагынан аркабызда куугандар жокпу деп кулак төшөп калабыз. Чарчадык. Күн чыкканчакты алгачкы тыныгуучу жерге жетмегибиз тозок болду. Базар түнү качтык. Эртең менен эрте саат сегизде өкмөт бөлмөсүндө болууга тийиш болгонубуздан, саат сегизде жок экенибиз билинет да саат тогузга чейин издешет. Андан ары айлананын төрт тарабынан алты чакырымга чейин артыбыздан түшүшөт. Күн чыга баштады. Таңкы үрүлбүрүлдө бир кыргыз боз үйүнө келдик. Бир аз дем алдык. Кыргыздар бизди боз үйдө жашыра алышпайт эле. Колго түшсөк алардын баштары да биз менен кошо кетмек. Бизди бир дөбөгө чакырышты. Кичине бир токойго кирдик. Жыш карагайлардын арасына жашындык. Алдыбыз көрүнүп турат. Орус аскерлери келатканын алыстан көрүп, алар келгичекти бир чара көрүүгө мүмкүндүк бар. Мен достор арасынан күзөткө турдум.

Саат онго чейин биз тарапка келаткан бир дагы жолоочу көрбөдүм. Балким, орустар бул багытка качаарыбызды ойлошпосо керек. Коркуп жаттым. Колго түшүп калбайлы деген санаа уктабаганыма карабай уйку бербеди. Түш оогонго чейин жашынып жаттык. Күзөттө турсам, бизди көздөй бир адам келатты. Ал аял эле. Кыргыз боз үйүнөн чыгып, бизди көздөй басты. Колунда бир нерселер бар. Жакындады. Улгайган, бирок жүзүндө жылмаюу бар эле. Учурашып, бышкан эт менен шорпосун таштап кетти. Бир аз айран жана кымыз дагы алып келиптир. Жаштуу көз жаштары менен бизди карады. Биз ырахматыбызды айттык. Кеч кирди. Көздөрүбүз жумула баштады. Уйкусуз элек. Бирок караңгылыктан пайдаланып, жолго чыгышыбыз керек болчу. Сапар алдык. Бийик тоолор, аң-дөңдөрдөн өтүп жаттык. Тынбастан сүйлөшпөй бараттык. Денебиз тынч эс алууга муктаж эле. Уктабаганыбыз үчүн тез эле чарчап калдык. Бул уйкусуз экинчи түнүбүз. Таң аткыча жол жүргөндүктөн буттарыбыз сүйрөлө баштады. Айлана айланкөчөк боло баштады. Бир аңдын ичине түшүп кеткенсидим. Ким билет канча убакыт жатканымы. Баш жагымдан бирөө бир нерсе дей баштады.

– Тур өөдө. Ачыкта калдык. Тегеректеги токойго жашыналы.

– Кана... Силер жөнөгүлө. Мен аркаңардан барам, – дедим.

Анан ал досум да мага жакындады. Түндүн ымынан суу болгон жер үстүндө суналып жатып калдык. Башыбызга таш жаздандык.

Тиги досубуз биздин бул таттуу уйкуга батканыбызды көп көргөн сыяктуу бизди ойготуп, анан баарыбыз токойго кирдик. Биз эмне болгон күндө да жолдо жүрүүгө чыдамкай элек. Ал эми жаңы досубуз Исмаилдин буттары шишип кетиптир. Баса албай калды. Эмне кылаары-

бызды билбедик. Эмне болсо дагы уктайлы, анан ойлонобуз дедик да уйкуга кирдик. Уйкуга ушунчалык мас элек, түш көргөн да жокпуз. Бир канча сааттык уйку акылыбызды кайырды. Ойгондук. Чала уйкулуу. Оозубузду ачып улутундук. Бети-колубузду жуудук. Исмаил чын эле ооруп калыптыр. Ал жакшылыктын жышааны эмес эле. Ага буудай шорпосун бышырып бердик. Өзүбүз болсо Сархандан берген борсоктор менен курсактарыбызды тойгуздук.

Түш оогондо кайрадан жолго чыктык. Жол көрсөткүчүбүздүн аты бар эле. Аны атынан түшүрүп, эң улуубуз Эмрулах абабызды мингиздик. Жолубуз өөдөлөй баштады. Кокустан алдыбыздан ашуу жолукту. Бийиктеген сайын аба ырайы бузула баштады. Чындыгында басып баратканда үшүбөй келатканбыз. Бирок түнкүсүн эмне кылмакпыз? Түн ортосуна жакын бир баткактын жээгине келдик. Бул жер аянты экен. Тыныгуу кылдык. Шаша-буша шорпо жасап ичтик. Бир аз уйку салдык. Таң атканга эки саат калганда жолго чыктык. Бүгүнкүгө чейин орустарга туткунга түшпөсөк, демек, арабыз бир топ эле алыстады. Дагы бир коркунуч пайда болду. Ылдый, тереңден жырткыч айбандардын үнү чыга баштады. Мындай эч бир жан жашабаган тоолордо, караңгы түнү жырткыч айбандардын үнү бизди коркута баштады. Таңга маал Карасырык кечмегинин этегине жетип калдык. Тыныгуу кылдык. Жерде ат такаларынын изи бар экен. Бул издер кыргыздардыкы болушу мүмкүн эмес эле. Кыргыз жаныбарларынын такалары мындай болбойт. Булар орус аскерлеринин аттарынын такалары эле. Карасырык кечүүсүнүн эң башында Кытай-орус чек арасы бар болчу.

Акыры эркиндикке жакындадык.

Дагы бир ашууну ашсак эле эркиндикке ээ болобуз. Эми сегиз саат жол жүрүшүбүз зарыл. Эмнегедир жол арбыбайт. Буттарыбыз чыдабай калгансыйт. Бир үңкүргө тындык. Мен үңкүргө узанып жаттым. Бир досубуз шорпо бышырса, бирөөсү жолдорду божомолдоп жатты. Арабызда уйкусуздуктан арызданбаган жалгыз Ибрахим абабыз. Туптуура төрт түн көзү жумулбаганы аз келгенсип, дагы эле уйкуну ойлогон жок. Исмаил катуу ооруп жатат. Же сөздү укпайт. Башында эле аны кабыл албасак болмок.

Типтик өөдө бир ашууга тырмалаңдап чыга баштадык. Ураган жерлерден чыгып бараттык. Туптуура сегиз саатта бул ашууну ашышыбыз керек. Бул жолу издерди көргөн жокпуз. Баскан жерлерибизге, балким, адам изи тие электир.

Айлана толук муз. Кыргыздардын тозок деген бир укмуш жар четинен өтүп бараттык. Жол тар, жараңкалар көп эле. Буту тайыган адам соо калбайт.

Акыры башына чыктык. Алыстан чек араны бөлгөн таш белгилер көрүндү. Дагы бир канча кадам, дагы... Ошентип, орустардын жеринен чыктык. «Эркиндик!» – деп кыйкырдык.

* * *

Туткундагы кара күндөр артта калды. Орустардан кутулдук. Ойлорубузда да, аракеттерибизде да эркин элек. Кытай жеринде алгалап бараттык. Алдыбыздан чыккан алгачкы үйдө эс алмакпыз. Көңүлүбүз кайрадан ачылды. Болгону бир аз эс алып, чарчаганыбызды жазгандан башка ойлорубуз жок .

Саат кечки алты болду. Бир арыктын жээгинен бир канча кыргызга кокусунан жолуктук. Демек, бул адамдар менен иштешет экенбиз. Кыргыздар орустарга аскер бербеш үчүн бул жакка качып келишкен. Бирок кытайлыктар жакшы кабыл алышпаптыр. Орустар башка аймактар менен алек болуп, ал эми кытайлыктардын курал колдонуп, зомбулук кылууга алы жок эле. Жада калса билбегендиктеринен ал жерлерди карашпайт эле. Негизи, орустардан коркушчу. Ал күнү кыргыздардын арасында мейман болдук. Орус коркунучунан арылып, аябай жакшы эс алдык. Бизге кийинчерээк кошулган Исмаил тууганыбыз катуу ооруп жатты. Жалдырап эле жатат, анан жөөлүй баштайт. Эртең менен ойгонгонубузда бизге учурашканы келген кыргыздарды сүйкүмдүүлүк менен кабыл алдык. Кулжа жерине көчүшмөк экен. Биз дагы аларга кошулуп, ээн эркин сапарыбызды улайлы дедик. Бизди бул жерге чейин алып келген жол көрсөтүүчүбүздү эки жүз сом берип, узаттык. Бул акчаны жыгач устадан арттырып алган элек. Мына эми кыргыздардын арасындабыз. Бизге котормочунун деле кереги жок. Кыргыздар менен кошулуп кетип бараттык. Күүгүм чалыш Исмаил мырзабыздын кайрадан табы качты.

– Мени ушул жерге таштагыла, – деди. – Менден сиздерге кайырым болбос. Жок дегенде сиздерге жүк болбоюн, – деди.

Акыры тыныгуу кылдык. Бир жагынан Исмаил бир аз эс алып алмак, бир жагынан бул түндү өткөрмөкпүз. Бир кой союлду. Кечкисин эт жеп жана бир канча күндүк күч-кубат алдык. Алтай өрөөнүнөн өттүк. Ал жер өтө бийик болгондугу аз келгенсип, көчкү басыптыр. Чоң-Казган, Кичи-Казган кечмелеринен өтүп жатып, көңүлүбүз көтөрүлүп, көзүбүз тоюп баратты. Табигат бул жерлерге көркөмдүгүн эч аябаптыр. Ал эми Орто-Казган тараптагы шаркыратманын сулуулугуна тоюп бүтпөйсүң. Ким билет, канча метр бийиктиктен шаркырап аккан суу сүттөрү таштарга тийип төгүлүүдө. Ылдый жагы тайгалак экен. Аларды каптаган чөптөр майлуу көрүндү. Буттарыбыз тайгаланат. Дөбөчөгө чыгабыз деп бир өгүз минүүгө туура келди. Досторум дагы өгүздөрдүн куйруктарына жабышып жатып араң чыгышты. Чоң-Казган белин аштык. Анан суулары шаркылдап аккан бир өзөндүн жээгинде тыныгуу жасап, таптаза сууга каалаганча жуундук.

## Кыргыздар арасындагы талаш

Кыргыздар арасында чыр чыкты. Алардын бир бөлүгү мал жандыктарыбыз кырылып калат деп коркушуп, артка кайтабыз, кайрадан орус жергесине кетебиз дешет. Бир бөлүгү болсо орустарга аскер бергенден көрө Кытай жергесинде өлгөнүбүз артык дешет. Биз бул чатакка кирише албадык. Угуп тим болдук. Жакшы-жаман дегенден тартынып турдук. Алардын кер-мур айтышуусу көпкө созулду. Ошентип, бардыгы Кытай жергесинде калууну чечишти. Орто-Казган белинде жолубузду улап бараттык. Оорулуу Исмаил бей менен Эмрулах бейди кыргыздардын аттарына мингиздик. Кыска жол издеп, тоого чыга баштадык. Анын чокусуна да чыктык. Кыска жол издөөнүн айынан тизелерибиз, тырмактарыбыз канталап чыкты.

Чокудан керемет сулуулук ачылды. Дүйнөнү суктана карап жаттык. Ар убакта эле мындай көңүл көтөргөн жерлерди көрө албайт элек.

Бул жерде бир азга отурдук. Кубанычыбызды ырдап, бардык айланага жар салгыбыз келди. Арабызда Ибрахим абабыздын үнүндөй жакшы үн эч кимде жок болчу. Жада калса эч бирибиз анын Мистенгеттин Валениясын да билбейт элек. Аны билгенде деле эмне кыла алмакпыз. Түрк элине мактангандын эмне кереги бар?

Ибрахим абабыз биз билген ырлардан ырдай баштады. Биз да кошулдук. Шайыр-шатман деңизинде жүргөндөйбүз. Тар жолдо келаткан кербен акырындап биз турган чокуга жакындап келатты. Эмрулах бей аттын үстүндө колдорун, буттарын салаңдатып келатыптыр. Чокуга чыкканына жини келгендей. Жаныбызга келгенде минтип сурадым:

– Кандайсыз, устатым?

Ал:

– Ла йукеллифаху нефсен илла вуз аха! – деп жооп берди.

Эми бөлөк ашуулар жок эле. Ылдыйлап түз жерлер башталды. Басканга жеңил болуп калды. Баарыбыз жөө басып бараттык. Болгону Исмаил ат үстүндө, кыргыздардын арасында болчу. Тынбастан жол издейбиз. Чыгышка тууралай кетип бараттык. Күн ылдыйлай баштады. Айлана акырындап сериндеп, тоонун башындагы аба таптаза экен.

Акыры күн чайыттай ачылды. Асманда асан-үсөн чыкты. Тээ алыстан кыргыз боз үйлөрү көрүндү. Биз ал боз үйлөргө баш бактык. Кичине эс алдык. Түнкүсүн бул жерде кала турган болдук.

## Кыргыз аялынын төрөтү

Боз үй бир үйгө окшош эле. Кадимки Памирде көргөндөгүдөй. Ичи бир канча бөлүмдөргө бөлүнгөн. Уктоочу бөлүк, конок бөлүгү, ашкана. Бардыгы боз үйдүн ичинде болуп, өз-өзүнчө бөлүнөт эле. Боз үйгө ки-

рер-кирбесибизди билбей калдык, кандайдыр тынчсызданууну байкадык. Алгач буга чейин маани берген эмес элек. Бир канча мүнөткө олку-солку болуп туруп калдык. Боз үйдүн ичиндегилер бир жагынан бизди өзүнчө бөлгөнгө аракет кылышты, бир жагынан ар жакта негедир алаксып тынчсыздана сүйлөшүп жатышты.

Анан гана баарынын жүздөрү күлүп чыга келишти. Алыстан келген меймандарды ыйык көрүү салт болгондуктан жаңы төрөлгөн балага ат коюп беришибизди суранышты.

– Тургут! – дедик.

Боз үйдүн бир бурчунда аял көз жарып жатса дагы бизге меймандостук көргөзүштү. Аял көз жаргычакты биз менен да алек болуп жатышты. Биз дагы ушундай учурда келгенибизге ыңгайсызданып жаттык. Кеңешип жолго чыгууну чечтик. Аңгыча жаңы төрөгөн аялды төшөктө жатат экен десек, ал эчак эле ордунан туруп, бизге тамак даярдап жүрүптүр! Анча кан жоготпосо дагы өңүндө кыйналгандык билинип турду.

Кечке көңүл байлап, ыңгайлуу шартта төрөп, анан тоону томкоруп, ойду омкоруп койгонсуп жумалап жатып алган аялдарды эстедим. Анан жаңы эле төрөп, бизге тамак даярдап жүргөн энени карадым. Буга таң калбай коё албайт элек! Бул аял баласынын киндигин дагы өзү кесиптир. Эми болсо конок тосуп отурат!

## Жаныбектин боз үйүндөгү мейманчылык

Типтик аскалардын арасында кетип бараттык. Кичи-Казган белин аштык. Орустардан качканыбызга туптуура он алты күн болду. Азыркыга чейин бизди куугандар болбоду. Орустардын чек арасынан бир топ узасак да, тынбастан кетип бараттык. Максатыбыз Кулжага жетүү болчу. Ал өтө алыс эле. Ал шаарга жетүү үчүн дагы бир канча тыныгуу жасашыбыз керек. Бүгүнкү тыныгууга жер издей баштадык.

Бир дөңсөөлүү өрөөндө Жаныбек аттуу кыргыз бийи бар экен. Ага мейманчылыкка бардык. Жаныбек бий бизди өтө жакшы тосуп алды. Ал-абалыбызды сурап, Түркиядан кабар алды.

Күүгүм кирди. Баарыбыз чогуу тамактандык. Тамактан кийин кымыз алып келишти. Бул суусундуктан биз дагы тата баштадык. Кыргыз бийинин көңүлү көтөрүлдү. Комузун колуна алды. Акырындап кылдарына кол тийгизди. Анан ал кылдарга жан кирди.  Кээсин бурап, тарттырды. Аккордун терип жатканда биздин Анадолу жергесинде чертилген ыргактарды эске салган үн чыга баштады.

Комуздун кылдарына бармактары менен ары-бери баскылап, экинчи колу кылдарын черткенде андан бизге тааныш ыргактар чыгып жатты.

Кыргыз күүсү чертилип жатты. Бара-бара бийдин жүзү солгун тартып, эки кашынын ортосу биригип, кабаттала түштү. Анан титирегендей, жоон үн менен ырдай баштады.

Мен ал ыргактардан өзүмдү жогото баштадым. Айтылган ырдын мааниси мындай эле:

Ата Журтумдан куулдум.
Душмандарга кул болдум.
Бул журттун тили болсо
Мекенибиз күтөт дегиле.
Калктын калың түрктөрү,
Тарыхтын күч түрктөрү,
Душмандарды кууп, кыргыла
Зулумдарды талкалагыла!

Бул гимн ыры эле. Пайдубал сыяктуу бекем, заманга ылайык болчу.

Ырдап жатканда кыргыз бийинин көздөрү жайнап турду. Ал эмнегедир ыр ырдабай эле гимн айтып жаткандай сезилди. Күү коштолгон ыргактар көңүлдөрдү арбап алды. Жаныбек андан ары эрий берди. Айткан сөздөрү жүрөктөрдү канатты. Жаныбек бир саамга тыныгып, кымыздан ичип, комузун колуна алып, түн караңгысында келген ыргактары менен бизге укмуштуудай катуу таасир этти. Баарыбыз ыраазы болдук. Үндөбөй отурдук.

Качантан бери ушундай улуу нерсени сагыныптырбыз. Ал бизге бабаларыбыздын баянын айтып жатты. Жаныбек бул ыргактары менен биздин кыял жана сезимдерибизге бекем орноп калды. Бул обондордо күчтүү касиет бар эле. Башка ырчы канчалык күчтүү болсо болсун, угуучуларына ушунчалык таасир бере албайт эле.

Кыргыз бийи күүсүн чалып бүттү да, унчукпай калды. Бирок анын черткен ыргактары акыл-эсибизде бекем орноп калды. Баарыбыз үнсүз ойго баттык.

Биз патриот элек. Жүрөктөрүбүздү башкара албадык. Дүйнөдө маанисиз нерселер көп экенин билет элек. Бирок бул ыргактардын туткуну болорубузду түк күткөн эмеспиз. Кыргыз бийи комузун колго алып:

Душмандарды эзип, кыргыла
Зулумдарды талкалагыла! – деп кайталап койду.

* * *

Ал түнү чоң олтуруш болду. Биз менен келген кыргыз уруусу дагы тегеректе жайгашты. Бул жагымдуу кеч баарына жакты. Ушул жерди мекендеп калууну каалап жатышты. Кыргыздар ар кимиси өзүнчө иш кылгандан тартынышат. Тез-тезден кеңеш деген межлисин өткөрүп ту-

рушат. Бир межлис чечим чыгарып бере албаса токтотулат да, жаңыдан башка межлис өтүлөт. Бир маселе боюнча чечим чыгарылгандан кийин бир канча күндөн соң аны аткарышат. Кыргыз ханы дайыма межлиске кайрылгандыгы үчүн ар дайым адилет экен. Кыргыз аксакалдары сөзгө чечен келишип, акылмандык жана далилдерди көргөзүп, каршысындагыны өзүнө тартып алышат. Ушундай акыл-эстүү топ ичинде жүрүү баарыбызга жакты. Бирок алар акыры кеңешип-кесип, бул жерлерде калууну чечишти. Кулжага барбай калышты. Эми буларга ушул жерден жолуга турган болдук. Кыргыздар өтө баатыр келишет. Коркунучтан качышпайт. Туруктуу, улууларына, ууру башчыларына берилген. Кээ бир арап, асем тарыхтары кыргыздарды ууру сыпатында жазышат. А чынында кыргыздар өтө намыстуу эл келет.

* * *

Биз кыргыз урууларынан жана кыргыз бийи Жаныбектин жанынан эртеси күнү кеттик. Кичи курамыбыз менен Кулжага барат элек. Милдетибизди толук түшүнүп, кыла турган ишибизди тактап, анын үстүнө оорусу күчөгөн Исмаилди айыктырмак үчүн Кулжага кетишибиз шарт эле. Бирок шаар өтө алыс болчу. Ал жакка жетүүбүз үчүн нечендеген узак жолду басып өтүшүбүз керек. Азырынча болсо жок дегенде талаага калгандан кутулуп, бир айыл болсо эс алып, шамшум этсек болот эле. Тоо башында бир досубуздан ажырамак белек. Андыктан бир ат таап, Исмаилди атка мингиздик, эки тарабынан жөлөп, аз-аздап алдылай баштадык. Өтө эле жай кетип бараттык. Оорулуу досубуз дагы бизге тоскоол болгондой ыңгайсыз болуп баратты. Эмне болсо болсун, элибиздин боорукер бир баласын бул жерге жалгыз калтыра албадык. Анын айыгуусу үчүн эмне керек болсо баарын жасайт элек. Жолубуз түз келатып эле, сайга туш болдук. Бул жерде таранчы уруусу бар экен. Алар айыл чарбасы менен жан багышат. Качандыр бир заманда кытайлыктардан колуна түшкөн уйгур түрктөрүнүн тукумдарынан. Намыстуу, түз сүйлөгөн, мээнеткеч адамдар. Туткунчулук булардын көзүн ачып коюптур. Эркиндикти самап жүрүшүптүр. Ал үчүн кандай иш болсо да барууга даяр экен. Негизинен жаштары өтө өткүр, жалындуу келишет. Дээрлик баарында куралдары бар. Куралды мыкты колдонушат.

Таранчылар туурасында жакшы сөз угуп, тынч калк болгондугунан улам ал жерден эч нерседен коркпой-үркпөй эле өтүп бараттык. Жолдо баратып, урматтоо менен салам берип, сылык жана түз адамдар экендигине ынандык.

## Орус аскерлери бизди издөөдө

Айдоо талаанын четине келдик. Бир аз эс алууну чечтик. Оорулуубузду аттан түшүрүп, четке отургуздук да, жер ээлеринен оорулуубузду дарылоого жардам сурадык. Тез эле жерге токулган чий салышты. Оорулууну жаткырышты. Биз алардын аракетин карап отурдук. Алып келген айранды ичтик.

Тээ, алыстан бир араба көрүндү. Алдыда эки аскер отурушуптур. Алардын куралдары бар экен. Кийимдери орустардыкына окшош. Биз сурадык.

– Тигилер кимдер?

– Орус аскерлери, – деп жооп беришти.

– Бул жерлерде эмне кылып жүрүшөт?

– Сархандан беш түрк туткуну качыптыр. Бир жумадан бери аларды жер түрө издеп жүрүшөт.

– Табыштыбы анан?

– Кайдан, тапса эмне, ушул жерде жүрүшөт беле?

– Бирок кандайча? Бул Кытай жери эмеспи? Орустар мындан эмнеге издешет?

– Кытай жерлери ар ким тарабынан каралат. Кытай өкмөтү сөзүнө турбайт. Ал качкан беш түрк сиздер болуп жүрбөгүлө?

– Ооба, бизбиз.

– Силер башыбызга таажы болгула. Бир тал чачыңарга да тие алышпайт. Камсанабагыла.

Отурган жерибизден туруп, ал адамдын үйүнө бардык. Оорулуу досубузду таза жыгач керебетке жаткырып, дары беришти. Катуу тердетип, ысык сорпо ичиришти. Орустар бизди таппай кетишти. Үй ээси бизге чай даярдады. Ысык чай демделди. Ага сүт жана каймак кошулду. Даамдуу кофе сыяктуу болуп калды. Анан соң бир бөлмөдө терең уйкуга баттык.

Ойгонгонубузда кызартылып куйкаланган козу этинин тегерегинде отурдук, татымын келтирип жедик. Мунун бардыгын үйдүн аялы жасап жатты. Бир аздан кийин күйөөсү келди да, аялынан сурады:

– Меймандарыбыз кандай?

## Арстанды көтөрүп чапкан баатыр

Ушул жерде токтоп, мейман болдук. Жолго чыкпадык. Орус аскерлери кайра кеткенчекти күтөлү дедик. Үй ээси бизге мындай деди:

– Мени Зейтун дешет. Бул тоолордо арстанды да көтөрө чапкам. Анан эки-үч орус аскерлеринен коркуп, конокторумду алардын колуна салып бермек белем? Башыбыздын таажысы болуңуздар.

Төрт күндөн кийин орустар кайтышты. Бардык аскерлери биздин бул жерде жок экендигибизге ишенишкен соң, кайтып кетишти. Исмаил дагы кичине жакшы болуп, басып калды. Эми кетишибиз керек эле. Бизге кам көргөн Зейтун бир жол көрсөтүүчү таап берди. Кулжага барат элек. Кулжага төрт тыныгуу менен жетмекпиз.

Жол көрсөтүүчүгө ар бир тыныгуу үчүн ар башка тапшырма берди. Бизге бир мылтык, жүздөй ок берди. Орустарга кабылсак бул курал менен атыша алаарыбызды сурады. Биз жооп кайтара алаарыбызды айттык. Кулжага жеткенде куралдарыбызды кайра кайрып берүүбүздү өтүндү.

Алгачкы тыныгуубуздагы бизди меймандаган үй ээси баарынан кабар алыптыр. Аябай коркуп жатты. Анткени бул жер Кытай аскерлеринин борбору болгону менен орустар да бар эле. Ар бир кадамыбызды абайлашка мажбур элек. Күндүзү эс алып, түнкүсүн жол жүрүп жаттык. Эртеси күнү бир кыштакка келдик. Өтө бай бир түрктүн үйүндө мейман болдук. Үй ээсинин өтүнүчү менен бир жума мейман болууга аргасыз болдук. Бир айдан бери даам албаган Исмаилдин табити ачылды. Акырындап жакшы боло баштады.

Биз бул жерден жолго чыгууга ашыгып жаттык.Үй ээси калгыла деп көгөрүп туруп алды. Акыры суранычтарыбызга чыдабады. Бизге башка жол көрсөтүүчү коштоп берип, анын Кулжага чейин жеткирээрин айтты. Биз бир жума бою көргөзгөн сыйынан улам кыйнагыбыз келбегендигин билдирдик. Ал болгон жок:

– Сиздер, – деди ал, – Стамбулдан бери узак сапар бастыңар да, анан менин эки күндүк убарам эмнеге татымак эле?!

**(Уландысы бар)**

Которгон **Мезгил ИСАТОВ**

*Котормолор*

Лоик
ШЕРАЛИ

# ТАЖИК ПОЭЗИЯСЫНЫН КАЙМАГЫ

Тажик эл акыны, Рудаки атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, тажик поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири, маркум Лоик Шерали кыска өмүрүндө адабияттын алтын казынасына түбөлүк өчпөй турган мыкты чыгармаларын калтырып кеткен. Анын ырлары менен дастандары көптөгөн алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн тилдерине которулуп, окурмандар тарабынан абдан жылуу кабыл алынган. Бир нече ырлары кыргыз тилине да которулган.

## Түшпөс тактынын ээси

*Нур жүзүңдү жерге салып*
*Сен талаадан эмне издейсиң?*
*Жаштыгыңбы,*
*Үмүтүңбү жоготкон?*
*Жоготтуңбу алтын шакек болбосо?*
*Таңдан-кечке чаалыгууну сезбейсиң –*
*Бажырайган гозолорго кол созо...*

*Суу менен ылайдын,*
*Аптап менен ылайдын,*
*Арасынан сени таңда көрөмүн*
*Ар кеч сайын:*
*Ай дальңа төгүлгөн,*
*Айрып алгыс көмүрдөн,*
*Сенин тал-тал чачыңды.*
*Суу менен ылайдын,*
*Аптап менен ылайдын,*
*Арасынан көтөрбөйсүң башыңды.*

*Сүттөй аппак, саманчынын жолундай –*
*Ак пахталуу аянттын –*
*Арасынан*
*ак жүзүңдү көрө албадым, ах, аттиң!*

*Кош манжаңды созуп жылдыз-чанакка,*
*Манжаларың*
*андан чубап аппак-аппак кыш гүлүн,*
*Асман эмес, жерден чубап кыш гүлүн,*
*Чылк алтынды салмактайсың кадакка.*

*Жер шарындай кочкул-жашыл козекти,*
*Багасың сен,*
*таңдан-кечке көз салып,*
*Ак жылдыздар чыгыш үчүн*
*андан ылдам көз жарып...*

*А Чыгыштын чыйылдаган өрт Күнү,*
*Кактайт жерди аптабына.*
*Сенин дагы жүзүңдү*
*Тандырдагы токочтой,*
*Бышырат ысык табына.*

*Жөөк-арыктар*
*Салаа-салаа бөлүнгөн,*
*Той, майрамда асем менен өрүлгөн,*
*Сенин тал-тал узун чачың өңдөнөт.*
*А эгерде*
*ак пахтага салыштыруу бар болсо –*
*Ага сенин аппак пейилиң дал келет!*

*... Капысынан*
*жазып жаткан столумду тандым да,*
*Сени көздөй бет алдым.*
*Бу Жер – сенин тактың да,*
*Бу Жер – сенин түбөлүктүү тактың да,*
*Түшпөс тактың,*
*бийик тактың –*
*Таазим кылбай, ансыз кантип келе алам.*
*О, тажик кызы,*
*түшпөс тактын ээлеген,*
*Үйрөт мага өзүң билген сырларды,*
*Жерге таазим кылганды:*
*Ак ырларым – ак пахтага тең болсун,*
*Же болбосо сен сыяктуу бир болсун –*
*Түбөлүккө ушул ыйык Жер менен!..*

*Котормолор*

**Мумин КАНОАТ,**
**Тажик эл акыны**

# *Жер*

*Алтын бешик деп мени –*
*Атаса да ким мени –*
*Калыс,туура берген баа.*
*Мен бешикмин,*
*Мен жашоону терметем,*
*Калыс карап баарына.*

*Көөдөнүмдү там-туң басса ак бөпө,*
*Жетине албай сыймыктанам, кубанам,*
*А кайгысы ар бир ак чач эненин,*
*Менин муңум, менин кайгы-убарам.*

*Силер, адам, согушсаңар өз ара –*
*Жапа тартам мен дагы.*
*Тынчысаңар – тынчый түшөм эс ала...*
*Мен дагы!*

*Өз огумда жайбаракат айланам,*
*Термелемин куттуу үйдөгү бешиктей.*
*Бала болуп жаркып келем баладай,*
*Бейтаал күндө түнөрөмүн чүмбөттөлгөн*
*эшиктей...*

*Жазындасы кулпурамын болуп гүл,*
*Өтүнөмүн: адамдарга угуп ал.*
*Махабатка төшөлөмүн жол болуп,*
*Мактал болуп,*
*мээрим төшөйм: жат, эс ал...*

*Планетте адамдар көп ар кандай,*
*А мен жалгыз, жалгыз түтөм аларга.*
*Ачып бердим миллиондогон сырларды,*
*Жашоосуна – кыял бердим,*
*Үмүтүнө канат бердим,*
*жашаш үчүн дагы алга.*

* * *

*Турган кезде күчөп жайдын аптабы,*
*Ой-талаамды кандуу мунарык каптады.*
*А мен ал кезде*
*Шагымда мөмө-жемиш байлап турган.*

*Волга менен Донго чейин кетчү эле,*
*Эгинимдин көйкөлүңкү толкуну.*
*Атыр жерге киринчү эле эрте-кеч,*
*Түздүгүмдүн, тоолорумдун ой-кыры.*

*Мына эми орок маалы болоордо,*
*Токчулукту курсагынан боолоодо,*
*Күн күркүрөп, алаамат болду ааламда.*
*Орок эмес, кандуу кылыч ойноду,*
*менин куттуу талаамда.*

*Батыш жактан чаң ызгытып куюн-жел,*
*Ала келди: өлүм, кайгы, каргыш-уу*
*Темир күйүп, суу өрттөнүп май турсун,*
*Тытты менин бетимди – таңдан-кечке*
*Токтолбостон кармашуу...*

* * *

*Мен согушта –*
*жалын менен темирдин*
*курчоосунда кысылдым.*
*Океандай көз жашына,*
*Тоодой толгон кайгысына,*
*баттым ушул учурдун!..*

*Мен – Жермин тирүү.*
*Мен – Жермин түстүү.*
*Анан кантип жашырам –*
*коюнумдагы сансыз курман-өлүктү?!*
*Моюнуман асылгандай даргага,*
*муунуп турам.*
*Тарых мурда мындай укмуш көрүппү!?*

*Эриндерим кургады – бергилечи таза суу,*
*Кан тамбаган таза суу! –*
*Токтобосун бу турмуштун жашоосу...*

*Көмкөрүлдү алакандай бешиктер,*
*Анда – бала!!! Куткаргыла.*
*Тез жардам бер – уулдарым, азамат!*
*Мени сактап кала албасаң а кийин,*
*Мен да сени таппай калам, адамзат!*

Которгон **Нурпаис Жаркынбай**

*Конкурска* *Адабият таануу*

# «ШЫРДАКБЕК»

## ТАРЫХЫЙ ЖАНА ФОЛЬКЛОРДУК НЕГИЗИ

Шырдакбектин Боз жоргосу жана анын сулуу аялы тууралуу айтылган уламыш, аңыз-аңгемелерди Кыргызстандын бардык булуң-бурчунан, ал тургай Кытай Республикасында жашаган кыргыздардын арасынан да учуратууга болот. Калкка кеңири тарап, түндүк, түштүк аймагынан кара сөз жана ыр түрүндө да катталган «Боз жорго» аталган комуз күүсү да белгилүү. Ал «хандар сурап бербеген хан Шырдактын Боз жорго, бектер сурап бербеген бек Шырдактын Боз жорго» делип, күү ыр менен коштолуп чертилет. Чыгарма варианттуулукка өтүп, көбүнесе кара сөз түрүндө баяндалат. Бирок сөз чектелген гана окуянын тегерегинде жүрөт. Катталган уламыш, аңыз-аңгемелердин, поэмалык варианттардын мазмуну, негизинен, бири-бирине окшош. Чыгарманын мазмундук нугун Анжыян, Коконду жердеген Шырдакбек аттуу кыргыз ханынын атагы алыска угулган Боз жоргосу, анын калмак хандары менен болгон согушу, бөтөнчө ардактаган сулуу аялынын чыккынчылыгы аркасында курган чебинин сыры ачылып, ишенимдүү тулпарынан ажырап, душман коргонун талкалап, жеңишке учурагандыгы түзөт. Мыйзамдуу түрдө окуянын жүрүшүндө, башталыш, аякталышында баяндалган каарман-персонаждарында айырмачылык орун алат. Алсак, биринде Шырдакбек тирүү калса, экинчисинде калмак колдуу болуп каза табат. Биринде Боз жорго калмак колуна өтсө, экинчи айтылышында Шырдакбекке же баласына кайтарылып берилет. Айрым нускаларда окуя Шырдакбектин Боз жоргосун колго түшүрүү максатында калмак хандарынын жасаган айла-амалдары алдыңкы катарга чыгат. Бирок окуя кандуу кармашууга жетпей аяктайт. Лейлек районунун Маргун айылынан катталган Шырдакбек уламышында жана Балыктын санжырасында окуя калмак ханы эмес, кыргыз хандарынын ортосунда жүрөт. Дагы бир материалда Боз жорго калмак ханы Жайсаңдыкы болуп, Шырдакбек Тасма деген жигитин жиберип, уурдатып алат. Бирок уламыштын мындай мазмунда айтылышы эл арасында жана башка материалдардан учурабайт. Бардык материалдарда Боз жорго Шырдак-

бектики делип, ага көзү түшкөн калмак хандары кандай жагдайда болсо да атка ээлик кылуу аракетин жасашат.

Жогоркудай айырмачылыктарына карабастан, бардык нускаларга таандык жалпылык – өзүнө ченемсиз урмат-сый көрсөткөн айжаркын жарына чыккынчылык кылып, босогосун душманга тебелеткен аялдын адамгерчиликсиздиги. Ошондон улам, кыжыры кайнаган калмак ханынын жарлыгына ылайык ит көрбөгөн ыза-кордукту көрүп, ажал табышы болуп саналат. Азыр биздин колдо уламыштын төрт варианты жана варианттык деңгээлге көтөрүлбөгөндөрү да бар. Эл оозунда чакан аңыз сөздөр да бир топ. «Шырдакбектин Боз жоргосундай» деген ылакап сөз, мактоо ырлары алиге эл арасында сакталган.

Ошондой эле, жер-жерлердеги эски чеп, коргондун уранды-чалдыбарлары Шырдакбек уламышынын окуясына байланыштуу айтылат. Алсак, Ош шаарындагы Хан-Дөбө, Лейлектеги Коргон-Төбө жана хан Шырдактын ордосу, Жалал-Абаддагы Түйө-Дөбө (Чөкө-Дөбө), Ак-Талаадагы Шырдактын чеби. Кыскасы, Шырдакбек эл тарабынан тарыхый инсан катары баяндалат. Анын өмүр сүргөн доорун, бийлик жүргүзгөн мезгилин, жашаган аймагын тарыхый реалдуулук катарында мүнөздөшөт. Бул белгилүү даражада уламыштык чыгармаларда да чагылдырылган.

Буга А.Вышнегорский тарабынан алгач жазылып алынган «Предания из калмыцкого времени у современных кара-киргизов Аулиеатинского уезда» деген ат менен жыйнакка кирген «Шырдакбек» уламышы ачык мисал боло алат. Бул уламыш тарыхый реалдуулукка көбүрөөк жакын. Элдик кыялдануудан, ой жүгүртүүдөн келип чыккан кошумчалар аз өлчөмдө орун алат. Жалпысынан ошол доордогу кыргыз жана калмак хандарынын ортосунда жүргөн кандуу согуштун жүрүшү, согуш өткөн географиялык аймак тууралуу реалдуу маалымат берилет. Шырдакбектин аялынын, баласынын, бир тууgreandarынын аттарынын конкреттүү аталышы менен башка нускалардан айырмаланып турат. Уламышты А. Вышнегорский Эшкожо аттуу таластык болуштан жазып алып, ага «Кокондун беги Шырдакбектин калмактар менен согушу» деген тема коюп жарыялайт. Бул уламыш боюнча да Шырдакбек менен калмак ханынын чатагы Боз жоргодон башталат. Кокондо өткөн бир чоң жыйында Боз жорго байгеден чыгып келет. Ошондо калмак ханы: «Жакшылык менен Боз жоргону бер, антпесең уруша турган жериңди айт» – деп элчи жиберет. Шырдакбек анын айтканын кабыл алып, согуш өтө турган жерди болжоп, жеңилсе күлүктү бермекке макул болот. Шырдакбектин жөн-жай Боз жоргону бере салбаганына кыжырланган калмак ханы Карабакка барып, ал жердеги кыргыздардын колун талкалап, мал-мүлкүн талап, тоноп алат. Андан Касан шаарына барып, шаарды камоого алат. Согуш он эки айга созулуп, курал-жарактуу, анын үстүнө сан жагынан басымдуу калмактарга туруштук бере албай, айласы кеткен мусулмандар «Шырдакбекти Боз жоргосу менен калмактарга өткөрүп берип тынчысакпы» деген ойго келип калганда, калмак ханы: «Согуш талаасын Анжыян менен Оштун ортосундагы кең түздүккө көчүрөлү» – деп элчи жиберет. Тараптар макулдукка келип, калың кол Ош менен Анжыяндын ортосуна топтолот. Боз жоргонун кыйындыгын сыноо иретинде калмак ханынын: «Согушуудан мурун ат жарыштырып көрөлү» – деген сунушун Шырдакбек кабыл алат.

Байгеге кошулган аттардын катары Жармазардан (Маргалаңга жакын жерде орун алган кыштак) Ошко чейин жеткен имиш. Ошентип, чоң байге башталат. Дагы да байгеге чабылган аттардын ичинен Боз жорго чыгып келет. Калмак ханы «Алтымыш капкалуу шаарга атыңды сатасыңбы?» дегенине Шырдакбек болбой жөнөп кетет. Калмактар артынан кууп келип, шаарды камоого

алып, жеңе турган болгондо, Шырдакбектин Сулуу бийке аттуу аялы Боз жоргону минип, калмак ханына качып кетет. Шырдакбек жеңилип, өзү жана анын эки иниси: Муратбек менен Чоробек душман колунан каза табат. Шырдакбектин Кабылбек аттуу бешикте баласы калгандыгын билген калмак ханы: «Наристенин мал-мүлкүн ээлеп алуу кечирилгис күнөө болор» – деп Боз жоргону кайтарып берет да: «Өз эрине жакшылык кылбаган катын мени жарытар беле?» – деп Сулуу бийкени өлтүртүп, кайрадан жол тартат.

Уламыштын экинчи вариантында Шырдакбек Курманбектин замандашы делип, уруусу кыргыз-кыпчак аталат. Мында да Шырдакбектин калмак ханы менен урушуп тургандыгы баяндалып, эки хандыктын ортосунда карама-каршылыктын күчөшүнө Боз жорго себепчи болот. Атты тартып алуу үчүн калмак ханы ар кандай айла-амалды кылат. Мастан кемпирдин айтуусу менен байгеге кошулган Боз жоргонун жолуна 60 кез ор каздырып, 60 кабат жибек тор менен тостуруп, 600 калмакты күзөттүрүп, буктуруп коёт. Ат озуп келе жатканда чабандес бала муну билип: «Арышыңды кере көр, бар күчүңдү сала көр, айланайын тулпарым. Алдан-күчтөн сен тайсаң, мен үйүмдү көрбөдүм, сен үйүрүңдү көрбөдүң» – деп Боз жоргонун жалына бек жармашып, жалынып ыйлайт. Ошондо жаныбар тулпар күү менен келе жатып, 60 кабат торду үзүп, 60 кез орду аттап өтүп кетет. Мына ушундай жагдайда Боз жорго жөнүндө мактоо ыры жаралып, уламышта аны түзгөн ырчы Зыяда аталат. Кабарчынын айтуусунда алгач аттын жорголугу, көрктүүлүгү, тулпарлыгы бир топ узак жана көрком ырдалчу экен. Ал үзүндүсүн гана эсинде сактап калгандыгын эскерет.

Үчүнчү уламышта Шырдакбектин турган жери Төрт-Көл аталып, анда калмактардан коргонуш үчүн бекем чеп курулат. Бул мезгилде Бел-Өрүктө калмактар, Көк-Бел, Төрт-Көл, Ай-Көлдө казактар жашап, кыргыз менен калмактардын ортосунда кагылышуулар үзбөй жүрүп турат. Мында да Шырдакбектин эрке аялынын чыккынчылыгы менен коргон-чепти алуунун жашыруун сыры калмактарга билинип, душман ордону ээлеп, Шырдакбектин өзү колго түшөт. Аял калмак ханы тарабынан өлтүрүлөт. Ал эми Ы. Абдыракманов тарабынан катталган уламышта окуя Кокондо эмес, Нарын аймагында өтөт. Бул уламыш боюнча да Шырдакбек кыпчак уруусунан чыгып, анын ордосу Ак-Талаанын Чолок-Кайың деген жеринен орун алат. Ал Боз жоргону минип, Чолок-Кайыңдан Өзгөнгө же Кашкарга күн сайын каттап туруучу экен. Уламышта калмактардын кыргыздарга үстөмдүк жүргүзүп тургандыгы тууралуу ачык маалымат орун алат. Алсак, Кочкорду бийлеп турган калмак хандарынан болгон тарыхый Амурсан окуяга аралашат. Мында да Шырдакбектин аялынын чыккынчылыгы: анын Боз жоргону минип, калмактарга качып барып, хан колунан каза табышы салттуу жана туруктуу клишени түзөт. Бирок Ы.Абдыракмановдун айтуусунда Амурсандын азыткы тилине кирип, Шырдакбекти аялы өлтүрөт. Коргону талкаланып, башчысынан ажырап, чабылыпчачылып тукулжураган эл жер которуп, Бухара, Анжыян тарапка качууга аргасыз болушат. Ушундан улам «Катынды эрке сактаган хан Шырдак сенден кезесиң. Үйүнө жолборс бактырган Тооке хан сенден кезесиң (казак ханы Тооке үйүндө жолборс кармачу экен. Ал бир күнү баласын чайнап өлтүрүп коёт)» – деген ылакап сөз калат.

Боз жоргого карата айтылган мактоо ырлары айрым учурда чыгарманын мазмундук тутумуна кирсе, өз алдынча мактоо ырынын жанрдык чегинде түзүлгөндөрү да катталган. Буга Алай районунда жашаган Карамергенов Мулла аттуу кыякчы-ырчыдан жазып алынган ыр ачык мисал.

Чыгарма мактоо ырларынын салтында түзүлүп, аттын тулку, бою, сын-сыпаты, тулпарлыгы, ат жабдыгы бир топ таасын тартылат. Кабарчылардын айтымында ыр алгач узак ырдалчу экен. Боз жоргонун сын-сыпатын, жорголугун, тулпарлыгын, күлүктүгүн мактап алгач ырдаган ырчыны Сыядат (Зыядат) аташат. Кабарчылар берген маалыматка таянсак, башатында узак жана көркөм ырдалып, кантсе да көчмөн турмушта жашап, ошого карата көркөм табити, эстетикалык баамы калыптанган угуучулардын делебесин козгоп, купулуна толгон өңдүү. «Шырдакбектин Боз жоргосундай» деген ылакаптын эл оозунда сакталып калышы да жөн-жай эмес чыгар. Колдогу чакан материалдан эле мактоо ырынын муундан-муунга, ооздон-оозго өтүп, ой жагынан тереңдеп, көркөмдүгү артып, калыптанып, мактоонун классикалык үлгүсүнө көтөрүлгөндүгүн байкоого болот. Сөзүбүз кургак болбос үчүн Карамергенов Мулла айткан мактоонун текстин узагыраак келтирүүнү туура көрдүк:

Бек сураса бербеген,
Безип келген Боз жорго,
Кан сураса бербеген,
Кайып келген Боз жорго.
Көк түтүндөй чубалган,
Көпчүлүктөн дуба алган,
Ак түтүндөй чубалган,
Наша дандай дуба алган
Ушу кимдин жоргосу?
Хан Шырдактын жоргосу,
Бокторгодо торбосу.
Токум салса жарашкан,
Топтошуп адам карашкан,
Тоо белгиси шондо бар,
Жабдык койсо жарашкан.
Жарданып адам карашкан,
Жар белгиси шондо бар.
Кулагында сыргасы,
Куйругунда гынасы.
Жаагында омогу
Жабдыны пайкай карачы,
Жалаң бир дилде кумпасы,
Аркардай арым таштаган,
Алты миң күлүк баштаган,
Жейрендей арым таштаган,
Жети миң күлүк баштаган,
Жүгүргөндө жүлгү алган,
Жүздөн тандап бирди алган.

Байкоого караганда чыгарманын поэма болуп түзүлүшүнө Боз жоргонун окуясы, аны мактоо ыры негиз болгон өңдүү. Бара-бара анын айланасына башка окуялар топтолуп, «калмак доору» аталган тарыхый кырдаал, калмак төбөлдөрү менен кыргыздардын урушу, чабылып-чачылып, кыргын-сүргүндү баштарынан өткөрүп турган калктын ал-абалы, муң-зары, азаттык жолунда жүргүзгөн баатырдык күрөшү, ой-мүдөөсү чагылышып, эпикалык чыгарманын деңгээлине көтөрүлгөн.

Шырдакбек чыгармасы уламыштык гана формада эмес, ыр түрүндө да айтылып жүрчү экен. Хан Шырдакты ырга салып, Балык акын айтуучу дешет. Балыктын айтуусунда бизге жеткен жок. Бирок анын айтымында Боз жоргонун окуясы кыргыздардын өз аймагында, эки хандыктын ортосунда эле жүрөт. «Шырдакбекти» өз учурунда К.Акыев да айтып жүрүүчү экен. Бирок эмнегедир өз кол жазмаларында бул жөнүндө маалымат жок. Чыгарманын тексти да өз оозунан жазылып алынбаган. «Шырдакбекти» 1974-жылы Жанжигит Казакбаев Өмүкеев Абдыдан жазып алып (ал 1948-жылы Калыктын өз оозунан уккан экен), Илимдер академиясынын кол жазмалар фондусуна тапшырат. Окуясы чакан, Шырдакбектин ата-бабасынын санжырасы толугураак баяндалганына карабастан, негизги окуя анын тулпары, сулуу аялынын тегерегинде жүрүп, уламыш-поэманын жанрдык мыйзамына көбүрөөк баш иет. Бирок чыгарманын чоң акын тарабынан айтылып, баатырдык эпостогу аткарып жүргөндүгүнө күбө болгон жерлери арбын. Бул Боз жоргонун турпатын, тулпарлыгын сыпаттоодо, кыргыздын өткөндөгү баатырларын даңктоодо жана аттын оозун жыя албай колдору карышып: «Шыгай хан каздырып койгон алтымыш кез аңга түшүп кетип, ажал таап, карыган жалгыз энемди кайрылып көрбөй каламбы?» – деп, зар какшаган жетим баланын армандуу ыйын берүүдө өтө ачык көрүнөт. Чыгарманын көп жеринде окуя кара сөз түрүндө баяндалат. Мунун себеби кабарчы түйүндүү жерлерин гана эсинде сактап калган өңдүү.

К. Акыев боюнча Тейитбектен Курманбек, андан Сейитбек, Сейитбектен Шырдакбек. Курманбек калмактын ханы Дөлөн менен урушуп жүрүп каза табат. Алты жашар Сейитбек Кашкар ханы Аккандын колунда чоңоюп, эрезеге жетип, он сегиз жашында атасынын баш жигити Зайырбекти ээрчип элине келип, хан болот. Ал Кашкардын кербен башчысынын кызы Мөлгө үйлөнүп, андан Шырдакбек төрөлөт. Сейитбек атасынын кунун кууп, калмак ханы Дөлөндү өлтүрөт. Акыры өзү да жоо колунан каза таап, анын да уулу жаштайынан жетим калат.

К.Акыевде Боз жорго Шырдакбекке кайыптан табылат. Түшүндө аксакал киши аян берип: «Кебез тоодогу Ала-Көлгө барып аңдып жатсаң, боз кулунун ээрчитип, Боз бээ тоодон түшүп келет. Боз кулунду кармап алып, эч кимге көрсөтпөй төрт жылы бак. Төрт жашында жүгөн салсаң, келишимдүү тулпар болот. Ишиңдин оңолгону ушул. Боз кулун – кайыптын тукуму» – дейт. Шырдакбек кулунду кармап келип, кишиге көрсөтпөй төрт жыл багып, кырк жигит курап, кыргыз-кыпчакты сурап, хан болот.

Окуянын андан аркы жүрүшү башка уламыштык материалдардан айырмалуу. Мында Боз жорго үчүн Шырдакбек менен Шыгайдын ортосунда карама-каршылыктын башат алышына калмак ханынын аялы Шиктуркун себепчи болот. Ал: «Сенин Кара бээңден Шырдакбектин Боз жоргосу күлүк» – деп айткандыгы үчүн эринен кордук көрөт. Хан аялдын чачын кыркып, беш манжасын кесип, кубалап жиберет. Ал Шырдакбекке барып баш калкалап жүрүп, Боз жоргону көргөндө көөнү бузулуп, минип качканы жаткан жеринен колго түшөт. Кайтадан келип, Шырдакбектин жоргосун мактай берип, Шыгайдын көңүлүнө бүлүк түшүрөт. Сурап ала албасына көзү жеткен калмак ханы тулпарды эптеп колго түшүрүү максатында чоң той берип, Шырдакбекти да чакырат. Шырдакбек анын арам оюн түшүнүп, Боз жоргого тору ала аттын кебин кийгизип минип келгенде аял тааный албай:

Жал куйругу жаркылдап,
Жагып калды чоңдорго,

Төрт жүз элүү күлүккө
Алдырбайт го болжолдо,
Чапкан сайын байге алган,
Бул кайдан келген тор жорго? –

деп, суроо салат. Ошондо жети жашар кезинде калмактын колуна түшүп кеткен жүз жети жаштагы теги кыргыз кемпир аттын жайын айта келип, ээсинин тегин жиктейт:

Түпкү атасы – Тейитбек,
Тейитбектен Курманбек,
Курманбектен Сейитбек,
Телегейи тегиз бек,
Тору жоргону ээлеген,
Топ элге намыс бербеген,
Өзүнүн аты – Шырдакбек,
Бул Сейитбектин ардагы.

К.Акыев айткан нусканын окуясы жогорку уламыштардан айырмаланып тургандыгына карабастан, жалпысынан уламыштык чыгарманын эле чегинде. Ал эми анын айтылыш, аткарыш манерасынан, баяндоо ыкмасынан эпикалык чоң арымдагы айтуучунун өнөрканасынан жаралгандыгын байкоо анчалык кыйын эмес. Бул болсо Калыктын эпосторду ийине жеткире аткарып жүргөн эпикалык багыттагы акын экендиги менен түшүндүрүлөт. Ал айрыкча айтуучунун уламыштык же тарыхый негизи бар турмуштук теманы баатырдык эпостун деңгээлине көтөрүүгө жасаган аракетинен көрүнөт. Буга чыгармадан орун алган бир деталь ачык күбө. Мисалга, Боз жоргону чапкан чабандес баланын жасаган ишин, акыл-сезимин эле алалы. Чабышка түшкөн 600 аттын ичинен Боз жорго бөлүнүп, чыга бергенде үстүндөгү чабандес бала дүрбү салып, 60 кез аң казып, 40 кулач керме жайып тосуп турган калың калмакты көрүп, тулпардын жалына жармашып: «Кыргыздын намысын алдырба, жаныбарым» – деп жалынып ыйлайт. Боз жоргонун аман-эсен байгеден чыгып келиши – калктын намысын коргой тургандыгын жаш болсо да бала түшүнүп:

Кара тоо башы бел көрдүм,
Капталдан чыккан сел көрдүм,
Алтымыш кез чоң ордо,
Казып жаткан эл көрдүм,
Кагылайын Боз жорго,
Сен көрбөсөң мен көрдүм.
Кайрылып кайта көрөмбү,
Картайган жалгыз энемди,
Ак калпак кыргыз калк үчүн
Алтындай жанды беремби?
Карга, кузгун талайбы,
Как талаада денемди,
Күлүктүгүң чын болсо,
Көргөзө көргүн өнөрдү, –

деп дембе-дем тулпарга камчы салып, бар далалатын жасап, жан алакетке түшөт. Этине камчы тийгенде жаны ачыган Боз жорго алтымыш кез ордон секирип өтүп, баш байгени ээлеп, «ак калпак кыргыз калкынын туусу көккө илинет». Калыктагы дагы бир маанилүү деталь жети жашар кезинде калмактарга тут-

кундалып кеткен кыргыз кызынын элине, жерине карата тунук сүйүүсүнүн жүз жети жашка чыгып, кемпир болгондо да өчпөгөндүгү угуучуларга зор таасир калтырып, адамдын делебесин козгойт. Кемпир Боз жоргонун тулпарлыгын, ээсинин «топ элге намыс бербеген» баатырлык өнөрүн, ата-тегин сыймыктануу менен айта келип, жалпы кыргыз элин даңктап өтөт:

Кабылан Манас айкөлдөй,
Баатыр чыгат кыргыздан,
Бакай баштап сөз тапкан,
Акыл чыгат кыргыздан,
Баатырга күмбөз салдырган,
Турпандан турпак алдырган,
Катын чыгат кыргыздан.

Жогорку ыр саптарынан көрүнүп тургандай, чыгармада Калыктын чыгармачылык өнөрканасынын жекечилдик өзгөчөлүгү, стилдик курулмалары чагылышкандыгын байкоо анчалык кыйын эмес. Анткени «Жаныш-Байыш», айрыкча, «Курманбек» эпосу Калыктын бирден бир сүйүктүү репертуарынан болуп, анда бардык Ата Журт, Ата Мекен темасы алдыңкы катарга чыгып, калктын патриоттук сезими курч көтөрүлөт. Дегеле Калыктын жогорку эпосторду айтуу манерасы, аткаруу чеберчилиги башкалардан өзгөчө айырмаланып турат. Шурудай куюлушкан уйкаштыкка көтөрүңкү баяндалган патриоттук тон, комуз менен коштолгон мундуу ыргак шайкеш келип, угуучулардын ички сезимине бүлүк түшүргөн. Калыктын эпикалык багыттагы акын экендиги «Курманбек» эпосу анын өмүрүнүн аягына чейин сүйүктүү репертуарынан болуп келгендиги белгилүү даражада «Шырдакбектен» да байкалып турат. Биринчиден, Калыктын айтуусунда «Шырдакбектин» окуясы Курманбектин уландысы катарында баяндалып, анын ата-тегинин санжырасы толук камтылат. Экинчиден, баяндоо ыкмасы боюнча уламыштын жанрдык рамкасынан четке чыгып, качандыр бир өткөн окуяны жөн-жай баяндоо менен чектелбестен, аны эпикалык деңгээлге көтөрүүгө аракеттениши менен айырмаланат. Калык айткан нускада жогоркудай ири эпикалык чыгарманын белгилери сакталган болсо, ал акындын чыгармачылык жекечилдигинин «Шырдакбекте» чагылышы, жогоруда белгилегендей, баатырдык эпосторду аткарып жүрүшүнүн гана натыйжасы. Негизинен, Калыктын айтуусунда чыгарма уламыш-поэманын гана нугунда калган. Бул окуянын андан аркы уланышында көзгө түшөт. Чыгарманын аякталышы да айырмалуу. Боз жоргосу баш байгени ээлеп, намысы колуна тийген Шырдакбек көңүлү жай кырк жигити менен элине кайтат. Ошондо сулуу аялынын көңүлү бузулуп, Шыгайга тиймекке тулпарды минип качып кетет. Калмактын ханы сурамжылап, аялды эринин кандайча сөөлөт менен бакканын угуп, сулуунун адамгерчиликсиздигине катуу иренжип: «Шырдакбектин өзүн жекеме-жекеде сайып түшүрүп, же элин чаап, Боз жоргону алсам болот эле. Бир катын алып келди деп, минип алышым туура болбос», – деп атты кырк жигитине кайрадан жетелетип жиберет. Аялды болсо кырк байталга сүйрөтүп өлтүртөт. Шырдакбек: «Боз жоргодон ажырадым, эми Шыгай мени чаап алат», – деп жол-жолго сакчы койдуруп көзөмөлдөп турганда тулпарды жетелеп, кырк жигит келип калат. Иштин жөн-жайына түшүнгөн Шырдакбек Боз жоргону Шыгайга өзү алып барып берет. Калмак ханы аны кызына үйлөнтүп, эки эл ынтымакташып жашап калат.

«Хан Шырдактын Боз жоргосун» акын Токтосун Тыныбеков көзүнүн тирүүсүндө газетага сунуш кылган экен. Өлгөндөн кийин кыскарган түрүндө

жарык көргөн. Ал 1997-жылы басылып чыккан акындын чыгармалар жыйнагына да кирет. Окуясы, каарман-персонаждары, баяндоо ыкмасы, стилдик курулмалары Калыктын вариантына өтө жакын. Т.Тыныбеков бирге эмгектенип жүргөн кезинде Калыктан кулак төшөп угуп, өнөрлөш устатынан таасир-таалим алса керек. Ириде окуя жагынан жалпылык ачык байкалат. Анын айтуусунда да калмак ханы Шыгай суратып да, уурдатып да атты колуна тийгизе албаганда той бермек болуп, алты хандын элине кабар айттырат. Шырдакбек анын амалын алдын ала туюп, Боз жоргону үч ай суутуп, алты тору аттын терисинен кеп жасатып тойго минип барганда Шыптыркул баштаган калмактар тааный албай коюшат. Мында да Шырдакбектин минип келгени тору эмес, Боз жорго экендигин бала кезинде калмак менен кыргыздардын чабышында колго түшүп кеткен Кенезек кемпир таанып:

Ай караңгы түн болсо,
Адашпаган Боз жорго.
Татаалчылык күн болсо,
Танашпаган Боз жорго,
Кан Шырдактан башкага
Жарашпаган Боз жорго.
Өйдө чапса өөрчүгөн,
Өзүң Кызыр ээрчиген,
Өжөр кыргыз жылкысы,
Өз билгенин бербеген,
Өкүм кыргыз журт ушул.
Алты аргымак терисин
Атайылап кеп кылган,
Айбаалыдай калмактар,
Адашышсын деп кылган, –

деп тулпардын жайын сыймыктануу менен баяндап өтөт.

Шырдакбектин мингени Боз жорго экенин билбей, баш байгеге миң кул, миң күң, көп мал сайган калмак ханынын айласы кетип, Шыптыркулдун айтуусу менен ат келе турган жолго ор каздырып, тулпарды мерт кылууга камданып калат. Бул нуска боюнча Кенезек кемпир угуп калып, Шырдакбекке айтып коёт. Алдын ала кабар алган Шырдакбек ат кошчусу Урманбетти, чабандеси Ыйманбекти чакырып, Боз жоргонун жөн-жайын баяндап:

«Куурайдын башын чалдырба,
Курсагын сууга алдырба» –

деп сарууркап турушу менен окуя аяктайт. Үзүндү түрүндө бизге келип жеткенби, же болгон окуясы ушул элеби, аны так айтуу кыйын. Байкоого караганда чыгарманын окуясы Боз жоргонун тегерегинде эле жүргөн сыяктуу.

Тоголок Молдонун айтуусунда «Шырдакбек» жогоркулардан кескин айырмаланып турат. Уламыштык окуя поэманын деңгээлине көтөрүлүп, элдик каармандын төрөлүшү, баатырдык кыймыл-аракети белгилүү даражада эпикалык чыгарманын жүгүн көтөрүп турат. Идеялык багыты да, негизинен, баатырдык темага баш ийип, эл азаттыгын, эркиндигин коргоого багытталат. Эгерде уламыштык окуяда жанрдын мыйзамына ылайык кандайдыр бир болумуш жөн-жай баяндалса, Тоголок Молдонун вариантында ошол доордогу тарыхый катаал кырдаал жана ички, сырткы карама-каршылыктары реалдуу мүнөздөмөгө ээ болгон. Ушул өзгөчөлүгү менен эпикалык чыгарманын жүгүн көтөрүп, жарыяланып келди.

Кыскасы, колдогу фактыларды кылдат талдоого алсак, «Шырдакбектин» эпикалык поэма катарында түзүлүшүнө уламыштык материалдар негиз бол-

гон. Алсак, баатырдын тулпарына калмак ханынын көз артышы, сулуу аялынын чыккынчылыгы менен Боз жоргодон ажыраган Шырдакбектин душманга алдырышы бардык нуска үчүн туруктуу окуя. Бардык айтылыштарында чыккынчы аял калмак ханынын колунан каза табат. Көпчүлүк учурда калмактар менен болгон согушта Шырдакбек өлүп, коргону талкаланып, башчысынан ажыраган калктын башына катуу мүшкүл түшөт. Ы.Абдыракмановдун маалыматында кыргыздардын түштүк тарапка агылып, жер которушу ушул окуядан кийин болот. Ал эми окуянын ушундай мазмунда баяндалышы «калмак доору» аталган мезгилдеги калктын башынан өткөрүп турган тарыхый кырдаалга шайкеш келип турат. Жогоруда белгилегендей, айрым нускаларда калмак ханы Боз жоргону Шырдакбекке кайтарып берип, экөөнүн достошуусунда окуя аяктайт. К. Акыевдин вариантында Шыгай хан кыргыз баатырына кызын берет. Ал эми чыгарманын мындай бүтүшү алгачкы салттуу мотивдерден болбостон, жумшартылып кийин кошулган идеядан болушу ыктымал.

Чыгарманын тарыхый негизи Шырдакбектин жашаган доору, тарыхый реалдуулугу жөнүндө сөз болгондо эки маалыматка: санжыра, аңыз-аңгеме, уламыштык материалдарга жана тарыхый булактарга таянабыз. Санжыра, уламыш боюнча Шырдакбек XVII–XVIII кылымдардын аралыгында жашаган тарыхый инсан катарында баяндалат. Айтуучулар анын өмүр сүргөн мезгилин, жашаган ордун мүмкүн болушунча так көрсөтүүгө аракеттенишет. Шырдакбектин сепилинин жайланышкан ордун, ал эмес Боз жоргонун зоругуп өлгөн жери, анын ат байлаган мамысына чейин иликтөө далалаты бар. Көпчүлүк кабарчылар, анын ичинде Тоголок Молдо Шырдакбектин түпкү тегин Курманбектен чыгарат. Шырдакбек Сейитбектен төрөлөт. Бир маалыматта замандашы, экинчи кабарда ага-ини делет. Ал эми Курманбектин XVI–XVII кылымдардын аралыгында жашап, калмак төбөлдөрү менен согушуп өткөн тарыхый инсан экендиги азыркы мезгилде анчалык күмөн туудурбайт. Фольклордогу жана тарыхый булактардагы фактылардын негизинде аныкталган деп айтууга негиз бар. Шырдакбектин жашаган мезгилин XVII–XVIII кылымдардын аралыгы деп эсептөө да бекеринен эмес. Тарыхый жана фольклордук фактыларга негизделип чыккан пикир. Тоголок Молдо айткан поэманын окуясы да уламыш, аңыз-аңгемелерден орун алган маалыматтар менен шайкеш. Чыгарманын түзүлүшүнө XVII–XVIII кылымдардын аралыгындагы тарыхый кырдаал, калмак-жунгар төбөлдөрүнүн баскынчылык согушуна карата кыргыздардын өз көз каранды эместигин, эгемендүүлүгүн коргоп, жүргүзгөн баатырдык күрөшү негиз болгондугу анык. Аны чыгармада айрым тарыхый окуялардын жана тарыхый адамдардын чагылышы менен аныктоого болот. Поэмада эскертилген Калдан (Галдан Бошокту хан) – тарыхый адам. Ал калмактын түпкү хандарынын бири. Батур хан тайчынын алтынчы баласы болуп, 1644–1697-жылдардын аралыгында жашап, Батыш Монголиядагы Ачаатумай деген жерде каза табат. Галдандын бийлиги Цин өкмөтү менен салгылашуулардан катуу алсырап, өмүрүнүн акыркы күндөрүн ал качып-тозуп, жакырчылыкта өткөрөт. Дегеле тарыхый булактарда жана эмгектерде калмактардын кыргыздарга жасаган жортуулдары жөнүндө бир топ толук маалыматтар берилип, эл оозеки чыгармачылыгындагы фактыларга шайкеш келип тургандыгы менен кызыктуу. Алсак, 1652-жылы Хошоуттардын (калмак уруусунун аталышы) башчысы Цецен хан Тянь-Шань кыргыздарына жортуул жасаган учурунда 17 жаштагы уулу Галдаманын катышкандыгы тууралуу маалымат бар.

Галдама 1671-жылы бийликке келет да, ата-бабаларынын жолун жолдоп, кыргыз, казактарды каратып алуу аракетинде баскынчылык саясатты күчөтөт.

1680-жылы тянь-шандык кыргыздар, 1683–1684-жылдар Сайрам, 1683, 1684, 1685-жылдары кыргыздар жана ферганалыктар менен согушат. 1683-жылы Анжыянга жана казак талааларына катуу чабуул жасап, ногойлордун жерине чейин жетет. Галдан калмак хандарынын ичинен биринчилерден болуп, Иле өрөөнүн жайлап, кээде Иртыш боюна кыштап да калат. Жогорку тарыхый окуялар белгилүү даражада «Шырдакбек» поэмасында да чагылышып, ошол доордун, тарыхый кырдаалдын картинасын ачык элестетет. Дегеле, «Шырдакбек» поэмасында калмак хандарынын бийлигинин таралыш аймагы бир топ реалдуу берилген. Кыргыз жерлери башы Ысык-Көлдөн тартып, Талас, Кызыл-Кыя, аягы Анжыянга чейин алардын кол астына өтөт. Алты шаар Кашкарды бүтүндөй калмактардын башкы ханы Чагай бийлейт. Амурсан Ат-Башыны башкарат. Калмак төбөлдөрүнүн арасында да биринчилик үчүн күрөш жүрүп, Контаажыны Чагай хан Ала-Тоо тарапка сүрөт. Ал келип Кеминге жайлашып, Иле, Ысык-Көлдү сурайт. Калдама деген уулу Анжыянды, Ажааны Сары-Өзөн-Чүй, Кочкор, Жумгал, Нарынды бийлейт. Калмактардын кыргыздарды каратышы жергиликтүү калк тарабынан катуу каршылыкка учурап турат.

Аларга кыргыздар толугу менен баш ийип бербейт. Галдан «буруттарды жана анжыяндыктарды» башкарып турганы менен, негизинен, алар өз көз каранды эместигин сактап калган. Көпчүлүк кыргыздар Чыгыш Тянь-Шандан түштүк жакка ооп, Фергана, Памир-Алай жана Чыгыш Түркстанга көчүп кеткен. Бул жөнүндө да санжыра, тарыхый ыр, уламыштарда жана «Шырдакбек» поэмасында да ачык маалыматтар орун алат. Түндүк кыргыздарынын ойрот-калмак төбөлдөрүнүн кысымынан жабыркап, түштүк тарапка агылышы массалык түрдө өтөт. Тарыхый маалыматка караганда, ойрот-калмак хандары үстөмдүк жүргүзгөн XVII–XVIII кылымдардын аралыгында кыргыздардын Тянь-Шандан кетип, же кайра кайтып туруулары токтолбогон өңдүү. Анжыян, Алай тарапка Чүй, Ысык-Көлдөгү бугу, солто, сарыбагыш уруулары да сүрүлөт. Чериктин көбү Какшаалга качып кетет. Калмак чабуулунда түштүккө сүрүлгөн кыргыздардын бир тобу Гиссар (Ысар), Куляб, Памир, Кара-Тегинге чейин жетет. П.П.Иванов XVII–XVIII кылымдарда кыргыздардын Ферганага эки жолу көчкөндүгүн маалымдайт. Тарыхчынын пикирин фольклордук материалдар да бекемдеп турат. Түндүк кыргыздарынын түштүккө оодарылышы да согушсуз өткөн эмес. Катуу каршылык, куугун-сүргүн менен коштолгон. Тарыхчы Б.Солтоноевдин айтуусунда калмактар экинчи жолу Жети-Суу аймагын басып киргенде казак, кыргыздардын биргелешкен колу катуу жеңилет. Чубатай, Семетей аттуу баатырлар каза табат. Алардын жээни кетмен-төбөлүк Карагул баатыр таякелеринин кунун кууп, жоо артынан кубалай чыгып, калмактардын калың колуна тең келе албай кошуну кыргынга учурап, өзү өлөт. Бир туугандарын жана баласын жоктогон эненин муңдуу кошогу эл эсинде сакталып калган. Калмактар каптап келе жатканда сол кыргызынан Кожожаш, саяк уруусунан Табылды баштаган бир топ азаматтар душмандын жолун тосуп катуу каршылык көрсөтүшөт. Күчтүн теңсиздигинен көбү согуш талаасында каза табат. Б. Солтоноевдин кол жазмасында ойрот-калмактардын кысымы аркасында түндүк кыргыздарынын Анжыян тарапка сүрүлүшү, алардын жолдо тарткан азап-тозогу бир топ таасын маалымдалат. Анжыян, Бухара жерине барган кыргыздар Ата Журт жергесин, Ала-Тоосун сагынып азып-тозот, жан сактоонун айынан өзбек, тажиктерге сиңип кеткендери да болгон. Тарыхтын бул кезеңи эл оозунда «казак кайың саап, кыргыз Ысарга кирген» катаал мезгил катарында мүнөздөлөт. Калктын башынан өткөн оор мүшкүл фольклордо төмөнкүчө баяндалат:

Матоосу менен төө калат,
Короосу менен кой калат,
Желеси менен бээ калат,
Тигилүү бойдон үй калат,
Кеңирсиген Ысык-Көл,
Кең Сары-Өзөн-Чүй калат.

Бул жөнүндө Ы. Абдыракманов кызыктуу маалымат берет. «Эл оозунда, – дейт Ы. Абдыракманов, – кыргыздар калмактарга туруштук бере албай Анжыян багытына түшүп, андан Бухара Ысар (Гиссар) жерине барат. Шырдак ушул козголоңдо өлөт. Ала-Тоо кыргыздары душмандын колунда калат. Калмактардын жортуулунда казактар да катуу зыянга учурайт». Жер оодарып барганда да согуш токтобойт.

Анжыяндын чыгыш жээгине токтогон калмактар менен кыргыздардын ортосунда катуу кармашуулар кайталанып турат. Акыры душман мурунку күчүн жоготуп, чегинип кетүүгө аргасыз болот. Кыргыздар калмактардын артынан сүрө түшүп кубалап, малы-башын олжолойт. «Шырдакбекте» жогорку тарыхый кырдаалдын изи жатат. Поэма боюнча да кайра качкан калмактын колун кыргыздар катуу зыянга учуратат. Тарыхый булактардагы, санжыра, аңыз-аңгемедеги маалыматтар боюнча түндүк кыргыздары Анжыян багытына XVII кылымдын аяк ченинде ооп, бир кылымдан ашык ал жерде туруп, 1758-жылы Жунгар (Ойрот) хандыгынын Цин (Кытай) империясы тарабынан талкаланып, ойрондолушунан улам калмактар кыргыз жергесинен кетиши менен кыргыздар мурунку аймагына көчүп келишет. Кийин да Анжыян менен ат-башылык кыргыздардын байланышы үзүлбөйт. Карыя адамдар: «Биздин киндик каныбыз төгүлгөн жер жана бешигибиз Анжыян деген сөздөрдү жомоктотуп айтышчу экен». Айрым атактуу, кадырлуу адамдардын сөөгүн Ош, Анжыян, Арстанбапка жүктөп барып көмүү адаты кыргыздардын Россияга кошулушунан кийин гана токтолот. Кыскасы, ойрот хандарынын жортуулу мезгилинде элдин тарыхы, тарткан азап-тозогу, түштүк тарапка качышы, кайрадан көчүп келиши, калмак-кыргыз согушу калк эсинде таң каларлык тактык менен сакталып калган. Калмак хандарынын аттары, ата-тегинин санжырасы да, негизинен, конкреттүү прототибине ээ. Алсак, «Шырдакбекте» Анжыянга качкан кыргыздардын артынан кубалай барып уруш ачкан калмак ханы Калданже, Калдама делип эки түрдүү аталат. Тарыхый булактарда Галдама, Галдан эки башка адамды түзөт. Галдама – Галдандын жээни. Ал он жети жашында тянь-шандык кыргыздарды катуу талкалашы менен бүтүн Жунгарияга атагы чыгат. Галдама кыргыздын Янгир (Жамгыр) деген баатырын жекеме-жекеде жеңип, жортуулдун ийгиликтүү аякташына шарт түзөт. Галдан Бошокту хан жээнин өтө кадырлап, аны мактаган ырларды кунт коюп угуучу дешет. Калмактардын тарыхындагы айрым фактылардын кыргыз фольклорунда сакталып калышы жана эпикалык чыгарманын табиятына ылайык интерпретацияланышы кызыктуу көрүнүш. Алсак, Батур хан тайчы өлгөндөн кийин бийлик үчүн балдарынын ортосунда катуу күрөш жүрүп, Цэцэн аталаш бир тууганы Сэнгени өлтүрүп, такка отурат. Цэцен ханды Галдандын өлтүрүшү менен бийлик ага өтөт. Кыргыздын санжыра сөздөрүндө, же «Шырдакбек» поэмасында Галдандын иниси Ажаан катаал чыгып, калкка кысым көрсөткөндүгү үчүн элдин кыжыры кайнап өлтүрүп коюшат. «Шырдакбек» боюнча Галдан (Калдан) көчкү астында калып, мерт болгон. Мындан көрүнүп тургандай, калмак хандарынын өмүр баянына таандык реалдуу окуя эл оозеки чыгармачылыгында башкача талкууланат. Чыныгы чындыгын өзгөртүп, эл мүдөөсүнө, кызыкчылыгына баш иет. Бул идея зордук-

чул Калданды көчкү алып, каардуу хан Ажаандын кыжыры кайнаган калк тарабынан өлтүрүлүшүндө жүзөгө ашат. Кыскасы, поеманын түзүлүшүнө XVII–XVIII кылымдардагы кыргыз элинин башынан өткөн кыйын кезең негиз болгондугу анын өзүндөгү фактылар менен да аныкталат. Алсак, чыгармада ар башка мезгилде бийлик жүргүзгөн ойрот-калмак хандары Галдан-Бошоктудан (1671–1696-жж.) тартып, Цэван Рабдан (1697–1727-жж.), Галдан Цэрэн (1727–1745-жж.) жана XVIII кылымдын аяк ченинде (1757-ж.) каза болгон Амурсандын же алардын прототиби катарында эсептелген адамдардын аты аталат. Бирок эпикалык чыгарма да өз жолу менен өнүгөт. Ошондуктан эл эсинде же поэмада мурунку, кийинки окуялардын орун алмашып өйдө-төмөн айтылышы, калмак хандарынын бийликке келүү хронологиясынын так сакталбай калышы, же ат жагынан айырмаланышы, тарыхый окуялардын же адамдардын интерпретацияланышы жана бул же тигил чыгарманын эпикалык жанрдын салттуу мотивдерин, окуяларын өз боюна сиңире өсүп-өнүгүп калыптанышы табигый көрүнүш. «Шырдакбекте» да эл оозеки чыгармачылыгынын табиятындагы жогорку өзгөчөлүк сакталат.

Кыскасы, уламыштык жана тарыхый негизи бар окуядан поэма өсүп чыккан. Бирок анын поэма катарында түзүлүшү, толук мазмундуу эпикалык чыгармага өсүп жетиши эки аймакта эки башка жагдайда өткөн. Колдогу материалдарга караганда, Кыргызстандын түштүгүндө уламыш же аңгеме түрүндө, көбүнесе кара сөз түрүндө кезигет. Боз жоргонун макталышы гана ырдык формада айтылат. Ал эми Кыргызстандын түндүк тарабында уламыш-аңгеме, уламыш-поэма жана белгилүү даражада эпоско таандык салттуулукту (мазмун, образ куруу системасында, идеялык багытында, баяндоо ыкмасында) сактаган эпикалык чыгарманын деңгээлине көтөрүлгөн.

Жогоруда сөз кылгандардын ичинен бараандуусу – Тоголок Молдо айткан вариант. Бул нуска алгач акындын чыгармалар жыйнагынын 1-томунда басылган.1973-жылы экинчи жолу жарык көрүп, «Элдик поэмалар» аталган жыйнакка кирет. Алгач кагазга түшүрүлгөн кол жазма Илимдер академиясынын кол жазмалар корунда сакталууда.

«Шырдакбектин окуясында» же жеке өмүр баянында тарыхый чындыктын изи жатканы менен негизи көркөм чыгарма. Анан айланасына башка окуялар топтоло берип, аймагы кеңейип кеткен. Чыгарманын негизги кейипкери катарында эсептелген Шырдакбектин өмүр баяны да варианттуулукка өтүп, ар түрдүү баяндалат: бирде калмак хандары менен кармашууда каза табат делсе, айрым айтуучулардын айтымында жарашып, тынчып жашап калгандыгы айтылат. Бир кабарда калмак ханынын кызын алат. Боз жоргонун «тагдыры» да ар башка түшүндүрүлөт: бири калмактар олжолоп кеткен дешсе, бир маалыматта ээсине кайтарылып берилет, же Шырдакбектин өзү Шыгай ханга тартуу кылат. Боз жоргону аялы минип алып, калмак ханына качып бара жатканда ат жолдо жинигип өлүп, ошондон улам ал жер «Боз жоргонун дөбөсү» аталып калган деп да айтышат. Айтор, Шырдакбектин окуясы элдин учкул кыялында, чыгармачылык өнөрканасында иштелип чыгып, алымча-кошумчага учураган. Бирок анын ойрот-калмак хандарынын мезгилинде жашап, алар менен согушуп тургандыгы, аялынын чыккынчылыгынын аркасында ордосу талкаланып, Боз жорго душмандын колуна өтүп, кыргыздардын чабылып-чачылышы сыяктуу окуянын туруктуу схемасы жана тарыхыйлуулук сакталып калган. Шырдакбекти тарыхый инсан катарында кароо бүгүн эле көтөрүлө койгон маселе эмес. Жарыяланбаган кол жазмаларда, поэмага жазылган баш сөздө, информациялык кабарларда анын тарыхый адам экендиги айтылып эле келе жатат. Би-

рок фольклордук жана тарыхый инсан экендигин илимий негизде аныктоо күн тартибинен түшө элек. Ошон үчүн айрым тарыхый аңгеме, санжыра, уламыштарга жана тарыхый булактардан орун алган маалыматтарга көз жүгүртүп көрөлү: Тоголок Молдо боюнча Шырдакбектин уруусу – кыпчак, Курманбектин небереси. С.М.Абрамзондун 1955-жылы Баткенден жазып алган маалыматында Шырдакбек кыпчактын кожом-шүкүр уругунан чыгат. Кыпчак уруусун бүтүндөй Көк-Дөбө, Каркара деген жерлерден кан Шырдак баштап, азыркы жашап турган аймакка көчүрүп келгендиги тууралуу эл арасында уламыш, аңыз-аңгемелер айтылат. Санжырада да Шырдакбек жөнүндө баалуу маалыматтар кездешет. Айрыкча, Кытай тарыхчысы, санжырачы Үсөйүн ажынын маалыматы толугураак да, чындыкка жакыныраак да: «Шырдакбек – деп, жазат Үсөйүн ажы, – XVII кылымдын аягында өткөн кыпчак элинин баатыры жана акылман-башкаруучусу болуп, кийинчерээк Нарындын Куртка деген жеринде турган. Сарыбагыштардын Үчүкө, Түлкү деген баатырлары баатыр кыз Жаңыл мырзанын колунан өлгөндө, алар баатырларынын кунун кууп алуу үчүн кол курап, жүрүш кылууга даярданганда Шырдакбекти чакырып келип, кол баштоону өтүнүч кылган. Шырдакбектин масилети, акыл көрсөтүшү боюнча иш жүргүзүшүп, Жаңыл мырзаны колго түшүргөн. Шырдакбек кийинчерээк Шинжанга келип, Жаркенге аким болуп турган экен. Андан кийин азыркы Ак-Тоо ооданы куралган жерге сепил соктуруп, ошондо турган. Ал акыркы өмүрүндө кыргыз элинин эзелки тарыхтан берки жоосу болгон калмактар менен кармашып келген. Чыккынчы катындын кастыгы себепчи болуп өлөт экен. Анын урпагы аким Шерип Таш-Коргон көңтөрүшүнө баштык болгон». Үсөйүн ажынын Шырдакбектин туулган жери, жашаган аймагы, анын Жаркенде акимдик кылышы, кийинки мезгилдерде курдурган сепили, ажал табышынын себеби, анын тукуму Аким-Шерип жөнүндө алгач кабар бериши өтө баалуу, табылгыс маалыматтардан. Шырдакбектин Жаркен, Кашкар тарапта аким болуп тургандыгы тууралуу маалымат тарыхый булактардан да кездешет. Алсак, Ш.Б.Чимитдоржиевдин «Взаимоотношения Монголии и Средней Азии в XVII–XVIII в.в.» китебинин акырында «Ислам-намеден» (1756 – ыр түрүндө жазылган эски уйгур тилиндеги хроника) үзүндү келтирилген. Хрониканын «Жолборс хандын калмактарга качышы тууралуу аңгеме» деген жеринде төмөнкүдөй маалымат орун алат: «Атасын ызалап качкан Жолборстун артынан кеткен куугунчунун Жаркенге кайрылып келиши менен хан өзүнүн эмирлерине кечиримдүүлүк менен мамиле жасайт. Бирок кашкарлык эмирлерди жана өзүнүн бектеринин ичинен Шах-Бакини балдары менен мырза Шырдак шигавулду жана да айрымдарын зынданга салдырат. Бир канча күндөн кийин зынданга түшкөндөрдүн көбүнүн теги саид (ак сөөк, пайгамбар тукуму) тукумунан болгондуктан бошотулуп, калган эмирлер калмактарга өткөрүлүп берилип, Бай-Дөбөгө жакын жерде калмак колунан азаптуу ажал табышат. «Шах Махмуд Чоростун хроникасында да дал ушундай эле маалымат кездешет. Шах Махмуд Чорос боюнча-Халил шах жана Шах-Баки бек балдары менен Саид тукумунан болгондугу кошумча маалымдалат. Калганы башынан аягына чейин эки тарыхый булакта тең сөзмө-сөз кайталанып, бири-бирине шайкеш келип турат. Экөөдө тең Шырдакбек сейит же саиддердин катарына киргизилбейт. Натыйжада бул маалыматтар Шырдакбектин Жаркен хандыгында кызматта болгондугу, анын эмне себептен калмактардын колунан Бай-Дөбө деген жерде ажал тапкандыгы, негизгиси XVII кылымда жашагандыгын ачык кабардап турат. Эң кызыктуусу «Ислам-намедеги» маалымат менен Шах Махмуд Чоростун хроникасындагы жана Үсөйүн ажынын санжырасындагы маалыматтардын бири-бирине дал кел-

гендиги. Ата менен баланын бийлик талашып, бири-бирине душман болуп, каршылашкандыгы жөнүндөгү маалыматтар башка эмгектерден да кездешет. Мисалы, О.В.Зотов Шах Махмуд Чоростун хроникасына таянып, төмөнкүчө маалымат берет. «Абдаллахан» өзүнүн духовный насаатчысы менен биригип, мураскору Жолборсту Жунгарияга качууга аргасыз кылат. Ал кийинчерээк актоолук кожолордун жана ойрот башкаруучусу Сенгенин жардамы менен бийликке келет. Бирок анын бийлиги көпкө созулбастан, кара-тоолуктардын ич ара сүйлөшүүсү жана Элдан тайчынын тобунун каршылыгынын негизинде ажал таап, хандык Исмаил ханга өтөт. Ал эми Абдаллах хан 1639–1668-жылдары, баласы Жолборс хан 1668–1670-жылдардын аралыгында бийлик жүргүзүп турган тарыхый инсан экендигин эске алып, «Ислам-намедеги» маалыматка таяна турган болсок, анда Ширдакбек XVII кылымда жашап өткөн Абдаллах хандын кызматында эмир же аким болуп тургандыгы чындык болуп чыга келет. Ошондой эле ал так талашкан ата-баланын (Абдаллах хан менен Жолборс хан) чыр-чатагына аралашып, каза тапкан көрүнөт. Ал эми XVII–XVIII кылымдарда Кашкар, Жаркен хандыктарынын тарыхында кыргыз уруулары жана бийлери чоң роль ойногон жана алардын Ордо саясатында ээлеген орду болгон. Бул тууралуу Ш.Б.Чимитдоржиев төмөнкүчө маалымат берет: «XVII кылымдын жарымынан баштап, кыргыз феодалдары Чыгыш Түркстандагы маанилүү маселелерди чечүүгө жана саясий иштерге катыша баштайт. Алар мамлекеттик жана согуштук ири кызматтарды ээлеп турушкандыктан, өлкөнүн саясий турмушунда таасири болбой койгон эмес». Абдаллах хан өзүнүн айланасына өз жоокерлери менен кызмат өтөөгө келген кыргыз бийлерин топтоп турган. Натыйжада XVII кылымдын ортосунан тартып, кыргыздар Чыгыш Түркстандын согуштук жана саясий турмушунда активдүү роль ойнойт. М.А.Салахетдинова «Хидаятнамедеги» маалыматка таянып, XVII кылымдын аягы XVIII кылымдын башында кыргыздардын Кашкардын саясий тарыхында чоң роль ойногондугун белгилей келип: «Кыргыз бийлери уруу башында туруп, бири-бири менен каршылашкандардын бул же тигил жагын колдоого алып турган. Шарты келгенде өздөрүнүн саясий үстөмдүгүн жүргүзүү аракетинде болушкан» – дейт.

Сөз нугун Кашкар, Жаркен хандарынан башка Ширдакбек өмүр сүргөн мезгилде жашап өткөн тарыхта орду такталган инсандарга буралы. Үсөйүн ажынын санжырасында Үчүкө, Түлкү, Жаңыл мырза Ширдакбектин замандаштары катарында саналып өтсө, Ы.Абдыракмановдун материалдарында төмөнкүчө маалымдалат:

Ала-Тоонун жеринде,
Үчүкө, Түлкү, Ширдакбек,
Бул өңдөнгөн эрлер бар.
Кара кулак шерлер бар.

Же:

Жаңыл кыздын колунан
Үчүкө, Түлкү эр өлүп,
Ажалы жетип, күн бүтүп,
Хан Ширдактай боору өлүп.

Ал эми Үчүкө, Түлкү, Жаңыл мырзанын реалдуу тарыхый инсан экендиги далилдөөнү талап кылбайт. Белек Солтоноевдин тарыхында Ширдакбектин замандаштары эсептелген Аккочкор, Канкынын (багыш кыргызынан) калмактар менен болгон теңдешсиз кармашууда өлгөндүгү, дегеле көптөгөн азаматтардын кырчылдашкан согуш майданында ажал тапкандыгы баяндалат. Му-

зыковед А.В.Затаевич тарабынан «Боз жорго» күүсүнө жазылган комментарийден Аккочкор, Канкы кыргыз, калмак кармашууларында каза болгон Шырдакбек менен бир мезгилде жашаган тарыхый реалдуу адамдар катарында маалымдалат. Ы.Абдыракмановдун материалдарында, айрым оозеки маалыматтарда Шырдакбек казак ханы Тоокенин замандашы катарында айтылат. Ал эми Тооке хан 1680–1715-жылдары бийлик жүргүзгөн реалдуу тарыхый инсан. Демек, эл оозунда, аңыздык аңгемелерде, санжыралык материалдарда Шырдакбектин замандаштары эсептелген Үчүкө, Түлкү, Жаңыл мырза, Аккочкор, Канкы, Тооке хан жана башкалардын тарыхый реалдуу инсан экендиктерин көңүлгө тутсак, Шырдакбекти тарыхый болгон адам катарында кароого толук негиз бар.

Жогоруда белгилегендей, Шырдакбектин туулган жери жөнүндө да Үсөйүн ажынын санжырасында, Тоголок Молдонун материалдарында ишенимдүү маалыматтар орун алат. Үсөйүн ажы аны Анжыяндын Пайтык деген жеринде туулду десе, ушул эле маалымат Тоголок Молдо тарабынан да бекемделип, Анжыянда туулган делет. Демек, Шырдакбектин туулган жери Анжыяндын эле айланасы болуп чыгат. Фольклордук маалыматтар Шырдакбектин жашаган жери, бийлик жүргүзгөн аймактары жөнүндө реалдуу маалымат берет. Алсак, жогоруда белгилегендей Үсөйүн ажынын санжырасында Шырдакбектин Фергана өрөөнүндө, Нарын, Жаркен, Ак-Тоо ооданында бек, аким болуп тургандыгы маалымдалса, Тоголок Молдонун материалы боюнча Ош, Анжыян, Маргалаң, Кокон, Наманган, аягы Кожент, Ташкенди сурап, Жети шаар Парганананы жергеси менен каратып тургандыгы баяндалат. А.Вышнегорскийде Кокондогу беги делет. Жогорку маалыматтарды жыйынтыктай келгенде Шырдакбек Анжыян аймагында туулуп-өсүп, эр жетип, бүт Фергана өрөөнүн сурап турган. Мунун далили катарында Фергана өрөөнүндөгү чеп, коргондорду жогоруда белгилегендей Ош, Жалал-Абад тараптагы, Лейлек районуна караштуу Маргун айылынын түштүгүнөн орун алган Коргон-Төбө, Катран айылынын күн батыш тарабындагы хан Шырдактын ордосу сыяктуу жер-суу аттарын жана ага байланыштуу айтылган уламыштарды келтирсек орундуу болот.

Кийинчерээк Шырдакбек Нарындын Ак-Талаа аймагына чеп салдырып, ошондо турат. Муну азыркыга чейин сепилдин сакталып калган урандысы, карападан жасалган суу түтүкчөлөрүнүн сыныктары ачык аныктайт. Андан кийин Кашкар, Жаркен тарапка барып, ал жерде аким болот. Өмүрүнүн акырында Абдаллах хан менен жоолашып калгандыктан, Ак-Тоо ооданына келип, чеп соктуруп, коргонуунун камын көрүп, анда калмактар тарабынан өлгөнгө чейин өмүр сүрөт.

Жогоруда келтирилген фактыларды жыйынтыктап келгенде Шырдакбектин генеалогиясы такталган, тарыхта аты калган үзөңгүлөш замандаштары бар, XVII кылымда жашаган реалдуу тарыхый инсан экендиги аныкталат. Чыгармада тарыхый негизи бар Калдама, Амурсан сыяктуу калмак хандарынын аты аталат. «Шырдакбек» эл оозеки чыгармачылыгынын жанрдык табиятына, тарыхый окуяны, болумушту чагылыштыруу өзгөчөлүгүнө ылайык, негизинен, эпикалык көркөм чыгарманын жүгүн аркалап, калмак төбөлдөрүнүн жортуулу мезгилинде калктын чабылып-чачылуусун, азап-тозогун, өздөрүнүн азаттыгын, көз каранды эместигин сактап калуу үчүн жүргүзгөн баатырдык күрөшүнүн реалдуу картинасы түзүлүп, доордун тарыхый кырдаалы жөнүндө ачык маалымат берилет. Буга республиканын булуң-бурчунда «Шырдакбектин чеби», «Кан Шырдакбек ордосу», «Кан Шырдакбектин жери» деген жер аттарынын сакталып калышы да ачык күбө. Эл арасында анын сүйүктүү тулпары аңыз-аңгеме-

лердин, мактоо ырларынын айтылышы жана «Боз жорго» күүсүнүн чертилиши да бекеринен эмес чыгар. Жогорку маалыматтардан көрүнүп тургандай Шырдакбектин тарыхый инсан экендиги аныктай турган даректер жетишерлик. Ал эми ошол тарыхый негизи бар окуялар же тарыхый инсан эпикалык чыгармада кандай чагылышкан? Бул фольклордук чыгармалардын түзүлүшү, өсүп-өнүшү, айтылыш өзгөчөлүгүн көңүлгө тута иликтене турган маселе.

Албетте, тарых менен фольклор бири-бирине эриш-аркак. Бирок фольклор тарыхтын көчүрмөсү эмес. Тарыхый инсандын же тарыхый окуянын көркөм чыгармада чагылышынын өз мыйзамы, өз жолу бар. Тоголок Молдонун айтуусунда «Шырдакбектин» окуясы эпикалык багытта баяндалып, белгилүү даражада баатырдык эпостун салтын өз боюна сиңире алган. Мисалы, болочоктогу элдик баатырдын бойго бүтүшүн, төрөлүшүн эле алалы. Сейитбек хан эңкейип калган мезгилинде байбичесинин боюна бүтүп, жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Баланын төрөлүшү да апыртмалуу жагдайда өтөт: байбиче тогуз күнү толготуп, эмчи-домчу, бүбү-бакшы чогулуп, эбин келтире албай, айласы куруйт. Ошондо Сейит хан «ак боз бээ чалдырып», түлөө өткөрөт, «сары улак» тарттырып, «садага чаптырат». Бала энесинин ичинен оң колуна кан, сол колуна жин уучтап, жерге түшөт. Балага ат коюуда да салттуу өрнөк сакталат. Сейит хан «тоодон тогуз, жылкыдан токсон, алда канча кой союп» чоң той берет. Ошондо калың калк чогулуп:

Дөөлөтү каркап болсун – деп,
Жөө бөрүсү болсун – деп,
Баланын түрү башкача
Баатырлык атак алсын –

деп атын Шырдак коюп, батасын берип тарашат. Баланын бойго бүтүшүнө, төрөлүшүнө ат коюу шаан-шөкөтүнө өзгөчө көңүл бөлүнүп, апыртмалуу жагдайда баяндалышы эл керегине жарай турган баатыр уулдун жарык дүйнөгө келишин алдын ала айгинелеп турат. Сейит хандын эли сүйүнүчкө батып:

Кылымдан көрдүк зордукту,
Кытайдан көрдүк кордукту,
Калчадан көрдүк зордукту,
Калмактан көрдүк кордукту,
Аяк басты болордо коргоп алчу бала туулду –

деп ага бел байлап, көңүлдөрү тынчып калышат. Кыскасы, Шырдакбек кыргыз эли чабылып-чачылып, калмак хандарынын жортуулдарынан улам катуу мүшкүлдү баштарынан өткөрүп, баатыр уулга муктаждыгы артып турган кыйын кезеңде төрөлөт. Баланын чоңоюшу да апыртмалуу: он бешинде оолугуп, кадимкидей демине келет, алды-артына карабай, «зөөкүр» атка конот. Баатырга ылайыктуу аттын табылышы да кереметтүү-апыртмалуу жагдайда өтөт. Түшүндө ак сакалдуу чал аян берип, тулпардын жөн-жайын айтып, көздөн кайым болот. Боз кулун туругун адам билбеген Боз бээден туулуп, «Шырдак үчүн атайылап сакталат». Болочоктогу баатырдын атынын да өзү менен кошо туулуп, жер-суунун ээси, жылкынын пири Камбар ата сыяктуу кереметтүү «күч» тарабынан багылып, сакталып жүрүшү эпостун табиятында салттуулукту түзүп, оң каармандын келечектеги эрдиктерине, адилеттүү күрөшүнө Боз жоргонун шериктештигин алдын ала белгилеп турат. Түшүндө ак сакалдуу чалдын айтуусу менен Шырдак алыс жол жүрөт, күндөп-түндөп мол жүрөт, акыры он күн дегенде чөлдөгү кудукка жетип, үч күнү күтүп жатып, адырдан суу ичмекке түшүп келген Боз бээнин кулунуна нокто салат. Кулунду ээсине тапшырып, бээ көздөн кайым жоголот. Шырдакбектин түшүнө ак сакал чалдын кирип, болочок баа-

тырга өзүнө ылайыктуу ат табууга көмөктөшүп, анын келечекте эрдик иштерге, адилеттүү күрөшкө шыктандырып турушу патриархалдык түзүлүш жараткан аталык культтун поэмага чагылып, идеализацияланышы катарында көрүнөт. Аксакал чал атты кантип табуунун жолун баяндап келип, анын тулпарлыгын, өзүнө дөөлөт, баатырлык атак-даңк алып келе тургандыгын өзгөчө бөлүп айтат. Ошондой эле аттын чыр-чатактын ырбашына себеп боло тургандыгын алдын ала эскертет.

Боз жоргонун колуна тийиши менен Шырдакбек кадимки элдик каармандын жүгүн көтөрө баштайт. Калктын камын ойлоп, кайгысын жеп, Анжыяндан кыргыздарды «карып кылган хандарды айдап чыгат». Контаажынын уулу Калдандын күйгөн отун өчүрөт, малдан-жандан кечирет, «кышында айдап көчүрөт». Шырдакка кайрат кыла албай, калмак хандары кышкы чилдеде качып берет. Бороон-чапкындан кошуну кыргынга учурайт. Ал эми Анжыяндын чыгыш жерине барып токтогон кыргыздар менен калмактардын ортосунда катуу кармашуулардын кайталанып тургандыгын, акыры душмандын мурунку күчүн жоготуп, чегинип кетүүгө аргасыз болушкандыгын тарыхый санжыралардагы маалыматтар да ырастайт. Мында кыргыздардын качып берген калмактардын артынан кубалап, малы-башын олжологондугу айтылат. Шырдакбек эрдиги менен кыргыз жергесинен душманды сүрүп чыгарат. Жети шаар Парганааны жергеси менен каратат. Калктын көөнүн жайлап, адилдик менен журт сурайт. Поэмада калмактардын Анжыяндан сүрүлүшү бир топ реалдуу баяндалып, ошол аймактагы жер-суу аттары аталат. Чыгарма боюнча Шырдакбектин ордосу Кокон, Намангандан орун алып, негизинен, анын бийлиги түштүк регионуна жайылат. Ал эми Кыргызстандын түндүк тарабы ошол учурда, негизинен, калмактардын кол астында болот. Поэма боюнча да кыргыздар аларга алман төлөп, баш ийип турат. Муну уканда Шырдактын күйбөгөн жери күл болуп:

Кыргызды кудай каргаптыр,
Аялуу жери калбаптыр,
Адиден ашып бул калмак,
Ак калпак кыргыз элине
Ченемдүү жабыр салбаптыр –

деп кыргыз жергесин душмандын ээлеп турушуна катуу намыстанат. Кандай да болсо кыргыз аймагын калмактан бошотуу деген максатты көздөп, эр азаматтарды журт азаттыгы үчүн күрөшкө чакырып:

Жер-сууну аралап,
Жерине калмак туруптур,
Жерге тартып аралап,
Жер жуткан калмак конуптур,
Азамат эрлер кол байлап,
Аттанар кезек болуптур –

деп ураан таштап кайрылышында кадимки элдик баатырдын жүгүн аркалап турат. Шырдакбек ыйык күрөшкө бел байлап, капаста жаткан элден кабар алып, «көлөмөлүү кол баштап», кошуну менен барып, кыргыз жергесин душмандан кутултууга шерт берип, журт милдетин мойнуна алат. Дегеле калк кызыкчылыгын, Ата Журт азаттыгын башкы орунга коюп, аны жүзөгө ашыруу үчүн бүт күч аракетин жумшоо, башын өлүмгө байлоо элдик баатырга жалпы мүнөздүү салттуу сапат. Шырдакбек айтканында бек туруп, Чолок-Кайыңдын чатына, Шалтан деген калмак кашына баса келип конуп, бекемдеп коргон курдуруп, урушууга даярданып калат. Ушундан улам Шалтан Амурсанга жана ал аркылуу Ысык-Көлдү бийлеп турган Контаажыга:

Хан Шырдак аман турганда
Кыйбай койбойт багыңды,
Кыйратпай койбойт тагыңды,
Аман койбойт жаныңды –

деп кабар айттырып, калмак хандары дүрбөлөңгө түшүп калат. Шырдакбектин аброю артып, атагы алыскы Алты Шаар, Кашкарга жетет. Бүтүндөй кыргыз жерин калмактардан толук бошотуу аракетинде жүргөндө анын өз үй-бүлөсүнөн чыккынчы чыгат.

Кыргыз эпосторундагы баатырларга таандык энөөлүк, аңкоолук Шырдакбекке да мүнөздүү. Ал Тоголок Молдонун айтуусунда айрыкча мүнөздөмөгө ээ болгон. Сулуу аялын айрыкча эрке кармайт. «Жатканын кебез ак пахта, жегенин жеңил күрүч, ичкенин бал кымыз» кылып, ардактап багат. Сулуунун назына, хандык сөөлөтүнө мас болуп, аялынын акылсыздыгын, жеңил ойлуулугун түшүнбөй, чоң жаңылыштык кетирет. Анын энөө, аңкоолугу жөнүндө:

Дөөлөр, шаалар көрүшүп,
Дөөлөтүнө болгон таң,
Кошуну болгон нечен сан,
Каяша айтар адам жок,
Карк дөөлөтү келгенде
Катынга башын бийлеткен,
Хан Шырдак өзү кандай жан? –

деп поэмада катуу сынга алынат. Дегеле окуянын башынан аягына чейин Шырдакбектин кемчилиги баса белгиленип отурат. «Жоого минчү жоргону» эрке аялдын эриккенде минип тайраңдашы калкка жакпайт. Ошондуктан «катынга башын бийлетип», «кармаган элинин, капкалуу кара чебинин» сырын аялга ачып берип, душманга алдырган Шырдакбектин аңкоолугу, ишенчээктиги катуу ургу-бергиге алынат. Ал эми мындай мотивдин чыгармага кириши жөн-жай кокустук эмес. Жоокерчилик доордун талабынан келип чыккан зарылчылык, башкача айтканда, Ата Журттун, калк мүдөөсүн жеке адамдын кызыкчылыгынан жогору коюу идеясынын көтөрүлүшү. Чындыгында эле Шырдакбектин жаңылыштыгы өзү үчүн, калк үчүн да кыйынга турат. Анткени кармашып күч менен Шырдакбекти жеңе албастыгына көзү жеткен Чагай айла-амалга өтөт. Кыргыз жергесине тыңчы жиберип, акылсыз сулуунун чоо-жайын тартат. Аял душмандын сөзүнө азгырылып, «капканын бегинин, кармаган элинин» сырын ачат. Капканын сырын билген калмактар калкты суудан тукулжуратып, Шырдакбекти багынып берүүгө аргасыз кылат. Ушундай жагдайда аял Боз жоргону минип алып, калмак ханына качып кетет. Окуянын андан аркы жүрүшүндө баатырдык эпоско таандык салттуулук өзгөрүп, көбүнесе турмуштук деңгээлде баяндалышы басымдуулукту түзөт. Аялдан сурап, өзүнүн кандай дөөлөт менен жашагандыгын билген Чагайдын ачуусу келип, ага кара кементай кийгизип, бетин тилдирип, кырк уйду саадыртып коёт. Мурун мындай түйшүк кылбаган аялдын көрбөгөнү көр болот. Дегеле өз элине чыккынчылык кылган адамды калк катуу жектейт. Поэмада бул идея текеберлүү сулуунун калмак ханы тарабынан кордолуп каза табышында жүзөгө ашат.

Натыйжада поэманын экинчи бөлүмүндө аялдын окуясына көбүрөөк орун берилип, чыгарманын негизги идеясынан болгон Ата Журттун көз каранды эместигин коргоо, кыргыз жергесин душмандан тазалоо, экинчи планга сүрүлүп, жалпы эле баатырдык эпосторго таандык салттык мотив аягына жеткирилбей калган. Буга мисал, калмак ханы Чагай эзелки элдешпес душманы Шырдакбекке жан тартып, аны аттан ажыратып «жанына жабыр келтирген», эрдигин

жогору баалап, «экөөбүз эки элдин ханыбыз» – деп элчиликке чакырып, өмүр бою колума бир тийсе» деп көксөп жүргөн Боз жоргону кайрадан жетелетип жиберип достошот. Буга Шырдак ыраазы болуп:

Боз жорго келди болду – деп,
Иштин болор орду – деп,
Хан Чагай досум сындаптыр,
Чендүү кызмат кылбаптыр –

деп көңүлү тынчып жатып калат. Кашкарга барып, Чагай менен кеп-кеңеш бүтүрүп турат. Шырдакбектин үйлөнүшү, калмак ханы менен достошуп тынчып калышы менен окуя аяктайт.

Албетте, поэманын идеясы оң, терс каармандардын кыймыл-аракети, бири-бирине жасаган мамилеси жана кебинде, кулк-мүнөзүн, портреттик мүнөздөмөлөрүн түзүүдө, баатырлык, үй-бүлөлүк теманын айкалышында жүзөгө ашат. Чыгармадагы негизги идеядан болгон Ата Журттун көз каранды эместигин коргоо, жалпы эле Мекен темасы элдик баатыр Шырдакбектин кыймыл-аракетинде, күрөшүндө, ой-санаасында көтөрүлөт. Жогоруда белгилегендей, чыгарманын башталышында Шырдакбектин баатырдык күрөшү баатырдык эпосторго мүнөздүү салттуулуктун нугунда жүрөт: калмак хандары Шырдакбекке туруштук бере албай, кыргыз жергесин таштап кете башташат. Ал кошуну менен качкан жоонун артынан түшүп, аларды катуу кыргынга учуратат. Аз убакыттын ичинде түштүк Кыргызстандын аймагын душмандан бүтүндөй бошотот. Натыйжада анын Кыргызстандын бүткүл аймагынан калмактарды кууп чыгууну максат кылышы калктын ой-санаасы, тилек-мүдөөсү менен терең айкалышып турат.

Окуянын экинчи бөлүмүндө Шырдакбек элдик баатырларга таандык салттуу сапаттардан ажырап, Боз жоргонун колуна тийиши менен калмак ханы менен достошуп, тынчып калышында баатырдык тема аяктайт, баатырдын күрөшү ушуну менен тамам болот. Бирок мындан эч качан эл баатыры душман менен элдешпейт деген жыйынтык чыкпайт. Кошуна калк менен ынтымакта жашоону эңсөө фольклордо эзелтен көтөрүлгөн нукура идея. «Эр Табылды» эпосунун корутунду бөлүмүнө, «Жаныш - Байыштын» Сарыкунан айткан вариантында бул идея ачык чагылышкан.

«Шырдакбек» поэмасында окуянын Чагай менен Шырдакбектин достошушу менен аякташы чыгарманын духуна анча жанаша бербейт. Анткени биринчиден, кыргыз жергеси али да душмандын колунда калат. Амурсан Ат-Башыга бийлик жүргүзөт. Чагайдын бийлиги да өз күчүндө. Шырдакбектин өзү да калмак хандарынан катуу кордук көрөт. Коргонун алдырып, баш ийип берүүгө аргасыз болот. Чагайдын азгыруусу менен аялы Боз жоргону мине качып, бедели төмөн түшүп, баатырдык ар-намысы тебеленет. Ошондой эле жоого минсе жолдош болгон Боз жоргодон ажырайт. Ушундай кырдаалда оң каармандын күрөштү токтотуп, эзелки эл душманы менен жарашып, достошуп тынчып калышы баатырдык эпостун салтына туура келбейт. Поэмага караганда айрым тарыхый уламыштарда же Ш.Садыбакасов тарабынан жазылган «Ак боз ат» драмасында чыгарманын башында көтөрүлгөн баатырдык тема аягына чейин жеткирилип, оң каармандын образы өз деңгээлинде түзүлгөн деп айтууга толук негиз бар. Жалпысынан, уламыштык материалдарда Шырдакбектин керт башына оң каарманга таандык баатырлык, намыскөйлүк, эл кызыкчылыгын, мүдөөсүн көздөгөндүк сыяктуу бардык жакшы сапаттар топтолгон. Байкоосуздан душман алдырса да, аларга баш ийип бербейт. Калмактын теңдешсиз колу менен салгылашып эл азаттыгын, өз ар-намысын коргоп жатып, баатырларча каза табат. Айтуучу жогорку-

дай эл идеалына туура келе турган даяр мазмундук нукка, мотивге таянган эмес. Ошол себептүү оң каармандын образы белгилүү даражада элдик баатырларга таандык салттуу жакшы сапаттардан ажырап калган. Алсак, поэманын өзүндө эле Шырдакбектин Амурсанга баш ийип бериши айласыздан болуп, мал-жанды сактап калуу зарылчылыгынан келип чыккандыгы белгиленет. Ал ошо күрөштүн ушуну менен токтоп калышы баатырдык эпостун салтында кубатталбайт. Окуянын андан ары уланышы, башкача айтканда, элдик баатырдын элдин эзелки душмандарынан калктын кеткен кегин, өткөн өчүн алуу үчүн жоо артынан кубалай барып согушушу, дегеле оң каармандын баштаган күрөшүн аягына жеткириши, кандай да болсо адилеттүүлүктүн, акыйкаттын жеңиши, кара ниет душмандын жазаланышы менен чыгарманын аякташы баатырдык эпоско таандык салттуу көрүнүш. Кээде элдик баатыр жеңилет, же согуш майданында каза табат. Бирок эл азаттыгы үчүн күрөш, дегеле Ата Журт, Мекен темасы анын ишинде түбөлүк улана берет. Бирде атанын күрөшүн баласы улантат. Же баатырдын өзү аягына жеткирет. «Шырдакбекте» чыгарманын башында көтөрүлгөн идея кадимки өз деңгээлинде аягына чыкпай калган. Ал эми калмактардын коргонду алып, Шырдак хандын баш ийип бериши менен баатырдык күрөштүн токтотулушу оң каармандын образынын кадимки эпостун деңгээлинде түзүлүшүнө белгилүү даражада кедерги болгон сыяктуу.

Кыскасы, поэманын экинчи бөлүмүндө Шырдакбек менен калмак хандарынын ортосундагы күрөш солгундап, эпикалык чыңалууга көтөрүлгөн эмес. Традициялык мазмун, мотив жана образдар системасы да кадимки эпостун жанрдык чегинде чечилбей, баатырдык тема экинчи катарга түшкөн. Мунун себеби эпостун жаралышы, түзүлүшү, калыптанышы процесси узак убакытты, бир канча муундун катышуусун талап кылат.

Чыгарманын эл арасында көп айтылып, коллективдин сыноосунан өтүп, орток казынага айланышы жанрдын табиятындагы бирден бир зарыл шарт катарында талап кылынат. «Шырдакбек» эпос түрүндө эл оозунда айтылбаган өңдүү. Айтылган болсо да уламыш, же уламыш-поэманын гана деңгээлинде түзүлгөн. Азыркы биздин колдогу Тоголок Молдонун варианты белгилүү даражада эпикалык чыгарманын жүгүн көтөрүп турат. Бирок аягына чейин ыр менен айтылбайт. Шырдакбектин жеңилишинен кийинки окуянын, көбүнчө кара сөз түрүндө уламыштык мазмунда баяндалып, курч жагдайларда, кагылыш-катнашта, согуштук эпизоддордо, эпикалык чыңалууда ачылбагандыгы анын эпостун деңгээлине көтөрүлбөгөндүгүн ачык айкындап турат. Чыгарма узак убакыт уламыш түрүндө жашап, көбүнесе Шырдакбектин коргону, сулуу аялы жана Боз жоргонун тегерегинде айтылып жүргөндүктөн, эпикалык түргө салыштырмалуу алганда кийинчерээк өтүп, эпоско таандык жанрдык белгилерди, анын салттуу жагдайларын өз боюна сиңирип үлгүрө албагандыгы байкалат. Ал эми чыгарманын эпостун деңгээлине өсүп жетпегендиги окуянын тарыхый жана фольклордук негизинин доордун кийинки мезгилинде гана башат алышы менен байланышса керек. Бул – бир жагы. Экинчиден, уламыштын мазмундук нугу анчалык өзгөрбөгөн. Өзүнүн алгачкылыгын сактап калган. Балким, Балык деле уламыштын нугунда айтса керек. Калык да уламыштык мазмунга анчалык өзгөртүү киргизе албаган. Демек, ушул себептен Тоголок Молдо да чыгарманын баштапкы жанрдык белгилерин толук буза албаган өңдүү.

Жалпысынан, «Шырдакбектин» баатырдык эпостун деңгээлине көтөрүлбөгөндүгү: айрым мотив, образдын эпикалык чыңалууга жеткирилбегендиги анын баасын кемитпейт. Кантсе да поэмада Ата Журттун көз каранды эместиги үчүн күрөш ачык коюлуп, оң каармандын баатырдык кыймыл-аракетинде,

күрөшүндө жүзөгө ашкан. Шырдакбектин эрдиги, калмак хандары тарабынан да жогору бааланат. Ал «солондорду сойлотуп», көчүп келип жанаша коргон салганда калмак ханы Шалтаң:

Оңой-олтоң кеп эмес,
Оңдуруучу эр эмес,
Каары катуу, өңү саз,
Каптабай койчу сел эмес – деп катуу чочулайт.

Негизинен, Шырдакбектин керт башына оң каарманга таандык жакшы сапаттар топтолгон. Ал биринчи иретте Ата Журт ар-намысын, эл азаттыгын коргоону алдына максат кылып коюп, калк мүдөөсүн, кызыкчылыгын көздөгөндүгү менен угармандардын көңүл төрүнөн орун алып, алиге эл эсинен өчпөй келе жатат. Элдик баатырдын образына толуктоо киргизе турган оң каарман же персонаждар поэмада орун албайт. Окуянын башында Аралбай, аягында Төлөк гана эскерилет. Шырдакбектин кошунун да эпикалык кеңири планда сүрөттөгөн эпизоддор чектелүү.

Чыгармада көңүл бура турган оң персонаж – баатырдын тулпары Боз жорго. Поэмада аттын турпаты ашыкча апыртылып сүрөттөлбөйт, анын жорголугуна, күлүктүгүнө, сын-сыпатына, буудандык күчүнө айрыкча басым жасалып, реалдуу мүнөздөмөгө ээ:

Кулагы типтик куйгандай,
Куюндан бүтүп туулгандай.
Жебелеп кетсе жел жетпейт,
Жебеден ашкан ок жетпейт,
Бар мүчөсү келишкен,
Марал шыйрак, кең соору.

Боз жоргого карата демейде баатырдын атына берилүүчү:

Жото жилик жонгондой,
Кар жилиги каккандай,
Кашка тиши капкандай,
Кызыл тили бүлөөдөй –

сыяктуу салттуу сыпаттоолор да кеңири колдонулат. Дегеле поэмада аттын турпаты, буудандык күчү бир топ элестүү, образдуу тартылган:

Күмүш куйрук, сом туяк,
Аккула жалгыз болбосо,
Айбанда болбойт бул сыяк.
Атасы тоонун Төөбурчак,
Энеси көлдүн Музбурчак,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез канат.

Эл оозеки чыгармачылыгынын мазмуну кандай өзгөргүч келсе, анын көркөм каражаттарына да жаңылануулардын кириши мыйзамдуу көрүнүш. Чыгарманын жаралган дооруна, камтыган окуясына карата ченем-өлчөмү белгилене турган маселе. Мисалы, «Төштүк», «Көкүл», «Жоодарбешим», «Жолойкан» сыяктуу баатырдык жомоктордун байыркы үлгүлөрүндө баатырдын тулпарлары Чалкуйрук, Керкулун, Кылкара, Ачбуудан жалаң эле буудандыгы эмес, алдыдагы коркунучту алдын ала сезүү, адамча сүйлөө, ар кандай түскө түшүп кубулуу сыяктуу магиялык сапаттарга ээ болуусу, ашкере апыртмалуу-кереметтүү жагдайда сыпатталышы менен айырмаланса, салыштырмалуу алганда, коомдун кийин баскычында түзүлгөн Курманбектин Телторусу, Табылдынын Арчаторусу, Шырдакбектин Боз жоргосу жогоркудай кереметтүүлүктөн, мифолого-магиялык жаг-

дайдан тазарып, реалдуулукка баш койгон, көбүнчө аттын тулпардык сапатына, буудандык күчүнө басым жасалган. Натыйжада тулпардын сыпатталышы да чыгарманын мазмунуна шайкеш келип турат. Байкоого караганда «Шырдакбекте» аттын окуясы негизги жана алгачкы окуядан болуп, калкка кеңири тарап, кара сөз, ыр түрүндө да айтылып, эл оозеки чыгармачылыгында калыптанган даяр клишени түзгөн. Тоголок Молдонун вариантында да Боз жоргонун окуясы уламыштын рамкасына кирип, анчалык өзгөрүүгө учураган эмес. Бирок бардык учурда тулпардын жорголугу, күлүктүгү, буудандыгы апыртмалуу, көркөм кыял менен жуурулуша сүрөттөлөт. Боз жоргонун адамды суктандырган сапаты – анын айрыкча күлүктүгү. Шырдакбек тулпарды минип, Өзгөн же Кашкарга күнүн каттап турат. Анын жорголугу, сын-сыпаты бөтөнчө көрк берип, адамдын көз жоосун алат. Боз жоргонун тагдыры ээсинин тагдыры менен бирдей чечилет, калмак хандарынын же эсирген аялдын кесепетинен жоо колуна өткөн күндөрү да болот, айрым кабарда зоругуп ажал табат. Кыскасы, Боз жорго өзүнүн тулпардык сапаты менен ары көчмөн турмушта, ары жоокерчилик заманда жашаган элдин купулуна толуп, эстетикалык моокумун кандырган. Ошондуктан, Боз жоргонун окуясы, ал жөнүндө айтылган уламыштар, мактоо ырлары эл эсинде күнү бүгүнкүгө чейин унутулбай сакталып калган.

Поэмада терс каарман, персонаждар өзүнчө топту түзөт.

Биринчи катарда калктын эпикалык душманы калмак хандары турат. Окуянын башталышында калмак төбөлдөрүнүн Кыргызстандын түндүк, түштүгүн ээлеп, бийлик жүргүзүп тургандыгы, элдин алардын көргөн кордугу, запкысы баяндалат. Ошондуктан, Шырдакбектин бардык кыймыл-аракети калк душмандарына каршы багытталат. Көбүнесе эпизоддук персонаждар катарында орун алып, көбүнүн аттары гана аталат. Бирок бардык учурда алардын баскынчылыгы баса белгиленет. Ошондуктан Шырдакбектин калмактын колун ашууга камап, катуу кыргынга учуратышы чыныгы эрдик катарында бааланат. Калмак хандары Калдан, Ажаан ушул салгылашууда каза табат. Ажаан согушта өлүп, Калданды көчкү алат. Жогоруда белгилегендей Калдан (Галдан) – тарыхый адам, ал башкача жагдайда, башка аймакта каза болот. Поэмада болсо, көркөм чыгарманын табиятына ылайык элдин мүдөөсүн, ой-тилегин чагылыштыра түзүлүп, душмандын элдик баатырдын колунан ажал табышында жүзөгө ашат.

Калмак ханы Шалтан да, Амурсан да эпизоддук эле персонажды түзөт. Амурсан демекчи, ал тарыхый болгон адам. Ат-Башыны ээлеп, бул жердеги кыргыздарга бийлик жүргүзүп турат. Тарыхый маалыматтар боюнча Орто Азиядагы Ойрот-Жунгар мамлекетинин акыркы ханы болуп, 1757-жылы чечек оорусунан каза табат. Бирок поэмада эки, үч жерде эскертилгендигине карабастан, көркөм образдын деңгээлине көтөрүлгөн эмес. Чыгарма боюнча Коңтаажы «он жети төрөнү башкарып», ысык-көлдүк кыргыздарды бийлеп турган калмактардын башкы ханы. Дегеле эл оозеки чыгармачылыгында Контаажы деген ысым көп учурайт.

Ал өзүнүн катаалдыгы, зордук-зомбулчулдугу менен калк эсинде бек сакталып калган өңдүү. Бирок калмактарда хун-тайчжи адамдын аты эмес, титулдук наам экендигин эске алсак, анын тарыхый прототиби бул же тигил инсан деп айта коюу да кыйын. Калмак хандарынын же эпикалык душмандын жалпылаштырылган, топтоштурулган өкүлү болушу да ыктымал. Поэмада деле Коңтаажынын образы толук түзүлгөн эмес. Демейде эпикалык чыгарманын салты боюнча Шырдакбектин калың кол курап, калмактарды кыргыз жергесинен кубалап чыгууга камынып калгандыгынан кабар алган душман тарап эч качан

бейкапар жатып калбайт. Чыгармада окуя Коңтаажыга Амурсанданча барман келүү менен бүтүп, калмактын башкы ханы экинчи эскертилбейт.

Поэмада башка калмак хандарына караганда Чагайдын образы белгилүү деңгээлде дурус түзүлгөн. Чагай Турпанды бийлеп, кыргыз жергесин башкарууда да катышы бар түпкү хан катарында баяндалат. Башка калмак хандарына караганда жекече мүнөздөмөгө ээ. Анын арамзалыгы, эки жүздүүлүгү, кара ниеттиги поэмада ачык белгиленет. Шырдакбектин коргонун катуу кармашууда эмес, айла-амал менен алат. Кыргыздар жеңилип, эки эл элчиликке келгенден кийин да: «Эл – өзүңдүкү, жер – өзүңдүкү, убада ушул, урушуп тындык» – деп, Шырдакбектин көңүлүн жайлап коюп, кыргызды биротоло баш көтөргүс кылуунун максатында акылсыз аялдын жардамы менен баатырды аттан ажыратат. Кыскасы, көңүлүндө көксөгөн тилеги орундалып, айтылуу Боз жорго, ашкере сулуу колуна тиет. Ал эми образдын андан ары түзүлүшүндө эпикалык душманды же терс каарманды мүнөздөөдө салттуулуктун бузулгандыгы байкалат. Бул Чагайдын эзелки душманы Шырдакбекке «жан тартып», боору ооруп:

Каргашалуу бул катын
Жашырын минип качкандыр.
Атынан Шырдак айрылып,
Азыр жөө жаткандыр –

деп тулпарды кайрадан ээсине жетелетип жиберишинде. Шырдак үчүн аялдан өч алышында көрүнөт. Ошентип, поэма душмандын жазаланышында бүтпөстөн, оң каармандын калмак ханы менен элдешүүсүндө, башында курч көтөрүлгөн карама-каршылыктын жумшарышында аяктайт. Сөзсүз, чыгармада жогоркудай салттуулуктун бузулушу, окуянын аякталышында ары арамза, ары коркок, кара ниет баскынчы Чагайдын адилеттүү, боорукер хан катарында мүнөздөлүшү терс образдын кадимки эпикалык душмандын деңгээлинде түзүлүшүнө кедерги болбой койгон эмес. Кыскасы, эзелки душмандын Шырдакбекке көрсөткөн «ырайымы», «боорукерлиги» баатырдык эпостун салтына жанашпайт, негизгиси поэмада көтөрүлгөн идеянын аягына жеткириле так чечилишине жолтоо болуп, жасалмалуулукту туудурган. Дегеле элдин, элдик баатырдын эзелки душманы кара ниет Чагайдын Боз жорго колуна тийгенде өзгөрүлө калып, Шырдакбекти: «Жүрөгү майлуу, өзү курч» – деп сынына толтуруп достошушу анчалык угуучуларды ынандырбайт. Окуянын өсүш процессинде да баатырдык күрөштүн эпикалык душмандын жазасыз калышында аякташы ишенимсиз. Натыйжада Чагайды адилеттүү, боорукер хан катарында мүнөздөөгө аракеттенүүнүн кесепетинен терс карман өзүнө таандык салттуу мүнөздөмөдөн белгилүү даражада ажырап калган. Ал эми Чагай хандын образын түзүүдө жогоркудай мүчүлүштөрдүн орун алышы, айтуучунун айрым уламыштык нускасын мазмунуна таянып, аны баатырдык эпикалык чыгарманын жанрдык табиятына баш ийдирип, жуурулуштура албагандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле аялзатына карата өз доорунда үстөмдүк кылган патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн чектелген түшүнүгү, көз карашы да белгилүү өлчөмдө чагылышкан түрү бар. Алсак, Чагай аялды өлтүрүүдө «эркектерге үлгү, төрөлөргө төлгө, бектерге белги болсун» деген санатты баштап, андан «Шырдактын кегин алат».

«Шырдакбекте» чыккынчы аялдын образы бир топ дурус түзүлгөн.

Өзүнүн чырайына, эринин хандык дөөлөтүнө, байлык-мартабасына мас болуп эсирген эси жок аялдын кылык-жоругу уламышта да, поэмада да бирдей мүнөздөмөгө ээ. Шырдакбек тарабынан сулуу аялга ургаачы аттуу билбеген урмат-сый көрсөтүлөт, ичкени байтал бээнин бал кымызы, жегени кырк кара койдун шыйбылчагынын чучугуна басылган ширин күрүч болуп, эри бөтөнчө

ардактап багат. Эриккенде Боз жоргону минип, жорго салдырып, кумардан чыгат. Бирок калк башына кыйынчылык түшкөндө аял өз элине, эрине чыккынчылык кылып, капканын сырын душманга ачып берип, кыргыздардын калмак хандары тарабынан жеңилишине шарт түзөт. Дагы да душмандын азгыруусу менен Боз жоргону минип алып, Чагай ханга качып кетет.

Чыккынчы аялдын фольклордон орун алышы жаңылык эмес, кыргыз, же бизге тектеш башка түрк элдеринин оозеки чыгармачылыгынан сейрек болсо да кездеше турган окуя. Мисалы, алтайлыктардын «Алтай-Буучай» баатырдык жомогунда, Алтай Буучайдын аялы Алтын-Тананын, карындашы Алтын-Сырганын баатырга, өз элине чыккынчылык жасап, кара ниет Аранай, Чаранайга жардамдашкандыгы баяндалат. Ушундай эле окуя казактын «Кула мерген», «Жоя мерген» поэмасынан да орун алат. Кыргыздарда көбүнчө жөө жомоктун («Мыкаачы аял», «Жөө мерген», «Ак Билек», «Бала мерген», «Опасыз аял») мазмунун түзөт. «Жолой хан» баатырдык жомогунда баатырдын карындашы Карлыгач калмак Карача төрөгө тиймекке убадалашып, агасы жокто калмактардын басып кирип, Жолойдун эли-журтун талап, аялдарын олжолоп кетүүсүнө шарт түзөт. Албетте, элине чыккынчылык жасаган аялдын окуясынын башат алышы матриархаттын жол-жосундарын, эрежелерин патриархат өз жолунан сүрүп чыгарып, экөөнүн ортосунда күрөш жүрүп турган мезгилге таандык болсо да, анын кадимкидей калыптанган түрдө эл оозеки чыгармачылыгынан орун алып күчөтүлүшү патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн көз карашы, ереже нормалары, үстөмдүк жүргүзүп турган кийинки учурга таандык.

Поэма боюнча аял эрине, эли-жерине кастыкты бир эмес, эки жолу жасайт. Калмак ханы Чагайдын сөзүнө азгырылып, ордонун сырын душманга ачып берет. Натыйжада кыргыздар жеңилип, Шырдакбек душманга баш ийип берүүгө аргасыз болот. Ошондой эле Боз жоргону минип, Чагайга качып барып эли-журтун, бөтөнчө ардактаган жарын калмак хандарына экинчи жолу сатат. Кыскасы, аялдын жеңил ойлуулугу, туруксуздугу катуу жектелип, угармандардын өз элине чыккынчылык кылган адамга карата жек көрүү сезимин арттырат. Дегеле эл чыккынчы адамды өтө жаман көрөт. Бул көз караш, нукура идея поэмада да кубатталып, аялдын калмак ханы тарабынан ит көрбөгөндү көрүп, кордук менен ажал табышында жүзөгө ашат.

«Шырдакбек» – жанрдык жагынан алганда өтө татаал, башынан аягына чейин бир беткейлүүлүк сакталган эмес. Уламыштын, уламыш-поэманын, эпостун да жанрдык белгилери бар. Айрыкча, чыгарманын экинчи бөлүмүндө окуя куюлушкан жорго сөздөр менен уламыш түрүндө баяндалып, кара сөздүк баяндоо ыкмасы кеңири колдонулат. Корутундулай келгенде, башында курч көтөрүлгөн нукура идеялык мотивдер, эпикалык салттуулукка аягына жеткириле иштелип чыкпаган. Бирок жалпысынан «Шырдакбек» поэмасынын мазмуну, образдык системасы, композициялык курулма, көркөм ыкма, каражаттары эпикалык чыгарманын жүгүн аркалап турат. Ата Журтту, ата-конушту сүйүү, калк кызыкчылыгын ыйык тутуу, өлкөнү ички, сырткы душмандан коргоо идеясы курч коюлуп, эл мүдөөсү, тилеги менен айкалышып турат. Чыгарма ушунусу менен калк кыялында алиге жашоосун улантып келе жатат.

**Орунбай ЧАПКЫЛДЫКТЕГИН**

*Дүйнөлүк адабияттан*

Г.ФИГЕЙРЕДО

# ТҮЛКҮ МЕНЕН ЖҮЗҮМ

## (Үч көшөгөлүү трагикомедия)

**К а т ы ш у у ч у л а р:**

***Ксанф*** – грециялык бай адам.
***Клея*** – анын аялы.
***Мелита*** – анын күңү.
***Эзоп*** – тамсилчи кул.
***Эфиоп*** – Ксанфтын кулу.
***Агностос*** – жоокер.

## Биринчи көшөгө

Самос шаарындагы Ксанфтын үйү. Үйдүн сол тарабында, оң тарабында жана төр жагында эшиктери бар. Добулбас. Бир нече узун отургучтар.

Кресло. Келишимдүү түркүктөр менен кооздолгон залдын түпкүрүнөн жашыл бак көрүнүп турат. Сценада – Ксанфтын аялы Клея менен күңү М е л и т а: Мелита Клеянын чачын тарап жаткан учур...

М е л и т а: Ошондо Хризипп аянтка өзүнүн шакирттерин чогултуп алып: «Адамда болбогон артыкчылык сенде бар, туурабы?» – деп сенин эриңе кайрылганын; Ксанф болсо: «Туура» – деп жооп бергенде Хризипп: «Кулактуу болом деп мүйүзүңдөн ажырагың келбеси туурабы?» – деп сураганда Ксанфтын: «Туура» – деп жооп бергенин; Хризипп болсо: «Адамда болбогон артыкчылык сенде болсо, кулактуу болом деп мүйүзүңдөн ажырагың келбесе, демек, сен мүйүздүү чунак турбайсың-

бы?» – деп сөзүн бүтүргөнүн Радапис төкпөй-чачпай мага айтып берди. (*Клея каткырып күлүп калат.*) ...Бардыгы боору эзилгенче күлүшүптүр.

К л е я: Катырган экен! Ал жем салып айткан турбайбы. (*Кыска паузадан кийин.*) Көрсө, менин эрим аянтка башка философторго күлкү болуш үчүн барат турбайбы?..

М е л и т а: Жок, Ксанф абдан акылдуу киши. Көпчүлүктүн каткырганына карабастан Хризиппке: «Сенин аялың мүйүзүңдү жоготконуң үчүн эмес, уятыңды жоготконуң үчүн сенин көзүңө чөп салып жүрөт!» – дегенде күлкү токтоп, Хризипп менен Ксанфтын шакирттери бири-бирине ызырына кетишиптир.

К л е я: Чатакташыптырбы? (*Мелита башын ийкеп коёт.*) Радапис аны кайдан билип жүрөт?

М е л и т а: Аянтта ал да болуптур.

К л е я: Силер күң болгонуңар менен Самосто эмне болуп жатканын биз сыяктуу эркин жашаган аялдардан жакшы билет экенсиңер.

М е л и т а: Эркинче жашаган аялдар эшикке чыгышпайт. Бул жагынан алар биздей күңдөрдөн да жаман.

К л е я: Анын да туура (*кыска пауза*). Сенин эркиндикке чыккың келеби?

М е л и т а: Жок, Клея. Мында болгонум эле дурус, анткени бардыгы мени бакташат. Сенин эриңе окшогон даңктуу адамга күң болуш жаманбы? Болбосо мен кайдыгер бир соодагерге же калканы менен каруууга илген найзасынан башка берекеси жок жоокерге туш болот элем. Сенин эриңин колуна түшкөн менин бактым бар экен.

К л е я: Ошого ыраазымын дечи?

М е л и т а: Мен үчүн бул чоң сыймык. Ал өзү философ эмеспи, Клея!

К л е я: Мага анын жакшы философтон көрө, жакшы күйөө болуп бергени дурус. Мен үчүн философтор – тантык санжыранын санын арбыткан бир келжиректер.

М е л и т а: Ксанф өз алдынча бирдеме ойлоп чыгара алабы?

К л е я: Балаанызбы. Баарыдан да ошонусуна күйөсүң. Ал илим-билимге киреше киргизбей турган философтордун катарына кирет. Тарап бүттүңбү?..

М е л и т а: Бүтөйүн деп калдым. Чачыңды тарап эле отургум келет. Кундуздай кулпурганы мага абдан жагат (*пауза*). Айтчы, Ксанф сенин чачыңдан өбөбү? (*Клея жийиркенгенсип чүйрүйөт.*) Сенин эриңе абдан суктанам.

К л е я: Ашык болуп калдым деп эле ачыгын айтпайсыңбы? Айтчы, ал мени таштап кетип, сага эркиндик берип, аялдыкка киргизип алса бактылуу болоор белең?

М е л и т а: Андай дебегин!.. (*Пауза*). Ксанф болсо сени сүйөт...

К л е я: Кандай сүйөөрүн өзү жакшы билет... Мен дагы өзүң сыяктуу анын байлыгынын бир үлүшү болом. Ал эми бай кишинин бардыгы дүйнөкор келишет.

М е л и т а: Дүйнөкор болсо бир жакка барган сайын сага белек алып келет беле?

К л е я: Эркектер белекти аялын сүйгөндүктөн алып келет дейсиңби?.. Өзүнүн даңкын көтөрүш үчүн же уятка калбас үчүн алып келишет.

М е л и т а: Ксанфтын атагы чыгып жүрбөйбү?..

К л е я: Адамдын бардыгы бирдей болбойт. Атың чыкпаса жер өрттө дегенди билесиңби? Артемида мечитин өрттөп жиберип Геродоттун деле даңкы чыгып жүрбөйбү... Ар ким кылган ишине жараша же сыйын көрөт, же жазасын тартат... Грециянын демократиясы боюнча кедейлер кожоюнду өздөрү тандап алууга укуктуу. Ал эми аларды жарды боюнча калтыруу же байытып жиберүү, аны азаттыкка чыгаруу же кул бойдон калтыруу мырзалардын эрки. Мына ошондуктан Ксанф өз менчигин өлгөнчө сактайт, Ксанфтын адилеттүүлүгүн адилетсиз, азап-тозогун жыргал деп, жарык дүйнө жалгыз өзү үчүн жаралгансып жасалгалуу үйдө жашап, жакшынакай аялдарды жандап, шараптын мыктысын ичип, жалгыз жанын жыргатууга толук укуктуу экендигин укпаска жардылардын аргасы канча?.. Ксанфтын даңкын чыгарып, акыйкатты тепсеп жаткан байлык да... *(Мелитага кайрылып)* Бүтүп калдыңбы?..

М е л и т а: Бүтөйүн деп калдым, бир аз чыдай тур. Тим эле философуңдун көзүнө чүрөк болуп көрүнгүдөй кылайын.

К л е я (*жактырбагансып*): Философуң имиш... Философтор сөзүнөн башка берекеси жок жаш балача тантыраган немелер.

М е л и т а: Сен аны жактырбайсыңбы?.. Эгер ошол учурда сен да аянтта болсоң бооруң эзилгенче күлөөр элең. Канчалык кылган менен ал сени сүйөт да. Бай десең бай, сага марытып белек берип турат.

К л е я: Марыткан белектерин жөн бербей, кайырчыга бергенсип ыргытып берет. (*Пауза.*) Айтчы Мелита, баягы Афинден келген шаардын сакчыларынын капитаны кайтып кете элекпи?

М е л и т а *(аны тарап бүтүп)*: Көрсө, сен ошол капитанга жагайын деп таранып жаткан турбайсыңбы? *(Кыска пауза.)* Күйөөң бүгүн келет, Клея!..

К л е я: Билем... (*Эшикти көрсөтүп*) тигил эшиктен кирип келип: «Жаркыным Клея, мен сага белек алып келдим!» – дейт да, кыйратып салгансып: «Эми мен шакирттериме барып келейин!» – деп жөнөйт. (*Арткы эшиктен Ксанф кирип келет.*)

К с а н ф (*кирип келе жатып*)*:* Клея!.. Жаркыным Клея!.. Мен сага белек алып келдим!..

К л е я: Ии... келип калдыңбы?.. *(Клеянын жандоосу менен Мелита чыгып кетет.)*

К с а н ф: Сагынгандырсың жаркыным, өөп койчу? *(Клея өбүмүш болуп коёт.)* Мен сага мурдагыларга такыр окшошпогон, таң калаарлык, укмуштуу белек алып келдим!..

К л е я: Белегиңди үстөлгө коюп кой!

К с а н ф: Коё албайм, жаркыным! Ал үстөлгө коюлуучу белек эмес. Көргүң келеби? (*Клея жооп бергенче болбой алакан чаап коёр замат, сүйрөлгөн узун таар кийимчен Эзоп кирип келет.*)

К л е я *(чочуп кетип)*: Бул эмнең?..

К с а н ф: Белек!..

К л е я: Ушул... *(Эзопту көрсөтүп.)* Ушул кулдубу?..

К с а н ф: Ооба, өзү кул, аты – Эзоп!..

К л е я *(каткырып)*: Пай-пай-пай... Кебетеси өтө эле суук ко?

К с а н ф *(бой көтөрүп)*: Мындай кебетелүүнү бүткүл Грецияны кыдырып таба албайсың!

К л е я: Анан ушуну уялбай мага сатып келдиңби? Бул эмне деп кордогонуң, Ксанф? Кайсы бетиң менен сатып алдың?

К с а н ф: Мен муну сатып алган жокмун.

Э з о п: Ал мени сатып алган жок. Мен үстөккө келдим.

К л е я *(Эзопту жекирип)*: Муну кара, дагы адамча сүйлөп коёт.

Ксанф *(Клеяга кайрылып)*: Үстөккө алдым, Клея! Билесиңби, мен Пирея шаарынан Эфиопту сатып алсам, кул сатуучу муну мага бекер берди. Сен мунун наркын билбейсиң. Бул өзүнчө эле жаткан кенч.

К л е я: Кенчиңдин мага кереги жок!.. Жогот, көзүмө көрсөтпөй!..

К с а н ф: Токто, Клея, сабыр кыл!

К л е я: Жогот дейм желмогузуңду, көзүмө көрсөтпөй!

Э з о п: Өмүрүндө Арстанды көрбөгөн Түлкү күндөрдүн биринде анын тике маңдайынан чыгат. Мурда көрбөгөндүктөн жүрөгү оозуна тыгылып өлүп кала жаздайт. Аны менен экинчи сапар кезиккенде анча коркпой калат. Ал эми үчүнчү жолу кезиккенде жазганбай жанына барып сүйлөшө кетет. Анын сыңары биз ашык болгон аялдын сулуулугуна кандай үйүр алсак, акырындап барып түрү суук адамга да үйүр алып кетебиз.

К с а н ф *(таңыркап, оозун ачып аңгемени угуп турат да, Клеяга бурулат)*: Көрдүңбү?.. Кандай экен?..

К л е я: Мына кызык!.. *(Эзопко кайрылып.)* Сен өзүңдү Арстан деп ойлойсуңбу?..

Э з о п: Жолборс менен түлкү сулуулугун талаша кетет. Жолборс менин терим сулуу деп мактанат. Түлкү болсо: «Мен сенден сулуулук кылам; менин сулуулугум сыртымда эмес, ичимде!» – дейт.

К с а н ф *(кубанып)*: Мына, эми эмне дейсиң?.. Сонун бекен?..

К л е я: Муну бир жырткыч айбандарга кошуп тарбияласа керек.

Э з о п: Турнанын кебетесинин начарлыгын көргөн Тоос аны мазактамак болуп: «Менин кийгеним болсо кылторко менен таз баркыттан. Ал эми сенин көңүлгө толоор эмнең бар?» – дейт. Анда турна: «Мен бир учсам айга жетип, алтын чоор тартып берем. Сен жерде жөргөлөп жүргөнүң аз келгенсип, баткактан чыкпайсың!» – деп жооп бериптир.

К с а н ф *(Клеяга)*: Көрдүңбү?.. Бул мага шериктеш... Философ.

Э з о п: Сенден суранаарым, мени философ дебесең. Сөздүн жүйөлүүсү жакшы. Мен бар болгону тамсилчимин.

К л е я *(Ксанфты карап таңыркап, жылмайып)*: Ал сага акыл айтып жатат.

К с а н ф: Акыл айтпай эле менин көңүлүмдү улап жатат. Мелитага айтып койчу, Эзоптун жашай турган жерин көрсөтүп койсун. *(Клея алакан чапканда Мелита кирип келет да, Эзопту көрүп бакырып ийе жаздайт.)* Мелита!..

Э з о п: Эч нерсе эмес, мырзам. Мен биринчи жолуккан адамдардын жийиркенип караганына көнүп калгам. Мени сага сый кылып бергенде эмне дегеним сенин эсиңдеби? Чыны менен эле керегиңе жарабасам, жок дегенде мокочо катары: «Ыйласаң Эзопко берип коёбуз, ал сени алып кетет» – деп ыйлаак балдарыңарды сооротууга аралжы болуп берем дебедим беле.

К л е я: Мына кызык!..

Э з о п: Айтканыңар туура, аялдар!.. Мен ошондой кызыкмын. Бирок мен башкаларды күлдүргөн учурда өзүм суз бойдон калаарым, балким, силердин оюңарга да келбес.

К л е я: Эмне үчүн?..

Э з о п: Ырайымдын сууктугу үчүн... Сөзгө жөндөмдүүлүгүм үчүн. Анысы да, мунусу да менин күлкүмдү келтирбейт.

К с а н ф: Мен сени акылдуулугуң үчүн алууга макул болгом.

Э з о п: Ошону байкай койдуңбу? *(Клея кыткылыктап күлүп жиберет.)*

М е л и т а: Өтө эле иреңи серт экен, К с а н ф: Кудай өзү кечирсин.

Э з о п: Кудай сени кечирет. Мындай бир тамсил бар: Кедейдин үйүндө байлык бере көр деп күнүнө үч убак табынып жүргөн чоподон жасалган кудайдын сөлөкөтү болуптур. Табынып жүргөн «Кудайы» анын кайгызарын укпагандан кийин шыйрагынан алып тамдын бооруна бир чабат. Көрсө, сөлөкөттүн башына дилдеден толтуруп койгон экен. Жарылган баштан чыккан дилдени алып, кедей байып калат. Кудай бардык адамды кечирет. Биз аны ошон үчүн жаратканбыз. Ойлоп көрчү, кудай болбосо биздин күнөөбүздү ким кечирет?

К л е я *(Эзопко)*: Сенин айтканыңдын калети жок. *(Ксанфка)* Айтчы, Ксанф, Кудай болбосо сенин күнөөңдү ким кечирет эле?

К с а н ф *(Мелитага)*: Сыртта Эфиоп турат. Ал да менин кулум, чакырып кой. *(Мелита чыгып кетет.)* Көрдүңбү Клея, акылдуу бекен? Мен сапарда жүргөндө эчен жолу кырсыктан сактап калган, ал тургай мага толгон дүнүйө да таап берген.

К л е я *(Эзопко)*: Сен тапкан дүнүйөңдү Ксанфка берип койдуңбу? Бербей эле койбойсуңбу?

Э з о п: Өтө эле оор болучу. Аны бербей койсом, өзүм көтөрүп жүрүүгө туура келет эле. Ошол дүйнөнү эриңе берип коюп, аны дагы кул катары жүк көтөрүп жүрүүгө аргасыз кылгам. Мен байлыкты жек көрөм. Билесиңерби, дельфиялыктар кимде-ким Аполлондун чиркөөсүндөгү алтын мүлктөргө суук колун салса, көзүнө карабай туруп аска-зоодон учуруп өлтүрүшөт. Мен эч качан андайга барбайм.

(*Эфиопту ээрчитип Мелита кирет.*)

К л е я *(Эфиопко карата)*: Бул эмнең?

К с а н ф: Кандай, жакшы соода кылыптырмынбы? *(Эфиопту көрүп, корунган Эзопко бурулуп)*: Менимче, менин соода иштерим сага көп жага бербейт окшойт!

Э з о п: Бул макулугуң менин айта жүргөн тамсилдеримдеги айбандардын бири. *(Мелита менен Эфиоп чыгып кетишет.)*

К с а н ф *(Клеяга)*: Жолдо Эфиоп Эзопту аябай тепкиледи.

К л е я: Тепкилеттиңби?.. Эмне үчүн?

К с а н ф: Тепкиле деп буйрук бердим. (*Эзопко*) Чынбы, Эзоп?

Э з о п: Чын... Эфиоп буйрукту аткарганга уста экен.

К л е я *(Эзопко)*: Эмне үчүн тепкилетип жүрөт?

Э з о п: Эркиндикке чыккым келген.

К л е я: Качууга аракет кылдың беле?

Э з о п: Жок. Ксанфтын азаттык берүүсүн талап кылгам.

К л е я: Ошон үчүн сени сабатып жүрөбү? (*Ксанфка*) Сенин антишиңе менин көзүм жетпейт.

Э з о п: Оо жок, жок. Ошенткенине толук көзүң жетет.

К с а н ф: Токмокту сагынып калгансың го. Жонуңдан кайыш алып, жиниңди кагып койсомбу?..

Э з о п *(селт эте түшүп)*: Жок... райым этиңиз. Акыркы жеген токмоктун тагы али кете элек. Сабыр кыл мырзам, сабыр кыл!

К с а н ф: Этиңдин ооруганынан коркот турбайсыңбы? Сен чыдамкай болушуң керек.

Э з о п: Көп жеген токмок, көкөйгө тиет экен.

К л е я (*Ксанфка)*: Эмне үчүн бошотуп койбойсуң, мунуңдан бирдеме чыкмак беле?..

К с а н ф: Ошондой дейсиңби? *(Эзопко)*: Биз сапарда жүргөндөгү нан салган себетти айтып берчи, Эзоп?

Э з о п: Биз кайра жол тартканда Ксанф кулдарга мүлктү бөлүп алып көтөргүлө деген буйрукту берди. Кездеме оролгон таңгактардан ар кимиси кичирээзгин көтөрүүгө аракет кылышты. Эң эле чоңун мен алдым. Ал нан салган себет эле. Мени баары мазактап күлүштү, ал тургай Эфиоп да күлдү. Адамдар курсагы ачкан сайын нан жей беришет. Арадан экиүч күн өткөндөн кийин мен көтөргөн себет бошоп калат. Калгандары болсо өздөрүнүн көтөргөн таңгактарын оорсунушуп, онтоп келишти.

К с а н ф *(Клеяга)*: Эми эмне дейсиң?.. Акылдуу бекен? Ал тургай жолдо келе жатып толгон дүнүйө да таап берди...

К л е я *(Эзопко)*: Аны кантип таптың?

Э з о п: Жолдо келе жатып, боорунда жазуусу бар эстелик көрдүк. Ксанф бул жазууну окууга мүмкүн эмес деди. Мен: «Эгер окуп берсем, азаттык бересиңби?» – деп сурадым. Ксанф макул болгондон кийин мен аны окуп бердим. Анда: «Ушул жерден төрт кадам аралыкта толгон дүйнө көмүлүп коюлган!» – деп жазылыптыр. Ксанф мага ишене берген жок: «Аныктыгына көзүм жетсин!» – деп болбоду. Мен аны болтуруш үчүн табылган дүйнөнүн жарымын мага бересиңби дедим. Ксанф макул болуп, убадасын берди. Биз турган жерден төрт кадам басып барып чуңкур каздым. Ал чуңкурдан толтура дилде салынган кумура чыкты. Аны көргөн Ксанф мени токмокто деп буюрду.

К с а н ф: Сага дүнүйөнүн эмне кереги бар? Азаттыкты эмне кыласың? Ушул кебетең менен сени кандай шаттык көңүлүңдү көтөрүп, кандай байлык жарпыңды жазат. Андан көрө кул болуп жүрө берсеңчи!..

К л е я: Сен муну азаттыкка чыгарып коюшуң керек. Мунуң ал тургай үйүбүздүн көркүн да бузат.

К с а н ф: Бали-и... Сен да мунукун жактайт турбайсыңбы?

Э з о п: Сен менин талабымды жактаба, мырзайым. Мырзага менин пайдам чоң. Мен ага дүнүйө таап берип, кызык-кызык тамсилдерден айтып берип, башына түшкөн кыйынчылыктардан куткарып турам. Мындай пайдадан баш тартууга болобу? Баарыдан мурда менин кебетем адам көргүс, аялдарга жакпайм, демек, менден күйөөң күнөм санай албайт. Мен качып да кутула албайм, анткени бардыгына таанымалмын. *(Ыңгыранып)* Бирок азаттыкка чыккым келет. Бул дүйнөдө мен үчүн турмуштун шооласы кылгырган көз жашыма чагылып, бүлбүлдөп нурданган жарыктай араң эле көрүнөт. Мына ошондуктан жакшылыктан үмүтүмдү үзүп, дайыма кабагыма кар жаап жүрөт.

К л е я: Ксанф, бошотуп кой бечараны!.. Соопко каласың.

К с а н ф *(калтаарып)*: Менин мүлкүмдүн чачылганы сага майдай жагат турбайбы. Кулга азаттык берейинби?.. Дүйнөдө ушу кебетеси менен жалгыз сандырап кантип күн көрөт?.. Жоок!.. *(Эзопко)* Азаттыка чыгыш үчүн али жаштык кыласың. Сен байып кетиштин, күч-кубаттуу болуунун жол-жобосун менден үйрөнүп, кеменгер акылга кенелгенден кийин гана жолуңдан адашпай, турмушуңду куруп кете аласың. *(Клеяга)* Мен эми кетейин, жаркыным. Өзүмдүн шакирттериме барып келейин. *(Чыгып кетет.)*

К л е я: Ошентип, азаттыкка чыккым келет дечи?..

Э з о п: Кулдун бар болгон укугу – жакшылыктан үмүтүн үзбөө!..

К л е я: Эркиндиктин сага эмне кереги бар?

Э з о п: Кимдир бирөө: – Суусай турган учуруң жете элек, же суусадым деп айтууга али эрте! – деп бирөө жаныма келип кекетпес бекен деп чочулабай суусунан эркиңче кочуштап жута турган дарыя биз үчүн да жер жүзүндө бардыр... Адамдын жакындап калганын сезген айбан алыстап качаарын көрдүң беле?.. Адамдарды канчалык терең түшүнгөн сайын айбандарды ошончолук берилип сүйгүм келет. Сайрап жаткан булбул адам жанына басып барса да камаарабай сайрай берген жер да бардыр... Мен аларга айбандардын тили менен тамсил айтып берсем дегенде эки көзүм төрт... Аларга: «Ээ, козунун кынуусун алган карышкыр! Сен билесиңби, бирин бири өлтүрүүдөн кайра тартпаган Адам аттуу жырткычтар бар. Алар биринин этин бири жешпейт, курт жесин дешип жерге көөмп салышат. Алар өздөрүнүн жанын сактап калыш үчүн эмес, бир-бирин өлтүрүүгө кумар болгондуктан ошентишет», – деп айтып бероэр элем.

К л е я (*жайдарыланып)*: Айбандардын тилин кантип үйрөнөөр элең?

Э з о п: Адамдардын тилин кантип үйрөндүм? Адам баласы өз ара сүйлөшкөнү менен бири-бирин эч качан түшүнүшпөйт. Айбандар бир гана: «Баа!» – деп бакырышы менен «душман келип калды», «жарадармын», «ачкамын» же «жактырам» дегенди билдиришет. Ушулардын бардыгын бир гана бакыруу, сайроо, улуп-уңшуу, бир гана: «Карк!» же «Чыйп!» – деп коюу менен билдирген алардын тилинин назиктигин байкап көрчү?.. Биздеги сезимдин назиктигин ушундан билгин, бир гана «Сүйөм!» – деген сөз чыкса, ошол сөздүн шаңынан бизге такыр белгисиз болгон биздин жакшы жетилбеген жөндөмсүз кулагыбызга угулбай турган өзүнчө бир жанга жагымдуу мукам үндүн кереметин угабыз. Азаттыкта болуу, демек, азаттыктын кереметтүү үнүн угуу дегендикке жатат.

К л е я: Сенин чындап эле азаттыкка чыккың келеби? Андай болсо учурдан пайдаланып качып кетпейсиңби?

Э з о п: Жок... Кайсы жерден кармалып калаар экемин деп корголоп күн көрүү, азаттыкка чыкканга жатпайт. Азаттык деген жашыруун нерсе эмес. Аны эч ким жашырбайт. Адамдын азаттыкта экенин бардыгы билишип, аны эркин адам катары бардыгы урматташ керек.

К л е я: Качып кет. Ксанфка мен бошотуп жибердим деп коём.

Э з о п: Анда Ксанф сени жазалайт. Азаттык өзү үчүн башка бирөөнүн запкы көрүшүн каалабайт. Эгерде менин азаттыгымдын запкысын башка бирөө тартып калса, өмүр бою бетим чымырап, өзүмдү эч качан эркин адам катары сезбес элем.

К л е я: Өтө эле бала кыялдуу көрүнөсүң!..

Э з о п: Ксанф менден да бала кыялдуу... Ал өзүнчө бир тилектин бардыгы орундала турган дүйнөнү ойлоп чыгарып алып, ошондой дүйнө бар деп ишенип да жүрөт. Мен болсом сен сыяктуу эле ишене бербейм.

К л е я: Менин ишенбесимди кайдан билесиң?

Э з о п: Көзүңдөн байкалып турат. Кээде көздөрүң ичиндеги үмүтүңдү билдирип жалжылдай түшүп, акырындап барып күндүн батканы сыяктуу көзүңдүн нуру тымызын өчө түшөт.

К л е я: Менин көзүмдү карабай жүргүн.

Э з о п: Айтканың эп. Менин сүрөтүмдүн сенин карегиңе тартылбасы керек. *(Клея көзүн сүзүп, креслого отура кетет.)*

К л е я: Мага бир тамсил айтып берчи?

Э з о п: Карышкыр мойнунда каргысы бар семиз итти көрүп: «Сени мынча семиртип баккан ким?» – деп сурайт. Анда ит: «Менин мергенчи кожоюнум!» – деп жооп берет. Карышкыр туруп: «Кудай анын бетин ары кылсын. Каргы тагынып казы алгандан көрө карышкыр бойдон кабышып жүргөнүм анык!» – деп жооп бериптир.

К л е я *(жылмайып)*: Бул тамсилиңди Ксанфка айтып бердиң беле?

Э з о п: Айтып бергем... Айтып бүткөндөн кийин: «Бул эмне дегениң?» – деп сураган.

К л е я: Дагы бирдемең болсо айтып берчи?

Э з о п: Ачка түлкү чатыры бийик чарпаяда көздүн жоосун алып, самсаалап бышып турган жүзүмдүн шиңгилин көрөт. Алып жейин деп жете албай айласы кеткенде: «Көк жүзүмгө тиш каматып жүрөмбү!» – деп басып кетиптир.

К л е я: Ксанф берген суроону мен да берейин: Бул эмне дегениң?

Э з о п: Жок, сенин антип сурашың жарабайт. Анда аңкоолук кылганың болот. (*Сырттан жагалданып, карбаластап Ксанф кирип келет.*)

К с а н ф: Клея!.. Сенин үйдө болгонуң ырас болбодубу... Эзоп!..

Ырас сен да бул жерде турбайсыңбы! Мен азыр аянтта болуп, бир жаңылык ачтым. Эң сонун жаңылык! Көрөсүң го, аны жазганып тике карай албайсың. Тим эле укмуш!..

К л е я *(жактырбагансып)*: Айта жүргөн жаңылыктардын бири да!

К с а н ф: Эзоптон да укмуш! Дүйнөдө бардык жыргалчылыкты жек көрөт экен. Ага жыргалың да, жыласың да баары бир. *(Эшиктин алдына барып)*: Бери кир!.. *(Байланган кылычы менен колунда калканы, найзасы бар афиндик сакчылардын кийимин кийген, сырткы келбети сымбаттуу Агностос кирет. Аны Клея менен Эзопко тааныштырып чыгат.)* Бул менин аялым... Бул кулум – Эзоп. *(Клея менен Эзопко)*: Бул жигитти жакшылап карап көргүлөчү! Карап көрчү, Эзоп... Бул сенден да ойчулдук кылат.

К л е я *(Агностоско)*: Афинден келген капитан эмессизби?

А г н о с т о с (*күңгүрөнүп)*: М-мм!..

К с а н ф: Мен өзүмдүн шериктерим менен аянтта болуп, бул жигитке жолуктум. Шарт боюнча урмат кылып: «Башка жердик көрүнөсүз, мени менен даам татышууну каалар бекенсиз?» – десем анын такыр жообу жок...

А г н о с т о с *(Ксанфтын сөзүн бөлүп, башын чайкап)*: М-мм!..

К с а н ф: Стадионго барып оюн көрүүгө кандайсың? – десем дагы эле баягысындай...

А г н о с т о с: М-мм!..

К с а н ф: «Мончого баргың келеби?.. Мечитке баргың келеби?.. Келин-кыздарга баргың келеби?.. Кыскасы, бардыгына берген жообу бир гана: «Жок!» Деги эмнени каалайсың десем...

А г н о с т о с *(сөзүн бөлүп)*: Эч нерсени каалабайм!..

К с а н ф: Кандай деп ойлойсуңар, адамдын асылы бекен?.. Мындайды өмүрүмдө көргөн эмесмин. Мен шакирттериме: «Бир нерсени каалабаган адам жок. Адам сүйүүнү, байлыкты, узак өмүр сүрүүнү, жандын жыргалын каалайт» – деп ар дайым айтаар элем. Акыры эч нерсени каалабаган укмуштай адамга жолуксам болобу. Көрдүңөрбү, эч кайгы-капасы жок. Кудайдан бетер эч нерседен камаарабайт. Жаштыгына, сымбатына, борбоюна караганда талапка тойбой турган курагы.

К л е я: Туура, айтканыңдай бар.

К с а н ф: Бирок эч нерсени каалабайт. Сен кандай дейсиң, Эзоп?..

Э з о п *(Агностоско)*: Жашагың келеби?

А г н о с т о с: Жок!

Э з о п: Колуңду денеңден сууруп салса капаланаар белең?

А г н о с т о с: Жок!

Э з о п: Көзүңдү чукуп салса кыжырың келет беле?

А г н о с т о с: Жок!..

Э з о п: Кулагыңды дүлөй кылып салса жиниң келээр беле?

А г н о с т о с: Жок!..

Э з о п *(Ксанфка)*: Ксанф, бул капитан өзүн сүйбөгөн бирөөгө ашык болуп калган. Мына ушундай учурда гана сакчылардын капитаны эч нерсеге кызыкпай калат. Болбосо, колунан келишинче генерал болууга аракеттенет эле.

К л е я *(чебелектеп, Агностоско)*: Ашык болгон жайың барбы?

К с а н ф *(көңүлүн улап)*: Айта бер досум, айта бер! *(Жактырбагансып)*: Аялдарга дейсиңби? Жакшылап ойлонуп көрчү! Балким, аларды да жек көрүп жүрбөгүн? *(Клеянын каршылык кылган ишааратына жооп катары)*: Клея, бул деген капитан! Солдаттардын ашыктык менен иши жок болот. Туурабы, достум?.. Аял деген ким?.. Баскан сайын көл жээгинде байланган кайыктай чайпалган бел, көчүктөрү менен адамды кызыктырганы болбосо, жаралып калган бир жарым жандуу, жарты сандуу жандыктар да, туурабы, достум?..

А г н о с т о с: М-мм!..

К л е я: Мендей аялың туруп, антип айтканың жарабайт!

К с а н ф: Көп келжиребей бизге шараптан алдырып кел!.. Тим эле жайнатып сал... *(Клея алакан чапканда, Мелита кирип келет.)*

К л е я: Кеселер менен шараптан алып кел! *(Мелита чыгып кетип, кеселер менен шарап куюлган идиштерди көтөрүп кайра кирет. Ксанф кесеге куюп, Агностоско сунат.)*

К с а н ф *(Клеяга)*: Сенин Ксанфтын аялы экениңди элдин баары билет. Мен болсом өзүмдүн философиялык пикиримди айтып жатам. Кийимди келиштире кийүү, тамакты татып-татып жеш, балдардын рахатын көрүш – бул үй-бүлөнүн жыргалы болот. Денесин сары түк басып, чекир көзү чүңкүйгөн эби-сыны жок, жапайы чалыш үңкүйгөн түндүктүн аялдары; өпкөнү талаада өскөн кодура мөмөнүн жытын берип, кара тоголок келген Эфиоптун аялдары; аарыларды кызыктырган түштүктүн жыпар жыттуу гүлү сыяктанып толмоч, тукумчул эркектерди кызыктырган араптын аялдары; сени кучактап, Сафонун ырларынан ырдап берип эт жүрөктү элжиретип, колунан көөрү төгүлгөн гректин аялдары, кыскасы, кумардан чыгыш үчүн булардын бардыгын тең акчага сатып алууга болот!.. *(Шараптан жутуп)*: Аял деген ким?.. Мына ушулар!..

К л е я: Ксанф, аялың жанында турганда оозуң батып ошолорду кантип айтып жатасың?

К с а н ф: Айтса эмне экен?.. Чынында эле ошо да. *(Ичет.)* Аялдар жөнүндө сен кандай дейсиң, Эзоп?

Э з о п: Мен үчүн аялдардын эки гана түрү маалым: Бири бизди азапка салса, бири биздин азабыбызды тартат. Биздин азабыбызды тарткандардан мен бирөөнү гана билем.

К с а н ф *(каткырып)*: Эзоп аялга азап тарттырат имиш! Айтчы? Ал кандай аял болду экен, ушу сенин азабыңды тартып жүргөн?..

Э з о п *(салмак менен)*: Ал – менин энем!..

К с а н ф: Ой, оңбогур десе. Айтууңа караганда башка аялдардын бардыгы сени азапка салып жүргөн турбайбы?.. Ошондой дечи!.. Карасаң, Клея!.. Карачы, Мелита! Эзоп азап тартып жүргөн экен. Балким, айтканы туурадыр... Канткен менен эркек да. А балким, мага караганда аял жандуу, капитанга караганда туруксуз келээр. Ии де, аларды сен жакшы көргөнүң менен алар сени жакшы көрбөйт дечи. *(Ичет.)* Сен эмне дейсиң, Мелита? Эзоп сага жагабы?..

М е л и т а *(ыргып, секирип)*: Коюңузчу, мырзам!

К с а н ф: Экөө тим эле келишип калаар эле, сулуулук менен акылдуулуктун кошулушу – спартактар үчүн зор сыймык!

Э з о п: Мен анчалык сыймыкка умтулбайм.

К с а н ф: Анан эмнеге умтуласың?

Э з о п: Менин азаттыкка умтулаарымды өзүң жакшы билесиң. Башка эч нерсеге кызыкпайм!

К с а н ф: Сүйүүсү жок азаттыктын кереги эмне?

Э з о п: Эрки жок сүйүүнүн кереги эмне?..

К с а н ф: Келжиреген сөз... Өзүң айткандай, сүйүү деген – багындыруу болот. *(Агностоско)* Туурабы, достум?

А г н о с т о с *(ичет)*: М-мм!..

Э з о п: Капитандын сөзүндө калат жок!

К с а н ф: Канчалык кылган менен философ, акылман да!

Э з о п: Сакчылардын капитаны болуш үчүн да акыл керек бекен?

К с а н ф: Тарт тилиңди! *(Ичип туруп, бел жоолугунан тыйын салынган кисесин суурун чыгат.)* Карма! Базарга барып жакшы тамактардан сатып кел. Той курабыз!.. *(Агностоско)*: Сенин эрдигиң, акылдуулугуң үчүн жакшылап бир той жасайлык!

Э з о п: Мына кызык, бу байларың бекер келген дүйнөсүн бекер чачат турбайбы!..

К с а н ф: Тез кел, Э з о п: Тамактын абдан мыктысынан алып кел! *(Эзоп кетет.)*

М е л и т а *(Агностос жөнүндө Клеядан сурап)*: Баягы айткан кишиң ушубу?

К л е я: Ооба, ушул!

К с а н ф *(Агностоско)*: Отур, достум! *(Агностос отурат.)* Клея, меймангa сый көрсөтүп, бутун жууп бер. *(Клея бүжүрөп чыгып кетет.)* Ошентип достум, сен философтун үйүнө келдиң. Менин атым Ксанф болот. Самостук студенттердин арасында толгон шакирттерим бар. Аялымдын аты – Клея. *(Мелитаны көрсөтүп)*: Бул болсо Мелита – менин күңүм. Ал жанагы базарга кеткен – Эзоп. Аны фригиялык дешет. Өзү тамсилчи. *(Мелита Ксанф менен Агностоско кесе сунуп, шарап куят. Колуна кумган менен мис чылапчынды алып Клея кирет. Агностостун аяк жагына чылапчынды коёт да, суудан куюп, сандалын чечип, бутун жууй баштайт. Агностос шараптан жутат.)*

К л е я *(Агностоско угуза)*: Согушта болдуң беле?

А г н о с т о с *(шараптан жутуп жатып, чорт жооп берет)*: Криттеги согушта болгом. *(Ксанфка)*: Мыкты шарап экен!

К с а н ф: Сен Самосто жүргөнүңдү билгин, достум. Бул жердикиндей шарап дүйнө жүзүндө жок!

А г н о с т о с *(өзүнө карап жылмайган Клеяга бурулат)*: Аялың ашкан сулуу көрүнөт, Ксанф!

К с а н ф: Самос – сулуу аялдардын мекени болот. *(Ксанфтын жандоосу боюнча Клея капитанга шарап куюп сунат.)*

А г н о с т о с *(Мелитага тийиштирип)*: Күңүң да сулуу экен.

К л е я *(Ксанфтын шарап жутуп жатканынан пайдаланып)*: Күңүмдү сизге тартуу кылайынбы?

М е л и т а *(каршылык кылып)*: Койсоңузчу, мырзайым!..

К с а н ф *(Агностоско)*: Көрдүңбү? Чочулашын карачы! Кул менен күңдөргө бул жерде жакшы экенин билишет. Аялым болсо өзүнүн

күнүнөн ажырагысы келбейт, күң болсо жыргаган жеринен кеткиси келбейт. Бул үйдө алар үчүн каалагандын бардыгы бар. А силер бул дүйнөнүн жыргалын жек көрүүнү Агностостон үйрөнгүлө.

А г н о с т о с *(тегерете көз чаптырып)*: Сонун үй экен!..

К с а н ф: Сага жагып калдыбы? Муну мага Афин шаарындагы Парфенондун имаратын курган атактуу Иктин куруп берген.

К л е я *(Ксанфтын шарап жутуп жатканынан пайдаланып Агностоско)*: Самосто көпкө чейин болосуңбу?

А г н о с т о с: Сонун салынган үй экен! *(Клеяга бурулуп)* Эмне?.. Мага айтып жатасыңбы? Мени жыйналып жаткан эгиндерге көз салсын деп жиберген. Талаа жумушу бүтөөрү менен кетем.

К л е я *(ойкуштап)*: Демек, эки айча болот турбайсыңбы? Туурабы?

А г н о с т о с *(асман тиктеп, кайсактап)*: Укмуш үй экен!..

К л е я *(Агностоско астырган)*: Мага жооп бербейсиңби?..

А г н о с т о с: Эки ай болом. *(Жабууланган табакты көтөрүп Эзоп кирет да, аны үстөлгө коёт. Ксанфтын жандоосу боюнча Агностос Ксанфты ээрчип, үстөлгө келип отурушат.)*

К с а н ф *(табактын жабуусун ачып)*: А-а-а! Тилби? *(Өзү алып жейт да, Агностоско сунуш кылат. Агностос жактырганын билдирип, Ксанфтын жандоосу боюнча Эзоп шараптан куюп, Ксанф жутуп жиберет.)*

К с а н ф: Билесиңби, мейман... Бай болуу кандай сонун! Тилден чайнап коюп, шараптан кылт-кылт жутуп, жайдары отурсаң кандай рахат!

А г н о с т о с *(бурдугуп)*: М-м-м!..

К с а н ф: Эзоп, дагы кандай тамагың бар? *(Эзоп сыртка чыгып, башка табакты көтөрүп келет да жабуусун ачып алдына коёт.)*

А г н о с т о с *(бурдугуп)*: М-м-м!.. А-а-а!.. Сүрсүткөн тилби?..

К с а н ф *(Агностоско)*: Сүрсүткөн тил таттуу болот, туурабы, дос?

А г н о с т о с *(шараптан куюп жатканда)*: М-м-м!

К с а н ф *(жагалданып, тили күрмөөгө келбей)*: Айтчы чыныңды?.. Сопусунуп согон жебейм дегениң менен тилден чайнап коюп, шараптын мыктысынан шимиргенден качпайсың ээ!..

А г н о с т о с *(Ксанф Мелитага шарап куйдуруп жаткан учурда)*: М-м-м!..

К с а н ф *(Клеяга)*: Эй, катын!.. Чертмекти алып ырдап берсең боло! Ал сенин мейманды урматтаганың болот...

К л е я: Улуксат болсо мен силердин куунап отурганыңарды карап отургум келет... Андан көрө Эзопту тамсил айтып бер дебейсиңби?

К с а н ф: Эзоп, барып тамак алып кел! *(Эзоп чыгып кетет. Клеяга)*: Клея, ырдап кой?.. *(Клеянын жандоосу боюнча Мелита чертмекти алып келет. Кылдарын терип чертип, анын уккулуктуу добушуна кошулуп ырдай баштайт. Кирип келе жаткан Эзоп ырды тыңшап токтой калат.)*

К л е я *(ырдайт)*:

Чалындырсаң жалынга
Кыз жүрөгүн куйкалап,
Кыздын оозу оозуңду
Өзү табар сыйпалап.

Кыз денесин денеңе
Кыса тартып кучактап,
Эт жүрөгүн эзилтип,
Алаарсыңар тузактап.

Эй, жаш жигит, жаш жигит,
Жайнап турган учурум,
Жалдырабай байкагын
Жашчылыктын учурун!

К с а н ф *(шараптан куюп жатып Агностоско)*: Көрдүңбү? Жакшы ырдайт бекен?..

А г н о с т о с *(бурдугуп)*: М-м-м!..

К с а н ф *(Эзопко)*: Алып кел тамагыңдан, дагы алып кел! *(Эзоп алып келет.)* Кана, эмне тамак алып келдиң?

Э з о п: Тил...

К с а н ф: Дагы эле тилби? Менин мейманым үчүн дүйнөдө эң таттуу тамактан алып кел дебедим беле? Тилден башка тамак түгөнүп калыптырбы? Же сен мени уятка калтырайын деп турасыңбы?

Э з о п: Тилден таттуу эмне бар! Бизди бириктирип топтогон да тил. Тил болбой, биз эч качан сүйлөшө да албайт элек. Тил – илимдин ачкычы, акыл менен акыйкаттын куралы. Тилдин жардамы менен шаарлар да курулат; тил аркылуу биз сүйгөндүктү билдиребиз. Тилдин жардамы менен окутат, ишендирет, үйрөтөт, табындырат, түшүндүрөт, ырдайт, сүрөттөп көрсөтөт, далилдейт, ырастайт. Тил менен: «Эне» – деп, «Сүйөм» – деп айтабыз. Тил менен «Ооба» – дейбиз. Тил жоокерлерди жеңишке үндөйт. Тил менен Гомердин поэзиясын даңазалайбыз. Эсхилдин кайгы-зарын жаратып, Демосфендин бал сөзүн сайраткан да тил! Парфонендин баганаларынан тартып, Фидиянын сөлөкөттөрүнө чейин, акындардын казелинен философтордун нускасына чейин, кыскасы, бүткүл Греция телегейи тегиз тилдин жардамы менен жаралган, Ксанф... Дал ушул кылымдарды тепсеп өтүп, кыйлага үнү жетип отурган Гректердин айкын-ачык, абдан сонун тили менен жаралган, Ксанф!..

К с а н ф *(кызуулук менен ордунан тура калып, энтигип)*: Баракелде, баракелде, Эзоп!.. Бул тупатуура! Чыны менен эле тамактын эң мыктысын алып келипсиң. *(Бел жоолугунан тыйын салган кисесин сууруп чыгып, Эзопко ыргытат.)* Базарга кайра барып, эми тамактын эң жаманын

алып кел! Акылдуулугуңду дагы бир жолу байкап көрөйүн. *(Эзоп тыйын салган кисесин жерден алып чыгып кетет.)* Айтчы?.. Мындай кулга жеткен да бар, жетпеген да бар. Туурабы?..

А г н о с т о с *(бурдугуп)*: М-м-м!..

К с а н ф *(Клеяга)*: Ич Клея, сен да бүгүн жыргап ал. Биз үчүн бүгүнкүдөй бактылуу күн болбойт, ичкин! *(Мелитага шараптан куйгун деген ишаарат кылат. Мелита кулдук урат.)* Ич! *(Агностоско кайрылып)* Ээ... кадырлуу достум! Кулуң болуп, татынакай аялың, таттуу шарабың болуп, байлыктын рахатын көрсөң кандай сонун! Ошонун аркасы менен мен өзүң сыяктуу барктуу адамдарга тең болуп отурбаймынбы. Алып кел дагы шараптан?.. *(Мелита алып келет.)* Мен бүгүн челектеги шарапты челеги менен ичип берем! *(Ичет.)* Мени менен ичишкиң келеби?.. Философ!..

А г н о с т о с: М-м-м!.. *(Үстү жабылган табакты көтөрүп Эзоп кирет.)*

К с а н ф: Биз дүйнөдө тамактын мыктысы эмне экенин билдик. Эми түрү сууктун ою боюнча дүйнөдө тамактын эң эле жаманы эмне экенин байкап көрөлүк!.. *(Табактын жабуусун алып көрүп)*: Тилби?.. *(Ачуусу келип)*: Дагы тилди көтөрүп келдиңби? Эй, акмак, тилди азыр эле дүйнөдө тамактын мыктысы деп мактабадың беле? Келеке кылгың келеби? Токмокту сагынып калсаң керек?!.

Э з о п: Мырзам! Дүйнөдө тилден жаман нерсе жок! Тил бардык чырчатактын булагы болот. Тил бардык ушактын башталган жери, талаш–тартыштын энеси. Аянтта бизди тажаткан жаман акындар да тилден пайдаланышат. Терең ойго акылы жетпеген философторго да тилдин жардамы тиет. Тил калп айтат, жаап-жашырып акты кара, караны ак дейт. Тишке далдаланып алып сөгөт, кордойт. Тил – тилемчини тилендирет, каргайт-шилейт, шилекейин чубуртуп буркулдап каарданат, ушактайт, сатып да жиберет. Тил менен биз: «Өл!», «Кан кус», «Маңги!», «Кул!», «Күң!» – деп айтабыз. Тил «Жок!» дегенге да абдан эптүү. Тил менен Ахилл заарын чачкан, Улисса айла-амал тапкан. Мына ошондуктан биз билгенден тилден жаман нерсе жок, Ксанф!..

К с а н ф: Бали, Эзоп! Бали!.. *(Агностоско)* Көрдүңбү, шерик! Колдо байлык барда мындай кул күтүү жаманбы? Буга ким суктанбайт? Алып кел шараптан, Мелита!.. Алып кел! *(Мелита сырттан шарап алып келип куюп берет.)* Мен азыр кубанганыман дүйнөдөгү шарапты бүт чогултуп келсе да, бир тамчысын койбой ичип берээр элем! *(Агностоско)*: Урматтуу, философ! Сенин алдыңда турган адам чындаса деңизди да жутуп берет. Же деңизди жутуп берээриме ишенбей турасыңбы?..

А г н о с т о с *(башын чулгуп, ынанбагансып)*: М-м-м!..

К л е я *(үнүн катуу чыгарып)*: Ксанф!.. Сен массың!..

К с а н ф: Бас жаагыңды, катын!.. *(Агностоско)*: Менин деңизди жутуп коёрума ишенбей турасыңбы, ыя?.. Эзоп, айтып койчу, деңизди жу-

туп бере алат деп! *(Агностоско)*: Ичкин достум, ич дагы! *(Мелитага)*: Куй, Мелита, куй!.. *(Мелита тамак-аш алып келет. Ксанф шараптан куй деп Эзопко жаңсайт. Агностоско.)* Айтчы, чынбы?.. Чыны менен эле деңизди жутуп бере албайт деп турасыңбы, ыя?..

А г н о с т о с *(башын чайкап)*: М-м-м!..

К с а н ф *(мастыгынан калтаарып)*: Сени менен мелдешемин. Уткузсам үй-жайым, дүйнө-мүлкүм, катын-бала, кулдарымды кошуп колуна салып берем! Буга кандай дейсиң?

А г н о с т о с *(башын чайкап)*: М-м-м!..

К с а н ф: Келе, мага... Кагаз, карандаш бергиле! Алып келгиле тезирээк? Көрсөң муну, Ксанфтын сөзүнө ишенбейт турбайбы. Эзоп, жалдырабай кагаз, карандаш алып кел!..

К л е я *(мурдагыдан да катуулап)*: Ксанф!.. Сен массың!..

К с а н ф: Бас дейм жаагыңды! *(Эзоп кагаз, карандаш алып келет.)* Ишенбейт тура!.. Айт, деңизди качан жутуп берейин!..

А г н о с т о с *(кош көңүлдүк менен качан болсо дегенсип)*: Гмм-гмм!..

Ксанф *(мастыгы менен жазып кирет)*: «Мен философ Ксанф, эртең менен Самос деңизинин боюна барып, деңизди тамчысын калтырбай жутуп берүүгө убада кылам. Убадага турбаган учурда менин бүткүл оокат жайым, катын-бала, кулдарым менен бүт бойдон достум... *(Жазууну токтото коюп)*: Атың ким эле?

А г н о с т о с: Аг-нос-тос...

К с а н ф *(жазуусун улантып)*: Агностостун карамагына өтөт!.. *(Кагазды Агностоско сунат.)* Ме!.. Алгын!.. *(Агностос албайм дегендей ишаарат кылат, Ксанф болсо кыстап алдырат.)* Алгын!.. Көрөсүң шерик, көрөсүң! Өз көзүң менен көрүп аласың! Анан сенин ишенбегеніңди көрөйүн. Ээй... Аллоо... Ширин күрүч кана?.. *(Эзоп сунуп бере салат.)* Оо, абдан сонун! *(Ксанф менен Агностос алып жей башташат. Бир сугунгандан кийин Ксанф ачуурканып, оозундагысын бүркүп салат.)*

К с а н ф: Бул тамакты ким жасаган?

К л е я: Мен жасадым, Ксанф!

К с а н ф: Мындай жаман тамакты өмүрүмдө жеп көргөн эмесмин. Муну жасаган катынды отун кылып отко жагып салыш керек!

К л е я: Ксанф, сага эмне болду?

К с а н ф: Отко жагыш керек!.. *(Мастыктан каарын төгүп)*: Алып келгиле отундан! Мен азыр аялымды өрттөп салам!

К л е я *(ордунан тура калып чаңырган үнү менен)*: Каргыш тийген какшаал!.. Сага окшогон ырайы суук философтун жүзүн ит көрсүн! *(Тарстурс басып чыгып кетет. Оюна кылт этип бирдеме түшө калган Агностос дароо ордунан тура калат. Өмүр бою түнөргөн жарпы жазыла калып, кертип-кертип сүйлөп кирет.)*

А г н о с т о с *(Ксанфка)*: Сен аялыңды өрттөп салгың келип турабы? Токтой тур! Мен дагы аялымды ээрчитип келейин!.. Отту чоң жагып, экөөнү бирге өрттөп салалы! *(Ал обдулуп барып, кайра токтойт, бетин басып шолоктоп ыйлап кирет. Отургучка барып суй жыгылат. Айланада эмне болуп жатканын сезбей экөө бирдей эстен танышат.)*

Э з о п: Бул мен билген тамсилдердин ичинен эң мыктысы болду!..

(*Көшөгө жабылат.*)

## Экинчи көшөгө

Ошол эле декорация, бирок ал түндүн эртеси. Көшөгө ачылганда сценада Ксанф менен Эзоп болот. Ксанф столдо отурат.

К с а н ф *(чыдай албай үстөлдүн үстүн койгулап)*: Көрдүңбү, Эзоп, аялым кетип калыптыр го!.. *(Кейип)*: Айй-йай-йай! Мени таштап кеткенин көр!.. Чындап эле таштап кеттиби? Ай-йай-ай! Эмне кылыш керек?.. Пай-пай-пай!..

Э з о п: Бир чычкан мышык менен дос болуптур...

К с а н ф *(сөзүн бөлүп)*: Токтот чычкан-пычканыңды! Сенин тамсилиңди уга турган дарман жок. Аялым мени таштап кетип отурса бул кайдагы бир чычкан-мычканын кеп кылат...

Э з о п: Эрк өзүңдө!.. Мындан ары тамсил айтпа десең айтпай деле коём. *(Пауза.)* Аялыңды ошончо эле жакшы көрөсүңбү?..

К с а н ф *(кейип)*: Жаман көрсөм мынча кейийт белем? Андан да башкасы кыйын болуп жатпайбы. Аялды мен чанып кетирсем эч ким мага эчтеке дебес эле. Катынга чандырып койду деп, элдин баары мага мыскылдап күлүп жатышпайбы. Ай-ай-ай!.. Өзүм философ болсом, эл мени шылдыңдап күлүп турса, эмне бетим калат?.. Эзоп, эмне кылыш керек?..

Э з о п: Аялдар философту өлгөндөй жаман көрүшөт.

К с а н ф: Эзоп, эми мага шаардын эли бүт күлүшөт. Пай-пай-пай!..

Э з о п: Мага деле шаардын эли бүт күлүшөт, бирок мен алардын күлүшкөнүн капарыма да албайм.

К с а н ф: Эй шүмшүк, мен ким, сен ким?.. Андан көрө күчүңү акылыңа чыгар!

Э з о п: Эмне кылаарыңды айтып берсем, азаттык бересиңби?..

К с а н ф *(муңкүрөп)*: Аялымды өзү басып келгидей кыласыңбы?

Э з о п: Албетте, өзү басып келет.

К с а н ф: Анда... Сага азаттык берем! Кана айт, эмне кылайын?

Э з о п: Мага акча бергин. *(Ксанф бел жоолугунан кисесин суурул чыгып, Эзопко бир аз тыйын берет.)*

К с а н ф: Бол эми, тезирээк жөнө!..

Э з о п *(колун созгон боюнча тура берет)*: Акча бер, Ксанф. Ошол кисеңдегини толук бер. *(Ксанф киседеги акчасын санап чыгат.)*

К с а н ф: Эмне, азбы? Сен мени курутканы жүрөсүң го?

Э з о п: Мага көп акча керек, Ксанф. Жаныңдагы акчанын баарын бергин.

К с а н ф: Катынымдын кетип калганы аз келгенсип, сен мени байлыгымдан да ажыраткың келеби?.. *(Эзоп колун созуп тура берет. Ксанф бел жоолугунан дагы бир капчыгын сууруп чыгып, Эзопко сунуп баратып токтоп калат.)* Ошончо көп акча керектигине көзүң жетеби?..

Э з о п: Эч кимге жетелетпей аялыңдын өзү басып келишин каалайсыңбы же жокпу?

К с а н ф: Аял эмеспи, балким, анча-мынча тыйын-тыпыр менен эле желип келип калаар? *(Капчыгын Эзопко бермек болуп баратып, тартыла калат, шек санап.)* Балким, акчамды алып качып кетип жүрбөгүн?..

Э з о п *(жанындагы акчасын бүт алууга умтулуп, колун созот)*: Келе, берсең баарын бер, болбосо, бербей эле кой?!. *(Ксанф тиштенип туруп колундагы акчасын бүт берет.)*

К с а н ф: Ошончо эле көп акча керекпи?..

Э з о п: Жаныңда дагы барбы? *(Ксанф тобокел деп, үчүнчү капчыгын сууруп чыгып берет.)* Эми күтүп тур!.. Күтүп турсаң, бир аз убакыт өтпөй аялың өзү басып келет.

(*Эзоп чыгып кетет. Ксанф аркы-терки басып, үйдө калат. Убакыт өткөн сайын анын күмөн санашы күчөп, эшиктин алдына барып, улам-улам Эзоптун кеткен жагын карап, барган сайын тыбырчылай баштайт. Акыры алаканын чапканда күңү Мелита кирип келет.*)

М е л и т а: Мени чакырдыңбы, Ксанф?..

К с а н ф: Клеяны келтирип берем дегенинен мен Эзопко акча берип жөнөткөн элем. Менин акчамды алып качып кетпейби? Эмне кылсам, Мелита?.. Же кулум акчамды алып качып кетти деп сакчыларга кабар берсемби?

М е л и т а: Эзопко акча бердиң беле?..

К с а н ф: Ооба! Көрсө мен энөөлүк кылган окшойм. Айтчы Мелита, аны кайра келет деп ишенесиңби?..

М е л и т а: Билбеймин!..

К с а н ф *(кейип)*: Пай-пай-пай!.. Катынымдан да, акчамдан да, кулумдан да ажыраган окшойм. Эзоп мени алдап кеткен көрүнөт... Чыны менен эле алданып каламбы? Айтчы, Мелита, эми эмне кылдым? Ай-ай-ай...

М е л и т а: Эгер Эзоп келбей калса эмне кыласың, Ксанф?

К с а н ф: Андай болсо мен сакчыларды чакыртып, жердин бардыгынан издетем. Кокус кармалып калса эч бир кулдун башынан өтпөгөн кордукту көрсөтөм. *(Күйүгүп)*: Вай-вай-вай!..

М е л и т а *(астыртан)*: Аялыңды дагы эле кыйбай турасыңбы?

К с а н ф: Кеп жалгыз аялда эмес, кулум, акчам – үчөөндө болуп жатпайбы!..

М е л и т а: Ачууңдун жарымын мага берип, мени карап түз жооп берчи? Аялың көңүлүңө толобу же жокпу?

К с а н ф: Толбой да койчу беле! Обу жок жерден эле бушайман боло бермек белем. *(Бышып-күйүп)*: Кайран акчам!..

М е л и т а: Мени карап койгуң келбейт. Клеянын чачын сага жаккыдай тарап-түзөп берген мына, менмин. Кийимдин кандайы жарашаарын тандап, сага жаккыдай жараштырып кийинткен да менмин.

К с а н ф: Муну менен эмне дегиң келет?

М е л и т а: Ага сүйүүнүн сырын чечип түшүндүрүп берген да менмин. Коңур үндүү арфанын кылын сылагандай аялдар да эркектерди сылапсыйпоого тийиш экендигин Клея мурда билген эмес. Махабат болсо мукамдуу күүгө аралашып, аңкыган гүлбакчанын исин берээрин билесиңби?..

К с а н ф: Ошолордун бардыгын жакшы өздөштүрүп алганы мага жагат. *(Туталанып)*: Карачы, көчпөй-конбой отуруп, каралуу катын жоголот деген эмне тамтык. Эми эмне кылдым? Ай-ай!..

М е л и т а: Андан ажырап калдым деп бушайман болбой эле кой. Мен деле андан жогору болбосом, кем эмесмин. Ал эми сенин мага бурулуп да койгуң келбейт.

К с а н ф: Чыны менен эле айтып жатасыңбы?

М е л и т а: Кээде колумду ийниңден арта салып сага шарап сунганда сенин денеңе жакындаган сайын жүрөгүмдүн дикилдеп сокконун сезип карап каласың да, сезмексен болуп бурулуп кетесиң. Ошондо менин ичим туз куйгандай ачышат.

К с а н ф: Сен мага ашык болуп калган турбайсыңбы? Байкуш Мелита...

М е л и т а: Аялды эч качан «байкуш» дебей жүр! Жалооруган сөз, түшүнгөн аялдарга катуу тиет.

**(Уландысы бар)**

Которгон **Акун АШЫРОВ**